# КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

■

СОБРАНИЕ
СОЧИНЕНИЙ
В ДВУХ ТОМАХ

ТОМ II

ИЗДАТЕЛЬСТВО «КЫРГЫЗСТАН» ФРУНЗЕ — 1971

# КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

■

**ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭКИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ**

**II** ТОМ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ — 1971

# КАДЫР АКЕ[1]

Кызыл-Кыя таш көмүр кенинин эски шахтёру, Социалисттик Эмгектин Баатыры Алтымыш Сатыбалдиевге арнаймын

1

Күз күнүндө чылк сары алтын жамынган,
Жерге келдим, көптөн көңүлүм сагынган.
Суктанамын айланамды каранам,
Тизген төөдөй, кыркалашкан адырдан...
Жаным жыргап, неге мынча кубанам,
Сыяктанып, жаны биргем табылган!..

Жылгасынан булак агат шылдырап,
Же күмүшпү үн чыгарган шыңгырап!
Кай бир жондон вагончолор чиркешип,
Чубап өтөт кырдан-кырга кылдырап,
Тоонун сыры менде деген сыяктуу,
Тоннел турат бир жеринде зыңгырап.

Азыр көрсөң Кызыл-Кыя калааны,
Ар кай жерде ак зоокадай үйлөрү,
Ээликтирип, алып учат санааны,
Жылгалардан ыргалышкан гүлдөрү
Жер астында жаткан тоонун кабары,
Күкүктөгөн гудоктордун үндөрү.

Жаңы шаар жоктон пайда болгондой,
Көз чаптырсаң, туралбайсың ойлонбой.
Коктусунда дарагынын элеси,
Көк баркыттан жээк кармап койгондой.
Мында башка адамдардын мүнөзү —
Кайратына көрсөң көөнүң тойгондой.

---

[1] Жаңы редакциясы боюнча.

Чокулары калпак кийген ак кардан,
Үстү жакта тоосу турат Гав-Зандын,
Гав-Зан бизди карагансыйт капкайдан,
Деген өңдүү мен кендерди кайтардым.
Ким ээрчисе бүгүн ырдын саптарын,
Келип турат жер астына алпаргым.

2

Мына шахты,
Каалгасынан кирдик биз,
Көңүл сүйгөн
Дос үйүнө киргендей,
Капкараңгы
Бир бөлмөдө турдук биз,
Жай термелип
Көл үстүндө жүргөндөй.
Көздү жумуп,
Бир куш минип учкандай,
Көк зоокадан
Типтик ылдый баскандай,
Же болбосо
Терезесиз вагондо,
Биз термелип,
Алыс сапар тарткандай,
Зыргып барып,
Токтоп калдык жарданып,
Басып кирдик
Бир кең жерге таңданып.
Жай баракат
Жүрө бердик ээрчишип,
Жер астынын —
Көчөлөрүн айланып.
Бир өткөөлдөн
Кыя басып барабыз,
Ноочадагы
Вагончону караңыз.
Тоодон ылдый
Кудуп кирген кушка окшоп,
Вагон менен
Типтик ылдый чабабыз.

Элестелди
Биз поездде келгендей,
Катуу жүрүп
Вагон чайпай бергендей,
Шоола чачып
Жарк-жарк этет алды жак,
Айдын нуру —
Терезеден тийгендей...
Жер астынын
Каалгасын канча ачтык,
Жете элекпиз
Али көмүр казганга,
Кайрат менен
Түндү күнгө айлантып,
Тоо астында
Тоо көчүрүп жатканга.
Кандай бассаң —
Беттен сылайт салкын жел,
Кез келгенсип —
Бийик адыр, семиз бел,
Каршы-терши
Устун менен тирелген
Кайда барсаң
Бастырмадай бардык жер!
Бир жеринин
Капчыгайдай көлөмү,
Бир жеринин
Коо сыяктуу тереңи.
Тереңинен
Чыкканыңча өңкөйүп,
Жылуу гана
Терлер басат денеңи.

Так төбөңдө
Жатса дагы калың жер
Көңүлүң тартат
Бет алдыңда жүргөн эл,
Токтобостон
«Тоого»[1] вагон жөнөтүп,
Эрлөр жүрөт
Маңдайынан агып тер.

[1] Шахтёрлор жер үстүн «тоо» деп аташат.

Түшүп келип,
    Татаалырак кыядан,
Турбай тиктеп —
    Дагы илгери барабыз,
«Кенге келсең —
    Бир жолук» — деп сураган
Агабызды
    Кайдан эми табабыз?
    Кай жактандыр —
Пайда болду жылуу жел,
    Маңдай ымшып
Чыга баштап ысык тер,
    Эми бизди —
Өзүн көздөй тарткансыйт,
    Эрип, балкып,
От табында турган жер...
    Алда кайдан
Сымап чубап качкансыйт,
    Жылдыз бизди
Каптап келе жаткансыйт,
    Асман азыр —
Турганга окшоп көйкөлүп,
    Ал жылдыздар —
Алыстан сыр айткансыйт.
    Жылдыз десек,
Маңдайдагы шамы экен,
    Шахтёр азыр
Көмүр алган чагы экен.
Бири копшоп,
Бири топтоп көмүрдү
    Конвеерде
Кызмат кылган баары тең.
    Катмарында
Күмүш калай барчылап,
    Көмүр турат
Караңгыда жалтырап,
Шахтёр-эрлер —
    Каптап бургу салганда,
Каңтарылып,
    Түшүп жатат калтырап,
Казган жерди
    Көлбүтүп тер баскандай,

Кычыктардан
Суулар чыгат тамчылап.
Тоо токтотор
Кубат берет электр,
Анын тилин
Шахтёр эрлер билиптир,
Бир жагынан
Өзү жүктөөч машина
Көмүрлөргө
Колун сунуп кириптир,
Жаңы гана
Үймөктөлгөн көмүрдү
Түк калтырбай
Кучагына алат да,
Деген өңдүү
Шахтёр жүгүң жеңилди,
Зып-зып этип,
Жөнөп кетет заматта.

3

Маңдайынан
Мончок-мончок тер аккан,
Качыратып —
Чексиз көмүр кулаткан,
Көмүр түстүү
Майка менен турсийи,
Как бул жерде
Кызматына жарашкан,
Баатырлардын
Ушул жерде иштеген,
Арасында
Биз сагынып издеген.
Кубанчыбыз —
Кадыр аке бар экен,
Көргөн адам
Качан болсо эстеген!

Ал бөлүнүп,
Эң алдыга барыптыр,
Көмүрлөрдү
Сузуп-сузуп алыптыр.

Көчкөн муздай
Көмүр жылып түшкөндө
Үймөк кылып,
Кырдап-кырдап салыптыр.
Конвеерлер
Канаттарын зыргытат,
Калың көмүр
Темир менен жылбышат.
Кадыр аке,
Чоң-чоңдорун көмүрдүн,
Рештактарга
Колу менен ыргытат.
Рештактары
Куйрук улап зыркырайт,
Көмүр өңү
Коргошундай жылтырайт.
Чыңк ылдыйга —
Чубап жаткан көмүрлөр
Эрип жаткан
Темирге окшоп шыркырайт.
Бизди алыстан
Тиктеп турган Кадырды,
Байкабастан
Өтүп кете таштаппыз.
Бизди атайы —
Күтүп турган баатырды,
Капысынан
Капа кыла жаздаппыз.
— Келчү эмес конок айттырып,
Келипсиңер айттырбай.
Кетерсиңер жактырып,
Тамыбыз болот ушундай!

— Дегенде угуп, жалт карадык бүт дароо,
Кол алышып кучакташтык кубанып.
Алда кайдан чыңылдады коңгуроо,
Бул сменди эми ишинен чыгарып.
Кадыр аке эс алгандай болду го —
Катар бизге бирге турду кыналып.

«Отуз бир жыл так быйыл
Жер асты менен басканга,

Үстүмө кирип келдиңер,
Энчимди алып жатканда.
Келтирген мында капкайдан
Кубатын көргүн көмүрдүн,
Табыштык жердин алдынан
Туурасын көргүн көңүлдүн!»

Кадыр аке карс-карс күлдү шаттанып,
Көңлү тоёр кеп баштоочу баштанып.
Биз дагы өптүк мойнунан бек кучактап,
Сүймөнчүлүк сезим доосун аткарып.
Кадыке! деп, бир ооз сөзгө кармадык
Кетер кезде, бизди ээрчитип тышка алып:

— Бургулап көмүр ушундай,
Бөлөкчө болгон түрүңүз.
Чын эле турдук таанybай
Чыкканча коңур үнүңүз.

Башынан кенге кирбеген
Болсунчу биздин күнөөбүз,
Мүйүзү жерди көтөргөн,
Бар дечү эле көк өгүз,
Көк өгүз кайда, Кадыке,
Кездешип, качан көрөбүз?

«— Кайрадың иним тилиңи,
Канетсин жүрөк жибиди,
Азырча тоону көтөргөн
Агаңыздын ийини!

Алиге неге өкүрбөйт,
Жер астынын өгүзү?
Карасам көзгө көрүнбөйт
Көк өгүздүн мүйүзү.
Көк өгүз коркуп качкан го,
Көп шахтёрдон сыягы.
Кен түгөнбөс, кеп бүтпөс,
Кана эми, үйгө жылалы» —

Кадыр ага, каалгый басат кенебей,
Жаш менен жаш, жаны бирге замандаш,
Кеп баштаса; мончок тизген немедей,
Кубангандан чыга жаздайт көздөн жаш.

## 4

Караңгыда капчыгайдан баскандай,
Чырак менен жолдун угун тапкандай.
Алдыбызда кетип барат Кадыкең,
Эч токтолбой, күчү ташкан жаштардай.
Кулак салсаң, толкуй берет көңүлүң,
Ар бир сөзү: кен капкасын ачкандай:

«— Илгери бул жер, инилер,
Эл конгон кыштоо болуптур,
Кыркалай тигип алачык,
Кыргыздар жашап туруптур.

Адырды кыркып өтчү экен
Жылкысын айдап жылкычы,
Кой-эчкисин чой-чойлоп,
Коктусунда койчусу.
Эшме булак[1] дегенден
Эшилип чыкчу башат суу.

Бир койчу анда каңгырып,
Кой жайып, жалгыз бел ашып,
Каптаган койду кайырып,
Каптал менен баратып,
Карарган ташты көрүптүр,
«Кандай таш бул?» — деп туруптур.
Калдайып жаткан каткан таш
Жабуусу экен көмүрдүн,
Кабатын сыйрып караса
Жаркырап көмүр көрүнгөн...

Тезек берер малы жок,
Тирелген токой талы жок,
Олтурган мында бечара,
Алдынан оокат табылып,
Адырдан көмүр омуруп,
Кенелип калган отунга.

Орустан келген инженер
Түпкүрдө жаткан жеринен,

---

[1] Кызыл-Кыянын бир адырынын аты азыр «Эшме булак» коктусунда «Комсомольская» шахтасы иштейт.

Көзүнө түшкөн ушул жер
Сары адыр тоонун төгинен.
Жардамчы болгон биздейлер
Тоодогу кыргыз элинен...

5

Айтайын Кызыл-Кыянын
Өмүрүн өткөн заманда,
Курган жан чыдайт турбайбы
Кыйындык келсе адамга.

Астынан жердин көмүрдү
Алышып чыккан замбалдап,
Кенчилер, көздөн тер агып,—
Кайышып басчу каржаңдап.

Түшүрмөк үчүн көмүрдү
Туш-тушун чаап ойчу экен,
Алууга оңой болсун деп,
Алдынан казган болчу экен,
Ар кайсы жерин тешкилеп
Атылчу дары койчу экен...

Бир жери түшсө жарылып,
Бир жери турчу алынбай,
Атылчу дары кай кезде,
Кала берчү табылбай.

Адашкан дары атылса
Көмүрдүн тоосу жарылган.
Адамдар өлчү ушунча
Табылбай сөөгү адырдан.

Күйөөсү кенге киргенде
Кумсарып турчу алганы,
Атабыз тирүү чыкса — деп,
Томсоруп турчу балдары...

Жорголоп чычкан ойногон —
Жер үйдө турчу шахтёрлор,
Шахтёрду көрчү малындай
Пайданы кууган сүткорлор!

«Коректен чыктың такыр» — деп,
Картайсаң куучу шахтадан,
Ак мээнет күйүп талаага,
Адамдын сөөгү сыздаган.
Ал күндүн катсын тилеги,
Ажалдан суук ирени...

## 6

Кадыр аке айткан сөзгө жайланып,
Канча көрсөк ошончолук таң калып,
Көтөргөндө жер астынын канаты,
Чыга келдик жер үстүнө айланып.

— Эй, иним айтсам,
Мен дагы жаштан —
Далайды баштан өткөрдүм.
Арбыды жашым,
Көк ала чачым,
Күбөсү ошол өткөндүн...

Келгенде жаңы,
Чоочугам дагы
Ажалга башым батчудай,
Солкулдап баары
Куланса жары —
Төбөмдөн мени басчудай.

Башымда каска,
Учурайт башка,
Резинка бутта өтүгүм,
Күймөлгөн чакта,
Күлдүрөйт басса,
Эместей киймим өзүмүн.
Мажаев деген
Бир шахтёр менен
Биринчи түштүм шахтага,
Тереңге баткан
Тунжурап жаткан
Так ушул
Кендин астына.
Кысылып келген
Жеңге окшош жерден,

Кандайча жылып өткөндү —
Ташка окшоп каткан,
Жүккө окшоп жаткан
Көмүргө кантип жеткенди —
Кажыбай а да,
Көрсөткөн мага,
Жүрчү эле менден бөлүнбөй.
Кууш жер не бир,
Куланган көмүр,
Чымынча ага көрүнбөй...
Айтылуу чебер,
Бир жүрсө эгер,
Көңүлдө коркуу калабы?
Көрсөтүп ишти,
Көндүргөн бизди,
Орустун адис адамы!

Күлөмүн өзүм,
Ал күнкү кезим —
Көңүлгө түшө калганда,—
Көнбөгөн адам,
Көңүлү наадан —
Окшойтко чыны айбанга...
Болкойгон жашта,
Боз улан чакта,
Келгенмин иним мен кенге.
Кенчилик салтым,
Казганым алтын,
Как отуз бир жыл бул жерде.
Сакал, чач али —
Аз өңдүү агы,
Чолпонум мени жашсың — дейт,
Картаң деп сени,
Айткандын эми —
— Тилеги таштай катсын — дейт.
Динчилдик менен
Наадандык деген
Баштатан душман адамга.
Жетпесе көзүң,
Билбесең өзүң,
Болорсуң шылдың заманга
Оболку мендей
Кен жайын билбей

Жаңыдан кенге келгенди,
Киргизип кенге,
Казышып бирге
Абакең канча дем берди.

Көзүмдү ачкан
Жол баштап баскан
Мажаев али биздерде,
Жетекчи көптөн,
Азырда партком
Көрсөтөм аны сиздерге.

## 7

Наряд бүтүп, смен түшкөн шахтага,
Жер астынын балбандары чамынып.
Той түшкөндөй ушул жердин астына,
Көмүрлөрдүн жаткан кези алынып.
Мажаевдин эмне түштү эсине?..
Же кеттиби эски досун сагынып?

Столдогу иш кагазын бүт жыйнап,
Күйбөс темир ящигине бекитти.
Кай жаккадыр кетмек болду ыкчамдап,
Илештирчү кандай толкун кезикти?
Кайра дароо келе койбойм дегенсип,
Катуу жаап, кулпулады эшикти.

Көк бетинде жалбырактай булут жок,
Учсуз чексиз көк деңиздей көрүнөт,
Жер бетинде кулак жарган дабыш жок,
Төгөрөгүң тынччылыкка көмүлөт.

Жер алдынан желип чыгып келаткан
Вагончодон көмүр сансыз берилет.
Элес болуп эмгек, күрөш күндөрү,
Угулгансып жер астынын үндөрү!
Шахтыга азыр түшүп келет Мажаев,
Деген өңдүү мында эрлердин үйлөрү.
Сыры терең шахты ичинде сыяктуу.
Самаганы,
Самаганы,
Сүйгөнү.

Жол көрсөтүп колундагы чырагы,
Көңдөйлөрдөн өтүп жаткан убагы.
Билдиргендей жер үстүнүн кабарын,
Бир жеринен агып жатат булагы.
Эски шахтёр күндө эки маал аралайт,
Келбей калса канбачудай кумары.

Бул шахтанын бир бурчуна барат да,
Текши көрүп, толук билип кабарын,
Токтолбостон телефонду алат да,
Үстүнө айтат жер астынын абалын.
Жер астында басып жүргөн убакта
Карайт дайым келер жолун абанын.

Баягыдан жолду узатты дагы да,
Бармак болду проходчик жагына.
Кантип жатат карт жолборсту көрөм деп,
Көңүлүнөн эч чыгарбайт аны да
Күлүмсүрөп, сылап койду мурутун
Качанкысы түшкөн өңдүү оюна...
Ал мага алиге
Жаш окшойт дагы да
Бирок чачы ак ала,
Муруту көк ала.
Боз улан сыяктуу
Ар качан мүнөзү,
Алдымда тургансыйт
Жылмайып сүрөтү.
Бир жүрдүк бул жерде,
Кан күйгөн күндөрдө.
Кубанат жүрөгүм,
Кадырды көргөндө...

Жок, билбейм, Кадырдын,
Тетир жооп айтканын,
Жок, билбейм кызматка
Бир күн кеч чыкканын.

Кесүүчү болоттой,
Бет келсе буга таш,
Кай кезде көрсөң да
Кайраттуу,
Шайыр,
Жаш...

— Деген ойго Мажаев бут чөмүлүп,
Дагы илгери жыла берди бүгүлүп.
Дүйнө жүзү туташ бир тоо сыяктуу,
Ошол тоодон ырыс колго төгүлүп.
Ойлой берет өнөр берген жер үстүн
Ою мунун эчен сайга бөлүнүп...

Жер үстүнөн
Кербен сындуу чубалып,
Машиналар чуркап
Тынбай жаткандыр.
Паровоздор
Эпкинине кубанып,
Аркырашып,
Кушча канат каккандыр.
Же болбосо
Келин-кыздар топтошуп,
Жон-жондордон
Ыргалышып баскандыр.
Бирок аны
Жер астынан тыңшасаң
Сезилбейт да
Бир ширенке түшкөндөй.
Жок дегенде
Элес келбейт эч качан,
Жолдон туура
Бир кумурска өткөндөй.
Сен өзүңө
Сезилесиң, байкасаң,
Адам болуп,
Бөлөк жерге бүткөндөй.
Калың болсоң
Чиркин ушул жердей бол,
Ар кабаты
Өз өнөрүн сүйлөгөн.
Өтсө дагы
Төбөсүнөн токсон жол,
Эч майышып,
Белин бир жол ийбеген.
Эрикпестен
Үлүш алган эмгек зор,
Аткып кирип,
Ушунча мол дүйнөдөн...

Тешкен тоодон тешкен тоого киргендей
Тынбай басып келе жатат Мажаев.
Эңиш тарткан жаңы жерди көргөндөй,
Эргип көңлү, эки жагын каранып.
Проходчик түптө бизди күткөндөй
Кана эмесе биз да кошо баралык.

8

Так бул бурчтун кандай ысык илеби,
Токтоо берет баатырлардын жүрөгү,
Шахтёр деген баатыр деген сөз деп бил,
Чабал эмес мындагынын бирөвү.
Мындагынын ар бирөөнө көз салсаң,
Жер астынан майышпаган тирөөвү,
Электрик бал-бал жанат кашыңда,
Канча тирөөч туш-тушуна тирелген,
Келет жетип өзү жүктөөч машина,
Кара алтындын калың жерин имерген.
Көмүр кечкен, көк майкечен Кадырды
Сиз көрөсүз, карасаңыз, бу жерден.
Кууш тарткан капчыгайдын оозундай
Турган жери азыр иштеп Кадырдын.
Жети кабат жер түбүндө ушундай
Жым-жым этип жели согот адырдын.
Көмүр менен кармашуучу балбандай,
Мен шахтердун турпатына багындым.

Көмүр турат кемерге окшоп, жарга окшоп,
Кимдер келип, кол салышын күткөндөй.
Түбүн копшоп, тереңинен эр козгоп,
Тоо бузгансып, бузуп алса түткөндөй,
Ар бир жери шоола чачат жалтырап.
Электрлер күмүш нурун төккөндөй.

Кадыр ага чоң бургуну колго алып,
Тешип жатат улам-улам бургулап.
Бургу кирсе көмүр бордой упурап,
Кендин ичи сүйлөгөнсүйт булдурап.
Тиктегенсийт жалгыз гана Кадырды,
Так бул чакта айланасы тунжурап...

Азырынча мен бүттүм го дегендей
Кадыр аке артын кылчак карады.
Проходчикти күтүп жүргөн эринбей,
Запальщиктин жакындады кадамы.
«Кадыр аке, качыгыраак тургун» — деп,
Токтолбостон ишке кирди адагы.

Патрондо жарылуучу дарынын
Таяк менен чукурларга сологон,
Чукурдагы патрондун учтарын,
Чебердикте, зымын зымга улаган.
Кадыр аке бугуп жатып бир четте,
Эми качан жарылат деп караган.

Зымын чубап, кайра кайтты запальщик,
Туруу үчүн буйта жерде алыста.
Азыр дагы тешиктерден жарылса,
Окустуктан оолак болуп калышка.
Далда жерден токтоосуз ток жиберет,
Дарыларды аракетке салышка...

Катар жатты Кадыр менен запальщик
Бугуп туруп кийик атчу мергендей.
Бир кезекте дүңгүрөдү шахты ичи
Капчыгайга күн күркүрөп ийгендей.
Сөзүн ук деп жер астынын тоосунун,
Жан бүткөнгө жалпы кабар бергендей.

Гүү-гүү этип,
Көмүр түштү куланды,
Көз тумандап,
Кара түтүн чубалды.
Тиктегенин
Атып алган мергендей
Кадыр аке
Кара алтынга кубанды.
Шыгын бөлбөй
Карап турду канчага.
Шахта ичине
Уюп түшкөн туманды.
Өттү мезгил,
Чыккан туман тарады.
Дөбө болгон
Түшкөн көмүр карааны.

Күрөшкөнүн
Жерге чапкан балбандай,
Кадыр азыр
Тындыргандай санааны.
Өкүм сүйлөп
Өзү жүктөөч машина,
Желдей сызып,
Жетип келди а дагы.
Кадыр тынбай
Көмүрлөрдү ылгашып,
Чачпай, төкпөй
Чет-четтерин жыйнашып,
Машинага
Жакындатып күрөөдө
Калгандарын
Казган жерге бир жатып,
Жанар тоону
Токтотконго жанашып,
Жаткым келет
Жер астында ыр жазып.
Мотору бар
Электрден күч алган,
Чаалыкпаган
Чоң устадай узанган.
Жалгыз киши
Жан кыйнабай башкарат
Тетиктери
Кандай элпек жасалган!
Мунун өзү
Кандай зыйкыр машина,
Жер астында
Канаттары жазылган!

Ар кыймылы
Көтөрүүдө көңүлдү,
Апчып, сузуп,
Алып жатат көмүрдү.
Козгоп дары
Кыйрап түшкөн көмүрлөр,
Машинага
Өзү келип төгүлдү.
Бир оокумда
Кыйрап көмүр түшкөн жер,

Кырманга окшоп,
        Такырайып көрүндү.
Өткөн жери
        Кала берди жышылып,
Кете берди
        Машинабыз сызылып.
Кандай ылдам
        Канаттуудай кетти — деп,
Кадыр улам
        Карай берет кызыгып.
Тергө батып
        Жатат тоолор, бой балкып,
Тилин тапкан
        Техникага түшүнүп!

Дагы дары
        Чукурларга салынды.
Дагы-дагы
        Көмүр жары жарылды.
Копшоп койсо
        Тереңинен динамит.
Кара алтындар
        Көлкүп, балкып агылды.
Оп тартканда
        Өзү жүктөөч машина.
Бир томолок
        Көмүр калбай алынды.

Кадыр ага,
        Дагы кирет бургулап,
Үнгө келет
        Турган көмүр зыңгырап,
Жеткен кезде
        Электрдин кубаты,
Оюп кирип,
Көмүрлөрдү жылдырат.
Ал бургусу —
        Батып-батып тереңге,
Көсөп бүтсө
        Кайра чыгат кылдырап.
Тээп чыккан
        Дарыларга багынып,

Көмүр күп-күп,
Түшүп жатты жарылып.
Кендин ичи
Кечке чейин бир тынбай,
Токтоо бербей —
Тоо көчкөндөй жаңырып.
Түп жагынан
Турба ойногон эмөдей
Канча чыгат
Узак үндөр чамынып
Кетип жатты
Бизге мезгил билинбей,
«Айт» — дегенче
Көзгө саат илинбей,
Көмүр гана
Көздү тарткан кидирбей,
Көңүлүбүзгө
Башка эч нерсе кийирбей.
Бет алдыбыз
Бир терең жар болуптур,
Улам түбү
Иңир тартат көрүнбөй.
Кадыр аке
Бургуну эми таштаптыр,
Кайраттанып,
Жаңы жумуш баштаптыр.
Жолун түздөп
Көмүр алчу жактардын
Капшыттардын
Тирөөчтөрүн аштаптыр.
Төбөсүнө
Туура устундар коюшуп,
Төбө жагын
Уралбастай мыктаптыр.

Өзү жүктөөч машинанын адамы,
Тынбай иштеп, тындыргандай санааны,
«Толду көмүр так отуз үч вагонго» —
Деген жетти анын бизге кабары.
Катуу айтты машиначы бул сөздү,
Кубантмакка азыр Кадыр аганы.

Жалт караса, машиначы келгени,
Кадыке,— деп, күлүп колун бергени.
«Күндүк норма үч жүз болуп кетти» — деп,
Катар турду, кадам шилтеп илгери.
Укканына ишенбеген сыяктуу
Кадыр азыр эмне айтарын билбеди.
Карасаңар толмоч кара баланы,
Кыйгач басып келген экен а дагы.
Анын дагы «тоо устасы» атагы,
Көрсөм дептир ушул Кадыр аганы.
Кайраты мол кары жолборс экен деп,
Көңлү тоюп, кубанч менен карады.

Бүгүн көмүр алган жери Кадырдын
Боло түшкөн капчыгайдын оозундай,
Короо коюн айдап кирсең айылдын,
Козу-улакка ушул жерлер болор жай.
Жемирилген адамдардын колунан,

Жер астында көңдөйлөр бар ушундай!
Кадыкеңдин өөн табалбай ишинен,
Жалгыз ооз сөз угалбай өзүнөн,
Карай берет ал кишини бул бала,
Эмнегедир көз айырбай көзүнөн.
Теги жакшы кабары бар деп ойлойт,
Тоо терметкен техниканын күчүнөн.

Байкай калып тоо устасы баланы,
Аз токтолду кызматынан а дагы.
Көрдүбү деп бир кылтыңын ишимдин,
Кадыкең да алдыртадан карады.
Кантсе бала тоо техникум бүттү эле —
Уялдым го, чыкса ишимдин жаманы? —

Антсе дагы сыр алдырбас түрдөнүп,
Акең сөздү алыс жактан баштады.
Жаш балага не десем деп ойлонуп,
«Э» — дегенде «ме» — дээр сөздү таппады.
Караныңдан кагылайын иним деп,
Мындай болду Кадыкеңдин айтканы:

Тырмышып кенде келатам,
Кара күч менен карандай.

Текке өткөн экен жаш чагым
Тереңдеп билим алалбай.

Бар чыгар сөзүң айтканга.
Жекирер болсоң, жазганба.
Билими жаштын чоң кубат,
Биздей көмүр казганга.

— Ыракмат агай, ыракмат,
Жатканым жок жалтанып,
Иш көзүн сонун таанийсыз,
Ошого турам таң калып.

Орундап элдин тилегин
Текчелеп көмүр жыясыз.
Эл алды жүрүп майданда,
Агай, эмнеге наалыш кыласыз?..

Адамда сиздей ким билет,
Абалын тоодо көмүрдүн?
Чечүүчү сиздин колдо экен,
Үйрөнгөн биздин өнөрдүн.

— Айтканың келсин иним — ай
Кандай ширин тилиң — ай.
Балага сендей кез кылган,
Бактым артык менин ай.
Жүрөктүн чогун чапчыган,
Жалындуу сенин кебиң — ай.

Деди Кадыр сөөгү бошоп негедир,
Кубангандан көздүн жашы чубуруп.
Ойдогуну бүт айталбай чиркин тил,
Агабыздын өңү кетти кубулуп.
Как өз уулу бет алышып бүгүн бир
Атасына сүйлөгөндөй угулуп.

Сырдашканда такыр эстен чыккан бейм,
Кадыкеңдин жер алдында турганы,
Орунбекти бекем-бекем кучактап,
Маңдайынан өөп-өөп алганы.
Кол кармашып бирге өткөнсүп кечүүдөн

Ата-бала катарлаша калганы:
«Жумурткадан чегилгенден
Мектеп болду киргениң
Таалайыңа чыгып келген
Чолпон жылдыз көргөнүң.
Миңди жыгар билим кармап,
Жер астына келдиң сен.
Жаш бөбөгүм баштай ойлоп,
Так өзүңдөн окуймун мен...» —

Ушу менен сөз түйүнү — чечилип,
Эки тоочу ээрчип катар басышты.
Орунбек да токтолбостон чечинип,
Колмо-колдоп устундарды ташышты.
Жеткирүүгө көмүр турган туюкка,
Тирөөчтөрдү бирге тиреп жатышты.

Ошол күнү жаш Орунбек билген жок,
Кадикеңдин эшик төрүн көрөрүн.
Атыр жыттуу алма бакта ойноктоп,
Айлуу түндүн мээримине көнөрүн.
Бир жыттоого алдыңкы өмүр гүлдөрүн...
Айдай кыздын колтугунда жүрөрүн...

Өттү убакыт секунддай тез айланып,
Жетип мезгил, смен келди жаңыдан.
Кызмат ордун даяр кылып, камданып,
Парторг, Кадыр бүткөн мурун баарынан.
Орун берип келгендерге тыңданып
Проходчик жөнөй берди жайынан.
Ылдый түшүп олтурду устун үстүнө,
Эмнегедир ойго батты абыдан.

Неге кетпей олтурду деп Кадыкең,
Орунбек да карай берди айланып.
Жардам берүү керек болуп сменге
Бирок, көпкө туралган жок кармалып.
Ойлойт Кадыр,
 Ойлойт Кадыр мынчалык,
Ою турат
Деги эмнеге чырмалып?

## 9

Дале олтурат
Ал устундун үстүндө,
Бал-бал чырак —
Оттор жанат көзүндө.
Вентилятор
Тоодон шамал жеткирип,
Сергитүүдө,
Ал ойлонгон кезинде.
Тоонун жели
Кабар берет айылдан,
Саймаланган
Сар байчечек төрлөрдөн,
Көз кайкытып
Колхоз малы жайылган
Көк ырандуу
Гүлү жыпар белдерден.
Кандай сонун
Техниканын амалы,
Жер үстүнөн
Жер астына дем берген!
Көмүр чиркин,
Жер астына тийген күн,
Көмүр чыкса —
Кен ичинде болбойт түн.
Көмүрүнө
Олтургансыйт жылынып,
Кадыр аке
Сөз баштабай, салбай үн.
Жаштын сөзү
Жалындатып көңүлүн
Жаштын сөзү —
Жибиткенбейм жүрөгүн!
Барган сайын
Бойго кайрат куралып,
Басып турган
Байлыгына кубанып.
Жакын келсе
Орунбектей жеткинчек,
Жаш дем менен
Улам курчуп, чыңалып.
Улам карайт

Келген жаңы сменди
Кыял термеп,
Кыңкылдап үн чыгарып.
Бул учурда
Кирип келди Мажаев,
Аттай басып,
Кол чырагын көтөрүп.
Кадыр дагы
Эки жагын каранып,
Койгон кезде
Ал акырын жөтөлүп.
«Олтурупсуң —
Тойгон куштай сыланып,
Жүрү Кадыр,
Үстү жакка кетелик!» —
— Койчу досум,
Бүгүн мени шаштырба.
Чылк алтындын
Уюлу бар астымда.
Бир экен го
Ырысы кары, жаштын да.
Бул күндөкү
Кебелбеген бактым да.
Элим кыргыз:
«Эр ортону элүү» — дейт,
Күч кабелтең,
Жан аманда — жашмын да..
— Көп жылдар мурун,
Көп эле муңуң.
Көралбай келер өмүрүң.
Чын эле бүгүн,
Башкача түрүң,
Башкача белем көңүлүң.
Бүгүнкү элес,
Кечээки эмес,
Билалбай турам Кадырды.
Бүркүтүм кыраан,
Асмандап улам,
Ак зоодон уччу чагыңды?

Айтсам мен азыр,
Жеткирди акыл
Жеткирди мезгил, көз көрдү.

Тийишпе баатыр,
Эсимде жатыр,
Койчу, айтпачы өткөндү.
Техника ойноп,
Шахтыда сойлоп,
Оор жүктү алды жонуман,
Кечеки бала
Жетилип мына,
Бөлүштү ишти колуман.
Кайлоодон баштап,
Бургуну таптап,
Көрдүң-го көзүм баарысын.
Жер асты жылдыз,
Жер үстү кундуз,
Кеткен жок колдон намысым!

Бажырайып, жакын келип Мажаев,
Колдон алып, Кадырды өөдө тургузду.
Кен казганды так өзүнөн үйрөнгөн,
Жаны сүйгөн замандашы кыргызды.
Көзүн кысып, колун жаңсап көрсөттү,
Жер астында кайнап жаткан турмушту.

Чиркин кандай, кезегинде ой күлүк,
Отуз жылга бир оокумда үлгүрүп!
Сүзүп барып кылым бойлоп кулачтап,
Кайта айланып, качаңкыны билдирип.
Чарчоо билбес күлүк ойго берилсең
Алып жөнөйт канатына миндирип...

Көрүнгөндө Кадыр аке көзүнө,
Мажаевдин ал күн түштү эсине.
Жакалашып өлүм, өмүр түпкүрдө
Болгон эле бир окуя кичине.
Азыр ошол көз алдына келгени,
Элес-булас киргенге окшоп түшүнө...

Түн... шахтада анда Кадыр жаш чагы,
Көлкүп тери, көмүр казып жатканы.
Кайлоо менен канча катмар түшүрүп,
Кара алтынды дөбө кылып таштады.
Бүт бузулду бир четинен гүүлдөп,
Жер астынын жылтыраган аскары...

Айран калды шумдугуң деп бул кандай,
Кадыр жалгыз забоюнан чыгалбай,
Көчүп түшкөн көмүр чаңы уюлгуп,
Каптап калды дөмин эркин чыгарбай.
Жок дегенде бармак батар жылчык жок
Добуш салып, эптеп айла кылардай!

Жакын жерде калган эмес бир адам,
Караңгыда ким кимдерди караган.
Кадыр турду акыл-эсин жыялбай
Болгон өңдүү көмүр тийип чала жан.
Жер алдында өлдүм го — деп ойлоду
Чырпык сойлоор жол жок болуп арадан!

Суюлган да, куландыдан чыккан чаң
Болор-болбос эс алгансыйт курган жан.
Басып өткөн үстү жактан жыгачтан,
Адам жүрөт, келе калды бул кайдан?
Күчүн жыйнап, Кадыр катуу үн салды,
Болор-болбос үмүт кылып жаш жандан!

Канча бийик ал жылчыктын алысы,
Араң жетет жаңырыктап дабышы.
«Кадыр,
        Кадыр,
                Мен Кадырмын!..» — деп гана,
Жан соогалап, жан талашкан чагы ушу!

Кезегинде жер түбүнөн үн чыккан,
Бирөө тиктеп болор-болбос жылчыктан:
«Сен ким? Сен ким? Сен, кимсиң?!..» деп
                                        кыйкырды,
Ким болсо да куткарууга кырсыктан.
Араң-араң үстү жактан байкашты
Адам барын туюк жерден унчуккан...

Кулак сала жалгыз жандын үнүнө,
Келишти алар куландынын түбүнө.
Тааныштарын достор эсеп кылышты,
Калды эле деп ким кеталбай үйүнө.
«Баса, Кадыр, Кадыр кана? .. » дей берди
Чоочулашып жолдоштору күйүнө.

Бирөө айтты: «—Койсоңорчу башкадыр!..»
— Жок, жок! ушул көнүгө элек жаш
Кадыр!
— Ким болсо да биздин киши эмеспи,
— Бир азамат жан бербесин тумчугуп,
Ал күрөктү, жалпың жапырт кайрат
кыл!

Жан кубанат шахтёрлордун ишине,
Жан кубанат досчулуктун күчүнө.
Тык-тык этип бир оокумда ич жактан
Бир кайлоодон добуш келди кичине.
— Мына, мына, ушул туштан каз дөшип,
Үн алышты бул белгини түшүнө...

Көмүргө азыр күрт-күрт күрөк салышты,
Беш-алты адам аш бышымга алышты.
Кайлоо берген тык-тык дабышка
Кадимкидей жакындашып калышты.
Жардай болуп тосуп калган көмүрдү
Жара-жара, бөлө-бөлө чабышты...

Кадыр болсо, үй ордундай туюкта
Көзү алактап көмүрүндө олтурат,
Дене тердер кыймылы жок убакта,
Үшүп чыкты бүткөн бою калтырап.
Караңгыга чабал шоола чачкансыйт,
Караңгыда эки көзү жылтырап:

— Ким болду экен тушум болжоп бул
казган?
Ким болду экен мени көздөй келаткан?
Ким болду экен, ким болду экен,
чиркин-ай,
Жер астына ушундай дос жараткан?!

Аламын деп алкымдаган ажалдан
Ким болду экен ушу мени талашкан?!..»
Улам жакын күп-күп этсе көмүр таш,
Мөлт-мөлт этет Кадыкендин көздөн жаш
«—Бой бербестен эми тышка чыгабы
Бул туюкта өлүм тиктеп турган баш!
Жүрөгүмдү сууруп чабам досторго,
Жан экемин бакты-ырыстан кур калбас!»

Мына ушундай сезим келип оюна,
Дүк-дүк дабыш кубат кошуп боюна,
Көмүрлөрдү кайта-кайта ургулайт
Кайлоону эми катуу кармап колуна.
Чындап кайра кошуламбы деп ойлойт
Келе жаткан досторунун тобуна!

Көчкү көмүр жукарганда абыдан,
Үн салышты «абайла!» — деп туш-туштан.
Бош көмүрдү акырындап алышты
Там боорунан суургандай бир кыштан.
Сактанышты; дагы кырсык кылчудай
Шыр-шыр этип, майда көмүр жылбышкан!

Бир кезекте күткөн көңүл кубанды,
Эрлер тешип забойго эшик чыгарды.
Кадыкеңе казып жетем деп жатып,
Канчалардын бою чаңга чыланды.
Турган экен кара бою чыйрыгып,
Түк биле албай кандай айла кыларды.
Суна берип балбан колун барпайтып,
Мажаев да башын салды ири алды!
Туюктагы көмүргө эшик ачылды,
Фёдор!.. Фёдор!!.. деди Кадыр,
бакырды.
Туюк жерден дароо суурул алышты.
«Кадыр, Кадыр, сал бери — деп, башыңды!!
Көмүрдү аттап Кадыр чыгып Фёдордун
Жаш балача мойнуна анын асылды!..

Мажаевдин ушул түшүп эсине,
Ушул бүгүн элес болгон көзүнө.
Ошол күндөн уялашы сыяктуу
Кадыкеңди жакын көрчү өзүнө.
Ошол Кадыр ушулсуң го дегенсип,
Бек кучактап кысып койчу төшүнө!

Мындай достук эске түшөт ар убак
Ал туралбайт нурун чачып жайнабай.
Кандай жашайт бул заманда ынтымак
Жүрөгүңдө булбул болуп сайрабай.
Булар бүгүн көк-ала чач болгон чак,
Кенден чыгат көлкөйүшүп жайма-жай...

Сыяктанып бороон күндө куюккан,
Кадыр чыккан мына ошентип туюктан.
Адам эмес кара жылан болбойбу
Жанды ажалдан куткарганды унуткан.
Отуз бир жыл өмүр жолун бир баскан,
Так ошолор азыр бирге турушкан!..

Катарлашып, экөө бир аз басышты,
Көөдөн керип, канаттарын жазышты.
Электровоз,
    Өзү жүктөөч машина,
Зыргып өтсө —
    Күлүңдөшүп жатышты.
«Биздин шахты эми такыр башка» — деп,
Көз караштар бир-бирине айтышты...

— Укчу Кадыр, акыл айткым келген
                                        жок,
Өзүң дагы акылдуунун бирисиң.
Таянч болуп эмгегиңе акылың,
Так отуз жыл тоо койнунда жүрөсүң.
Кубанч кылсаң биз жашаган заманга,
Курбум ишен, колу иштеген адамга!
Жергелешип жерде жаткан байлыктын,
Ойлой келсең, чын тагдырды адамда.

Достук менен көңүлүңө түйөрүм;
Жаңылыктан селт этпесин жүрөгүң.
Күрөш,
    Күрөш,
        Таалай үчүн күрөштө,
        Эй, жан досум,
        Эч суубасын илебиң.
        Баштап чыгат
            Бар майданда өзүңдү,
        Партия бар,
            Майышпаган
                Тирегиң!
        Жаны сезген
            Сендейлердин тилегин,
        Адамдардын
            Эң улуусу —
                Л Е Н И Н!

ЛЕНИН ШАМЫ
Жер астында жанды го.
Оор жүктү
Колубуздан алды го.
Ал күндөрдө
Мурдун чүйрүп күлгөндөр,
Өзүлөрү
Эски журтта калды го.
Көкөлөйлү
Кыргыз тоодо бүркүттөй,
Коммунизм,—
Биз бараткан бийик тоо.
Олтурабыз аксакалдын үйүндө,
Бул жаңы үйгө, жаңы кирген бу күндө,
Ленин, Горький бирге олтуруп сүйлөшкөн,
Бир чоң сүрөт кадалыптыр төрүндө.

Улап үнду Тянь-Шандын үстүнөн,
Приёмник улам толкуп ырдады.
Бирде окулса Токтогулдун сөзүнөн
Бирде ырдалды тоочулдардын сырлары.

Бак-ырыстай кең дасторкон жайнаган,
Буусу бурк-бурк, самоор келди кайнаган.
Татып ичип кара чайды Кадыкең,
Тарых окшош кепке кирди кайрадан:

Инилерим,
Урмат кылгын өмүрдү,
Болсун десең —
Биздин заман көңүлдүү!
Кымбат көрсөң —
Калк жашаган өмүрдү,
Жоо баспасын
Касиеттүү төрүңдү.
Кызыл-Кыя,
Касиеттүү бир сепил,
Сойлоп жылан
Эшигинен кирбеген.
Тайгаланат —
Басалбастан бизге бир —
Каман тиштер —
Көңүлү көөдөй кирдеген.

Айткым келет
        Басмачыны андагы,
Жолбун иттей
        Желип жүргөн Алайда.
Каракчылар
        Ийри кылыч салганы,
Бактыбызга
        Балкып келген заманга.
Келген кезде —
Тоого таалай таңы атып,
Таң жели ойноп,
        Жер тумандан арылган,
Желмогуздар —

        Ач бөрүдөй кажашып,
Журттан жечү
        Бекер жемден кагылган.
Ал гана эмес,
        Кусуп кирген жегенин,—
Заман жоонун
Сары кылган ирецин.
        Жолдон келген
Жолбун итке дос болуп,
        Ит, куш менен
Бирге кылган түнөгүн.
        Канчалары —
Бетке кара тагынып,
        Канчалары —
Мала селде чалынып,
        Динди кылып
Беттерине бүркөнчүк
        Кирмек болгон
Ушул кенге агылып.

## 11

...Тоо жолун тиктеп замбирек,
Жон-жонго барып орноду.
Оозуна туура келгендей
Адырдын ууру жолдору.

Калың жоо жакын келгенде,
Замбирек үнү дүңк этти.

Гав-Зап[1] тоо менен
Кузгун-Таш[2],

Катары менен солк этти.
Калтырап кендин сүрүнөн,
Кайраты бошоп боюнан,
Кейишке толуп көңүлү,
Кенди өрттөө кетип оюнан,
Алактап качкан басмачы,
Адашып келген жолунан.

Канчасы кулап атынан,
Селдеси түшүп башынан,
Кокуйлап барып жыгылган,
Кол кетип ээрдин кашынан.

Чыйраткан узун мурутчан,
Чагылган күнгө кылыччан,
Булкунткан атын партизан,
Баатырлар кенден чыгышкан.

Каракчы каптап турганда
Болсо да кайлоо колумда,
Шахтыга басып барганда
Мылтыгым жүрчү жонумда.

Мылтыктар кенде жатчу эле,
Мекенди салып көңүлгө.
Кекенген бойдон биз деле
Кирчү элек каптап көмүргө.

Түнкүсүн кенден чыкчубуз
Эмгектен дене жазылып,
Кыядан басып өтчүбүз,
Мылтыкты жонго асынып.

12

Август айы, туңжураган түн эле,
Бир паровоз кирип келди буу чачып.

[1] Гав-Зан Кызыл-Кыянын үстүндөгү тоо.
[2] Кузгун-Таш—Кызыл-Кыянын этек жагындагы туура адыр

Бул ким экен, бул ким экен деп эле,
Жапырт келип тура калдык жанашып.
Кызгылт жүздүү, өзү жеңил плащчан,
Толмоч тарткан, бой чыңалып кубаттан,
Кабак бийик, көзү кайнап жаткан эр,
Келбети бар көрсөң көзүң кубанткан.
— Отрядда канча адам бар?
— Отуздан ашпайт.
Бизден да жардам алыңар.
— «Жарайт!»
— «Айтарым менин силерге,
Замандын ушул өкүмү,
Болгула сакчы бу жерге.

Анжиян, Ташкен, Ашхабад
Унутпайт асты силерди,
Артыкча Кызыл *Армия*
Солдаттык салам жиберди.

Темир жол ичке болсо да
Токтолбой көмүр тарттыңар,
Алдыда келчү таалайга
Адырдын гүлүн чачтыңар!

Силерден барган көмүрлөр
Шаарга жанган от болду,
Заводдо кызып темирлер
Жылытып турду досторду!

Кесилген жок жолуңар,
Бузулган жок оюңар.
Сезилди кызыл аскерге —
Силердин достук колуңар.

Ыракмат достор, ыракмат,
Бул эрдик кетпейт көңүлдөн,
Орто Азия жылынат,
Кыядан барган көмүрдөн!

Айтарым дагы силерге,
Тоолорго назар салгыла.
Тилесе жардам айылдар,
Токтоосуз жардам кылгыла.

Чыгарбай байдын капканы,
Туюк жар болуп жатканы,
Тумчуккан кыргыз эли эле
Тыйылбай көздөн жаштары.

Жабыркап жаңы жүргөн эл,
Жей албай анда насибин.
Таң нурун сүйүп турган эл,
Таалайдын көрүп эшигин.

Эшикти кенен ачкыла,
Колунан бери тарткыла.
Өксүгөн тоодо элдерге,
Октябрь нурун чачкыла.

Жолдош, дос, тууган болгула,
Жергиликтүү элдерге.
Таң нурун тоого чачкыла,
Тоочулдар турган бул жерде!

— Деди да кыска сөз менен,
Ченемсиз ойго калтырып,
Кош айтышып биз менен,
Жөнөп кетти кайрылып.

Аталаш өскөн адамдай,
Айылдын жөнүн билген ким?
Башкача назар салгын,— деп,
Биз үчүн кам жеп, жүргөн ким?

— Михаил Васильевич,
Ушул киши, билсеңиз!
Жердешибиз Фрунзе,
Урматтап жана сүйсөңүз!

Башчысы кендин айтканда,
Ишенбей уккан кулакка,
Көз чаптырдык канчага,
Фрунзе кеткен тарапка.

«Түрк фронтто командачы,
Ишинде жүрөт элиңдин,
Түркстанга маалим аты,
Жолдошу улуу Лениндин.

Лениндин өзү жөнөткөн
Түркстандын элине,
Лениндеп келди бул кеткен,
Кызыл-Кыя кенине»
Дештик биз чексиз кубанып
Жайлоого жаңы жеткендей
Басканда чептен буралып,
Жаңы гүл жайнап кеткендей,
«Ар бир сөзүң —
Уюп калды көңүлгө,
Ар бир сөзүң —

Кубат болор өмүргө.
Ант беребиз
Жолдошуна Лениндин.
Биз солдатпыз
Кызыл-Кыя кенинде.
Шахтёр дайым —
Октябрдын жоокери,
Ушундай деп
Айта баргын Ленинге!» —
Фрунзеге
Мына ушундай айткандан
Кайлообузду
Дагы бекем кармадык.
Чагылгандар
Чартылдаган жактардан,
Күндүр-түндүр,
Көзүбүздү албадык.
Дайым жүрдүк,
Дайым жүрдүк эскерип,
«Даярбыз» — деп,
Жүрөктөн ант биз берип,
Ал да бизге
Дайым бирге окшоду,
Ар бир сөзү
Бир-бир полктой күч берип,
Фрунзеге —
Шахтёрлук ант бергенбиз,
Бул өмүрдө —
Биз канчаны көргөнбүз.
Иним,
Кызым,

Чолпонум ук сөзүмдү,
Биз чың элек,
Чын тургандан жеңгенбиз!

## 13

Көп күн өттү —
Жан курбудай сырдаштык,
Эчен жолу
Бир бөлмөдө бир жаттык.
Кадыр бүгүн
Күндүз ишке бармакчы,
Маектешип,
Кыя менен бир бастык.
Чоң коктуда
Шахтасына барганча
Кадыкебиз,
Буркуратат чылымын,
Көңүлүмдө
Жомок болуп бир канча,
Мен кангансыйм
Ширесине сырынын:
— «Чынымды айтсам жана иним,
Чыңалам кенге келгенде,
Чатырап толуп турамын,
Чечинип ишке киргенде.
Жер асты шахта жолдорун
Жүрөгүм сезет «үйүм» — деп,
Жалгыз мен турсам ойлоймун,
«Жок белем сенсиз күнүм» — деп.

Түнкүсүн кээде бургулап,
Түшүрөм тонна көмүрдү.
Тоолорго келип Ленин
Тургансыйт көрүп өңүмдү.

Унутуп иштен башканы,
Келгендей болот жаш чагым.
Ар качан угуп тургансыйм,
Атанын мага айтканын.

Жалындайт денем ан сайын,
Жүрөгүм ырдап тургандай.

— Оцоцой көмүр аламын,
Ата өзү жардам кылгандай.

Жонумдан аккан мончок тер
Жеткирген кубанч санаама.
Баласы менен атасы,
Бактыга баткан замана.

Карылык деген эмне?
Кеткени белем муундун.
Калтырап ишке жарабай,
Калганы белем колуңдун.

Эмесе андай карылык,
Жакында келбейт денеме.
Жанаша жүрүп жаштарга
Көрсөтөм кызмат элиме.

Үстүндө жердин жүргөндөй,
Астында жердин басамын,
Астынан кенди казамын,
Үстүнө байлык чачамын.

Сактаган сырын кендердин
Сандыгы канча жерлердин?
Кулпусун тоонун ачууга,
Кубаты керек эрлердин!

Олтурган жанга окшойбуз,
Эсепсиз тоону кайтарып,
Быкылдап жаткан байлыгы,
Бурч-бурчун көрсөң аңтарып.

Жети миң төрт жүз кырк метр
Жерибиздин бийиги.
Булутка тийген зоокага
Баралбай өлөт кийиги.

Туулдук дейбиз бул элден,
Чоңойдук дейбиз бул жерден.
Аркайган тоонун кычыгы,
Азыркы түшүп биз көргөн!

Уулдарым окуп аянбай,
Айласын тапсын аскардын.
Кыздарым тилин бүт билсин,
Асмандан турган таштардын!

Ай тийбес тоодон кен тапсаң
Ошондо сенсиң инженер.
Окууга балам жеттиң деп,
Абаңар мендей кол берер.

Жалыны жетер кендердин,
Жарыгын айдын чарпууга.
Каруусу келер тоолордун
Кубатын күндүн тартууга.

Киргенде Кызыл-Кыяга
Ушулар түшөт эсиме,
Баскан жер бүткүл кенге окшоп
Байкалат менин өзүмө.
Салмагың кеним колумда,
Элесиң менин көзүмдө.
Келбетим,
        Көркүм,
        Байлыгым,
Кара алтын сенин өзүңдө.
Тукумун кимдер сыйласа,
Тоосуна кирсин кендердин.
Алперсин жердин астынан
Энчисин тууган элдердин.
Бүгүн сөздү
        Токтоттум го дегендей,
Какты күлүн
        Качан өчкөн чылымдын.
Карыябыз
        Кенге кетти кебелбей,
Мен сөзүнүн
        Кубатына жылындым.
Ырас эле
        Миңдин бирин бердим деп,
Эскерткенсип,
        Жер дүңгүрөп жаткандай,
Берем байлык
        Басып балам киргин — деп,

Биздин тоолор
        Кучагын кең ачкандай.
Мен кубандым
        Кадыр аке сөзүнө,
Жүрөгүмө
        Гүлдөр жышар чачкандай.
Адамдар бар
        Биздин сонун өлкөдө,
Ар бир ою
        Бир китептен ашкандай.

## 14

Түн... шахтыда электровоз чартылдап,
Айдап жүрөт вагондорду алкымдап,
Өтүп кетсе вагондорду кубалап,
Зымдарынан учкун чыгат жаркылдап.
Жол көрсөтүп жогор жакты кыяга
Электрдин чолпон нуру балкылдап.
Жумушчулар маңдайынан тер аккан,
Ар кай жерде тура калат салкындап.
Көз алдыма элес болот капчыгай,
Күз, жаз андан өткөн кези эл чубай.
Каптал жолдон калың малын айдашып,
Көчөт кез-кез колхоз айлы ушундай...

Төр жайлоого бараткандай эл өтүп,
Жер үстүнө чыгып жатат кен көчүп.
Жол-жолдордо кароолдошкон кенчилер,
Жогоруга алтын жүгүн жөнөтүп.
Күрөш менен күч сынашкан балбандай
Кайнайт эмгек, катарлап күн-түн өтүп.
Ар бир бурчта ашуу тоскон адамдай,
Иштейт эрлер бирин-бири сүрөшүп.
Мына, мына бүтүп смен жаңыдан,
Чыкты шахтёр кендин бардык жагынан.
Элдин каптап келатканы өөдөлөп
Элестелди маңдайдагы шамынан.

Эл алдылап бүткөн окшойт жумушун,
Жай-баракат сылап коюп мурутун,
Качык жерден колун тиреп маңдайга,
Кадыкеңдин көрдүм карап турушун.

«— Иштеп койдук
Беш күндүктү бир күндө
Орундалды,
Кече койгон шертибиз,
Биз шахтёрлор,
Сөздү эмгекке бөлөйбүз,
Баштатадан
Так ушундай эркибиз» —
Дейт Кадыкең,
Ушу эмгектен күткөнү,
Беш жылдыкты —
Эки жылда бүткөнү.

Эсебинен
Бешинчи беш жылдыктын,
Азыр анын
Ар күн кенге түшкөнү.
Жер астында
Басканын көр аярлап,
Жерден тоого
Ар кыймылды кабарлап.
Бригаданын
Түгөл ишин өткөрүп,
Таңкы сменге
Кызмат ордун даярдап,
Смен бүттү,
Болбойт бекер жүрүүгө,
Эңсеп турат,
Бир папирос көрүүгө,
Жесең, ичсең,
Баарысына кен макул,
Бербейт руксат,
Бирок чылым чегүүгө.
Түрүн көрсөң
Сергип келе жаткандай,
Же күрөшкө
Күчүн чыңап кайткандай.
Көтөрөм деп
Канча милдет келсе да,
Азыр гана
Кызматына баскандай.
Кадыр аке,
Элестеди көзүмө,

Кандай айтса
        Кулак салам сөзүнө.
Салабаттуу
        Эгедери бул кендин
Турганга окшойт
        Сабак берип өзүмө.

* *
*

Чыкты сыртка калың шахтёр жайнаган,
Радиосу кубанч сырын сайраган.
«Угалычы Токтогулдун ырларын,
Ырдаса да миң бир эки кайрадан!» —

— Деди Кадыр, аттай басып алдыга,
Олтурду жай, бир стулга барды да.
Пластинка токсон тогуз тил кайрып,
Козгоп сезим, жаңы күүгө салды да:

«...Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым...»
Деп ырдаса радиодон ырчылар,
Сырын айтып, өткөндөкү агымдын,
Турат Кадыр улам тыңшайт былк этпей,
Дейт: «Токомдун булбул тилин
                                        сагындым!».
«...Жетилип кедей кутулдуң,
Желмогуздун оозунан,
Желпинтип тууну көтөрдүң,
Жергелүү кыргыз тоосунан»
Десе Током, совет күнүн куттуктап,
«Айланайын, Током сенин доошуңан!
Айланайын бул сөз чыккан оозуңан!
Сөзүң кылыч, үнүң булбул үнүндөй,
Ошондуктан душман сенден чоочуган!
Азаматым, аман кайтып келгенсиң
Ал күндөкү ажал-азап отунан.
Элиң, сенин эч бир нээтин бөлалбайт,
Сага окшогон өлбөс-өчпөс досунан...

Кадыкебиз ушундай деп турганда,
Келди кезек дагы жаңы ырларга.

Дагы Токоң толгоп-толгоп кол салды,
Жүз миң жылдык жүрөктөгү сырларга.

—...Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу...»
Муну укканда мындай деди Кадыкең:
«Жаным курбан мындай жакшы ырларга,
Жан картайбайт, эл эскирбейт эмеспи,
Жүрөгүндө жаштык назик сыр бар да!..
Сөздөрү тунук мөл экен,
Акылы кабат — кең экен.
Акыны кыргыз элинин,
Айтылуу Током, берекем!

Намысын коюп көп ырчы,
Токомчо сайрап күймөлсө,
Жалындуу сөздүн чеченин,
Жүрөктү мыкчып өтөрүн,
Дагы эле болсо канчасы
Токтогулдан үйрөнсө...

Өнөр деген эмне? —
Жүрөктүн назик кылдары.
Алыстап өмүр өтсө да,
Адамдын өлбөс сырлары.
Күү деген өзү эмне?
Көңүлдүн толкун саламы.
Узангын,
Талпын,
Жарыш! — деп,
Ар кимге айткан кабары.
Жакшы обон, чоң күү, сонун ыр
Сезимин жандын ойготот.
Кубаты анын бүтпөс сыр,
Кызматка колду ойнотот.
Өлбөстөй болуп кетесиң,
Өнөрүн элдин ойлосок!
Адамдын кулак, жүрөгү,
Укканда турса сагынып,
Өлкөнүн айтса тилегин,
Өнөрдө болбойт карылык.

Акылы өлбөйт башчынын,
Ойлонгон элин, жакшынын.

Өнөрү өлбөйт устанын,
Эскерет аны көп кылым.
Кылымдап жашар ырчылар,
Көрсөтсө ойго марттыгын.
Толгоосун сыйлайм комуздун,
Кайруусу турса жаңырып.
Уксам деп эңсейм ал күүнү,
Ар күнү үч жол сагынып.
Таланты тунук, сөзү алтын,
Токтогулду сыйлаймын.
Түн катып көмүр казсам да,
Токтогул ырын ырдаймын.
Токомдой болсун таланттуу
Акындары замандын,
Сөздөрү болуп канаттуу,
Жан сырын айтсын адамдын.
Сырларын ачсын ырчылар,
Сан жетпес, калың кендердин.
Таңшып, кайрап тилиңди,
Таалайын ырда элдердин!

## 15

Кандай сонун кеч күздөгү жылуу күн,
Мээрим салып, чымыраткан денени.
Сменама дем алыш деп так бүгүн,
Жаткан кези диванында ал эми.

— «Ленин» жана «Эмгек Кызыл Туулары»
Кадыкендин жаркыроодо төшүндө,
Отуз бир жыл өткөн өмүр сырлары —
Жатканга окшойт мына ошонун өзүндө.

Кынгыратып чертип жатат комузун,
Коңур тартып созолонтот добушун,
Бакка түшкөн күндүн алтын шооласы
Коштогонсуйт анын куунак болушун.

Кеткен эле Чолпон жеңе базарга
Жаңы гана күн чачырап чыкканда,
«Канча карап көрбөдүм деп сендейди»
Ырдайт Кадыр, чалкасынан жатканда.

Айтар эле арман туман өткөндү,
Айтар эле акыл-насаат сөздөрдү,
Азыр неге созолонтот сүйгөндөн?
Ал күнкүсү эми эсине түшкөнбү?

— Ар адамдын
Кубанчы бар, муңу бар,
Ар адамдын
Сүйүп жыттар гүлү бар.

Жалынданып
Сүйгөн жары жок болсо,
Көңүл муңун —
Жүрөк сырын ким угар!!..
Көздү кайрап,
Канча өткөмүн адырдан,
Кыз-келини
Кыргоол сындуу айылдан.
Жал-жал көздүн
Канчаларын көрсөм да,
Жалгыз гана
Сени көңлүм сагынган.
Көрдүм өңүн
Кызыл шайы кийгендин,
Жаш камыштай
Шоодурашып жүргөндүн.
Жакшысы — дейм
Жалгыз гана өзүңдү,
Жүзү жайнап,
Назик сыпаа күлгөндүн.
Гүлдү көрдүм
Таңда тоодо ачылган,
Ошол гүлдөн
Жаным Чолпон сулуусуң.
Айды көрдүм,
Ак булутка жашынган,
Айдан да сен,
Сулуу окшоп турусуң.
Качан болсо
Сен келесиң эсиме,
Кызыл гүлдөй
Элестейсиң көзүмө,
Мен билбеймин,

Кандай көрөт башкалар,
Сен чолпонсуң
Чыны менен өзүмө.
Укчу сөзүм,
Жаным Чолпон—куйөрүм.
Сени ойлосом,
Жалынданат жүрөгүм.
Сенден ашар
Сулуу жок деп айтканым,
Жан-жүрөгүм—
Жалгыз сени сүйөмүн...

— Бул кайсы Чолпон, Кадыке?
— Казыркы Чолпон «кемпирим»
Эчен жыл бирге турсам да,
Эч таппайм анын кемтигин.
— Бул ырды бирөө тапканбы?
— Жок, өзүмдүн төл сөзүм,
Жумшабайм буга башканды
Ашыктык, жаштык кезинде,
Акын кылат жаштарды.
Эптештирип жеңеңе,
Биз да айтканбыз тапканды...
Чолпонум мага дайым жаш,
Чолпон деймn аны көзүнчө,
«Кемпирим»—деген бул сөзүм,
Айткан кебим өзүмчө.
Калп сөздү кайдан айтайын,
Качанкы жаштык сыр эле.
Кошомат кылып жеңеңе,
Кадыкең тапкан ыр эле.
Какең турду комузуна таянып,
Кимди издеди, эки жагын каранып?
Тике басып чоң күзгүгө көрүндү
Турган экен ак чачтары саналып.
«Көптү көрдүң,
Көптү көрдүң кайран баш,
Келген экен
Салам айтып күмүш чач.
Бүгүн жүрөк
Эске салып турбайбы,
Бир кезекте
Болгонсуң деп сен да жаш.

Мейли, мейли
    Болсо чачым көк ала,
Жигит өңдүү
    Көрүнөм бейм мен ага
Мейли, мейли,
    Балага эне болсо да
Баягы эле
    Чолпон бойдон ал мага!..» —

Дагы ырдаарда Кадыр ойлоп жаш кезин,
Ачылды эшик кыйч этkeп үн чыгарып.
Тор коон, алма, толуп жаткан жемиши,
Бир жагында кызгылт жүзүм чубалып.
Чолпон жеңе келип калды базардан,
Чарчагандай, бир аз бүркөп кабагын.

Кадыкең да тура калды ордунан,
Билбегендей кандай жардам кыларын.
Көркүн ачып турган окшойт жеңенин,
Көкүрөккө таккан «Эмгек Кызыл Туу»
Элестеткен жеңекемдин тилегин,
Орок-балка сүрөтү бар ушул туу.
— Окуудан балдар кеч тарап,
Жетпеди кечээ эч чактым.
Көп болот экен түйшүгү,
Мугалимдик кызматтын.
Бошураак болду бүгүн кол...
Кадыр эми,
Көргөнсүп жаңы
Тиктебей мени,
Коногуңа эрмек бол...
— Институтка сабак берсең бир жолу
Кетмексиң го такыр мени санабай?
Баштооч мектеп мугалими болгону,
Жылт коёсуң абышкаңды карабай!..
Чынымды айтсам чыксам дагы элүүгө
Сүйгөндүгүм жүрөт окшойт тарабай!.

— Билем, сенин беш-алты ооз ырың бар
— Түшүнгөнгө түгөнбөгөн сырым бар!
Азыр жеңең оозумду өзү тырмады,
Андай болсо айтар кепке кулак сал!

16

Ал күнкү жайын жеңеңдин,
Айнытпай айтып берейин,
Талдап көр сөздүн данегин
Таап ал өзүң керегин.

Жаш улан кезим анда мен,
Жаңыдан кенге келгемин.
Билалбай кимге кол сунам,
Бир жылча бойдок жүргөмүн.

Бир күнү чыгып шахтыдан
Базарга түштө баргамын.
«Айлымдан киши барбы»—деп,
Абайлап, көзүм салгамын.

Кол-бетим көмүр, карала,
Ким карайт анда мага да?
Жөн эле басып чыккамын,
Жуунуп келбей санаама.

Санаамды бөлүп кылактап
Сарала көйнөк кийген кыз,
Алдагы шашып, алактап,
Алдымдан менин келди туш.
—«Калп кошпой айткын сөзүңө
Көтөрбөй куру өзүңдү!»
—«Отуз жыл өтүп кетсе да
Алайын Чолпон өчүмдү.
Жөндөп бер сабак балдарга,
Көрсөтпөй мага күчүңдү!»

Деди дагы Кадыр ага арсаңдап
Бирок деги өтүнгөндөй жалтаңдап,
«Кана эмесе, ук Чолпон» деп баштады
Карай-карай бир аз туруп кайпаңдап:

Сарала көйнөк кийген кыз,
Салбады кулак сөзүмө.
Бокочо болуп көөлөнгөн.
Көрүндүм окшойт көзүнө.

Издебей кишн базардан
Ээрчий бердим артынан,
Кыңкылдап ырдай баштадым
Көңүл түшкөн зарпынап:

— «Көйнөгүң шайы сарала,
Көп чоочуп мени караба.
Курдаш сен, дары болсоңчу,
Көңүлгө түшкөн жарага!

Жарашкан сенин сагагың,
Жаркырайт айдай кабагың.
Изиңди менден жашырба
Издесем кайдан табамын?

Жанаша бассам күйгүзүп,
Жалт берип, мойноп качпачы,
Сыздатып ичти, садагаң,
Сырыңды менден катпачы...»

Билип ал өзүң дегенсип,
Бир карады жалт этип.
Бир короого оппол кыз
Кирип кетти кылт этип.

Калп кошор бекен дегендей
Карады жеңе кайрылып.
Кадыкең сүйлөйт кебелбей,
Калса да үнү кардыгып.

— Дем алыш күндүн бири эле,
Айлыма кетип бараттым.
Айылга жакын айылдан
Алиги кызга жанаштым...

Колуна чака алыптыр,
Суу бойлоп басып калыптыр.
Бүшүркөп мени көргөндө,
Бурулуп көзүн салыптыр.

Тилеген көктөн кушумду
Тим эле жерден берди — деп,
Жүрөгүм, жаным элжиреп,
Жетип бардым желбиреп.

— Ким—десем,— атың?—
— «Чолпон» дейт.
Уятсыз кандай жигитсиң.
Ээрчүүнү мени койсоң дейт.
Туш келсең биздин айылга
Сендей жигит таяк жейт!
Акырын басып буралып,
Алдыртан карап уялып,
Алдымда Чолпон баратса
Ан сайын ырдайм кубанып:

«Эч кимге менин карзым жок,
Өзгөчө айтар арзым жок.
Жалгыз сен эмдейм деп айтсаң.
Жазылбай турган дартым жок.

Атаңдын көрү дүнүйө,
Айланып түшөт башыма.
Кадалтып сага койгондой
Кайрылып келдим кашыңа.

Ортоктош боло кетчүдөй
Энтелеп ичкен ашыңа.
Түйшүгү менче сүйүүнүн
Түшпөптүр сенин башыңа!..
Күйгүзүп мени Чолпонум,
Деги сага —
Кандай жигит ашына?..

— Дайны жок сөздү коюңуз,
Дайныңыз менен болуңуз.
Жакындап мага турбаңыз,
Жаманга кетсе оюңуз.

Санааңыз күлүк, кандай сиз,
Сыр айтпай жатып, чечилип.
Кебиңиз менен жайкайсыз,
Кеткендей жүрөк эзилип...

Жал-жал карап Чолпон турган кезинде,
Жүрөк жанып, мен да ичимден жым дедим.
Тооруй басып, да бир күнү кечинде—
Жеңесинин үйүн көздөй келгемин...

Ата-энеси бир мээнеткеч адамдар,
Алдыртадан сурап, байкап көргөмүн.
Чолпон жалгыз мага Чолпон көрүнүп,
«Чолпонум» деп мындай ырдап бергемин:

— «Сагынат ар ким сүйгөнүн,
Санаасы түшүп жүргөнүн.
Сагынып издеп өзүңдү,
Сырымды сага сүйлөдүм,
Кызыгын көрбөй өмүрдүн,
Кымбаты болбойт дүйнөнүн!

Канчалык менден качсаң да,
Канатты сага сермеймин.
Алкымың сенин аймалап
Адырдан соккон желдеймин.
Жарк эткен жакшы
Күлкүңдү —
Жан адамга бербеймин.

Көздөрүң жанган жалжылдап
Көңүлүмдү менин түшүргөн,
Кумармын сага ушунча,
Кетпечү болдуң түшүмдөн.
Чын сүйөр күнүм болобу,
Чолпон сенин —
Чиедей кызыл жүзүңдөн...»

Чолпон мага анда жооп айткан жок,
Карай берди алдыртадан жалжылдап!
Чын күйгүздү жүрөгүмө салып чок,
Маңдайдагы кош чырагы балбылдап.
Чолпон жайна
Чолпон чыкты, карагын.
Чолпон келди,
Чолпон келди заманың.
Чолпон сен — деп,
Тигип койдум башымды,
Чолпон жаным
Чын көңлүмдөн кааладым!
Муңайтпачы,
Мага сендей табылбас,

Мен түбөлүк,
Болгум келет кадырлаш»—
Деген кезде —
Чолпон муңга термелип,
Мөлт-мөлт этти —
Көздөрүнөн мончок жаш...
Көрсө чиркин, жүрөктө муң бар экен,
Жалгыз гана жеңесине билдирген.
Айылда бир бай айттырган чагы экен,
Менден бөлөк ким алат деп бул жерден.
Жай сурады жеңекеси өзүмдөн:
— «Менин жайым болот,— дедим,—
шахтыда.
Жан аманда, билекте күч барында,
Кедейсиң деп ким айта алат жашты да?..»
Деп айттым да кете бердим, муңайып,
Кыз да калды сөз айта албай кубарып.
Жеңеси Асыл кош айтышып кол кысты,
Далда менен мени эшиктеп чыгарып.

## 17

Көңүлүнө жетпегенсип сырларым,
Тек кеткенсип түйүп чечпей ырларым,
Кыз кайгысы жүрөгүмдү мыжыгып,
Күңгүрөнгөм, кенден кетпей тургамын.

Кийин уктум айылдагы бир байдын,
Кеп айттырып, токолдукка каалашын,
Ата-энеси ачык жооп айтпаптыр,
Аягандай эрке Чолпон баласын...

Бир күн чыксам дагы, айланып базарга,
Мени көрүп, жеңеси Асыл келгени.
Кайним бүгүн эл орунга жатарда,
Түн жамынып, биздикине кел,— деди.

Кандай сонун сүйүнүч сезди жүрөгүм!
Кандай сонун жүрөгү бар жеңенин!
Жаш тилекке чындап болсоң себепкер,
Жакшылыгың жерде калбас дегемин...

Ай карангы, жылдыз көккө толгондо,
Айткан жерге атчан жетип бардым мен,
Эч кечикпей жеңеси айткан болжолдо,
Шырп алдырбай чыгып келди экөө тең...

— «Кайним, сөздү мен сүйлөйм,
Кааладым болгон замана.
Каалаганың чын болсо,
Кылчактап артың караба...
Бул жерден туура жөнөй бер,
Бек болсоң айткан сөзүңө.
Чолпонду күткүн Чолпон—деп,
Чолпонду бердим өзүңө...»

Бакты курчап, жүрөк толуп жалынга,
Колун кыстым жүрөгүмө жеңемин.
Ошол белги болгон экен ойлонсом,
Өмүр бою ыраазымын дегеним.

Чолпонума мен жалбарып, ийилип,
Бек кучактап кысып алдым боорума.
Алып кеттим, мен алдыма өңөрүп,
Кайра түшүп, келген алыс жолума...

Кыскасы ушул, ошол күндөн ушул күн,
Жеңең менен өмүр шерик болуппуз.
Эсептесе ушул быйыл экөөбүз,
Биргелешип, туура отуз жыл туруппуз.

Мен шахтада,
Жеңең болуп окууда,
Койбой жүрүп
Он классты бүткөрдү.
Азыр мына,
Канча жылдык өмүрүн
Окутуучу
Кызматында өткөрдү.
Окутууда
Дайым менин Чолпонум,
Эринбестен
Эң ылдыйкы классты.
Жеңең маалим,
Агаң шахтёр азыр да,

Өтүп жатат
Мына ушинтип убакты.
Бала деген
Таалай экен караңыз,
Ага бирге—
Кубанчыбыз, санаабыз.
Ата-эненин
Көңүл кубанч—жылдызы,
Ана жүрөт —
Жылтыраган кара кыз.
Бизге бала,
Өзү кара болсо да,
Ата-энеге
Жаркыраган айдай да.
Ал айдайдын
Алдан эче сыры бар,
Акыр бир күн
Кабар айтам андан да.
Чолпон жеңе
Карабастан Кадырды,
Олтурду эле,
Баш көтөрбөй бир четте.
Бөтин буруп,
Жумшак гана жылмайды,
Чечилгенде сөз мааниси,
Бир кезде.
Деди жеңе:
— «Кадыр, куру мактанба,
Өмүр сыры
Мен окуткан жаштарда.
Так ушулар
Болочоктун ээлери
Терикпессиң,
Сөздү тике айтканга!
Жеңе күлүп,
Ашканага барды да,
Ылдам келип,
Ак дасторкон жайды да,
Балдай коон,
Бармакка окшош жүзүмдү,
Бүт тизилтип,
Коюп салды алдыга.

Барды Кадыр
Чолпонунун жанына,
Ал комузун
Кыңгыратып дагы да.
Жылмайышып,
Бирин-бири караштьı,
Ыраазы болуп,
Өмүрүнүн баарына.

Өзү курдуу
Эки кызды ээрчитип,
Айдай дагы
Кирип келди жоодурап.
Кайра кирди
Көңүл сырын айтууга,
Кадыкеңдин
Коңур үнү коңгурап:

— Өткөн өмүр—качкан куш,
Кайрылып эки болбойт туш.
Жаштыгың эстөө карганда
Жаныңа батар кыйын иш...

Жаштык күн өтсө — нетели,
Жаштардын келди кезеги.
Уландар орун ээлесе
Ата-эне үйдөн безеби!
Бактыга келген насипти,
Баарыбыз бөлө жешели!»

18

Салкын тартып,
Күн түш ооган маалында,
Кадыр аке
Олтуруптур багында;
Колдо китеп,
Көз айнегин тартынып,
Ачып барак
Окуп жаткан чагында,
Мен да басып
Учу менен бутумдун,

Жакын барып,
Жеңил гана олтурдум.
Көз жүгүртүп
Китебине окуган,
Көңүлүм менен
Бир жагынан кошулдум.
Бул китеби
Кадыр азыр кармаган,
Ленин тому
Чыккан кыргыз тилинде.
Тагдырларын
Улуттардын талдаган,
Көп жыл мурун
Ачып эшик илимге.
Карайт Кадыр
Китеп бетин үңүлүп,
Бирде ойлонуп,
Бир жылмайып, сүйүнүп.
Көз алдына
Журт тагдыры келгендей,
Жаркыраган
Жандуу элес көрүнүп.
Бир мезгилде
Мени көздөй бурулуп,
Ала койду
Тартып көздөн айнегин.
Жооп берчүдөй
Суралбаган суроого —
Мен шахтёрдун
Сыначудай билгенин:
— Партия!
Таалай туусун,
Бек карматкан калкыма.
Партия!
Жарып өтүп
Тумчуктурган туманды,
Чапкан кылыч
Эски дүйнө салтына.
Партия!
Сен алганда
Бул өмүрдүн тизгинин,
Кетпес дөөлөт
Кенен жетти жалпыга!

Партия, сен,
Узун кылдың колумду,
Ачып бердиң
Эми басар жолумду.
Чексиз келген
Таалайыма машыркайм,
Сен көрсөтсөң
Мен жашоочу орунду!
Көөдөндө жан,
Көңүлдө акыл барында,
Картайсам да —
Окуйм сенин жолуңду.
Жер түбүндө
Көмүр казган чагымда
Жарым минут
Сенден бөлбөйм оюмду!
Сен биздерден
Түк айырбай көзүңдү.
Кар-бороондон
Калкалабай өзүңдү,
Көңүлүнө эмес
Жүрөгүнө саласың.
Калкка арналган
Ленинчил сөзүңдү!

— Согуш жылы...
Али эсимде бир түнү,
Терге батып,
Көмүр кызып жатканда,
Колдон чыккан
Ар тоголок көмүрүм,
Фашисттерди
Чечекейге атканда,
Бирөө келди
Колго чырак кармаган,
Менин досум,
Мажаевым жандаган.
Атайы эле
Мени көздөй бурулуп,
Саламдашып,
Сөз сүйлөдү ал маган.
Көрсө ал өзү
Секретары обкомдун

Кирип келген
Түндө кендин ичине.
Көз жиберип
Катар турган окшоду,
Күндөп-түндөп
Шахтёрлордун ишине.
Кебетеси
Көзгө жылуу учурап.
Мен кубанып,
Карай бердим жүзүнө;
— Кадыр аке,
Саламаттык кандай,— деп,
Эң сүйкүмдүү,
Жумшак гана күлгөнү.
Кыйын күндө
Кыйбас достой элестеп,
Ойлой калып,
Кыска гана сүйлөдү.
Дедим: — жолдош,
Саламаттык жайында,
Мен оорубайм,
Кандуу согуш чагында,
Мен да турам,
Бекем кармайм бургумду,
Жоо бетинде,
Солдаттардын сабында!
—«Ыракмат жолдош,
Большевиктик сөзүңүз.
Элибиздин
Абийрисиз өзүңүз.
Көмүр,
Көмүр,
Көмүр керек өлкөгө!
Гвардеецче
Норма берер кезиңиз.
Өзүңүз да
Солдатмын деп айттыңыз,
Өлкө сизден
Көмүр сурайт, сезиңиз!
Генералдар
Чабуул баштап баратат,
Сиз да аларга
Кен аркылуу жетиңиз!

Оор күндөр —
Дагы сансыз кезигет,
Биздин канат
Кармаш менен жетилет.
Ар заманда
Замананын тагдыры
Эмгек сүйгөн
Баатыр колдон чечилет!..
Жердин астын
Гвардеецче ойгун деп,
Жолдош шахтёр,
Партияңыз өтүнөт!..»
Деди дагы
Катуу кысты колумду,
Алды көздөй
Багыттады оюмду,
Жөнөй берди
Ал шахтаны аралап,
Ай тийгендей
Жаркыратып жолумду!
Салмактады ал,
Тоочулдардын бар күчүн,
Партия айтты
Бизге күндүн маанисин:
— «Тур, жолдоштор,
Кармап курал солдатча,
Биз сактайлы
Шахтёрлордун намысын!»
Сүйлөймүн деп,
Кыйкырдым мен буулугуп,
Уккан кездө
Партиянын дабышын.
Бизде ал түнү
Тоодой кайрат жетилди,
Жалындатып
Жер астынын жарышын.
Бул кол кысуу —
Жашартты бейм өмүрдү,
Алоолонтуп,
Асмандатты көңүлдү.
Гвардеец,
Бийик кабак генерал,

Бирге көмүр
Казышкандай көрүндү.
Жер астында
Жүз-жүз кабат көмүрдүн
Капшыттары
Катарынан сөгүлдү.
Кан майданга
Бомба болуп жетсин деп,
Күндө бердик
Миң-миң тонна көмүрдү.
Адам болдук
Октябрдын жолунан.
Сөз сүйлөйбүз
Коммунизм доорунан.
Ленин тому —
Туусу коммунизмдин,
Эч ким муну
Түшүрө албайт колуман!

## 20

Күн кызылы
Тоо артына батканда
Жайнап кеткен
Жылдыз көзүн ачканда,
Эпкин согуп
Гав-зан тоонун шамалы,
Жан сергите
Түн саламын айтканда,
Кадыр, Чолпон
Бак ичинде олтурган,
Маектешип,
Сергип, жарпты жазганга.
Кадыкеңиз
Таза алдырып сакалын,
Жаркыратып
агын тагып жаканын,
Ушул бүгүн
Асемдене кийинип,
Кирдетпөөгө
Сыйлуу шахтёр атагын.
Серүүн тартып,
Серптириптир мурутун.

Жагалданып,
Жаш жигиттей турушун.
«Чалым» — дейт да,
Колун артат ийнине,
Чолпон жеңе —
Жактыргандай мунусун.

Кандай сонун,
Кандай сонун бак ичи,
Мөмөлөр бар,
Аңкып жыпар жыттанган.
Жаңы бышкан
Күздүк жүрөк алмасы,
Көргөн адам
Жеп ийчүдөй суктанган.
Кадыр, Чолпон
Сөзсүз гана тиктешип,
Мөмө багын
Тиккен элек биз жешип,—
Өздөрү да
Ошол жүрөк алмадай,
Ал кездеги
Жаштык күнүн эстешип.
Чолпон жаш кыз,
Кадыр жигит күнүндө,
Таанышкандай
Ушул бактан кездешип...
Гүл бакчадай
Өмүрүнө кубанып,
Жаш кырчындай
Жаш өскөнгө буралып,
Чалкып кыял —
Асманда айды карашат,
Ал тургандай
Жандын көркүн чыгарып,
«Чолпон-жан» деп,
Кадыкең да жымыят
Кадимкидей
Чолпонуна кыналып.
Не келбеди
Кадыкеңдин оюна?
Кармап алган
Бир кызыл гүл колуна,

Өзү жыттап,
Чолпонуна жыттатат,
Мен сенин — деп
Жаңы келдим тоюңа!..
«Сүйүү кетпейт
Жашы улгайган жандан да,
Ойлой келсем —
Биз болбодук армандa»—
—«Али сенин,
Боз уландай мүнөзүң,
Жүргүң бар-ээ
Моюн бербей карысаң да...
Койчу Кадыр,
Коркойбочу бүгүн сен,
Келди кезек,
Биз өстүргөн балдарга...»
Чолпон жеңе
Жумшак гана күлгөндө,
Ай да асмандан —
Жал-жал карап күлгөнсүйт.
«Жаш улгаят
Жан карыбайт достор» — деп,
Бул экөөнө
Шоола чачып сүйгөнсүйт.

Чачы тармал,
Кызыл галстук байланган,
Бирөө келет
Бакты акырын айланган,
Чолпон, Кадыр —
Олтурганын байкабай,
Ырдайт өзү
Жүрөктөгү сырлардан.
Ал жай басат,
Ар кадамы саналат,
Кимди күтөт,
Эки жагын каранат.
Бул келаткан
Тоо техниги Орунбек
Кейитти экен,
Ким жүрөгүн жаралап?
Быйыл гана
Тоо техникум бүткөргөн

Алгачкы айын
Шахта ичинде өткөргөн.
(Бир кезекте
Чолпон жеңе колунан,
Төрт классты
Түгөл окуп бүткөндөн)
Ал өгүнү,
Толмоч кара бала эле,
Мынча неге,
Өңдөн азган, өзгөргөн?..
Жаш Орунбек,
Ырдап келет сызылып,
Кадыкебиз,
Кулак салат кызыгып.
Чолпон жеңе
Колун алды ийинден,
Уялгандай
Алда кимден кысынып.

— Ушул бала,
Биздин бактан кетпеген.
Кыял басып,
Кимди мынча эстеген?
Кой кетели,
Бала уялып калбасын,
Кокусунан
Кезигишсе биз менен.
Чолпон айтып,
Оозун жыйнап алганча
Орунбек да
Өтө берди жанынан.
Канча боюн
Жашырса да Кадыкең
Жаштын ырын
Укмак болду абыдан.
Орунбек да
Өтүп барат бул жерден,
Үзчүдөй гүл
Жаңы өмүрдүн таңынан:
— «Жаракөр курбум кара көз
Жоругуң кетпейт жүрөктөн.
Күн сайын сени эрте-кеч,
Көргөндөй болом сүрөттөн.

Армандуу болбойм Айдай-жан,
Ар качан болсом оюңда,
Артыкча көрсөк жыргалдан
Азыркы жаштар тобунда.

Көрүнсөң жарпым жазасың
Сыдырым тоонун желиндей,
Арбыттың көңүл капасын,
Бир күнү калсаң көрүнбөй.

Мөмөсү сенсиң алчанын,
Мөмөнү эңсеп чаңкадым.
Билерсиң жайым, жаным сен,
Билбеске нени айтайын.
Бейилиң сонун деп билем,
Берилип кетем ан сайын...

Жетелеп мени ой чиркин,
Жүрөгүң сенин сураган.
Сөзүмдөн кетсе кечиргин,
Сен дебей кантип туралам?
Таалайы артык жан болор,
Айдай-сенин,
Тал чачыңдан сылаган...

Көңүлдү кызыл өрт кылдың,
Көйкөлө баскан кара көз.
Куруган жаным билбеймин,
Кара көз айтат кандай сөз?!..»
— «Бара келде —
Сүйүү сенин күчүңө.

Баракелде,
    Жаштык, тапкан сөзүңө».
Десе акырын,
    Чолпон тартты колунан,
«Абышкам сен,
    Келегөр,— деп,— эсиңе...»
Эми Орунбек
    Жогор жакты карады,
Келаткандай
    Көптөн күткөн адамы.
Бара жаткан

Үйдү көздөй тик басып,
Элестеди
Айдай кыздын караанды.
Биз көрүнсөк —
Уялар деп эки жаш,
Жок болушту.
Кадыр, Чолпон баягы...
«Айдай жан!» — деп,
Торой басса Орунбек,
Айдай ага —
Кыска гана айтты деп;
— «Алактаба,
Мени жаңы көргөнсүп,
Азыр барып,
Сабагымды камдайм,— деп.
Айдай кандай,
Жооп кайырбай кыйнаган.
Же унчукпоо —
Белгисиби сыйлаган.
Көңүлү түшсө,
Тили жетпей сүйгөнгө—
Кантсин жигит,
Көз жаш төкпөй, ыйлаган...
Эртесинде
Кадыр аке үйүндө,
Өчпөс өмүр,
Солбос жаштык жөнүндө,
Кеп баштады —
Кандай көңүлү жайдары,
Ким тойсун — деп,
Чиркин таалай өмүргө...
Айдай жүрөт,
Апасына кошулуп,
Алдыңкы үйдө
Даярдашып тамакты,
Кадыр аке,
Кызын байкап олтуруп,
Күлүмсүрөп,
Бөлмө эшигин бек жапты:
Картаят экен бир кезде
Кадимки турган ак кайың,
Жалтылдайт тура бул кезде
Жапаша чыккан жаш кайың!

Өзгөчө бир ушул жерде,
Тоо техниги Орунбек,
Ийбаа кылып, араң сурайт;
«Үйдө бекен Айдай?»—деп...

Ушул быйыл карындашым,
Дал он жети жашында.
Ойноо бала сыякты—азыр,
Жүрсө менин кашымда.

Карындашың окуп жүрөт
Так онунчу класстан.
Тепкич өөдө баскан жандай
Мезгили өөдө бараткан.

Эл уктаган түн жарымында
Дептерлерин оодарып,
Тереӊ ойлоп олтургандай,
Көрсөм көӊүлүм кубанып.

«Кыздуу үйдө кыякчы» — деп
Айтчу эле го биздин кыргыз.
Жаштык го дейм тартып турган
Жаркыраган жанган жылдыз.

Кандай кызык, кандай ширин
Бул адамдын турмушу!
Сүйүп бирин, сыйлап бирин
Келе берсин курбусу!..
Жалгыз гана,
        Жалгыз гана,
        Жалгыз гана тилегим,
Жок дегенде Фрунзеден
Окуса деп жүрөмүн.

Чындап оосо көӊүлү илимге,
Москвага барса экен,
Күткөн жооп Орунбеги,
Кошо кетип калса экен!

Колтукташып бирге басса
Диплом алган кезинде,
«Ата бергин той,— деп, айтса
Ошол күнү кечинде...

Колумдагы малымды эмес,
Тоодон улар соёрмун,
Асманда айды алып келип,
Столуна коёрмун...» —

Ата сөзү бүткөн кезде,
Шарт деп эшик ачылды.
«Жүргүлө,— деп,— тамак жешке» —
Айдай бизди чакырды.

«Айдай» —деп бир, Кадыкебиз,
Кармап алды колунан.
Макулдашар бар деп бир иш,
Орун берди жанынан.

— Атаңдын сенсиз күнү жок,
Аны өзүң жакшы билесиң.
Атаңды жакшы көрөсүң,
Энеңди өтө сүйөсүң.

Тарбиялуу болгон заман
Атасынан баласы,
Тилегиңди тилеп турам,
О, кулунум, өзүң ойлоп карачы!
Окуйт деп балам борбордон
Алдымда Айдай чырагым,
Алдыңда турган меймангa
Атыңдан айтып турамын.

Кандай дейсиң кагылайын,
Кандай дейсиң деги сен?
«Мага коюң окуу жайын
Калп кылбаймын сизди мен!» —
— Десе кызы жалжал карап,
Кызылгандай меймандан,
«Кут болсун — деп алтын талап—!».
Атасы өптү маңдайдан.

Атасынын сөзгө шогун
Айдай билет башынан,
Жайбасын деп да бир торун
Жылт жөнөдү кашынан.

Чолпон жеңе кирип келди
«Чечерсиң — ээ — Кадыр — деп.
Чай муздады, тамак сууду,
Карын тойбойт сөздү жеп».

Турду ордунан Кадыр ага
Чолпонунан жалтактап.
Байкап турсам коркуп эмес
Сөзүн сыйлап ардактап.

«Кокус осол сөз чыктыбы,
Кыз жөнүндө оозуман?
Кексе Чолпон байкадыбы,
Тыштан тыңшап, доошуман? —

Дегенде окшоп Кадыр басты,
Жеңебизден жазганып.
Ал кишинин айткандарын,
Кың дебестен аткарып.
Күздүн түнү... көктө бийик сүзөт ай,
Кыяларга нурун төгөт калкылдай...
Чолпон жеңе, үйдө жалгыз олтурган
Чалкып ойго, сулуу түндө ушундай...

Билгиң келсе Чолпон жеңе абалын,
Чоң столдо томдор жатат, карагын.
Институтта сырттан окуп жүрүптүр,
Азыр ойлуу, даярдоодо сабагын.

Кызгылт жүзү электрге кубулуп,
Турганда окшойт нурдан нурлар чубуруп,
Пушкин, Толстой, Горькийлердин томдору
Жеңебизге сүйлөшкөнсүйт бурулуп.

Бир кезекте ачты Чолпон «Эне» ни.
Андан сокту атар таңдын илеби.
Көктү карай көтөргөнсүйт Чолпонду,
Пелагея Ниловнанын жүрөгү.

Кан майданды басып чыккан аралап
Кандай күчтүү бул «Эне» нин тилеги!
Кызыл-Кыя шахтёрунун аялын
Колдон алып улуу Горький сүрөдү...

Чолпон үйдө жалгыздыгын унуткан,
Горький бүгүн көңүлүнө орноп бек.
Кино бүтүп, бир кезекте бак жактан,
Басып чыкты Айдай менен Орунбек.

Энекесин терезеден карашып,
Шырп алдырбай алар кирди жанашып,
Жазат эне баш көтөрбөй сабагын.
Жорго калам кетпесин деп адашып.
Каалгып, чарчап токтолгонсуйт Чолпон да,
Кеме минип, көл бетинде баратып...

Орунбек да эмне үчүндүр уялып,
Бирок ичтен көргөнүнө кубанып.
Ойго батып олтурду эле бир четте,
Айдай турду энесине кыналып.

Кызык көрүп сынайынчы дедиби,
Ал оодарды дептерлерин эненин,
Өткөн жылкы сырттан окуу белгиси
Дагы көрдү бар жерде «беш» дегенин.
Айдай жапты кайра акырын дептерди,
Билбегендей энесине не дээрин.

Бир жак четте «Каренина», «Онегин»
Орду өзүнчө башка турат «Эне» нин.
Эми оңдонуп Чолпон эне олтурду,
Айтуучудай Айдайына тилегин.
Азыр өзү тыңшачуудай окшоду,
Эки жаштын жалынданган жүрөгүн:
Орунбек, Айдайым,
Экөөң тең балдарым,
Экөөңө бирдей апамын.
Болсо да канча кеч
Карысам да менде «беш».
Айдай сен төрттөн ашпадың!

Айттырбай билесиң
Маанисин сен өзүң,
Илимиң болсо көркүң бар,
Сеники бул кылым,
Билимде байлыгың,
Канча алсаң бүтпөс энчиң бар!

Карачы кыяны,
Атаң го сыягы,
Шахтадан чыгып келаткан?
Төрөлгөн күнүндө
Көргөндө өңүңдү —
«Айдай» деп атын ал айткан

Кубанам көрсөм,
Жетилдиң билсең,
Колумдан учкан балапан.
Намыстуу бол сен
Энеңди сүй сен,
Картайып кеттик, карасаң...

— Дегенде эне, кызын сылап маңдайдан,
Четте Орунбек сырга канып таңданган.
Энесиңе жооп айталбай Айдай да
Эки бетке тегиз ойноп чыкты кан.

«Алтын апа, сөзүң жерде калбайт»—деп,
Айдай келип, өптү эненин бетинен.
Түбөлүккө кетпечүдөй элестеп,
«Төрттөн ашпай»—деген сөздөр эсинен.

Алтын Айдай «төрт» эмес «беш» дегенсип,
Орунбек да карай берди жылмайып.
Ар күн көрсөң Кадыр, Чолпон бөлмөсү,
Турганга окшойт тилек менен нурданып...

## 22

Түн... мемиреп,
Жаткан кези кыялар,
Бир сыр бардай
Көңүл толкуп кубанар.
Жер астынын
Жалынданган тилегин,
Жер үстүнө
Жаркыратып чыгарар.
Ант бергендей
Жоого аттанчу солдаттар
Убакты окшойт
Бүгүн шахтёр сыналар.

Жер астынан
Аттап өөдө басышып,
Жер болжошкон
Жигит, кыздай шашышып,

Кен ичинен
Каптап келди шахтёрлор,
Шахткомдун
Чоң эшигин ачышып,
Беттин көөсү —
Кадим кара баркыттай,
Чыккан өңдүү
Көө шыбанып жатышып.
Төргө илинген
Ленин ата сүрөтү,
Шахтёрлорду
Сынап карап тургандай
Тынчтык үчүн
«Кара алтын» — деп, бир өзү,
Ар бирөөнө —
Келип сунуш кылгандай.
Келечектин
Кебелбеген тирөөчү
Элес келет —
Тоо кенге орноп калгандай!
Каска башта,
Маңдайында күйгөн шам,
Анык шахтёр
Ушул дээрдей көргөн жан,
Маңдай тердеп.
Кирпиктери карарып,
Чыгып келди
Азыр жердин астынан
Бул Мажаев

Секретары парткомдун,
Ачты жыйын,
Тынччылыкка арналган.
Жүрөгү аны —
Турган белем шаштырып,
Эки-үч ооз
Сөз сүйлөдү аптыгып:
— «Кана достор,

Бардыгыңардан суранам,
Уксун элдер —
Тынчтык үнүн кыядан.
Нени айтмакчы
Москвага мекенге,
Жер астынын буроолорун бураган!
Билдирелик
Нээтибизди бул жерден,
Өлкө менен
Дайым болуп бир адам!» —
Маңдайында,
Жылтылдаган чырагы,
Түйүлүүдө
Барган сайын кабагы,
Трибунага
Кадыр аке баратат,
Күткөнгө окшойт сыягы:
— Жазыксыз канды сорбойт
Тынч жаткан жер,
Жыргалдуу тынчтыкты издейт,
Эмгектеги эл:
Тоого гүл,—
Талаага дан,
Деңизге нур,
Эмгектин алтын буусу —
Мончоктуу тер!

Тынч иштеп,
Тынч уктаган,
Тынч жашаган
Элимдин
Ырахатын
Бузчу кимдер!?..
Эзилген
Жер чайпалып, эл козголсо —
Көңүл муз,
Көз тунарып,
Көбөйгөн көр!
Көбөйгөн көр,
Тепселген төр!
Калк, бүгүн —
Жер жүзүнүн
Фашизин көр!

Кароосуз,
Мен ал күндө жетим өстүм,
Укпаймын,
Бирин атам айткан сөзүн.
Казылар, манап-байлар,
Бектер эле,
Көзөөсү
Өткөн күндө биздин көздүн.
Кан кечип,
Кыл көпүрөө тайгак жолду
Мен анда,
Октябрда басып өттүм.
Тамтайып,
Таяк алып, койчу болуп,
Түк келбейт —
Кетенчиктеп артка кеткин!
Биз калсак
　　Илешалбай жаңы өмүргө,
Каргышын
　　Канча угарбыз келечектин!
Жок, кайра
　　Мен ал күнгө бара албаймын,
Мойнума,
　　Эми каамыт сала албаймын.
Бозоруп,
　　Адыр менен чөлдү сактап,
Кайтадан
　　Байдын коюн багалбаймын!
Арсыздар,
　　Кантип бетин калкалашат,
Асмандап,
　　Нурун чачкан күндүн, айдын?!
Күндөй, айдай,
　　Турган-жайнай,
　　Тынчтыктын туусу эмеспи
Элеси —
　　Элден кетпес зор таалайдын!
　　Тоодон ашсын
　　Тынчтык деген биздин үн.
Нурун чачсын
　　Эмгектеги ушул түн.
Ойлобосоң,
　　Тынчтык жайын түн сайын,

Бой балкытпайт
Турган менен көктө күн.
Сакта достор
Жер үстүнүн тынчтыгын,
Соксун десең
Жер астынын жүрөгүн!
Баштатадан —
Тынчтык болгон тилегим,

Тынчтык үчүн
Тынбай соккон жүрөгүм,
Жарым, балам,
Кеним, айлым, сен үчүн
Кайратымды —
Калтырбастан беремин.
Бүт элдердин
Кебелбеген ырысы —
Качан болсо —
Ынтымак деп билемин!

Жаным сүйүп —
Талбай эмгек кылармын,
Жыргалы үчүн,
Эркелеткен баламдын,
Таалайы үчүн —
Тең жашаган жарымдын,
Тынчтыгы үчүн
Кызыл-Кыя калаамдын.
Тынчтыгы үчүн
Тынчтыгы үчүн түбөлүк,
Партиябыз
Баштап берген замандын!
Жаштар менен
Бир катарда басамын,
Жаңы өмүрдө
Жаштай келет жашагым.
Тынччылыктын
Майышпаган устуну —
Ар бир сөзү
Улуу Ленин атанын!
Биз өмүрдү —
Ажыратып алганбыз,
Канча жолу —

Тике карап өлүмдү!
Тынчтык үчүн
Бек кармаймын көмүрдү,
Көмүр ачат —
Калк алдында өңүмдү!
Тынчтык күчү,
Бургумдун курч мизинде,
Тынчтык күчү —
Шахталардын ичинде.
Тынчтык деген —
Тынч жашаган
Адамдын,
Жаны сүйүп —
Иштеп турган ишинде!

Күн-түн дебей —
Колго бургу алгандар,
Жер астынан
Зоокаларын жаргандар,
Түк жалтанбай
Тоо үстүндө тоо турса
Тешкен тоодон
Тешкен тоого баргандар,
Кезегинде —
Тизесинен суу кечип,
Көмүр издеп.
Жер астында тургандар,
Жашым улуу
Билимим аз болсо да,
Көптү көрдүм —
Бул сөзүмө кулак сал:
Сабак алдык
Кен казганда Донбасстан.
Санаабызды
Эч бөлбөдүк Кузбасстан,
Катар турган
Караганды, Ангрен,
Катар баскан,
Достук колду кармашкан.
Кызыл-Кыя,
Барат коммунизмге,
Донбасс, Кузбасс,
Агасынан калбастан!

Мен, тынчтыкта
Таалайыма кубанам.
Жер астынан
Оюп көмүр чыгарам.
Тыңша баарың,
Көмүр шаарын!
Чыгарбай көмүр дөбөлөп,
Кара бойго —
Кантип кайрат жыялам!..
Тынчтыкка добуш бергин деп,
Тоочулар сенден суранам,
Кендерим тынчтык сүйөт — деп,
Солдатына тынчтыктын,
Өзүмдү кошо эсептеп,
Сүйлөймүн Кызыл-Кыядан!

*1950—1955.*

# КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ КЕЗДЕШҮҮ

*(поэма)*

Булагын тандап бет жуугам
Сен экөөбүз бир суудан?...
*(ырдан)*

Адырдан жел, ойдуңдан жел желбиреп,
Желге эркелеп көлдүн бети мелмиреп,
Көл үстүнөн жөнөп жатты түрүлүп,
Сур булуттар ыгып турган үлбүрөп.

Эрке Ысык-Көл жерде жаткан асмандай,
Кучагына бүт Ала-Тоо баткандай.
Күзгүсүнөн жерде жаткан асмандын
Ар ким каалап көксөгөнүн тапкандай.

Сыр айтчудай таң алдында тоо жактан,
(Аскалардан таң үлбүрөп нур чачкан)
Жапжаш келин боз каверкот пальточон,
Басып чыкты бак жамынган кыштактан.

Деги билбейм не болгонун санаасын,
Тиктеп калат упчу соргон баласын.
Тиктеш менен көлгө ыргытып жатат бейм,
Тынчтык бербес жүрөктө зил жарасын?..

Колясканы арсар гана жылдырат,
Зорго айланат дөңгөлөктөр кылдырап.
Кайра козгоп кап-качанкы күйүтүн
Келгенге окшойт Ысык-Көлдөн сыр сурап,

Асман көпкөк, жер да көпкөк, көл көпкөк,
Турган кези бүткүл чөйрө бүт көктөп
Бопбоз болуп, купкуу болуп бул жерде
Жалгыз гана ушул келин турду өксөп...

Чокулары сүттөй аппак бул кезде,
Тоолор жатат ай-күн менен сырдашкан.
Көк беттерден ышкын терип бир кезде
Өндүрүнөн карагатты көп таткан.

Ушул келин көп нерсе алат эсине,
Бир жаш бозой көрүнгөнсүйт көзүнө.
Көлдүн бети көңүл улап калкылдап,
Көмүскөлөп сыр айткансыйт өзүнө.

Эстегени кызыл тору жаш бала,
Кыз мүнөздүү уяңыраак аз гана,
Бул келинге арнаган бейм жылмайып
Назиктигин сездирбеген башкага.

Те береги кыялардан бир баскан,
Тоодон терген карагатты бир таткан,
Кезегинде сөзсүз гана жанашып
Жанга сүйкүм мүнөз менен сырдашкан.

Кулак көнгөн ал баланын доошуна,
Сунса мөмө салып койчу оозуна.
Ышкын терип алда нече бир чыккан
Ысык-Көлдүн асман бойлуу тоосуна.

Көргөн кыздар: — Бул боз улан ким дешкен?
Ошол бала азыр жигит керилген.
Өз курдашы, бала күндөн бирге өскөн
Таң атарда сар жылдыздай көрүнгөн.

Бир сындырган далай талдын чырпыгын,
Талды силкип учурушкан чымчыгын,
Өскөн балдар жоогасындай кулпунуп,
Кайдан билсин басар жолдун кырсыгын.

Мант бергенсийт ошол таттуу күндөрү,
Шаңк эткенсийт ошол сүйкүм үндөрү.
Көңүлүнөн түк өчпөгөн жылдыз бейм,
Ар кимдин ок жаны каалап жүргөнү.

«Жолдошбек!» — деп атын өзү ойго алып,
Чоочуп кетет, бүткөн бою дирт этип,
Көп айтышпай кол кармашпай жылмайып,
Калган белем кылчайбастан ал кетип...

Уят-уят... уят деген кандай сөз?
Уятты ойлоп тунарыктайт жалжал көз.
Жан жабыркап кыз кабылса уятка
Же жигиттер өмүр бою болобу өч?..

«Өкүнөмүн-өкүнөмүн, өкүнөм,
Өкүнгөндө жаш мончоктойт көзүмөн.
Ойлономун бул да мендей экен деп,
Көрүп калсам тайгандарды сөзүнөн.

Мен куруюн, тайып кеттим кебимен,
Эңгиредим, ээ болбодум өзүмө.
Бул айылдан кантип гана көрүнөм,
Кокус келсе, Жолдошбектин көзүнө?..

Гүл ачкандан көөнүм болду жаралуу,
Өзүм бала, кантип болдум балалуу?
Күн чыккандан калкаланам боз тамга
Күйөөсү өлгөн катынга окшоп каралуу».

Зыӊ-зыӊ этип ооруп чыгат курган баш,
Мөлт-мөлт тамчы, ысык жалын көздөн жаш.
Жаралдыӊ деп менин кайсы сүйүүмөн,
Баласына кээде болот боору таш...

Көл боюнда жыйнай албай акылын,
Коляскасын кайра буруп акырын,
Шекер да эми үйүн көздөй бет алды,
Күӊү болуп көздөн аккан жашынын.

* *
*

Жайдын күнү таӊ жаркырап атканда,
Же болбосо күн мунарып батканда,
Жол боюнда турган мобул дөбөгө
Чыгар эле карылар да, жаштар да.

Кээде күсөп көл жээгинен эрмегин.
Жутмак болуп жакшынакай таӊ желин.
Азыр мына көрүп турам мен дагы
Ал дөбөгө эки адамдын келгенин.

Бирөө болсо чоң муруту көк ала,
Башында анын алчыланган ак калпак.
Жетмек болуп жанга кубат авага
Дөңгө чыкты каз тамандап, балпактап.

Өң карасур, толмоч келген денеси,
Көптү көргөн көсөм жандай элеси,
Бүркүт кабак, кайраты мол киши экен,
Каада менен кадам шилтейт бул өзү.

Боз шляпа беркисинин колунда,
Боз костюму куп кыналган боюна.
Бир көргөнгө мүнөзү бар муңайым,
Кимдер билсин нени алганын оюна?

Алдыртадан көз чаптырып Жакий да
Байкады бейм Жолдошбектин кабагын,
Өткөндү ойлоп өз башынан жашында
Суроо салып, чекмек болот абалын...

— Кеттиң эле сар жамажай маалында
Кайра келдиң агроном чагыңда.
...Биз турганда келгениңе кубанып,
Качкан жүрбө башка жакка суранып?..

Билалбадык кайгыланат несине,
Жаш жигиттин нелер түштү эсине?
Башын ийкеп шуу үшкүрүп койду да,
Чытыйт кабак, дарт баткандай этине.

— Жайдары элең төмөн жакта жүргөндө,
Таңда уктаган көлдүн бетин көргөндө,
Неге иним, улутунуп үшкүрдүң
Сабырың суз бул дөбөгө келгенде?..

Сыяктанып көңүл дарты чоңураак,
Мурдагыдан улутунду оорураак.
Авалтадан сый жүрүшкөн агага
Тартынды окшойт сөз салуудан жобурап.

Шамал чыгар жаш кайыңды буралткан,
Санаа чыгар жаш жигитти муңайткан.
Тартынды окшойт көптү көргөн бул Жакий
Жаштын сырын тик качырып сураштан,

Карай берип кеткен жакты коляска,
Тиктеп калып серепчилеп бир азга:
— Тетиги ким, көрдүңбү,— дейт,— Жолдошбек,—
Таң эртеден жүрөт эле бу жакта?

— Аба, сенин таанybасың бекердир,
Ал ким болсун, бала ойноткон Шекердир.
— Ай, бечара, аяп кетем ошону!
— Неге аяйсыз?.. Бай күйөөгө тийгендир?..

Көптөн берки сезиминде күрөштөн,
Чыкмак болду дарты тээп жүрөктөн.
Эми сүйлөйт токтоо бербей Жолдошбек,
Сырлар чубап ичте жаткан түйдөктөн:

— Сизге жетпес, аба, биздин кайгыбыз,
Жаңылбасам алган сиздин кайниңиз.
— Ырас эле уурдап качкан кайнибиз,
Ошол иттик — баарыбыздын айбыбыз.

Чынымды айтсам шек урбагын деги эле,
Кайнимдин да кайнилигин кечкенмин.
Ал гана эмес жан жолдошум жеңеңе
Наалат сөздөн далай «сыйлык» эткемин.

Бир кезекте өзүм сайган чырпыкты
Өзүм барып уйча жөөлөп сындырбайм.
Тишин кайрап келе жаткан кырсыкты
Балапанга бет алдырып жылдырбайм.

Жаактарынан кылкан чыгып түктөйүп,
Кабагы азыр майда-майда бүктөлүп,
Жакийде да сыр жатканын билген соң
Карай берди ага пейли өзгөрүп:

— Дитбагып сиз мактарлык болбой калган,
Совхоздо бай күйөөгө тийип алган.
— Жан иним, андай эмес, андай эмес,
Эч качан чукулдукка бербейм кеңеш!

— Бузулса кыз напсиси чектен ашып,
Күйөөсү аялынан кетсе качып,
Томсоруп эч бир жанга сыр каталбай
Талаада мына минтип калат басып!

— Жолдошжан, ич күйдүлүк мунуң дагы,
Бир кезде сендик болсо кыздын жаны.
Түз жолдон окус тайган бечараны,
Неликтен табалайсың бүгүн аны?..

Өз сөзүнөн ичиркенип бир өзү,
Көз алдына келип Шекер сүрөтү,
«Ме, колум» — деп, ал күлгөнсүйт жадырап,
Жок сыяктуу чымындай да күнөөсү.

Сүйүү чиркин чокко салып жаш жанын,
Сезбей өзү Жакийге нени айтканын,
Эски устаты катуу булкуп тизгинин,
Көрсөң мына кекейте бек тартканын!

— Кыскасы, сен уккандай менин кайним,
Кат берген, кеч барам деп суранганмын.
Эки жаш сүйүшкөндөн болгон иш деп,
Ырас-ок өз ичимден кубанганмын.

Мен барсам, ирең суз баарсынын,
Кайни үнсүз, келин түрү андан кыйын,
«Айласыз бүлө болсом болом»,— деген
Шекердин дагы укканбыз ачык сырын.

Авалы «куш боо бекти» айтсам дагы,
Муз болуп, тула боюм калч-калч этти.
Кайненем Мистекан да какчаңдады,
Оозунан боройлотуп суук кепти...

Тамшанарсың таттуудан,
Ачырканба ачуудан.
Жалт бербегин эч качан
Таш кыядан басуудан.

Агрономсуң Жолдошбек,
Чыгар жерге урук чач.
Болбурабай болгун бек,
Билип койгун кимдер кас...

Чыгыш жактан күн шооласын жамынып,
Бийик аска күйгөн өрттөй албырып
Турган кезде, дөбөдөгү эки адам
Түшүп кетти этек-жеңин кагынып.

## II

Көптү билет мелтиреген Ысык-Көл,
Нени укпасын көпкөк токой сары төр.
Чечер болсо көңүл муңун көл эне
Анда сен да ичте сырың төгүп көр.

Бул колхозду «Көл бою» деп коёлу,
Колхоз менен бирге көчүп коноlу.
Агроном да тууган жерин аралайт,
Кошо ээрчийли, ою менен бололу.

Төр жайлоодон тынч алалбай аз токтоп,
Жылдыз толо түшүп келип коосуна,
Жүрө берди эңги-деңги маска окшоп,
Кыз жөнүндө бир сөз кирбей оозуна.

Үймө-жайма колхоз иши күнүгө,
Аны ойлогон тынч жаталбайт төрүндө.
Тоо боорунан оттор жылт-жулт эткенде
Каалгый басып араң жетти үйүнө.

«Карегим» — деп энекеси Күмүшкан,
Нени аясын чарчап келген уулунан.
Көлөкөлүү алма бактын ичине
Атайылап керебетти койдурган.

Чыжылдатып күмүш самоор кайнатып,
Аш-тамакты тасторконго жайнатып,
Бул үй-бүлө ушул бактын ичинде
Кичүү кызы таттуу тилин сайратып.

Айтканга окшоп көз караштар «келмек» деп,
Отурганда кызыл чайды эрмектеп,
«Байкем келди, байкем келди мыналап»,
Карындашы чуркап жетти делдектеп.

Секелек кыз айтып оозун жыйганча
Өзү келди ата-эненин жанына,
Тамактанып отурушту бир канча,
Түгөл болуп үй-бүлөнүн баары да.

Уулу шашпай каймак илип нандан жеп,
Ыраазы болуп ичкенине чайдан көп,

Эне уулуна жаңы тамак жылдырат
Балапанын көөнү менен бөпөлөп.

Тамактанса үнсүз-сөзсүз Жолдошбек,
Уулу катуу чарчаган деп билишет...
Ата кетет бакка сууну жыгам деп,
Эне үй-жайын шайбашкалап киришет.

Карындашы көпөлөктөй сабалап,
Көпкө кетпей агасына каралап,
Жамбаштаса жастык коёт башына
Эс алсын деп, анан кылат канагат.

Карындашы тамдан чыгып: «Байке» — деп.
Шылтоо таап келе берет эркелеп,
Мурунга бир чертип койсо Жолдошбек
Кайра чуркайт тамды көздөй энтелеп.

Үйлөй берип папиростун түтүнүн,
Бутакка илип фуфайкасын жай гана,
Чечти дагы олчойгон чоң өтүгүн
Жылдырды аны керебеттин алдына.

Турганга окшоп сөз сүйлөөгө эринип,
Жата кетти керебетке керилип.
Өзү дагы сезбей калган окшоду
Кеткендигин калың ойго берилип...

Жүргөнгө окшоп Жолдошбекти кайтарып,
Жолдошторго нени көрсөк айталык.
Азырынча кыйнабайбыз жигитти
Алдастатып алда кайда алпарып.

Жолду бойлоп узун жатат бул кыштак,
Кыштакты бүт чүмкөп алган калың бак.
Өтөр деймин эт бышымдай убакыт
Баш-аягын жөө бассаңыз адымдап.

Жолдошбектин атасынын үй-жайы
Бул кыштактын эң ылдыйкы четинде,
Жаш Шекердин бүгүн турган турагы,
Чоң көчөнүн эң жогорку бетинде.

Ушул бүгүн күн кызылы батарда,
Жолдошбек да дөбө жакка барганы,
Кимди көрмөк, неге чыкты деги анда?
Өйдө жакка кадала көз салганы.

Нени карайт бой жолотпой алыстан,
Нө тартынат тике басып барыштан?
Жаш жүрөгү жатпасын дейм канталап
Жан кейиткен курган куру намыстан?

Каалабаса бөөдө тартып сар-санаа,
Кайдан келсин кадаланып көргүсү?
Тыштан намыс тырыштырып турса да,
Тызылдаган жүрөктүн жок көңгүсү...

Ысык-Көлдө канча кыргоол, аккуу бар,
Биздин кыраан бет келсе да көрбөдү.
Көк санаба кыздар менен жубандар
Бул Жолдошбек бириндй да сүйбөдү.

Көрөт дешет мына ошону түшүндө,
Нелер болсо ойгоо кезде эсинде.
Балким, муну ойлогондур Жолдошбек
Көк дөбөгө чыгып келген кезинде.

Солдоюңку кирза өтүгү бутунда,
Солоп койгон камчысы бар кончунда,
Фуфайканы кийип алган бортоюп,
Чала жанган папиросу ууртунда.

Билгалбадык неге көөнү умсунду,
Жонго чыгып мандаш куруп олтурду.
Ысык-Көл да жайнап чыгып жээгине
Муну көздөй каптаткансыйт толкунду.

Жигит көзүн толкун бийлеп олтуруп,
Көлдүн түбүн эми тиктей баштады.
Ар бир тили киши бою созулуп,
Эң тереңде бир өрт күйүп жатканы.

Көл түбүндө күйүп жаткан кандай өрт?
Өрттүн үстүн жашыл туман каптады.
Ал туманга алда кандай берип көрк
Арасынан аккуу канат какканы.

Жашыл туман эң теренге чөккөндөй.
Калың аккуу көлгө бермет төккөндөй.
Ал аккуунун бир койкойгон сулуусу
Жолдошбекке көзүн кадай өткөндөй.

Ой-санаасы көл үстүнө айланып,
Биздин жигит тиктеп калды таңданып.
Калган аккуу көл жээгинде турушту
Жоодурашып жонду карай жарданып.

Жанагы аккуу койкоң басып көрүндү,
Канат жайып башкасынан бөлүндү.
Ал калкылдап көтөрүлсө асманга
Канатынан алтын мончок төгүлдү.

Шапа-шупа жондон канат алынып,
Башындагы куш кебин да шыпырып,
Кубулжуган кундуз чачын сыланып,
Көз алдында бир жаш сулуу кыпыйып.

Көз карашы кандай сонун жоодурап,
Кийгени да чылгый жибек шоодурап.
Сунуш кылып чоктой ысык жүрөгүн
Баштагыдай Жолдошбекке жолугат.

— Таанысызбы, мен боломун Шекер деп,
Же айтыңыз Шекерлигиң бекер деп?
Сен болбосоң жан жолдошум, Жолдошбек,—
Кайра обдулат, көл түбүнө кетем деп.

— Жай болгон бейм жашыл туман көл түбү,
Менден катып жаркыраган көркүңү.
Сен каттыңбы Ысык-Көлдүн түбүнө
Алып кетип менин жаштык эркими?..

Ушуну айтып Жолдошбек да жалдырап,
Бет маңдайлаш эки жаш өң албырат.
Көз карашы көңүл сырын билдирсе
Кызды жектеп кайсы жигит кайгырат.

Көктө сүзгөн ак булуттай актыгы,
Кайың көчөт үлбүрөгөн жаштыгы.
Кызгалдактай кызыл күрмө, ак көйнөк
Такыясы бүт суу бермет, бүт шуру.

Алиге өзү ойноо бала түрлөнөт,
Бир колунда бир боо кызыл гүл жүрөт.
Бир колунда кызыл алма чыныдай.
Айткылачы, алма сырын ким билет?

Келди дагы колун артты мойнуна,
Колдо алмасын эки бөлө койду да,
Жө деп сунуп Жолдошбекке жартысын
Орток бол деп сага салган ойнума.

Жолдошбекти кызыл гүлгө ороду,
Кайда басса, жылдырбастан тороду.
— Үйдө бар,— дейт,— өзүм терген карагат,
Сен ошондон татпаганың болобу?

Билесиңби келип турам, мен Шекер,
Менден мойноп каччу болбо кур бекер!
Экөөбүздүн жашообуздун тагдырын,
Эй, Жолдошбек, сен, мен эмей ким чечер?

Адам түгүл, таш да сынат кезинде,
Менин балким бир назарым сынгандыр,
Бирок сүйүүм аппак бойдон өзүңдө,
Көзүң жетсе көөнүң сенин тынгандыр?..

Мен сен үчүн кышта солбос гүлдөймүн,
Кышкы гүлдүн жомокторун сүйлөймүн.
Кыш күнүндө мейкин түздөн тоо жылуу
Сени тоонун төр жагына сүйрөймүн.

Жолдош жаным, өзү келди Шекериң,
Азыр сени үйүмө алып кетемин.
Жалгыз койгон өзүңдү ушул дөбөгө
Таңкы гүлдөн мен уялчаак экенмин...

Шекер турду бет алдында жаркырап,
Жигиттин да жүрөгү атып алкынат.
«Жаным-жаным... жалгыз жаным!» — дей берет,
Жолдошбектин тула бою калтырап:

— Жерден алыс жылдыз жайын билбеймин,
Жерде менин жылдызымсың сен деймин.
Жүрөгүмдүн бир таруудай бөлүгүн
Сен турганда бөлөк кызга бербеймин!

Тирүүлүктө баш маанектер үйүм бир,
Таң алдында үзүп жыттар гүлүм бир,
Ичер суум, көрөр күнүм түгөнүп,
Мен көз жумсам, сага болсун көрүм бир!

Сөн деп жүргөм жаш жүрөгүм көп боздоп,
Жашайт жаным калбас болсом жолуңан.
Сен боолаган мобул кызыл гүлгө окшоп,
Сен мен десең, бөлүнбөсмүн тобуңан!

Жалгыз менин жан шеригим өзүң деп,
Жолдошбек да кучактады бул кызды.
Ойлоду бейм кармап алган кезим деп,
Көз тайгылтып көктө ойногон жылдызды.

Жалын согот оозундагы сөзүнөн
Сүйүнч жашы ыргып кетти көзүнөн.
Көңүлүндө сактаса да канча кек
Кургур Шекер кетер эмес эсинен...

Көк шапайып, жер көрүнүп түрлөнүп,
Тоо шамалы ойго канат сермеди.
Таңдын жели күүлөнгөндөн күүлөнүп,
Алма багын ары-бери термеди.

Бышкан алма топ-топ этти токтоосуз...
Жолдошбек да оодарылса оңдонуп,
Мени бетке ургулайт деп кай укмуш,
Чоочуп кетти, уйкусунан ойгонуп.

Айран болду, аккуу кайда, кыз кайда,
Ачыйт ичи кантип болсун түшүм деп?.
Чиркин жанды алдайт тура мындайда,
Түш түгөттүн иштеп турган ишин деп?.

Келген го деп Шекер басып бул жакка,
Балага окшоп көз жүгүртөт ар жакка.
Көргүсү бар кадимкидей өңүндө
Түштөгүсү кеткендигин кай жакка.

Карап көрсө кызыл эмес, ак экен
Түшкөн алма атасынын багынан.
Эликтейби Жолдошбекти баары тең
Улам бирөө томолонот шагынан.

## III

Түндө булут карлап кетсе тоо башын
Таң желинин көргүн ызгаар таштащын.
Күн чыккыча кубаргансып көрүнөт
Көл тунарып, төккөн окшоп көз жашын.

Эчен күнү узун санаа башында
Уюк салып, жата берип ойлонуп,
Жүүнү бошоп, жүдөп кеткен Шекер да
Жүлүн кыйган жүрөк дарты чоң болуп.

Жолдошбектин кай көчөдөн басканы,
Утүк чаңын камчы менен какканы,
Кайсы кызга катар басып жылмайып,
Кыт-кыт күлүп шылдың сүйлөп жатканы,

Кайсы күнү кандай костюм кийгени,
Кайсы күнү кайсыл атты мингени,
Сезилгенсийт, көрүнгөнсүйт өзүнө
Кайсыл үйгө кантип басып киргени...

«Карашууга картаң чыгар энеси,
Жок көрүнгөн жакыныраак жеңеси.
Жок, жок, койчу, не деп жатам мен тантып,
Көз алдымда турат кимдин элеси?

Бойдоктукка чыдай бериш кандай кеп,
Балким азыр алган чыгар үйлөнүп?
Жолдошбектин мен көрбөсмүн тоюн» — деп,
Мууну бошойт, ыйлачудай үндөнүп.

Шекерлердин жалпак боз там үйү бар,
Эшигинде кырдап үйгөн көң турат.
Ата болсо долонодой бекем чал
Араба айдап, али кырман кайтарат.

Энекеси жаралгандан эң момун,
Кыз кайгысы туман болду көзүнө,
Күндөп-түндөп бөлө берет ойлорун
Кызы элестеп мусапырдай өзүнө.

Кайгы мыкчып калт-калт этип карт башы,
Баштагыдан көбөйгөнсүп ак чачы.

Бешиктеги балапанды көргөндө,
Эненин да кылгып жөнөйт көз жашы.

Ирмелсе да көздөн жашы канчалык,
Эч көрсөтпөйт бир тамчысын кызына.
Кайраттанат белин бекем курчанып,
Качан болсо эне нээти ушу да.

Таң бетинин көшөгөсүн ачканда,
Күмүш көркүн терезеге чачканда,
Шекер эми чыкмак болду көк жерге
Жан сергитер таңкы абаны жутканга.

Жаш бедедей жапжашыл көл тарапка
Жай издейт бейм, жылып келет коляска.
Шекер өзү күлботодой бозоруп,
Эки жагын жалт-жалт карай калат да,

Колясканы жылдырууда акырын,
Алда кимден бараткансып жашырын.
Алда кайдан көзүн кадайт төлмире
Угарга окшоп көлдүн айткан акылын.

Таң жарыла көл жээгине ким келет,
Күтпөгөн соң ким келерин ким билет?
Жүрбөсүн деп ушул жерде Жолдошбек
Жүрөк чиркин боло түшөт дилдирек...

Шекер жылжып жээкке эми келиште,
Адам эмес мында жоктой чегиртке,
Ойлуу жатат тунжураган көл бою
Ортоктоштой жаш келиндин кейишке.

Бала жатат упчуну бек соргулап,
Жастыгына башын улам койгулап,
Келин турат колясканын кашында,
Көлдөн көөнүн келе калган ой бурат.

Газет коюп бапес менен алдына,
Тегизденип жакшы олтуруп алды да,
Пальтосунун чөнтөгүнөн чоң дептер
Сууруп чыгып ачып карай калды да:

Жайнап турган жазууларга токтолуп,
Барактады кайра түшүп башынан,
Калың дарты түп жагынан козголуп,
Кайра ачыпды калт-калт этип чиркин жан.

«...Ошол күн Жолдошбектин катын алдым,
Жанга айтпай күйүт тээп, жатып калдым.
Канча күн жүрөгүмө басып жүрүп,
Корккондон алда кимдеп, тытып салдым.

Табалбай жигитке айтар эки ооз кеп,
Кантейин, кайра жооп beралбадым.
Мен сенден уятымдан өлдүм го деп,
Чак түштө жер көралбай карайладым.

Демейде бышык элем чык-чык сайрап,
Эми мен бөдөнөдөй көзүм жайнап.
Адамды айтар сөздөн ажыратып,
Айыбың коёт экен тилиң байлап.

Ким болду ушу бүгүн айтарга атым,
Чыны, мен эрден калган бир жаш катын.
Бир жору жондон апчып алып жүрүп
Таштады, мына минтип кетти батым.

Кантейин, баш калкалап салкын жайга
Кайрылып кемпир-чалга келдим кайра.
Турмуштун өчү калган менде канча,
Оюнчук болормунбу ушундай да?!

Өлүмдөн уят катуу деген сөзгө
Мен жүрөм чын түшүнүп ушул кезде.
Жыкпайбы нээти жаман келин-кыздар,
Окустан ойноп-күлүп кирсе кепке?»

Ээндеп көздүн жашын төгүп болуп,
Көздөрүн жоолук менен сүртүп коюп,
Пальтосун чечти акырын, койду жерге
Өпкөсүн солк эттирет улам солуп.

Пальтосун коляскага арта салып,
Дептерин, шляпасын койду дагы,
Болду окшойт жүзүн жуумак жээкке барып,
Шекердин колду карап баскан чагы.

Жогортон лепилдеди Сан-Таш жели,
Жел менен желпилдеди көлдүн жээги.
Сыдырым сыр бергендей сызып келди
Жээкке Шекер чиркин жеткенде эми.

Таң ата көздү ушалап тура келип,
Кымыздан бир кесени ирмей берип,
Көл бойлоп Жолдошбек да басып чыккан
Кимгедир, эмнегедир зээни кейип.

Көп күндөр уйку бербей жүргөн кыйнап,
Жүрөгү чыкты белем тайдай туйлап.
Көп бекен туйлаганда ушундайда
Турду окшойт үн чыгарбай боздоп ыйлап.

Ичинен: «Те, береги Шекерби?» — деп,
Кайра өзү кеткенсиди кетенчиктеп.
Чымырап бүткөн бою токтой калды,
Оозунан эми чыкпай эч кандай кеп.

Ким билсин өзгөргөнүн Шекер канча,
Аялдын жүрөгү бүт жомок дешет.
Алардын өлө жаткан момуну да
Эркектен жүз эсе куу болот дешет.

Жол тоссом, жолотпостон кагабы деп,
Ичинен алда кандай кайгы жейби?
Келерин келсе дагы бул Жолдошбек,
Негедир кетенчиктеп кете берди.

Дуулдайт баягыдан шамал күчөп,
Уюлгуйт чөптүн ичи чаңдап-түтөп.
Шалдырап бир чоң дептер учуп келет
Тургансып Жолдошбек да муну күсөп.

Кырданган чоң дептерди кармады бек,
Тышында эч жазуу жок, таңыркады,
Жазылган ичин ачса «Эстелик» деп,
Шекердин таанып колун жым дей калды.

Адамдар байкап калган кеткен жагын,
Артынан келатышат издей басып,
Турган соң ушул жерде Шекер жакын,
Көргөндөр шек санаар деп жигит шашып,

Турбастан көп ойлонуп андан ары,
Койнуна чоң дептерди катты дагы,
Жүрөгү алдас уруп токтоо бербей
Жолдошбек кайра тартып кеткен чагы...

Шашылып туралбады Шекер карап,
Бир жерден кармап алды шляпаны,
Башканы ойлонгуча аралжылап,
Ыңаалап ыйлап кирди балапаны.

Олтурду балапанын алдына алып,
Оозуна алдей менен эмчек салып,
Узатпай жамгыр тып-тып тамып кирди
Келгендей асман жерге каарданып.

Баласын коляскага жаткырды да,
Жылдырып жөнөй берди үйгө кайра,
Эстелик көк дептери кайда калды
Негедир эскербеди ушундайда...

## IV

Балапандай кулаалыдан сактанган,
Үйгө энтигип жетип келип капкайдан,
Колясканы энесине карматып,
Шекер кайра шып деп чыкты боз тамдан.

Кежигеге жаба кармап чатырын
Жерге жукпай желдей сызып баратат,
«Кантет деги, басчу эле,— деп,— акырын»
Кай бирөөлөр таңданыша карашат.

Жаан көктөн санап-санап тамчылап,
Турганга окшойт майда-майда камчылап.
Жел жалтайлап торой берет жолунан
Бул Шекерден угар сөзү барчылап.

Жүрөк лак-лак, өзү тып-тып басса да
Жаш келинде санаа кетет капкайда:
«Баланчанын эрден калган кызы деп
Тапкан бирөө табалар ээ мындайда!

Эңги-деңги мас кезинде кеп кылып
Калкка жайып кагаздагы сырымды,
Эри чанса, жазганын деп аксынып,
Да бир дардес кетирет ээ сыйымды?..

Калган менен кагазга муң төгүлүп,
Не көрмөксүң шор чырмаган жаным деп,
Ички сырым аңтарылып көрүнүп,
«Ий-байкуш» — деп айыл айтар айың кеп.

Бул арыкта жеңдей болгон суу жатат,
Эстелигим суу агызып кеткенби?
Шамалга учуп, барактары калдактап,
Көлгө түшсө, толкун түпкө тепкенби?»

Ойдо болуп минут сайын өзгөрүү,
Баш зыңгырап тумандады көздөрү.
Калса керек эч байкалбай кургурга
Келген жерден алда качан өткөнү.

Бет алдына кармай берип чатырын,
Көлдүн жээгин тиктеп калат акырын,
Көпкөк тыштуу дептер го деп шектенет
Баарысын тең көк чөптөрдүн башынын.

Жеткен кезде жүгөрүнүн жанына
Тамчы жууп жалбырактар жылтырап,
Үн алышат соккон желге ыргалып,
Калкып учкан кагазга окшоп калтырап.

Көз тайгылтат көлдүн үстү мунарып,
Жаан келет жогортодон тунарып.
Жүрөк сырын желге учуруп, жай таппай
Жаны кейип, Шекер турат кубарып.

Мөлт-мөлт агып таакаты жок көздөн жаш.
Көл болгонсуп катып калган көпкөк таш,
Келин турса кайгысынан калтаарып,
Сүйлөшкөнсүйт төрт-беш киши катарлаш.

Шекер селт деп карай берсе арт жагын,
Ал кишилер мында келе жатканын.
Иш боюнча сөз талашат өз ара
Текши көрүп жүгөрүнүн баштарын.

Төрт кишинин Жолдошбек бар кашында,
(Габардинден фуражкасы башында).
Айткан сөзү: «Жетилиптир жүгөрү,
Чапса болот комбайнчы азыр да!»

Жолдошбектин жеткенге окпойт илеби,
Шекердин да дир-дир какты жүрөгү,
Кежигеге баса кармап чатырын
Жалт бурулуп келин кайра жөнөдү.

Ушул жолу тийди белем пайдасы
Ак жаандын, аңылдаган шамалдын,
Бирөө дагы көрбөдү окпойт кыясы
Кыжылдашкан тетиги төрт адамдын.

Кайдан билсин ушул азыр Жолдошбек
Көл жээгинде Шекер дале жүрөт деп,
Алда кандай шумдуктуу ой ойлонуп,
Алдас уруп азыр мында келет деп.

Шектүү жерден узаган соң канчалык
Шекер эми артын карайт кылчайып.
Кала берген алда кайда төрт киши
Көл камыштай жүгөрүгө курчалып.

Дагы кейийт чиркин келин ойлонуп:
«Көрсө айтар ээ уяты жок Шекер деп.
Караанымды бир көрөргө зар болуп,
Өлө жаздап араң жүргөн экен деп.

Чарчаган соң башка жактан эр издеп,
Келген белем журтта калып, мени издеп.
Балким кордоп мыйыгынан күлгөндүр,
Напсиң кургур, текилдеген чебич деп.

Кайдан келдим, куруп калсын дептери!
Сөөгүң чагат айыл-үйдүн кептери.
Жаза баскан жалгыз гана мен бекен
Кагаз чиркин кай жакка учуп кетпеди?!»

Ушуну ойлоп муштап алды өз башын,
Көргөнүм жок канча акканын көз жашын.
Жетип үйгө эт-бетинен жыгылды
Айталбаймын не болгонун башкасын.

Кайдан билдик жок издеген Шекерин,
Кыя карап Жолдошбек да көргөндүр.
Балким менден шекшийби деп дептерин,
Баш калкалап жүгөрүгө киргендир...

## V

Жайдын түнү, ыксыраган алма бак,
Тоонун жели жалбырагын кармалап.
Жолдошбек да жаңы ичип-жеп тамагын
Олтурган кез боюн жыйнап ошол чак.

Чөнтөктөгү көк дептерди баягы
Коомай кармап, назик алып чыкканы,
Жазуулары көрсөткөндөй жараны
Жаны менен тиктеп окуй баштады.

Бул дептерден көрөргө окшоп бирөөнү
Жолдошбектин калкылдады жүрөгү.
Кол титирейт, кагаз кошо дирилдейт,
Бирөө менен кармашканы жүрөбү?..

Айкалышкан көк сыянын жазуусу
Бир барагы ачык асман түрлөнөт,
Кыйгач кеткен кызыл сыя сызуусу
Да бир барак уялган кыз өңдөнөт.

Эч адамга күнөмү жок жаш Шекер
Авал баштан жүрөк сырын сүйлөдү.
Ак бетиндей чынын айтса бул дептер
Биринчи бет кыздын жаны сүйгөнү:

«...Бүгүн мага Жолдошбектен кат келди,
Жүрөгүндө туюк шектин үнү бар.
Сыр жүрөккө терең бойлоп кеткенди
Ойлобойт бейм, ойлобойт бейм уландар!

Ай Жолдошбек, солот дечи гүл болсо,
Гүл чиркинди үзөт дечи ким болсо.
Айтчы-айтчы, анда кандай болмокчу
Качан болсо гүлгө булбул бир болсо?

Бералбаймын суроолордун барысын,
Келбесин дейм жигит сенин намысың.
Билбес жандай ким экенин Шекердин,
Мен түшүнбөйм, кандай ушул наалышың?

Гүлгө булбул неге жакын келбейсиң,
Кыз жүрөгү неден сыздайт, билбейсиң?
Ойчул улан, намыс жокпу кыздарда,
Маселен, сен ушу мени ким дейсиң?»

Окуганда ушул сөздү Жолдошбек
Энтикти да, үшкүрүнду жай гана.
Дептер дале алдап сени турат деп,
Шек бергенсийт түнкү шыбыр, айлана.

Дагы ар жагын, дагы ар жагын ачканда
Ишенбеди окуп турган сөзүнө,
Тарбалаңдап бирөө окшоп басканга
Не шумдуктар элес болду көзүнө:

...«Мына бүгүн чоң сыноого камданып,
Жаткан кезим жанымды үрөп чамданып.
Көз айнекчен ак баш чалдын элеси
Көз алдымдан кетпегенсийт айланып.

Бир курстагы сабакташым Лалила
Каяктандыр басып келди чыртылдап,
Жымың этип олтурду да жанымa,
Бирдеме деп күлүп калды шыңкылдап.

— Окуй берип азып кеттиң, Шекержан,
Жанды септеп кичинекей эс алсаң.
Мындай басып тамак ичип келели
Таппай жүрөм өзүңдү издеп эчактан.

— Кайда? — десем: — Менин сүйгөн жигитим
Сонун болду кечээ окуусун бүткөнү,
Эсептесең курбулукка мени сен,
Экөөбүздү бүгүнкү күн күткөнү.

Ошол жигит, сен гана да мен жана,
Бир столго олтурабыз жай гана.
Мен ичермин суусап кетсем лимонад,
Сен ичерсиң канттап кара чай гана.

— Бирок Лалий, мен ичпеймин ичкилик,
— Жейбиз Шекин, каймак кошкон морожный.
Алат өзү шоколадды көп кылып,
Сүйгөн кызга жеңил оокат, таттуу сый.

«Селки сени сүйөт» деген кино бар,
Сергип чыгып, ошону да көрөлү.
Ырдайт, бийлейт, менменсиген уландар,
Сонун көрүп, көңүлдү ача жүрөлү...

Теңтушсунуп өтүнгөнсоң Лалила,
Тамашалап: «эжигейдей сарым» — деп,
Кошоктошуп күндүн батар чагында
Институттан чыга келдик декилдеп.

Ушундайда ким ойлонуп отурсун,
Өз киши үчүн кийим тандап кийбедик.
Жаш жигитти жаңы бүткөн окуусун
Жолдошторчо куттуктайлы бир дедик.

Биз бейкапар улам ары баскан соң,
Бурч-бурчтардан чыга келет бейтааныш.
— Бул эжекем, бул айылдаш курбусу,—
Мен буларга тууганмын,— дейт жолдош кыз.

Айланганда да бир чолок көчөнү
Шып-шып чыгат эки-үч улан чекчейген,
Жаланышып көзүн кадап көзүңө,
Жан бүткөнү кыз көрбөгөн кейптенген.

Мен турамын бул кандай деп таң калып,
Бүт бир көчө «тааныш» келген жарданып.
Лалиланын туугандары туш-туш жак,
Жылдыз көктөн бизди эсептейт айланып.

— Жалгыз эле өзү келет дегенсиң?
— Билесиң го, жаным Шекер, кыргызды,
Жолдошторун эрчитиптир не дейсиң?
Турмуш ушул, үйрөнсөңчү турмушту!..

Лалиланын сүйдүм деген жигити
Жылтыр кара, терден турган неме экен,
Билалбадым кай пикирде кимиси,
Мени өзгөчө айланчыктайт баары тең.

Буга чейин сыр сурасаң, Лалила
Мен сөз берген жигит бар деп айтчу эмес.
«Сактык керек кыз бой тарткан чагында»,—
Мына ушинтип мага берчү ал кеңеш.

Мында кирип чыгалы дейт пиво ичип,
Мен көгөрүп ал жерине кирбедим.
Лалилага бир канча сөз тийгизип,
«Бул эмнең?» — деп, күбүр-шыбыр тилдедим...

— Силер үчүн жаным менен күтүндүм,
Жүргүлө,— дейт тигил жигит үйүмө.
Киймим болсо эң жупуну өзүмдүн,
Чын тартындым чоочун үйгө кирүүгө...

— Чоң ыракмат чакырууңа конокко,
Эртең менен өтмөк элем бир сындан.
Түнү менен даярданам ошого,
Эми мага уруксат эт, Лалижан?

Ошондо эле мурчуңдады Лалила,
Үтүрөйүп тура калды жаныма:
— Бир аздан соң кайра чыгат элек да...
Ушу сөзүн кайталады дагы да.

— Кайкаясың бирге конок бол десем,
Атайылап, теңтушсунуп бир жолу,
Айтар оозго арзыбаган нерсе экен
Кыздын кызга курдаш, жолдош болгону.

Сыяктанды жүйөсү бар кебинин,
Курдаштын да оорутпастан көңүлүн,
Жатармын деп эки саат кечирээк,
Чыгалбадым жаалоосунан көбүнүн.

Эчен киши кыска-кыска сап болуп,
Шарт жөнөдүк, тойго барчу окшодук.
Өтөр кезде ресторандын алдынан
Болжошконсуп тып эле бүт токтодук.

Майлуу кара мойнун бура калды да,
Жүргүлө деп баштап кирди алдыга.
Чубалжыган бир чоң стол ээледи
Ресторандын төр жагына барды да.

Мен турамын тушалгансып арданып,
Кетсем деймин, кантип чыгам айланып?
Оң жагымдан бек кучактайт Лалила,
Калганга окшоп мага бекем байланып.

Биздин стол көз кайкытып бир паста
Жайнап чыкты, түркүн даам куралып,
Бир чет толуп салат менен каймакка,
Ал гана эмес, мантуу келди буууланып.

— Берекем сен, көлөкөм сен, Шекем сен!
Орундалат азыр кандай десең сен.
Жакын көрүп бул кечеме чакырдым
Кыз бүткөндөн жалгыз гана сени мен.

Мындай десе эпилдеген түгөттүн
Олтурупмун ушул сөзүн чын көрүп,
Лалиланын, майлуу кара экөөнүн
Баш кошору ушу бүгүн өңдөнүп...

Июнь айы, турган кези күн кайнап,
Шаар ичи дем алдырбай үп болуп,
Муздак сууну кайдан көрсөң көз жайнап,
Колго тийсе шимирчүдөй окшодук.

Алдыбызга тамак алып келгенден,
Каршы-терши кайсап кирди баары тең.
«Ич, ич» — дешип тынчымды ала бергенден
Бир стакан муздак пиво жуттум мен.

Келген тамак канча шире болсо да,
Эмнегедир артык көөнүм чаппады.
Сонун вино алдыбызда турса да,
Көргүм келбейт, көөнүм айный баштады.

Чай кайнамга мында олтурган окшодук,
Кеткен болчу майлуу кара жок болуп.
Болду эмесе, ыракматты айтышып,
Дагы дүрбөп сыртка чыктык топтолуп.

— Жигитимдин жүрөк оору жайы бар,
Жан сергитип, аба жутуп эс алат.
Шаар четинде атасынын тамы бар,
Кантсин шордуу серүүн жерде жан багат.

Ушуну айтып Лалила оозун жыйганча
Майлуу кара эки такси апкелген.
Биз чубашып сыртка чыгып барганча
Туура тартып алдыбызга жеткирген.

Баягыдан кайнап келди кыжырым,
Лалиланын санын оё чымчыдым.
Саатым карап түшүнөр деп анығын,
Катуу-катуу сөздүн айттым мен чынын.

— Сиз ошончо зарыктырат дебеңиз,
Баарыбыз тең чогуу кайра келебиз.
Билбейсизби кадыр-көңүл дегенди,
Жок белемсиз жолдоштукка деги сиз?..

Жалгыз гана мен көрүнүп терс аяк,
Болгонго окшоп кыңыр киши бир тарап,
Уялгандай жалпы жаалап калгандан,
Аз мезгилге тура бердим жер карап.

Кайда барсам кошоктолуп жаныма,
Мен ортоктой не бет келсе баарына,
Кыналышып майлуу кара өзүмө,
Машинага сүйрөп кирди Лалила.

Тиктеп карап мени күтүп тургандай.
Таксиң түшкүр ошол замат жылжыды.
Жөнөгөнсүп муз үстүнөн ургундай
Улам ары канаттуудай зыргыды.

Бактар бизге карагансыйт кыйшайып,
Жылдыз бизди тиктегенсийт кылчайып.
Алдыбыздан кеткенге окшойт жер көчүп,
Алдас уруп, аркырады мынчалык.

— Токтойлучу, деги үйүңүз кайда эле?
— Мына, аз калды, ойго албаңыз ар неме!
Жан кубанып жетер жери жок болсо,
Сизге, жаным, жалган айтат кай неме?!.

Көргөнү жок эч ким бизди теңшерип,
Кеттик окшойт канча белден эңкейип,
Берки такси кайда экенин ким билсин,
Безилдейбиз кең талааны эңшерип.

Мен обдулуп турмак болсом ордуман,
Майлуу кара кармап калды колуман.
«Келдик!» — десем, «шык» — деп коёт баш
чайкап,
Шек санадым бул шумдуктуу жообунан.

— Шыгың не дейм,— сөз ачыгын айтыңар?
— Куттуктаймын бизге бүлө болгонуң!
Жаным Шекер, менде жалгыз ага бар,
Жеңем сенсиң, аябасмын колдогум.

Жаным жеңем, балекетиң алайын,
Мен курманың, өпкөм сууруп чабайын.
Сени алдейлеп төбөсүнө көтөрүп
Тоту куштай кулпундурат агайым...

Көрүнгөнсүп алда неме көзүмө,
Ишеналбай кулак уккан сөзүнө,
Чиркин башым мас болгондой кеңгиреп
Турганга окшойм келалбастан эсиме.

— Эмне дейсиң? Кана агаң? — деп сурадым,
«Мына» — десе бетин тыткан турамын.
Кылтыңдаган майлуу кара шайтандан
Негедир мен шек алгансып карадым.

— Уятсыздар, токтоткула таксини,
Токтот шофер, номериңди жазамын!
Ар кимиңдин кылмышыңды бетиңе
Жууса кетпес печать кылып басамын!..

Машина ичи шамал толуп дуулдайт,
Неге мага шофер мойну бурулбайт?
Оңбогурдун кулкунуна май кирсе
Мендейлердин айткан сөзү угулбайт.

Ачуу сүйлөп жулунсам да канчалык,
Калч-калч этем суурулалбай колунан.
Кабыргамдан кармаган соң мынчалык
Мен булкулдайм, бошоналбай тобунан.

Айгак дейби алсыз чыккан доошумду,
Майлуу кара таңып салды оозумду.

Энтигемин, эки көзүм жалдырайт,
Экөө дагы бекемденип олтурду.

Бир жагымда майлуу кара жабышып,
Бир жагымда шум Лалила алышып,
Келе жатам көздөн жашым көл болуп,
Барган сайын колу-бутум карышып.

Алды жакта да бирөө бар дуңкуюп,
Кетип барат бир кылчайбай буркуюп.
Ал шоферге бир немени айткансыйт,
Күңк-мыңк этип, мурду менен унчугуп.

Кардым ачка, тегеренет башым да,
Кургап бүттү көздөн аккан жашым да.
Адам эмес көркоого деп ойлоном
Алжалаңдап бараткандар кашымда...

Ансыз эле арык элем илмийип,
Жаңы сайган көчөткө окшоп ичке элем,
Муунум бошоп, азып кетем киртийип,
Өз маалында аздап тамак ичпесем.

Машинанын айнектери тунарат,
Бет маңдайым көөлөгөндөй капкара,
Эликтейби, мага тилин чыгарат
Капталымда майлуу кара маскара.

Адам тилин билбейт тура айбандар,
Мен чабалмын, аларчалык күчүм жок,
Галстук тагып костюм кийген камандар
Али тоодо жүрүп жатат колтоңдоп...

Такси барат зым-зым этип дагы да,
Солуп калам, үнүм чыкпай кыркырап.
Салмак салат сөөк колдуу Лалила,
Кандай суук ууру көзү жылтырап.

Ай караңгы, аңырайган капчыгай,
Үңкүрлөрү ичин көздөй тартчудай,
Таш үстүңдөн далп бир учуп басчудай,
Тоо боорунан баратабыз ушундай.

Эмнегедир бүткүл денем калтырап,
Алды жакта да бир шумдук барчылап.
Эсим оогон эчтемени сезбестей
Эгер бирөө чапса дагы камчылап...

VI

Бет алдымдан тоо жарылып бөлүнүп,
Арсак тиштүү айбан сансыз көрүнүп,
Такси кирип жарык жердин ичине
Калгансыдым кара ташка көмүлүп.

Өңгүл-дөңгүл токойчонун ичинде
Бир-бир кабат бопбоз тамдар туруптур.
Бул бир шумдук, түндүн ушул кезинде
Алда кимдер бизди күтүп жүрүптүр.

Биз айланып токтодук да бир тамга,
Такси эшиги эки жактан ачылды,
Сүйрөп чыкты майлуу кара, Лалила,
Араң басам мен сексейтип чачымды.

Дүлөй тартып тунжуроодо айланам,
Жер астыбы? Же үстүбү? Таңданам.
Эптеп мында жеткирдим го дегендей
Шырт деп такси жөнөп кетти кайрадан.

Чатырчалуу суу жээгинде боз тамга
Мени көптөп, желкелешип келишти,
Бек кежейип канча аракет кылсам да,
Буту-колдон так көтөрүп киришти.

Орто бойлуу, эткел, саргыч бир аял,
Көк ала чач, жездей каткан ирени,
Бетиндеги эчен кайчы бырыштар
Сыяктанат картаңдыктын дареги.

Бастон костюм, көйнөгү да шаарча
Боюн жасап түрлөнгөнсүп кийгени,
Көптөн таанып жайым билген адамча
Жанын сууруп жалынч сүйлөп киргени.

Ошол экен көп жыл эрсиз жашаган
Тикирейген кайненебиз Мистекан.
Майлуу кара оозумду эми чечти да,
Дале мага шыйпалактайт кайрадан...

Садага деп Мистекан да жылмайып
Колдон кармап тура калды кашыма,
Ырым-жырым көрсөтмөккө камданып,
Салмак болду жибек жоолук башыма.

Жулуп алып салмак болгон жоолугун
Томолоктоп жерге ыргытып таштадым.
Кечирбейм деп каракчынын жоругун
Келгендерге ушул болду айтканым.

Үмтөтпөңөр туратко деп бул жерге,
Айтам ачык, кармабаңар бекерге.
Жеткиргиле кайра мени шаарга
Адам го деп айткан сөзүм сиздерге...

Ушул үйдүн кароолонгон чырагы,
Баарысында бүткөн сөз бар сыягы.
Бечара деп боору ооруган бир жан жок
Эптеп мени бүлө кылган турабы?..

Жумшак сүйлөп арбап, алдап кайрадан
«Кой, антпө»,— деп жайкап турат Мистекан.
Тилим байлап, кароолонтуп көзүмдү
Түн койнуна куушурууда айланам.

— Койгун балам, көз жашыңды токтоткун.
Баарыбыз тең сендей болуп келгенбиз.
Атың аял, сен да бизге окшошсуң,
Бара-бара баарысына көнгөнбүз...

— Сиздин дагы оозуңузду таңышып,
Айтпай, дебей машинеге салышып,
Келди беле төрт-беш киши баймактап,
Желмогуздар колго-бутка жабышып?

Жок, жок деги сооротпоңуз аны айтып,
Сиз көнсөңүз көнгөндүрсүз баарына.
Мен бул жерде өз жүзүмдү карайтып,
Бычак сокпойм сүттөй таза жаныма!

Мен эмесмин тушап койгон уюңар,
Мен эмесмин кишендеген атыңар!
Киши иштечү иш эмеско мунуңар,
Де бирдеме ойлонобу башыңар?!..

Сүйлөбөңүз эгер болсо эсиңиз,
Жакындабай менден алыс кетиңиз!
Азыр кетем, жөнөткүлө тынч гана
Куруп калсын ушу сиздин нээтиңиз!

Баарыңдын тең абийриңди төгөмүн,
Кармашсаңар, колуңардан өлөмүн!
Канча күнү кайсы жерге катасың,
Мен камалчу капасыңды көрөмүн!..

— Ырас балам, сүйкөнбөспүз сүйбөсөң,
Зордобоспуз сүйүп үйгө кирбесең,
Баятадан зыркыратып сөөктү
Какшаңдадың, катуу айттың бир нечен.

Байкап турам эмитеден тилиң шок,
Сенин мага бүлө болчу түрүң жок.
Көрүп турам, мен да сокур эмесмин
Өкүрөрдөй өз үйүмдөн басып чок!

Жок дегенде бери карап ичкин чай,
Ачууң басып, демиң жыйнап олтур жай.
Эртең анда жеткирели эсен-соо,
Баары болсун, так эле өзүң айткандай...

Бир бөлмөдө чоң дасторкон жайылган,
Боорсок наны дdroлоно салынган.
Койгон экен сары майдан томуруп,
Байлыгына мактангансып абыдан.

Олтургузду баарыбызды бул үйгө,
Чай ууртадым, өлмөк белем ачкадан.
Баары жапырт чайга кирген түрүндө
Эми мага сөз каткан жок эч адам.

Мага бирөө чаптап койгон эмедей,
Бассам басат, турсам турат Лалила.
Арак жутуп майлуу кара кенебей
Мени сырттан акмалоодо дагы да.

Бошткондой бирөө туруп кармап бек
Кетти адамдар бирден лып-лып чыгышып.
Мен, Лалила, кара түйрүк келинчек
Кала бердик бул бөлмөдө ыгышып.

Түсүн үйрүп жактырбаган эмедей
Кара келин карап коёт бултуюп.
Азыр мага сүйлөшүүнү тилебей
Олтурган кез Лалила да уңкуюп...

Ошол кезде менин түрүм көргөнүң:
Жалаң бутка босоношка кийгеним,
Институттан чуркап чыгып жылаңбаш,
Жылаңайлак «келин болуп» келгенмин.

Шайым кетип араң турам үлдүрөп,
Шылк дей түшөм кээде ушинтип үргүлөп.
Күн-түн дебей экзаменге камданган
Байкуш дене талыкканын билдирет.

— Ай Лалила, ай Лалила,— дедим мен,—
Кантер элең ушул күнгө түшсөң сен?
Калмак болсоң күтпөс жерден ажырап,
Жаның сүйүп, кол кармашкан жигиттен?

Бойго жеткен сен да кызсың, мен да кыз,
Сени дагы сүйгөн жигит бар чыгар.
Кандай болот сүйүүсүнөн алданыш,
Кандай дешет ушуну уккан уландар?

— Андай дебе Шекинтай,
Келген болсом ушундай,
Келин болуп алмакмын
Кер сүйлөбөй эч кандай.

Кээде бакты адамга
Окусунан кабылат,
Кээде күйөө аялга
Мына ушинтип табылат...

Эстүүсүнүп энтелеңдеп сүйлөйт да,
Мени жоошуп, кетпесе дейт эпилдеп.
Өз сөзүнөн өзү кайра селт дейт да:
— Анын бетин менден ары кылсын! — дейт.

— Эки көздөн кан аралаш жаш агып,
Күүгүм кире жан биргенден адашсаң,
Билер элең мен сыяктуу зарланып,
Кордук болуп колго түшүп баратсаң.

Чок чачасың тагдырына башканын,
Карап турсам татты экен го өз жаның.
Калбыр өпкө алдамчынын иши экен
Сен калп эле калаада окуп жатканың!

Ошол кезде жооп табалбай калтаңдап,
Лалила да карай берет жалтаңдап.
— Ий, апыке, эмне дейсиң деги? — деп,
Мени колдон кармай калат кайсаңдап?

— Аа... Лалила, окуган кыз сен болсоң,
Бирге жүргөн ойрон жолдош мен болсом,
Эмне үчүндүр менин бетим тызылдайт,
Ушу бүгүн сен жөнүндө ойлонсом...

Лалила эми түсүн үйрүп мурчуюп,
Жылдызы өчүп, жер карады тултуюп,
Белги берсем мен эшикке чыгууга
Ың-жың дебей кошо басты култуюп.

Көзгө илинет бирин-серин караандар,
Эшикте окшойт түкшүмөлчүл адамдар,
Ойлоп келсең бир кишиге ишенбейт,
Оволтодон өз көңүлү арамдар...

## VII

Айсыз түндө тумчуктурган адамды
Бул капчыгай кандай шумдук, караңгы!
Көрүнүшү көңүлүңдү мыжыгат,
Ырбатчудай жүрөктөгү жараңды.

Солуй берсем, катып кеткен көздөн жаш,
Тең жарылып зыңгыроодо курган баш.
Жаталы деп кайра келдик бөлмөгө,
Жасоолго окшоп Лалиладай курбалдаш.

Биз киргенде түйрүк кара келинчек
Керебетке төшөк салат эпилдеп,
Кезек-кезек келин деген сөздү айтып,
Үй ичинде чуркай басат декилдеп.

Ушул бөлмө шорум үчүн кабылган,
Жүгүн көрсөң шыпка жете жыйылган.
Бурч-бурчуна жалаң килем тартылган,
Тактайына эчен шырдак жайылган.

Терезеси үчөө-төртөө болсо да,
Каршы-терши кара темир кашаалуу,
Жашачудай жалгыз туруп ушунда
Бир жан кечти, жек көрүмчү жазалуу.

Сөзү төлдөп түйрүк кара келиндин
Кумурскадай быж-быж этет эринден.
Ал жөн эле беш жүз сөздү быдылдайт
Беш ооз сөздү сүйлөгөнчө эринген:

— Катын болуп көктөн түшкөн эч ким жок,
Баарыбыз тең келген элек сага окшоп.
Жыргаар жерге ыйлап барчу кыз чиркин,
Биз да сенче ыйлаганбыз шолоктоп.

Сендей эле солкулдаган жаш элек,
Ичпей, жебей оолжуган мас элек.
Эртең эле үйдүн-жайдын ээсисиң,
Болсоң дагы бүгүн жапжаш эсөлөк...

Көргүм келбейт кара түйрүк келинди,
Жабышкактайт адам эмес, желимби?
Кырдуусунуп бул окшогон айбандар
Кожурашып кейитет бейм ээнимди.

— Сизге куттур көп болсо анча эсиңиз,
Быжылдабай мындан чыгып кетиңиз!
Жамбаштарбыз эптеп-септеп бир жерге
Баягыдан башты оорутту сөзүңүз!..

Кылыгын көр түйрүк кара келиндин,
Этегиңе бек жабышкан уйгактай.
Жүдөп калбайт катуу айткан кебиңден
Теңиреңдеп сөз жөнөтөт кыйгачтай:

— Жок садага, жомок сүйлөп нетесиң,
Эрте-кечпи, келиндикке өтөсүң.
Аял эмес эркекмин деп ойлонсоң,
Анда кушсуң, асманга учуп кетесиң.

Болсоң дагы кардай таза, сүттөй ак,
Бир түнөсөң келин дешип коюшат.
Кыздар бүгүн өзүң окшоп чырылдап,
Эртең эле момун чымчык болушат...

Куйруктары титиреген кой сойду,
Бээден баштап ушунчалык той сойду.
Эчен бочка бийба келди тартылып,
Эсиң болсо ушул жигит оңойбу!

Кой, сен бала, кур текебер кылбагын,
Эрди эртелеп этегинен кармагын!—
Мына ушинтип чыгып кетти чүйрүйүп,
Түйрүк кара өзүң тап деп ар жагын...

Байкай калсам, баарысынан шумдугу,
Ким келсе да айтып жаткан сөзү бир,
Атайылап окуткандай ушуну,
Бүгүн мени арбап турат бардык тил.

Бир кезекте шарт деп эшик ачылса,
Бирөө кирди мойнун салып кулжуйган,
Аны ээрчиткен эки келин артында
Бул жигит бир макоо өңдүү мылжыйган.

Ашкан неме алда качан отуздан
Ичкичко дейм, мурду кеткен кызарып.
Туфлий, костюм баарын кийген жаңыдан,
Келген тура түн жамынып жасанып.

Бүткөн боюм дүр дей түштү негедир,
Менин шегим, майлуу кара итте эле,
Мени карап кыбыңдашат келиндер,
Мыкыйгансып шектүү келди бул неме.

Болсо дагы жайдын айы, жылуу түн,
Кычыратат манчаларын ушалап,
Алаты жок айтып турган сөзүнүн
Карай берет ар кай бурчту кайсалап:

— Ким болосуз деги сиз?
— Ушул үйдүн ээси биз...
— Тааныбаймын сизди мен!
— Көргөм сизди бир нечен.
Карындашым Лалила,
Калмамбет деген болом мен.

— Ал мен сени көрбөгөнмүн эч качан,
Кимдигиңди таанибаймын азыр да.
Таанып мени ошончолук сыйласаң,
Түнү менен кайра жеткир калаага!..

Калмамбеттин көргүлөчү малдыгын,
Жатмак болуп чечинүүгө киришти.
Келдиң колго, мойнуңа ал деп бардыгын,
Келиндер да ырсайышып күлүштү.

Эки келин келгенге окшоп өчүгүп,
Мени экөөлөп керебетке таштады.
Чыракты да жалп эттире өчүрүп,
Токтолбостон алар чыга качканы!

Эл көзүнчө момураган Калмамбет
Тарталаңдап эшик жакка барганы.
Ич жагынан эшикти бек илди да,
Мен тургуча кайра жетип калганы.

Мына ушинтип бир башыма түштү күн,
Кимге угулмак чыркыраган алсыз үн.
Кармап алып капчыгайга туюктап,
Өз билгенин иштеп жатты дүлөй түн...

Кош Жолдошбек, өлдү Шекер ким үчүн,
Экөөбүзгө тийбей калды бирдей күн.
Ушул түнү чыландыга тепселди
Сен деп жүргөн гүлдөй таза үмүтүм.

## VIII

Оо, курган жан, жай ортосу болсо да,
Мен бөлмөгө камалгансыйм кышында,
Жалгыз басып чыгалбаймын талаага
Кара кулпу эшигимдин тышында.

Төрөлгөндөн үйрөнбөптүр эринчек
Тикилдеген түйрүк кара келинчек.
Ансыз жалгыз суу боюна баспаймын,
Ансыз менин жолум туюк, эшик бек.

Мурду оңкойгон семиз кара күйөөнүн
Күндөп-түндөп матоосунда жүрөмүн.
Тытылдым да, эзилдим да тамтыксыз
Тырмагында аюу мүнөз бирөөнүн.

Ардыккандан өлсөмбү деп ойлоймун,
Жаш жаныма кол салууга батпаймын.
Жүрөгүмдү муңга токсон толгоймун,
Өмүр суроо, суроо бойдон таштаймын...

Кетер дейби бара-бара алданып,
Күйөө болмуш сүйлөгөнсүйт жалбарып:
«Өз колуңда бар тапканым бүт бойдон,
Өжөрлөнүп олтурба дейт саргарып.
Келгениңе ондон ашык күн болду.
Нени таптың түз карабай зарлапып?» —

Сезбегенсийм кайсы тоодон батат күн,
Көрбөгөнсүйм кайсы жерден атат таң.
Ой чырмаса чаңкайган көк мага түн,
Ойлоп-ойлоп оюм туюк, башым маң.

Намыскөйлүк нускам эле жашыман,
Шайыр элем, кашка эмесмин башынан.
Ардангандан өлө жаздап жүрбөйүн,
Андан көрө капчыгайга жашынам!

...Адам эмес анча деле карыган,
Алыс эмес окуу-билим жагынан.
Мага балким, кишилигин көрсөтөр,
Мен сайрасам, чымчык болуп багынан.

Ушунчалык куушурулду тагдырым,
Айлам кетип, ушуну да ойлодум.
Бул караңгы бөлмөдө айтып бардыгын,
Ар күнүмдү көз жаш менен болжодум.

Алтын нуру аскаларга чачырап,
Күн чыкканда терезелер балбылдап.

Эмнегедир көзүмдөн жаш тамчылап,
Мен турчу элем үй ичинде жалжылдап.

Ушул үйгө жаны менен телинген
Кутулбайсың түйрүк кара келинден,
Буркуратып чоң самоорду көтөрүп,
Ошол экен эшик ачып теминген.

Алым ушул, көп эзмелеп нетебиз,
Турган элек күйөө сөрөй экөөбүз.
Бойлуу келген эткел сары Лалила
Кирип келди, чайга олтурдук төртөөбүз.

Күйөө сөрөй кыртылдата кант чайнап,
Шор-шор ууртап, бир пияла ичти чай.
Ээн таштап экөөбүздү атайлап,
Кардын сылап эшик жакка чыкты жай.

Экөөбүзгө коюулап чай куйду да,
Чыгып кетти кара түйрүк келинчек.
Жалжаландап сөзгө кирди Лалила:
— Айланайын, алтын жеңем менин,— деп.

Бир шумдуктуу сөз уккандай кишиден
Далдак этип эшикти илди ичинен.
— Дагы кандай сонун кабар билдиң сен?—
Ушуну айтып, тиктей бердим аны мен:

— Касиет чалды өзүңдү,
Карайбыз сенин көзүңдү.
Болбойт деп айтчу адам жок
Бул үйдө жеңе, сөзүңдү!

«Айтканы айткан болсун» — деп,
Апакем жүрөт сүйүнүп.
«Кармадым куштун боосун» — деп,
Агайым жүрөт жүгүрүп.

Шекинтай эми не десем?..
Бактылуу болгун, жеңекем...
Он күнү сен деп жүрдүм да,
Окуума кайра мен кетем.

Аркан, жипсиз байладым деп өзүңдү,
Ал кылтыңдап, карай берди көзүмдү.
Арсалаңдап мойнумду бек кучактайт
Уксам дейби ыраазылык сөзүмдү.

Менин турса ичте дартым козголуп,
Ал жылтыңдайт жазыгы жок кыз болуп.
Ал окумак кайра барып сабагын,
Мен мейли экем кетсем деле жок болуп.

Ар ким минтип өз керт башын ойлосо,
Бирок сени жөн жайыңа койбосо,
Түртө салып тууганына башыңды,
Тагдырыңды чакмак кылып ойносо,

Бирге окуган ошол кызды ким дейсиң?
Шум түлкү да, бөлөк атын билбейсиң.
Эдирейсе эптүүсүнгөн кара бет,
Карегиңдин оту менен тилдейсиң.

Жалынса да албарстыдай асылып,
Жооп айтпадым жалгыз ооз ачылып.
Жүлүнүмдү куйкалаган ызалык
Жүрөгүмдүн түп жагына катылып.

Кайра-кайра колун берди, албадым,
Көздөн аккан жашым менен каргадым.
«Узат, — деди, — Шакен, мени эшикке»,
Турган жерден жарты кадам жылбадым.

«Азыр жөнөйм, кош жеңе?» — деп кол сунду,
Өтөсүнө чыккан өңдүү бүтүмдүн.
Мени беттен өбөйүн деп умсунду,
Мен ошондо бетке жаба түкүрдүм.

Кетенчиктеп туруп калды селдейип,
Шак-шак үч-төрт салдым беттин отуна.
Алаңдады араң колу сермелип,
Жалгыз ооз сөз келбеди окшойт оозуна.

Балким мени жинди болду дедиби,
Көзү алайып бетин басты дирилдеп.
Босогодо бопбоз болуп ирети
Чыдай албай чыгып кетти үлүндөп,

Көпкө турду бул эшиктин алдында,
Ыңжыңболуп эстен танган немедей.
Там ичинен тамга түшүп жаагына,
Кеткен окшойт көрүшпөсүз дегендей.

Кезегинде жолдошсунуп жүргөндүн
Болбойт экен баары бирдей чын жолдош.
Ушул болсо теңтуш кыздан көргөн күн,
Айлаң канча ал жөнүндө ойлонбос...

## IX

Карай салсам сыртка чыгып тоо жакты
Күн кызылы тоодон түшүп баратты.
Көк бетинин түнкү көзү кыбыңдап
Күн жашынган батыш жакты караштты.

Шыбырады түйрүк кара келинчек:
— Кайненеңдин улуу кызы келди,— деп.—
Те береги Жакий жезде, таанып ал,
Кайнисине эмне кошот, ким билет?

Анчалыгын кайдан тиктеп турайын,
Жакын жерден көргөнсүдүм караанын.
Баягы эле босоношка бутумда,
Кантсем мен деп бармактарым карадым.

Мен көрүнөм — боюм түзөйм эмнеге,
Бир үшкүрүп кайра кирдим бөлмөгө.
Каарданат кайненебиз Мистекан
Карк-карк этип алда кимге сүйлөнө:

— Жалгыз иниң той түшүрүп жатканда
Келесиң деп он күн аша кечигип,
Оозу батпай Жакийге түз айтканга
Айкырыптыр Закияны жекирип...

Олтурамын жылаңайлак, жылаңбаш,
Бир кезекте кырч деп эшик ачылды.
Өңү аксаргыл, толмоч келген жапалдаш
Кирип келди көтөргөнчө башымды.

Башкалардан башкачараак киргени,
Башкалардан канча сыпаа кийгени,
Акыл-эси төп сыяктуу элестеп,
Алда кандай эркелете сүйлөдү.

Мунга баткан турпатымды карады,
Болор-болбос чытылды окшойт кабагы,
Нускасы бар көптү көргөн адамдай
Карай-карай ойлотту бейм санааны.

— Э садаган, мончоктой жаш экенсиң,
Бактылуу бол келип түшкөн жериңде.
Ата-энелер кеп кылчу эле эзелтен,
Ырыс ээрчип бир келет деп келинге.

Менин иним сен баш кошкон Калмамбет,
Тилек кылам экөөң татуу жаша деп,
Мен өзүңдү өз сиңдимдей көрөмүн,
Мындан кийин мени жүргүн апа деп...

Көп болдубу таанышканың экөөңүн?
Мен кечиктим, кызмат жөнү ушундай...
Неге жашың мөлт-мөлт этет катигүн,
Алда кимге капасыңбы сен кандай?

Ушул киши өз эжемдей элестеп,
Токтоо бербей чыгып кетти көз жашы,
«Таанбаймын, түк сүйлөшкөн эмес» — деп,
Өпкө кагып бошошумду карачы...

— Садагасы чын элеби? — деди да,
Ал сестейди, кайра суроо бербеди.
Да бир сыйра өөп-жыттап алды да,
Анын дагы көзүнөн жаш келгени.

Үшкүрүндү, буту-башым карады.
Бек жалбарып, маңдайымдан сылады.
— Кагылайын, неге олтурсуң жыңайлак? —
Жалгыз гана мына ушуну сурады.

Кошо кирген түйрук кара келинчек,
Аңдып калат, ишке кылбайт эринчек:
— Мына кийми, кийбей жатат өзү — деп,
Закияга айтып кирди эпилдеп,

Же кийгин деп, же кийбе деп айтпастан
Закия эже карап койду жөн гана,
— Кийим сени жеп койбойт деп эч качан,
Кара келин кыстап калды дагы да.

Он күн болду, жетипкендей көктүгүм,
Бүгүн кийдим көйнөк менен костюмун.
Баягыдан бек кайгырат Закия:
— Эмне деген оокат болот, катигүн?..

«Айланайын балапан» — деп бир келген
Жаны кейип көп толгонду Закия,
Ойлоп турсам, бир жакшы адам бул жерден
Келип турат ушул бүгүн кашыма.

Өткөн иштин несин терип айталы,
Закия эже нечен башын чайкады.
«Кагылайын, балапансың...» дей берди,
Ошол сөзү түшүндүрдү канчаны.

* *
*

— Деги бизге чынбы бүлө болоруң?
— Бүлө болсом амалсыздан боломун!..

«Амалсыздан» деген сөздү уккан соң,
Тунжурады Закия эже ойлонуп,
Кайгы жоктой ушу бүгүн мындан чоң
Үшкүрүнүп басып кетти толгонуп.

Ушул жерде да бир кызык иш болгон,
Түйрүк кара дароо чыгып жылт койгон.
Билбегенмин бирок кайда кеткенин,
Кошоматчы жүргөн жерге бир тойгон...

Мистекандын «Эмне?» — деген сөзүнө,
«Сүйүнчү!..» — деп тик караган көзүнө.
Деген өңдүү тил алдырдым мен гана
Мына мындай шыбыр айткан өзүнө:

— Келин башын ийди,
Кийимибизди кийди,

Намысыбыз түгөл
Колубузга тийди!
Сүйүнчү апа, сүйүнчү!

Бул кантет деп чоочулаган Мистекан,
Жадырагтыр кубат байлап абыдан.
«Ме, өлгүр!» — деп жүз сом сууруп бериптир
Ошол замат сүйүнчүгө жанынан.

Чоюлбастан чоң сандыкты шарт ачып,
«Ме, кийгин» — деп, да бир көйнөк бериптир.
Кылтыңдашып, култуңдашып бир басып,
Көрөлү деп тике мага келиптир.

А мен болсом айтканымдай кийинип
Турат элем терезенин түбүндө,
Кайненебиз алкап-жалгап сүйүнүп,
Мени көрдү так эле ошол түрүмдө.

Кайненебиз ие тартып мойнуман,
Сезгенге окшоп чыкпасымды оюнан,
«Баламсың» — деп маңдайыман сүйдү да,
Бир жылмайып көөнү жибип айтты анан:

— Чырагым эми, өтөр иш өттү,
Кайрылып келбес сапарга кетти.
Бала да болсоң эсиң бар окпойт,
Акыры буга акылың жетти.

Айтканым келип, ачылсын бактың,
Абийирибизди сен өзүң жаптың.
Менин да минтип өз балам болдуң
Жаш болгон менен бул үйгө баштың.
Бул күндө артык акылы жаштын,
Карегим, эми кабагың ачкын.

Кайненебиз мына ушундай айтып кеп,
Этек чулгап эркек бала тапкын деп,
Кайра чыкты кайраттанып, шарт басып,
Ушул үйдөн өз бактыңы ачкын деп.

Чыны менен менден шеги жок болуп,
Көңүлүңдө сар-санаасы токтолуп,

Келиним деп ылымсырайт жайдары
Баягыдан кабак-кашы оштонуп.

...Айткан элек Закия эже баяраак
Алым билип, үшкүрүнүп чыкканын,
Жакийге да жеткирди бейм дааналап,
Жүрөк жайын өз оозумдан укканын.

Ушул үйдүн бар бир нече бөлмөсү
Жакий агай ошолордун биринде.
Калмамбетти камап алып жездеси
Каны кайнап тилдеп кирген иңирде.

Жакий агай жаалы келип энтигет.
Каны кайнап Калмамбетке айтат кеп:
— Өзүң кызга сүйлөшалбас болгон соң,
Сен кандайча кыз алмаксың келжиреп?

Маңдайлашып өз сезимиң айткандан
Байкуш болсоң жаның жүдөө, жазганган,
Келтирбестен адамдардын кыжырын
Калмамбет, сен алыс жүргүн кыздардан!

Уурдап келип жаш баласын бирөөнүн
Кармап турсуң муздай кылып жүрөгүн.
Ушул кантип келипе алат ыркына
Өмүр бою бир жашачу бүлөнүн?

Эй, Калмамбет, айтсам сөздүн ачыгын,
Анчалыкка жетпес болсо акылың,
Балапандын убалына калбастан
Окуусуна кайра жеткир акырын!

Ансыз деле коргулукту көрөсүң,
Жаш болсоң да, айбанга окшойт мүнөзүң!
Мына ушундай шерменделик жорукту
Курган неме кимден алып жүрөсүң?..

Жезде алдында Калмамбет да мултуюп,
Олтуруптур ууруга окшоп култуюп.
Тим болуптур жер чукулап, үңкүйүп,
Жалгыз ооз сөз жоoп айталбай буркуюп.

«Ушундай да иш болобу чиркин?» — деп
Закия эже үшкүрүнөт дагы да.
Жаны кейип Жакий агай айткан кеп
Макул өңдүү олтургандын баарына.

Балким шаарга жөнөйт белем кайрадан,
Келбесе эгер ошол кезде Мистекан.
Каптап кирет Закияны басмарлап,
Бул шум катын долулугу ашынган:

— Чыккан кыз чийден тышкары,
Закия, киришпе менин ишиме.
Болсоң да балам сен дагы
Закия, карабайм эми жүзүңө!

Айланам Шекер баламдан,
Келгени он бир күн болду.
Кемчилик кетет адамдан,
Ыйлап-сыктап тим болду.

Көргөндө бүгүн жүгүндү,
Кийимди бүткүл кийинди!
Таалайым кеспей Закия,
Тарта сүйлө тилиңди!

Кошумча кош деп мал берип,
Кыйнап жатам кимиңди?
Бүткөн ишти бүлдүрүп,
Келтирбеңер жинимди!

— Сиз ойлоңуз, мобул Шекер жаш бала,
Пейлин берип, бүлө болуп береби?
Кыз чиркиндин көөнү болсо башкада
Көзүн таңыш кандай жумуш бу деги?

Шекер мында турбагандай кубанып,
Жүрсө, жүрөр намыс үчүн уялып.
Басып кетсе кимдин тыяр эрки бар
Бир күн бүткүл шермендеңди чыгарып? —

Жакий агай сөздү ушундай жай баштап,
Башын чайкап Мистеканды тиктептир.
Ошол кезде атырылып, кыйгачтап,
Мистекан да Жакийди эми беттептир:

— Билдим мен Жакий жайыңды,
Коргойсуң бир өз жаныңды.
Жошобуз жукпайт башыңа
Жей бергин бөлөк камыңды!

Калмамбет жалгыз кайнимди
Катыны чанып качты деп,
Чыгарып менин айбымды,
Калдайган журтка айтчы кеп!

Калмамбет жалгыз менде экен,
Жылдызы түшсө мейли экен.
Жаныма бириң жолобо,
Жанаша жүрбө кирдесең!

Келиним келди колума,
Көнгөнүн көрдүм оюма.
Келгендер жөн ич чайыңды
Кесепет кылбай тоюма!

Үйүмө келин келген соң,
Босогом аттап кирген соң,
Оозуңду бирөө тырмайбы
Агайын-тууган тим болсоң?!

Олтурганда Жакий эми тунжурап
Жолдошунун жайын билген Закия,
Мистеканды көздү айланта бир карап
Дем толтура үшкүрүнөт дагы да.

— Койгун балам, үшкүрбө да, бышкырба!
Кереги жок мага сендей кыздын да!
Кыз курусун, кыз бирөөнүн бүлөсү
Калмамбетим үйгө жалгыз устун да!

Коркосуң го, күйөөңдү жалт караба,
Кереги жок жардамыңдын мага да.
Кесир болуп кейиптер сөз сүйлөбө
Колго конгон бакты болгон балага!—

Мына ушинтип түсүн үйрүп чамынып,
Олтуралбай этек-жеңин кагынып,
Чыгып кетет Мистекан да алкылдап
Алда кимге бет бурбастай таарынып.

«Апа, апа-апа...» десе Закия,
Апакеси бир кылчайып койгон жок.
Карабастан эч кимдин көз, башына
Калыбынча кете берет ормоңдоп.

Жакий агай кайнененин мүнөзү
Айткан сөзгө бурулбасын билген соң,
Закияга кезек берет эми өзү:
— Не кылабыз, Закиш, өзүң ойлонсоң?

Закий билет энесинин мүнөзүн
Канга сиңген дарт сыяктуу жоругун.
— Жакий, койчу, капаланба сен өзүң,
Жөнсүз сөзгө кереги жок оорунун.

Мына турат бир тууганым Калмамбет,
Иним менин жакшылык иш кылган жок.
Сен айтканың ким да болсо айтчу кеп,
Булар кимди коркутмакчы ормоңдоп?

Бул не шумдук? Түрү курсун булардын,
Чай ичпестен уу ичкендей болдум мен.
Мен баарына макул болуп турамын
Ушу бүгүн кандай десең Жакий, сен...

Жылдыз чыга Жакий менен Закия
Жыла басып жол боюна жетиптир.
Лып олтуруп автобуска алар да
Эми экинчи келбес болуп кетиптир»...

Окуп-окуп ушул жерге келгенде
Баш көтөрүп токтой калды Жолдошбек,
Басыгынан бир бузулбайт бар жерде
Кагылайын асыл киши агай деп.

Жакий эми элестеди көзүнө,
Таң сөгүлө жонго чыгып калдайып,
Кулак салып Жолдошбектин сөзүнө
Башын ийкеп күлгөнгө окшойт баржайып.

«Жакий, Жакий... Жакий ага» — деди да,
Көк дептерди тиктей берди кайрадан.
Бул дептердин барагынын баары да
Булбул белем муң аралаш сайраган?

## X

Дагы ачты эле көк дептердин бир бетин,
Шекер жазган кайнененин келбетин.
Көсөө менен көзгө түрткөн мүнөздүү
Катын түрүн кантип айтып бербесин!

— Калгандан соң, тагдырыма багынып,
Отун жарып, өзүм самоор койдум мен.
Кайда менде кур олтурмак зарылып,
Мойнума алдым үй жумуштун баарын тең.

Калмамбетти күйөөсүнүн калган соң
Бирдеме айтса куп дегенсип коёмун.
Кантем анан, бирге жашап турган соң
Мейличи дейм, оюу менен боломун.

Айланчыктап эртели-кеч жалтактайт,
Күлдүрсөм дейт, кытыгылуу сөз таппайт.
Үйгө келсе менден алыс кеталбай
Бирдемени издегенсип кайсактайт.

Байкап муну, калмайым бар ойлонуп,
Бакты күтөт бир өзүмдөн толгонуп
Айыгар деп жан жарасы бир кезде
Жүрө берем жакшылыкка ой жоруп...

Бир күн таңдан турар замат койдум чай,
Жеке олтуруп чайды экөөбүз ичтик жай.
Бөлмөсүнөн чыгып келди кайненем,
Тилин чайнап сөз сүйлөдү момындай:

— Деги сага эмне болгон, Калмамбет,
Кызматыңа барчу болдуң кечеңдеп?
Ар ким байкап, ушак-айың айтпайбы
Жигит эмес, үй күчүгү экен деп?

Ушуну айтып акырайды уулуна,
Жаман көзү каарып өттү мени да.
Мени алкымдап жыгылчудай комдонуп,
Жалп олтурду жакын келип жаныма.

Калмамбет да жооп айтпастан уңкуюп,
Кабак бүркөп чыгып кетти буркуюп.

Мен чай сунам, ал сөз катпай далайга
Кара чайды какшатууда мурчуюп.

— Атаң эмне, башындабы чоң иштин?
— Жок, чоң эмес, ал жөн эле колхозчу.
— Жаңылбасам мал-баштуу деп эшиттим?
— Бай эмеспиз, өз алдынча оокаттуу...

Сурап-сурап көзү менен жекирип,
Башын чайкап «м-м-м» деп койду кыртыя.
Курсагында жаткан сырды бекинип,
Чыгарды окшойт ушу бүгүн сыртына.

— Айтчы, балам, эмнеликтен Лалила
Сени менен бирге ичип-жеп олтуруп,
Жөнөр чакта бопбоз боло калды да,
Жүрүп кетти ошол бойдон булкунуп?..

— Билбейм—дедим, шуу дей түштү жүрөгүм,
Сөз айтпадым андан башка бир дагы,
— Билбейсиң... — деп бузган бойдон үрөйүн,
Улутунуп көпкө тиктеп калганы.

Көпкө олтуруп чайга күчүн чыгарып,
Бир кезекте чыгып кетти келтейип.
Деген жандай менден кетти кайсы айып,
Кайгыланып кала бердим шелпейип...

«Ээ, Шекер, дейм, кириң качан жуулат,
Түн кирди го, качан бышат тамагың?
Тушалгансып жүргөнүң ай кыбырап,
Түн түшөсүң, эмне болгон кабагың?»

Мына ушинтип эртели-кеч кекетип,
Көзүн албай көөлөй берет Мистекан.
Кароолчудай эшик-үйдү бекитип,
Кыжырланып каарып турат ар качан.

Мен оозумду жаман сөздөн кайтарып,
Кайненеге имерилбейм анчалык.
Кирин жууп, киймин таптап күйөөмүн
Жашап жаттым үй оокатка бой салып.

...Бир күн болду дагы мындай кагылыш,
Оңой эмес, мындай учур табылыш:
Мен ошондо карап туруп жийиркендим,
Күйөө сөрөй жан экенин бир байкуш.

Кечке маал кызматынан келди да,
Мени карап колун сунуп күлүңдөп,
Бир чеңгелдей акча сунду ал мага,
Ме, оокатка айлык алдым бүгүн деп.

Ошол жерде турат эле кайнене
Калч-калч этти, от чачырап көзүнөн,
Так төрүнөн өрт чыккансып жөн эле
Бир бакырды танганча акыл-эсинен.

— Ой эл-журт ук, мунун өзү кандай кеп,
Мына мунун катынчылын караңар!
Бу дүйнөдөн бала тилеп не керек,
Силердин да мындай болсо балаңар!..

Те, береги короолудай келинчек
Бул байкушту мыкчып салган турбайбы.
Келбей жатып эрин билсе тикилдеп,
Балакет бейм, кимдер көргөн мындайды!

Долуланса, көбүк агып оозунан,
Адам эмес ит, куш чоочуп доошунан,
Калмамбетти түртүп-түртүп жиберсе,
Аң-таң болду карап турган кыйла жан.

— Апа, алыңыз, элге болдук уят деп,
Мен чоочулап, бүт карматтым акчаны.
«Акыл айтып эми мени тыят» — деп,
Азыр каарын мага төгө баштады:

— Башыма конгон боз чымчык
Балааны салар бекенсиң?
Аа, Калмамбет, куу тумшук,
Түбүмө жетет экенсиң!

Лалила кетти жалдырап,
Калмамбет калды шалдырап,
Үйүмдөн безет окшоймун
Эми күн өтпөй каңгырап...

Башкаргыч келдиң сен өзүң,
Баламды менден бөлөсүң.
Карегим айтчы чыныңды,
Кай күнү мени көмөсүң?

Бул киши үчүн сүттөй аппак болсом да,
Көп теминди, тепкинимди качырып,
Ызалыктан ыйлаганы турсам да,
Көз жашымды кирпигиме жашырып;

Корктум дагы, уялдым да, жүдөдүм,
Басып кеттим кулагымды жапырып.
Мага жаап бирин койбой күнөөнүн,
Кайненебиз уулун жектейт бакырып.

Ошол жерде тилден калган немедей
Күйөө сөрөй кыңк эталбайт жалдырап.
Эрим менин ушул экен дегендей
Эсим ооду, бүткөн боюм шалдырап.

Менин күйөөм Калмамбет го деп жүрсөм,
Мени энеси жумшоого алган турбайбы.
Өлөт окшойм энесине баш ийсем,
Эй, курдаштар, кимиң көрдүң мындайды?

## XI

Ушу бүгүн жерди желпип жел күчөп,
Чаң оводо булут болуп айланды,
Кадимкидей капчыгайга боз түшүп,
Уюлгуса көргөн адам таң калды.

Мезгил белем ушул азыр күн баткан,
Капчыгайды караңгылык бек баскан,
Машинелер зыргып өтүп чоң жолдон
Аркыраган шамалга окшойт тынбастан.

Тойгонунча жутуп алып арактан,
Тамекинин көк түтүнүн буралткан,
Бейкут гана бөлмөсүндө балчайып,
Жамбашынан жаткан эле Мистекан.

Ит болгон соң үрүш милдет дегендей
Алда кимге корс-корс этти ити да,
Бул келгенге уят болгон эмедей
Үрбөй калды бирөө жакын басканда.

Качан болсо кыжырга мол Мистекан,
Кемтиги жок арам ойлоо жагынан,
Бир жеринен эптеп айып тапсам деп,
Мен болчумун аңдыганы абыдан.

«Кызмат менен шаарда эле Калмамбет,
Ушул Шекер жөн жүрбөйт го эрбеңдеп,
Эрмектешке ээн жаткан келинди
Дагы бирөө жеткенге окшойт дердеңдеп?» —

Ушундайча не бир шумдук санады,
Көздү үлүйтүп терезеден карады.
Жер караңгы, тоо шамалы уюлгуйт,
Түк көрүнбөйт эчтеменин караанды.

Ошол кезде карч деп эшик ачылды,
Дуу деп шамал үйгө башын батырды.
Боз жоолукчан, боз плащчан узун кыз
Мистекандын көз алдында азыркы —

Чехолу көк чоң чамадан колунда,
Рюкзагында — жууркан жастык жонунда,
Үтүрөйүп үшү качкан негедир,
Көрбөгөнсүйт ким турганын жолунда.

Мистекан да эси кетип далдайып,
Оозун ачып, туруп калды шалдайып.
Чоочугандан «Ботом, сен ким?» — деп коюп,
Анан гана колун сунду таңданып.

— Үйгө келсем энем калса таанібай,
Адам эмес укмушмун го ушундай.
Ал момуну, аркам талып кетти!..— деп,
Тиктеп калды турган жерден бир жылбай.

«Кагылайын, эркетайым...» деди да,
Чемоданды кыздын алды колунан,
Кызын карап таң калгансып дагы да
Чыгарышты рюкзакты да жонунан.

— Айтчы балам, башкача го авалың,
Оорусуңбу, не бүркөлгөн кабагың?
Боло элек го үйгө келчү учуруң?..
— Коё турчу! Көп сурооңон жададым!

Эне кыздын чечип сырткы кийимин,
Оозун тиктей, дагы эмне деп айтат деп.
Лалила да жаалын тыйып тилинин,
Үнсүз-сөзсүз тура берди мелтиреп.

Карап алып үйдүн ичин эңгирей,
Лалила эми чемоданга олтурду.
Туфлийиң бер, чаңын сүртөм дегендей
Эне кыздын бут жагына кол сунду.

Туфлийди да буту менен чыгарып
Чала бышкан өпкө өңдөнүп кабаарып,
Эне алдында сөзгө кирди муңайып,
Эмне айтмакчы, жаңы кабар угалык:

— Институттан биротоло чыктым мен!
— Койчу балам, кынтык тапты эмнеден?
— Бузуксуң деп комсомолдо текшерип,
Айдап чыкты жеперимe жеткирип.

— Каңырыштап жакшы укпады кулагым,
Айтчы аныгын, күнөөң эмне чырагым?
— Мага ушунча энчи кылган жазаны,
Баары мобул келиниңдин азабы.

— Жамандап Шекер бизди жазган бекен,
Көп сөздү сага каршы айткан бекен?
Ушул го алдыртадан шыбыш берген,
Колунан боз чымчыктын шумдук келген?

— Жок апа, мындан бир да сөз барбаптыр,
Ишенген өз жагыңдан чын каргаптыр!
— Эмне дейт, койчу ботом, дениң сообу?
Сен таптың өз ичимден кандай жоону?

Лалила жаагын жанып тиш кырчылдай,
Эрди эбиреп, кепке кирди бир тынбай.
Карасаңар Мистеканды чиркин ай,
Ал күтпөптүр иш болорун ушундай:

9*

— Жакий деген мугалим
Чоң кызыңдын күйөөсү,
Мыктап уксун кулагың,
Жездекемдин так өзү.

Сабакты таштап кеттиң деп,
Он күнү кайда життиң деп,
Жанымды шишке кактады
Комсомол кыздар тикчиңдеп.

Болгон соң эски коммунист
Жаздым дейт жаным чыдабай,
Көрүнөө жаман биздин иш,
Көө болуп келдим ушундай...

Арман сөздөр араң чыгып оозунан,
Лалиланын жаш кылгырды көзүнөн,
«Жездем — деди,— жаман киши башынан»,
Ийне-жипче айып көрбөй өзүнөн.

Мистекан да улам башын ийкеңдеп,
Көпке кирди бөлимчидей кейкеңдеп,
«Жездең бир жөн... эжең менен жерге кир,
Кантер элем ушул азыр көрсөм» — деп!..

Быш-быш этет, кызы тыйбай көз жашын,
Энеси албуут, муштап алды өз башын.
Мындан көрө туубай туна чөкпөй деп,
Эрди эбиреп, туюк айтты башкасын:

— Энеге бала карабай,
Сиңдини эже аябай,
Жерисе жалгыз балдызын
Жездеңдин жеткен арамы ай!

Жамандык кылды туз таткан,
Кыйрасын мендей кыз баккан!
Ойлонсом ушу мен болдум
Окшошконго мушташкан...

Лалила да бек кучактап апасын
Баш көтөрбөй өңгүрөдү бир далай,
Мистеканчы, күнөөлөбөйт деги өзүн,
Эрке кызга оюн айтты момундай:

— Токтотпой көп келинди кетирген деп,
Көп болсо ар ким-ар ким айтышар кеп.
Колумдан бийлигимди бералбаймын
Бирөөлөр мени минтип жамандайт деп.

Сумсаят кабак ачпай ушул Шекер,
Түрү жок мага бирге, кайты жешер.
Да бир күн чамгарагым тегеретип,
Чак түштө сөөгүм чагып басып кетер.

— Кой, балам, мынча башың жерге салба,
Жигит көп сага теңтуш тоо, таштар да.
Көп окуп прапиcар болмок белең
Этегин бир эркектин толгой карма!

...Колхоздо жети класс билими бар,
Ишке эптүү эпилдеген кыз табылар.
Так бирөө ошондойдун мага ылайык
Нө десем кыңк этпестен тилимди алар...

Мистекан стаканга арак куйду,
Ичинде кек, ызасы өкүм курду.
«Апа!..» деп ыржалаңдап бет алдында
Лалила бир баш пияз кармап турду...

## XII

Күн жоодурап улуу шашке кезинде
Самоор тердеп, кайнап турат бууланып,
Күздү элестеп, окуу түшүп эсиме
Көз алдымдан күндөр жылдай чубалып.

Тасторкон да алда качан жайылган
Тамак бүткөн үйө-жая коюлган.
Калмамбет да жаңы гана ойгонуп,
Колдолоңдоп басып өттү жанымдан.

Почточу кыз басып келип шыпылдай
«Мынаңыз» — деп жаңы газет карматты.
Жанга ырахат тыптынч күндө ушундай
«Сизге экен» — деп дагы берди бир катты.

Күйөө сөрөй жуунуп кирип келгенче
Бул конвертти айрып-айрып ачтым мен.
Келгин деген институттун каты экен
Кубангандан жүрөгүмө бастым мен.

Институттун короосунда өскөн гүл,
Баш ийгенсийт мени карап ыргалып.
Мени көрүп жылмайгансыйт дагы бир
Мен баш бакчу терезелер нурланып.

Бул окуу жай элестеди энемдей,
Балам менден кайда кеттиң дегендей.
Туруп барса мүдүрүлгөн баласы
Баягыдай эмчек сүтүн берердей.

Кубанчын көр мендей муңдуу жандын да,
Ушунчалык жан ыраазы тагдырга.
Келген катты окуй берип кайталап
Мен чыккансыйм жели айдарым бир кырга.

Ошол кезде каалгып кирди Калмамбет,
Таң калгансыйт бул жымыңдайт кандай деп.
Муңу ичине түшүп кеткен Шекерге
Анда дагы бар окшоду айтар кеп:

— Шекинтайым, жуттуңбу ичке кайгыңды,
Сезип жүрөм чын кетирген айбымды.
Ушунчалык сырың сүңгүп тереңге
Шекинтайым, убалыңа калдымбы?

Мен да сага айткан сөзүм ойлонуп:
Бүгүн минтип жашап турбуз жар болуп...
Андан ары ачык айтпай бозоруп,
Ал да мени карай берет толгонуп.

Ал тунжурап тиктеп калды өзүмдү,
Кайда айлансам карай берет көзүмдү.
Анда болгон жүрөктөгү дүрбөлөң
Алып кетти айта турган сөзүмдү.

Көз алдымда мүңкүрөгөн ким деймин,
Күндөгүдөн башка боло калгандай.
Аяп кеттим, аялдыкпы, билбеймин,
Айткан сөзү уланышкан армандай.

...«Эми мен мындан кетип кайда барам,
Барганда абийрди неден табам?
Аттигин, кайсыныма мактанамын,
Ал күнү кутулууга келбей чамам?

Кор болуп, колго түшүп, кетти батым
Кантсе да бүгүн аял менин атым.
Бул күндө өзү мага туткунга окшойт,
Байкасам не болмокчу алды-артын?».

Бир азга тим олтурдум ушуну ойлой,
Эстетет Жолдошбекти жүрөк койбой.
Жолдошбек эми мени киши дебес
Калган соң адамдыгым теңтуш болбой...

* *
*

— Калмамбет дейм, сен кичине ойлонсоң,
Кулак салчы айтканыма аз гана.
Мына минтип бирге жашап турган соң
Кантип деги сырымды айтпайм мен сага.

— Айтчы-айтчы, Шекинтайым, угайын,
Кантип сенин айтканыңдан чыгайын? —
Ушундай деп көз алдымда энтигип,
Жүзүн көрсөм жабыркаган, мунайым.

Тагдыр экен — күйөө болдуң сен мага,
Мен кетпеймин, сен өзүңдү кыйнаба.
Сен кааласаң адамчылап жашоону
Айтар сага сөзүм ушул бир гана:

Жарыгы болот түндүн да,
Жылуусу болот күндүн да.
Күлкүсү болот муңдун да,
Күйүмдүү болсоң билгин да!

Айтпайлык кайра өткөндү
Кайрылбас болуп кеткенди.
Эмнесин сенден жашырам,
Эртеңди ойлор кез келди.

Сүттөй ак болсо көңүлүң
Бир өтсүн сага өмүрүм.
Алдымда бүгүн өзүмдүн
Аялым сүйлөйт дегиниң.

Өзүмдү ойлойм, сени ойлойм,
Өзгөчө сени көп ойлойм.
Окуума кайра жиберсең
Ажатым ачтың деп ойлойм.

Катталгын десең катталам,
Каалаган шертке мен барам.
Жүрөккө коюп дипломду
Жаныңа келсем мен анан...

Эч жамандык көтпесин деп оюна,
Келген катты дагы бердим колуна.
Эмнегедир окуй баштап селт этти.
Карагандай бул жумуштун соңуна.

Мени карап бир аз туруп алсырап,
«Мен макулмун ажат ачам,— деди да,—
Үнсүз-сөзсүз дагы тиктеп жалдырап,—
Бул жөнүндө кеңешели апама?»

Калмамбет да айтып оозун жыйганча
Ээрчип алган катын-калач бир канча,
Келип калды төркүнүнөн Мистекан
Ушул кезди күтүп турган адамча.

— Жүгүн балам, энелерге жүгүн! — деп,
Кайненебиз өкүмсүнөт, менсинет.
Ушу жерде негө керек жүгүнмөк,
Үнсүз-сөзсүз туруп калдым мелтиреп.

Кайнене эми акырайды уулуна,
Бек тунжурап жер карады уулу да.
Чыкмак болдум бетим басып эшикке
Чыдай албай мындан ары турууга.

Беркилери кадимкидей масыраак,
Кайненем да кызып алган азыраак.
Ошон үчүн тил буйдалып кышылдап,
Араң сүйлөйт шилекейи чачырап:

— Эмки кыздар жүгүнгөндү билбейт,
— Антпей эле мени пейли сүйбөйт.
— Эмки балдар аялдарын жактап,
Эмки балдар энелерин тилдейт...

Кемпирлердин наалышына ушундай
Калмамбет да: «Койчу эми апа?» — дегени.
Бирок аны кагып койду энеси
Мукактанат, тик багалбайт же мени.

Дагы билдим катуу ыза болгонун
Калмамбеттин кара бети көгөрүп,
Элестетип эне кесир кылганын
Туруп калды эшигине жөлөнүп...

XIII

Кийин уктум жашыргандан не пайда,
Мистеканга мен үчүнчү келинмин.
Меникиндей өтсө керек бейпайда
Өмүрлөрү бул үйдөгү келиндин.

Биринчиси коңшусунун кызы экен,
Калмамбеттин окуп жүргөн кезинде,
Колуна өзү алып алган Мистекең
Караан бол деп мендей байкуш жесирге.

Окуп жүрүп келген кезде Калмамбет
Келиним деп тааныштырган энеси.
Болду эмесе, энем айтса кантем деп,
Сүйбөй, билбей баш кошуптур бул өзү.

Таяк менен башка чапсаң былк этпес,
Колтугуна ийне сайсаң солк этпес,
Ал бечара момун экен ошондой
Томолонуп оокат кылган эрте-кеч.

Мистекандын заар тилин укчу экен,
Чык деп койсо күлү менен чыкчу экен.
Күңгүрөнүп көңүлүнө муң түшсө
Көздүн жашын демеп-демеп жутчу экен.

Карды ачса да оокатка көз артпаптыр.
Ооруп калса оорумун деп айтпаптыр.
Болсо дагы өз уулунун аялы
Кайнене аны малай кылып таштаптыр.

Ал бир күнү кышкы аязга болуп бөт,
Жаш денеси калың дартка чалынып,
Окуусунда жүргөн кезде Калмамбет
Бир аз күтүп, ичтен сызып зарылып,

Ооруса да үйдө тынбай иш кылат,
Бүт белендеп кайненеге аш-тамак.
Жүрө берсе кабак чытып, бел бууп,
Ашынган дарт тереңирээк кол салат.

Байкуш келин катуу ооруп калганда
Кайненеси тамырчыны чакырып,
Суу ичкин деп кара суугa салганда,
Денени ээлеп, дарттын күчү ашынып,

Баш көтөрүп эки ооз сөз айталбай
Араң гана мөлт-мөлт этип көз жашы,
Өмүр менен кош айтышкан ушундай,
Үн чыгарбай өксөп жатып жаш башы...

Ушул экен жазуусу деп тагдырдын
Мистекан да эскичелеп көмгөн дейт.
Андан кийин сыяктанып кайгырган
Көпкө чейин келини жок жүргөн дейт.

Калмамбет да окуу бүтүп келген соң
Бул совхоздо ал ээлеген кызмат чоң,
Райондон келин издейт Мистекан
Эми болуп колу да узун, калың жон.

Бойго жеткен бир сулуу кыз бар экен,
Атасы да чоң колхоздо башкарма.
Он классты жаңы бүткөн кезинде
Жоругу анын жомок болгон жаштарга.

Ал мага окшоп Мистеканга тийбептир,
Бул долдойгон Калмамбетке күйбөптүр,
Ата-энеси кыстагандан келсе да,
Бул экөөнү эпкин менен үйлөптүр.

Ал эжекем канча суудан кечиптир,
Бир күн чуу деп Фрунзеге жетиптир.
Жигерине, жүрөгүнө ыракмат,
Журтка маалим артист болуп кетиптир.

Ал кишинин угуп жүрөм кабарын,
Жүрөгүнөн журтуна айткан саламын,
Көөнүм менен мен да коём жактырып,
Калкып чыгып, катуу кеткен кадамын.

Ошондуктан ал эженин ат-жөнүн,
Мен белгилеп эч адамга айтпаймын.
Талант толкуп, таап кетсе өз жөнүн,
Жаным сүйүп жабык бойдон таштаймын.

Үчүнчүсү ушу отурган Шекермин,
Атым Шекер, өзүм боппош бекермин.
Атымды актар кайрат-күчүм жок болсо,
Айлам канча, арман кылбай нетермин...

Баштатадан карап көрсөм ойлонуп
Калпыс экен Калмамбеттин сүйүүсү,
Энесин көр, жылан болуп толгонуп,
Келин-уулдун жолун бөгөп жүрүүчү.

Жаным менин канча жабыр тартса да,
Качан деги жамандыкты ойлопмун.
Пейилдери туура болсо чын мага,
Мейличи деп курман болуп коймокмун.

Мына бүгүн да бир шумдук иш болду,
Мистекан шум таң жарыла туруптур,
Кайдан билдим, кандай куулук ойлонду,
Суу апкелип, самоорду өзү коюптур.

Мен да турам таң кылайып атканда
Үйрөнбөгөм күн чыкканча жатканга.
Бала күндөн ушунчалык куштармын
Таңда соккон таза абаны жутканга.

Мен ойгонуп, туруп жаткан кезимде
Боюм түзөп, оңдогонсуп чачымды,
Өңүмдө экен көрдүм десем түшүмдө,
Кычыр этип биздин эшик ачылды.

Жүргөн экен эшик алдын шыпырып,
Кире берди мени көздөй качырып,
Шырдактарга шыпыргыны жүргүзүп
Сөзү менен кекиртектеп асылып.

Семиз неме эңкее албай кышылдап,
Оңгулуктуу дем алалбай бышылдап,
Бөлмөбүздү шыпыргылап киргенде
Бул неси деп ичим кетти тызылдап.

Карк-карк эткен энесинин үнүнөн
Баш көтөрдү Калмамбет да ойгонуп,
Не болду деп каарданган түрүнөн
Ал да олтурду төшөгүндө оңдонуп.

Эшик алдын чыла-баткак баскансып,
Үй ичинде чаң уюлгуп жаткансып,
Келин-уулу оокат жайын билалбай
Келген ырыс кайра чыга качкансып,

Улгайса да оокатты ойлоп жүрдүбү,
Ээсиз жаткан үйдүн жайын билдиби?
Калгандыктан үй оокаты талаалап,
Көөнү тынбай таңдан туруп келдиби?

Келин-уулу уктап жаткан жеринде
Тийишкени кайнененин келинге,
Айткылачы, ысап-нуска канчалык
Мына мындай айтып турган кебинде:

— Уулдан убай көрбөдүм,
Келинден көөнүм тынбады.
Азабы күчтүү күндөн күн,
Апаңдын кайсы жыргалы!

Көпсүнбө берген чайыңды,
Мен деле чайды кайнатам.
Билбесе келин жайымды
Керилип уктап не жатам!

— Жарыктык, сизге не болду
Тополоң баштап таң атпай?
— Акылым баштан жоголду,

Жададым жаным жай таппай.
Пейилиң уулум бузулду
Көмүлүп укта көз ачпай!

— Бөлмөбүз деле таптаза,
Бул кандай жорук башкача?
— Көзүңө сенин көрүнбөйт
Көзүңдү чукуп ачпаса!

Кубарган келин келгени,
Карыны көзү көрбөдү.
Акылым уулум мөгдөдү
Апаңдын ушул өлгөнү.

Эми такыр калбачудай аяныл,
Эне турду шыпыргыны таяныл.
Калмамбет да төшөгүндө калчылдайт
Эси кетип, эки жагын караныл.

— Эй балам, сага айтканым,
Катыңдын дайым кулу бол,
Арабаң шаарга тарткының,
Кетсеңер тоспойм, мына жол!

Куруган балам, окуйт деп
Катыңдын тилин аласың
Окуймун деген бул бир кеп,
Үңкүйүп жалгыз каласың!

Же ишен, же кой чырагым,
Өзүңө болсун убалың.
Этегиң жап деп эртелеп,
Энелик айтып турамын.

Калт-калт этти ала көк чач башы да,
Көлдөп кетти беттен аккан жашы да,
Терс бурулуп терезеге жөнөдүм
Мен дит багып туралбастан кашына.

Угулган соң окуйм деген кабарым,
Көрсөң ушул кайнененин кабагын.
Калмамбет да күңк-мыңк этип жаткансыйт,
Мен кылчайып кантип аны карадым...

Бири эле жанга баткан жайкы күндүн,
Телмирип өз бөлмөмдө жалгыз тургам.
Калмамбет келер кезди болжол кылдым,
Салган эт ымыр-чымыр кайнап калган.

Мештеги кургак жыгач чырт-чырт жанып,
Табына үйдүн ичи жалынданып,
Күн тике терезеден кыйып түшүп,
Тургансыйт бүткүл ысык каарын салып.

Жүрөмүн жалаң гана чыт көйнөкчөн,
От жагып, камыр жууруп колум тынбай,
Ысык күн, оттун табы болсо да өктөм,
Тургансыйт деги мага таасир кылбай.

Негедир мен тунжурап ойго калдым,
Үшкүрүп үй ичин бир карап алдым.
Шай жууркан, жибек килем турса дагы
Бирине көзүм түшпөйт ушулардын.

Там бооpу жабалактап канча сүрөт,
Калмамбет ал сүрөттөн карап турат.
Мистекан бардыгында кабак түйөт
Бетинен жан чоочунар заары чыгат.

Жанга жат ар кыл сүрөт турган толуп,
Тиктешсе үй кеткенсийт суук болуп.
Кайдагы кышкы аязга кез болгонсуйм
Жалгызсып жаным кейип, көөнүм солуп.

Жүрөгүм эч нерсени кабыл кылбай,
Жүк жакты, тамдын бооруn карай албай,
Келгенде чоң күзгүнүн маңдайына,
Кылт этип бир ой түштү алда кандай.

Көрүнүш боло калды мына мындай,
Өзүмө жүрүпмүн да көзүм салбай,
Бир шумдук көрүнгөнсүп чоочуп кеттим
Менби деп көз чиркинге ишеналбай.

Күзүндө бышкан кезде кендир куурай,
Болчу эле бүткүл кушкуу мына ушундай
Же бир күн калың жамгыр жууган жибек
Өңүнөн өзгөрбөйбү таанылбастай.

Өңүмдүн наары калбай кеткен качып,
Көзүм да чуңкуруна терең батып,
Сызылган көз астымда бир бырыш бар
Бул күндөр белги ургандай бекем жазып.

Негедир күзгү бети тумандаnып,
Мен эми өзүмдү өзүм көрбөй калып,
Үстүнөн көлдөлөңдүн орун алдым,
Жүрдүм да ары айланып, бери айланып,

Бул жерден да бир нерсе оюма алып,
Селт туруп илгич жакка кайра бардым.
Костюмдун чөнтөгүнө колум салып,
Кичине таш күзгүмдү таап алдым...

Бул күзгү жолдош эле өткөн жылдан,
Эч качан кир баспаган, сынбай турган.
Жайында көл боюнда келе жатсам
Жолдошбек мага ушуну белек кылган.

Тиктесем Жолдошбектин күзгүчөсүн
Ireңим кан жүгүрүп оңолгондой.
Чөмүлгөн жашсыз ыйга байкуш көздүн
Алдында сызыкча эми жоголгондой.

Эсиме түшө калды азыр чыны,
Айтылсын бул күзгүнүн да бир сыры,
Артында катып койгом сүрөтү бар,
Жигитке ушул болчу кыздын сыйы.

Тырмактап күзгү аркасын чебер ачып,
Сүрөттү кылдат гана алдым тартып,
Көргөнүм сүрөт эмес адамга окшоп,
Жүрөгүм токтоо бербей кетти калкып.

Боюнда Ысык-Көлдүн басып туруп,
Жигит, кыз бир-бирине колун сунуп,
Сүрөтчү чып эткизе тартар кезде
Экөө тең толкун жакка моюн буруп,

Таалайдын мээримине бойпоюшуп,
Жөн эле бала каздай койкоюшуп,
Көйкөлгөн көшүлүңкү көз караштар
Тереңден ашыктыкты алган сузуп.

Бул кыз ким, жигити ким, айтпайынчы,
Кагазга туюк бойдон таштайынчы.
Бул үйдөн ушул сүрөт жатыр катып,
Жаралуу жүрөгүмдүн кетти тынчы.

Сүрөттү көз ирмебей турдум карап,
Ал дагы тиктегенсийт мени сынап.
Көзүмдөн ысык жашым тегеренди
Көргөндө көңүл чиркин турбай чыдап.

Кубүрөп бул сүрөттү эчен өптүм,
Башына жүрөгүмдүн баса кеттим.
Ойт берип ушул үйдөн чыга жөнөп
Оюмда Жолдошбекке азыр жеттим.

Сүрөткө ушунчалык көөнүм токтоп,
Күзгүнүн аркасына кайра салдым.
Сүйгөнүм бир көрүнүп кеткенге окшоп,
Тирилип аз мезгилге жагалдандым.

Өзүмчө элестетип салкын кечти,
Турганда күзгүчөмдү бетке кармап,
Эшигим жеңил гана бир кыйч этти
Кирчүдөй эми үстүмө бирөө арбап.

Көрсө ошол доңк-доңк басчу узун сары
Каалгага бетин катып калкаланган,
Селт карап эми көрдүм Лалиланы
Далдайып үнсүз-сөзсүз туруп калган.

Илгичке учуп барып сүлгүнү алдым,
Башымды катуу байлап таңа салдым,
Башыма бир жастыкты койдум дагы
Чүмкөнүп, тетир карап жатып калдым.

Жүрөккө күзгүчөнү бастым кайра,
Жаныма жөлөк кылам ушундайда.
Ойлонуп ошол күнү, ошол жерде
Таппадым андан башка эч бир айла.

Сүрөтү көкүрөгүмдө жаткан жигит,
Жок десе түшүмдө бир келсе кирип,
Ойлоном мени азыраак аяйбы деп,
Мына ушул авалымды көрүп, билип»

## XV

Жолдошбек окуй берип мына ушундай,
Деп койду башын чайкап: «Байкушум ай».
Тунжурап түн койнуна көз жүгүртөт
Кыялы бир элести кармагандай.

Негедир туталанып жигит жаны
Жанында бул дептердин калчылдады.
Элеси жердеш кыздын өмүрүнүн
Ойлонтуп улам-улам алкымдады.

Кылкылдап келаткансыйт көздүн жашы,
Ийилип көк дептерге тийди башы.
Ичи ачып алда кимди аягандай
Бир шумдук жаш дененин солкулдашы.

Чыгалбай буулукту окшойт армандуу жаш,
Бир кезде Жолдошбек да көтөрдү баш.
Көңүлдө канча ызалык жүрсө дагы
Дегенсийт али менин көргөнүм аз.

Караса асманды бир жылдыз дагы
Сыр каткан сыйкырга окшоп турат алыс,
Үстүнө чатыр болгон алма багы
Бул чакта бир шырп этип бербейт дабыш.

Чырагы алдындагы бүлбүл жанат,
Үмүттөн алыс жаткан кабар салат.
Санаасы көл бетинде кеме болуп,
Жолдошбек мына ошондо сүзүп барат.

Бир кезде чылымынын күлүн кагып,
Бул жигит боюн кайра жыйнап алып,
Жүрөктүн сырларына дагы кирди
Шекердин дептерине көзүн салып.

«...Шаар ичи, кыштын күнү эртең менен,
Жылбышып кар төгүлөт теректерден.
Чыгыштан күн күлүңдөп көтөрүлүп,
Даракка күмүш кирпик кадай берген.

Мына бул асмандаган чоң имарат,
Окуган кыз-келиндер жатып турат.

Боз балдар ушул жерге имерчиктеп
Кыздарга кылчакташып келип калат.

Башында калдайыңкы кундуз тумак,
Жакасы көрпө ичиктин болгон бувак,
Өзүмө учурашып кетүү үчүн
Калмамбет атайылап келген убак.

Чакырык институттан баргандыктан,
Калмамбет окушума болгон макул.
Алардын шайы бошоп калгандыктан
Тилекке окуу деген жеткем азыр.

Кол сунду, мен тартынбай алдым колун,
Жок эле жамандыкта эч бир оюм.
Сурадым үй ичинин жөнү-жайын,
Чыдамсыз мен да күттүм берер жообун.

Ичимде сактап жүргөн кубанчым бар,
Күйөө да сүйүнөр деймин айтсам кабар.
Турса да оозум барбай а дегенде,
Сезимим унчукпаска кантип чыдар.

— Калмамбет, мына ушундай билсең чамам,
Кош бойлуу болуптурмун, кандай кылам? —
Муну айтып, өз сөзүмө кызаргансып,
Энтигип күйөө жообун күтүп турам.

— Өзүң бил не кылсаң да, не деймин мен,
Ким багат окуп жүрүп төрөсөң сен?
Өзүң бил, мейлиң алдыр, мейлиң төрө,
Багат деп үмүт кылба энекемден...

Санаасын бул чиркиндин билдим толук,
Жүрөгүм тоңуп кетти муздай болуп.
Кантейин, так эле ошол турган жерде
Дарт чалбай, кырсык баспай калдым ооруп.

— Калмамбет, максатың айт мага келген,
Не сезем ушул күнкү пейилиңден?
Астыма күйөөмүн деп келген соң сен,
Ушулбу аял болуп укканым мен?

Үнчукпай үлүрөйүп карайт жерди,
Жүрөгүм туз куйгансып ызам келди.
Кош Шекер, дагы келип турармын деп,
Дуңкуюп баш көтөрбөй кете берди.

Шаарга канча жолу келип кетет,
Кимдендир келгендиги мага жетет.
Жокко окшоп боюнда бар келинчеги
Жолобой мен тарапка, качып өтөт.

Кыздар да сурап калат жжекелеп:
— Күйөөңүз сизге дайым келеби? — деп.
Күйөөгө сүйкүмдүүдүр сиздей аял,
Сизге азыр жакшы жардам береби? — деп.

Кантөйин, тиштенемин намысымдан,
Жашырам авалымды ал кыздардан.
Ананчы, жардам бербей койчубу дейм,
Анымды Калмамбет көр билсин кайдан.

Келем да керебетке куланамын,
Көз жашка жастыгымды сугарамын.
Чиркин ай, бойдо бала, ойдо кайгы,
Опентип арман курчап убарамын.

Кордугун жазган катка жооп бербей,
Калмамбет кете берди такыр келбей
Акыры айы-күнүм жетип калды,
Бактысыз жок окшоду ушу мендей.

Алкылдап Лалила үчүн ичи күйүп,
Энеси айныткан соң кетти таштап.
Көрүнөө жесирликтин кейпин кийип,
Кучактап бир баланы калдым какшап.

Болгондун баарын терип жаза берсем
Чыдабай айрыларсың кагазым сен.
Мына эми күйөөсү жок келин болуп
Томсоруп туруп калдым жапжалгыз мен.

Мыжыгып жаш денеме баткан кайгы
Дарт болуп, ден соолукту тартып алды.
Дартка ден алдырыптыр ушунчалык
Уколсуз бир да күнүм өтпөй калды.

Турган соң ooру чиркин салмак салып,
Чабалдап көөнүм мокоп, күчүм жанды.
Айлыма жөнөй бердим кайра айланып,
Башыңа түшкөн ишке чара барбы.

Акыры чиркин ата, байкуш эне,
Кет дейби келсе бала, кантет эле?
Балага эне-атанын жүрөгүндөй
Мээримдүү бир да жүрөк болбос деле!»

...Баарысы мындан ары актай барак
Жолдошбек сөз табалбайт ачып карап.
Эй жигит, май түгөндү, жат дегендей
Үлпүлдөп жалкоо чырак араң жанат.

Бүт ээлеп Жолдошбекти ушул кайгы,
Ойлонуп бул болгонун кимдин айбы,
Деги азыр неге үшкүрөт, билалбадык,
Дептерди бурай кармап колуна алды,

Бул жерде кичинекей жашыл кырга
Жай басып биздин жигит чыгып алды.
Кулагын тосконго окшоп түнкү сырга
Ойлонуп ошол жерде туруп калды.

Бир жагы толкун күүсү Ысык-Көлдүн,
Бир жагы сыдырымы суук төрдүн,
Чачтарын желбиретип Жолдошбектин
Эрмектеп ойногонун эми көргүн.

Асманда кыз жоруктуу жылдыз жайнап,
Жаш жандын сулуулугун тилсиз сайрап,
Ай тоонун чокусунда кетип барат
Талапкер уландарга канат байлап.

Караса тоо тарапты, адыр жашыл,
Карагай типтик туруп уктап жатыр,
Жайлоонун жашыл жибек төшөгүндө
Жан бүткөн жан сергиткен учур азыр.

Жалгыз ок биздин жигит уктабаган,
Жүрөгүн өйүп турган ой санаадан.
Бул үчүн Жолдошбекти айыптабас
Абалын ашыктыктын билген адам...

## XVI

Билбеймин качан турду, качан жатып,
Таң сүрө алма бактан чыккан басып,
Жолдошбек көлдү карай бет алыптыр,
Өтчүдөй толкундарга саламдашып.

Эң сонун көл боюнда таңдын жели,
Сыяктуу жалаң сүйгөн жаштын деми,
Сыр сурап, сыр айтчудай жаш жигитке
Ысык-Көл жоодур карап турат эми.

Кирза өтүк бутундагы кандай сонун,
Шарт ачат жолсуз жерде анын жолун.
Тикенек, төө куйрукту тепсеп басып,
Көгөргөн көлгө бөлгөн бардык оюн.

Аралап бир жагынан эгиндикти,
Эпкиндеп көл жээгине келип жетти.
Койнунан көк дептерди сууруп алып,
Кайрадан кай бир жерин окуй кетти.

«Боюнда мелмилдеген Ысык-Көлдүн
Көз ачып, бала күндөн сени көрдүм.
Жүлүнгө канча ийнелер сайылса да,
Өзүңдөн жүрөгүмдү келбейт бөлгүм.

Ысык-Көл, мелмилдеген унчукпас дос,
Көгөрүп, көйкөлгүн да акылың кош.
Өзүмө сен сабырдуу карагандан
Мен ойлойм жаш жүрөккө жабыр болбос.

Билет деп жаштын жайын келсем сага,
Бар сырды батырат деп айтам жана!
Ысык-Көл кирдебеген күзгүң менен
Жүрөгүн жаш Шекердин сен да кара!

Тазаны тоодон соккон атыр желдей,
Тунукту толкуп жаткан Ысык-Көлдөй,
Жаш жигит ар убакта арман кылар
Андайды өмүрүндө өтсө көрбөй!

Ысык-Көл, туңжурабай кабагың ач,
«Сүйүү» — деп толкун менен бир сөздү жаз.

Жаракөр жанга кубат бере турган
Эч качан жигит үчүн болбосун таш!».

Алдейлеп Жолдошбекти ушундай ой,
Тур дейт бейм ой-боюна эч бир койбой.
Ээрчитип да бир жакка барат окшойт
Элпилдеп Ысык-Көлдөн шамал ойной.

Кеткенде күмүштөй таң көтөрүлүп,
Тоолордон күн муруту келет күлүп.
Ысык-Көл көпкөк жибек жамынды бейм
Бул кезде көзүн салбайт кимдер сүйүп?

Жигитке көлдүн бети жымың этип,
Шарт эле жиберди окшойт пейлин чечип,
Бул кезде кимден кандай өтсө күнөө
Жолдошбек жиберчүдөй баарын кечип.

Жадырап жан жай алып мына ушунда
Жокебиз көлгө эңкейип жууду бетин.
Шыбырап майда толкун кочучунда
Айткансыйт сүйгөнүнүн аппак нээтин.

Жанына кубат берген кыял менен
Жаш жигит көл жээгинен кайра тартты.
Кезинде көк шиберди жел термеген
Ичинде апийимдин бара жатты...

Келиндер кандай шайыр көл боюнда,
Тике айтат кармап турса нени оюнда.
О, чымчыйт жаш жигитти кычкачтуу тил
Чын сөздү жалгаштырып бир оюнга.

Келиндер укпас, сезбес эч шумдук жок,
Андыктан айтар сөзгө тилдери шок.
Жаткан соң Шекер келип кыштагында
Жолдошбек бул айылда шектүү бойдок.

Кыз да көп, келин азбы жүргөн бойдок,
(Ар кими өз теңтушун табууну ойлоп).
Мындайча жаш жигиттин сырын чекпей
Келиндер кандайынча тыптынч коймок.

Айлында Жолдошбектин алы-жайын
Ким билбейт, келиндерге өтө дайын.
Мынакей, кайра баштан маектешмек
Мындайда сөз чыгабы чукумайын.

Ак саргыл, узун бойлуу шайыр келин
Баштады алыс жактан айтар кебин:
«Э, кайним, бир бопорос сунчу мага»,—
Деген сөз тилеги экен эчендердин.

Жолдошбек жеңил гана башын ийип,
Жеңеге портцигарын суна берип,
Бир-бирден бопоростон алып жатты
Бир курдуу келинчектер жете келип.

Бирөөнө бирөө кысып жоодур көзүн,
Угуп көр келиндердин айткан сөзүн.
Бир жигит алаканга түшүп берсе,
Бошотпойт оодарбастан такыр эсин:

— Биздин уул алда кимге,
Ашык болуп калган бейм?
— Айтчы деги көөнүң кимде,
Кайгы мыжып салган бейм?..

— Өңү неткен саргыч тартып,
Бизче апийим тилбесе?
— Четин койчу биздерге айтып,
Кыз жайынды билбесе?..

— Теңтушсунбайт деп угабыз
Тереӊ ойлуу болбосо.
— Жолобойт деп кеп кылабыз
Шыргай бойлуу болбосо.

— Шыргай бойлуу ким болду?
Тереӊ ойлуу ким болду?
Ү-ү-ү чиркин,— деп кыз-келиндер,—
Үшкүрүнүп тим болду.

Мына ушинтип кайсы бирөө кылыйып,
Кайсы бирөө ууртунан жымыйып,
Кайсы бирөө айтар сөзү болсо да,
Бул сапарга сактап койду кымырып.

Кайсы бирөө ээгин бир аз көтөрүп,
Кайсы бирөө жогор карайт жөтөлүп.
«Адашкандын айбы болбойт деген» — деп,
Дагы айтышат кычкыл бир сөз өткөрүп.

Жадыраган бойлуу жеңе айтат кеп:
— Эркелеттик өзүбүздүн бала деп,—
Жеңелердин эрккенде жоругун
Сен чын көрүп көңүлүңө алба деп.

— Ар жигиттин көргөнү бар көзүнүн,
— Ар адамдын тапканы бар өзүнүн!
— Кереги жок сага бучук тыйынча
Келиндердин түтүн жыттуу сөзүнүн,—

Дешет дагы жогор жакты карашат,
Көздөр тилден көмүскө сөз талашат.
Түйдөк-түйдөк сөз сүйлөгөн келиндер
Ичим тап деп көз чагылтып баратат.

Окуучум, сен сыр түйүнүнө кулак сал,
Жогор жакта чоң көчөнүн башы бар.
Жогор жакта зырпылдаткан жүрөктү
Шекер турат, мына ошону эсиңе ал.

Бул Шекердин ким деп агат көз жашы,
Келин-кыздар айтпай-дебей билишет.
Жолдошбектин ким деп ооруйт жаш башы,
Доктурсуз-ок күн-түн байкап жүрүшөт.

Бул экөөнө боору ачыса кай бири,
Кай бирөөлөр ичтен күлөт кылтылдап,
Эрикkende келин-кыздар ар күнү
Туюк сүйлөп, добуш салат шыңкылдап.

Көп сыр окуп келиндердин жүзүнөн,
Жолдошбекти дагы ээрчитти терең ой.
Жүрөк булкуп, сыздап гана ичинен:
«Ооба,— деди,— чыны жаным ошондой»...

## XVII

Бүткүл асман жылдыз кийип балбылдап,
Көл бетине шоола жайнап төгүлүп,

Көл жээгинде көк кийимчен чоң кыштак
Бараткан кез кечки уйкуга чөмүлүп.

Көл бир сөөлөт жайдын күнү кечкурун,
Көктөн жерге таштап коёт ай нурун.
Өзүн кетпес бактылуу деп эсептейт
Кечки желге төшүн тоссо ким мурун.

Жаш көңүлүн кытыгылап кечки жел
Чакырды бейм жаны сүйүп Ысык-Көл,
Ушул азыр көчө бойлоп жүргөндөр,
Чоң көчөдөн Шекерди да көрүшөр.

Жанына өбөк коляскасын жылдырып,
Жалгызсырап кадам шилтейт акырын.
Көңүлүндө бар сыяктуу кыйдылык
Караңгыда чыкканга окшойт жашырын.

Короо ичинде көк ала чач байбиче
Муңдуу кызын көзү менен кайтарат.
Кызы басса, жолун тиктейт бир нече
Кечки санаа кай жакка аны алпарат?

Байкайт эне кыз чиркиндин кабагын,
Көрсө кейийт азып кеткен жамалын.
Качан болсо балапандай бөпөлөп,
Түк үзүлтпөйт бала алдынан тамагын.

Кымтып турган уул-кыздын сырларын
Канча бырыш энебиздин жүзүндө,
Шекеринин жүрөктү өйгөн муңдарын
Сактагансыйт муңга толгон көзүндө.

Энесинин эрке өстүргөн кызынын
Кабагында балбылдаган нур бардай.
Ушул Шекер ачпас болсо кабагын
Дүйнө энеге күүгүм тартып тургандай.

Көчө бойлоп, жылган болот коляска,
Эчким билбейт эми бармак каякка.
Мелмел этип сыр айтканда сыр уккан
Барар балким тиги Ысык-Көл тарапка.

Бир кезекте баш көтөрүп акырын
Карай берди чоң көчөнүн аягын.
Селт деп, кимдин байкап калды басыгын,
Төмөнтөдөн жакындаган караанын.

Куп жарашкан боз фуражка башында,
Жаңылбасам кирза өтүгү бутунда,
Фуфайканын чөнтөгүндө колдору,
Мына-мына келе жатыр ушунда...

Келинчектин шуу дей түштү жүрөгү,
Карасаңар кантип кетти ireңи.
Жаш денеси калчылдады окшоду
Жеткен өңдүү кышкы аяздын илеби.

Көзү алаңдап колясканы айлантып,
Чуркай басты кайда короо дегендей,
Калка болот келген кезде мүшкүл иш,
Баш катууга жан жок дейби энемдей...

Короосуна кирип келген кезинде
Элтең этип артын кылчак карады.
Туптуура эле иши бардай өзүндө
Жакындаптыр баягынын караанын.

«Ошол болсо, ичип алып жүрбөсүн?
Эркектерден жалкып калган жайым бар.
Алдастатып токмок болуп тийбесин
Кол кайрууга менин канча шайым бар?»

Жоо келгенсип Шекер кургур бүлүнүп,
Колясканы шашып үйгө киийрип,
Жай табалбай чуркай берди бул жерде
Жаш жүрөгү кеткенге окшоп тилинип.

Ошол кезде шарт эшикти ачты да,
Алып кирди буркураган самоорду,
Энекесин үйдү көздөй түрттү да,
Үй ичине кошо кирип жоголду.

Жоголгон жок, кайра келип эшикти
Тарс бир тартып илип алды ичинен.
Ачык турган терезени бекитти
Кутулууга келе жаткан кишиден.

Көрбөсүн деп терезеден шыкаалап,
Жалп өчүрдү күйүп турган шамды да,
Токтоналбай манжаларын ушалап,
Телмирди эми терезеге барды да.

Энекеси: — Эмне болду, балам? — деп,
Сурап калса шилтеп койду колду бек.
Жалгыз ооз сөз угардай түрү жок
Өзү дагы айтар эмес жарты кеп.

— Кандай кырсык камалады балам? — дейт,
Атаң жокто бул бүлүнүш жаман дейт.
Камап салдың өбөктөтүп үйүмө
Бул жоруктун кайсы түйнүн табам? — дейт.

Эч жооп жок энесинин сөзүнө,
Туш келгендей токсон шумдук өзүнө,
Жүрөк дик-дик, жан тырмакта турат бейм,
Чиркин Шекер түк келалбай эсине.

Тиги киши мында тике келгени,
Жыгач тосмо бөгөт болуп турганы.
Бул эмнеси? Адаштымбы дегенсип
Көөнүн берки караңгы үйгө бурганы.

Ырас эле келе жаткан кезинде
Терезеде жангансыган жарыгы,
Ким жаңылып жаза баспайт кечинде
Бул жигит да адашкан бейм калыбы?

Келген киши мында токтоп туралбай,
Кадам шилтеп кайра жолго чыгардай.
Жана бир аз тура калды аңкайып,
Баш каңгырап, не кыларын билалбай...

Шекер неден токтоналбай кетти экен,
«Аай» — деп алды күтпөс жерден бакырып.
Андай болсо өзүн неге бекиткен,
Ал кишинин доошу турса чакырып?

Шекержандын калтыроо бар үнүндө,
Шекер катты терезенин түбүндө,
Чыкпагын деп бирөө матап тургансыйт
Ушул кечте атасынын үйүндө.

Деген өңдүү Шекеримдин бу неси,
Көргөнүнө тобо кылат энеси.
Ушул кезде чыркыраткан жаш жанды
Алда кимдин алда кандай элеси.

Баягы элес ары басып кетпеди,
Аттап кирди жыгач тосмо короодон.
Канткен менен ит иттигин эстеди,
Баятадан жол бөгөгөн, салып жон.

Ушул бүгүн көк күчүк жок, көк дөбөт,
Ушул бүгүн ошол бала чоң жигит,
Жигит азыр: «Каблан, Каблан,» — дей берет,
Балким муну ит тааныды, ит билип.

Жигит улам: «Каблан, Каблан» — дегенде
Көк дөбөт да бүшүркөдү үнүнөн,
Ыраазы болуп эски тааныш келгенге
Эми эркелеп, жата кетти жүүнүнөн.

«Жапжаш күчүк чопчоң дөбөт болгончо
Карасаңар ушул үйгө келбепмин.
Ич тыз этет эстүү жандар ойлонсо
Канча жылдын жылт эткенин билбепмин»...

Келген жигит мына ушуну ойлонуп,
Короо ичинде бир аз турду толгонуп.
Шырп дабыш жок, булар кайда кеткен деп,
Карай берет көргөнүнө таң болуп.

Чала-була ит үргөндө эшиктен
Эне чиркин терезеге жеткени.
Тааныган соң ким экенин бул келген
«А-ай, балам?..» деп кайра басып кеткени.

Өмүрүндө көптү көргөн эненин
Жаңы сезди жаш чиркиндин жүрөгүн.
Келер күндөр өзү айтсын деп болжоду,
Чындыгында кимдин кимге күйөрүн.

Келген жигит не бар, не жок дегенсип
Сыпаа гана черткен болду эшикти.
Эки жакты эки өлкөгө бөлгөнсүп,
Эшик бүгүн чоң милдетке кезикти.

Калчылдаган кызы белги берген соң,
Шүк отурду шырдагында эне да,
Эшик илгич Шекер колдуу болгон соң
Сырткы чертип кетип жатты талаага.

Чеки көрүп келгендигин кечирээк,
Кетмек болду эми жигит тезирээк.
Каблан болсо ойноп жатат бутунда
Тааныган соң тийишкенсип эркелеп.

Жакшы эле бар мындан чыгып басар жол,
Сууруп чыкты чөнтөктө эле «Беломор».
Шыйпаңдады Каблан да эми алдыда
Келаткан соң мойнун сылап тааныш кол.

Баятадан терезеде мелтиреп,
Тиктеп турган көздөн жашы мөлтүрөп,
Өзүн өзү камап алган Шекер да...
Жигит кетти, кантип кайра келтирет?

Шырт эттире ширенкени тартканы,
Жалт эттире чырагданды жакканы.
Мас кишидей элтек-телтек эткенсип,
Эси кетип эшик жакка басканы.

Илгич чыгып, каалга да кыйч деди,
Шекер дароо көчө жакка кеткени.
Суу боюнда сүлкүлдөгөн талдардын
Чуркап басып арасына жеткени.

Жол боюна бир «Победа» токтоду,
Жигит ага түшүп сызган окшоду.
Маалим болду тиктеп турган Шекерге
Ит кайрылып үйдү көздөй жорткону.

Шекер дале талга турду сүйөнүп,
Жайкы түндө жаны кейип түнөрүп.
«Жолдошбек...» деп күбүрөдү өзүнчө
Жол учуна жана көзүн жиберип.

## XVIII

Бул короонун кандай сонун аркасы,
Бүр байлаптыр жапжаш көчөт алмасы.

Кең төрдөгү көбүргөндөй көйкөлөт
Алысындап топтоп чыккан пиязы.

Бир четинде сексен кабат кийинген,
Капустасы көк дарбыздай көрүнгөн,
Татынакай там аркасы жерлери
Таңдайлашкан тоо гүлүнө көмүлгөн.

Жүгөрүсү бийик чыккан кайкалап,
Жибек желге канат солбуп жайкалат.
Карай-карай дыйкандардын короосун
Жатат көшүп кыргыз тоосу чалкалап.

Шекер болсо спорт костюм кийинген,
Жылаңайлак балтыр өйдө түрүнгөн,
Башында анын жашыл жоолук бир байлам,
Кыз келбетте чыйыйыңкы көрүнгөн.

Чолок саптуу чакан кетмен жонунда
Жүргөн болчу кол арыктын боюнда.
Атасынын бакчасына суу жаят,
Жайдын күнү суу айдаган сонун да.

Жер көркүнө көөнү өсүп жетилип,
Эңкилдеген сууну кечет алыштан,
Бул короонун кызы экени сезилип,
Чарчар эмес чамдап кетмен чабыштан.

Кандай сонун жайлоо түстүү жашаңдан
Кырдан ылдый арыктан суу айдасаң.
Кандай сонун короосунда атаңдын
Чекең тердеп, самап кетмен кармасаң.

Баскан беттер козу-улакты жайышып,
Терген жери жашыл, кызыл тоо гүлүн.
Чыккан таштар уя карап жарышып,
Кайра-кайра эске түшөт так бүгүн...

Ойго батып, ойноп басып келатып,
Өзү эс алчу көлөкөнү караса,
Энекеси шашып самоор кайнатып,
Эки мейман дагы отурат жанаша.

Бирөө биздин эски таанышы Закия,
Кадимки эле Калмамбеттин эжеси.
Бирөө болсо көк муруттуу Жакий да
Канткен менен как ошонун жездеси.

Закия го көз сүзгөнсүйт муңайып,
Баржак-баржак Жакий сүйлөйт кубанып.
Өз атасы Бакаш аба көлкөйүп
Кулак салат сөздөн черин чыгарып.

Дагы тартып курган Шекер санааны,
Өчүп кетти жадыраган кабагы.
Эки мейман дагы апкелген окшоду
Эстен кетпес өңсе кескен жараны.

Ушу бүгүн күлүп тийген сонун күн
Булут басып кеткенсиди бүркөлүп,
Өңү солуп короодогу гүлдөрдүн
Жашынгансыйт кара чүмбөт чүмкөнүп.

Не себептен бул экөөнүн келгенин
Апкаарыды Шекер болжоп билбеди.
Көптөн бери көнүп алган муңканып,
Муң жүрөккө сайып кирди ийнени.

Бул Жакийден көрмөкпү эми жамандык,
Же келмекпи Закиядан арамдык?
Деги Шекер эмне ойлорун билалбай
Жаш жүрөгү көрсөтүүдө чабалдык...

«Жок, мен кайра капчыгайга барбаймын.
Энекемден жарты кадам жылбаймын.
Атам мени балам дебей койсо да,
Бул жөнүндө айткан тилин албаймын!

Кайра барсам капымды ичет Мистекан,
Коломтодо тезек болуп күйгөнчө»...—
Ушундай деп улутунуп Шекержан
Санаасында сан элести көргөнчө,

Тал түбүнө жакын келип калганы,
Агылгалап кепке кулак салганы.
Кармай түшүп кыздын кытмыр кыялы
Эч байкалбай далдаланып алганы:

— Бакаш аке, өчкөн от кайра жанбайбы?
— Жакий балам,
Жаңыдан чакмак беришсе,
Жагуучу отун келишсе,
Дуулдап күчөп жанбайбы.
Жалбырттап кызыл жалыны
Албырттап бойду албайбы.
Өчкөн от кайра жанды деп
Өзөндө эл айтып калбайбы?
— Бакаш аке, бир кеткен кайра келбейби?
— Жакий балам,
Адашпай басса изинен,
Жакшылык тапса кишиден
Кеткендер кайра келбейби!
Күлпөттү, сыйды күнүгө
Көңүлү толо көрбөйбү!
Бозоруп турган үйүнө
Буралган гүлдөй өнбөйбү!
Келгенди тоскон сүйүнө
Келтире сыйлык бербейби!
Акылдан тайган күнүмдө,
Ар кайсыдан кеп сурап,
Абакем кантет деп сурап,
Иним, апенди кылба мендейди.
— Бакаш аке, түзөлбөйт бекен бузулган?
— Жакий иним,
Мен маани сөз кармайм ушундан,
Киши экени чын болсо,
Курч темирдей чың болсо,
Түзөлөт кайра бузулган,
Семизциктен кутурган
Курт жеген талдай кыйылат
Акыл-эси учунган.
Бөксөлөр кайра толбойбу,
Бечелдер балбан болбойбу.
Акылы толук адамга
Акмактар теңдеш ойлойбу!
Алыстан тооруп сөз салбай
Жакий иним,
Ачыгын айтып койбойбу?
Сөз жарыштын ушунчасын укканда
Шекер селт деп бирөө байкап көргөндөй,

(Кулак түрүп бак түбүнө букканда
Арт жагынан адам аңдып келгендей),

Жалт бурулуп, кайра жылды артына,
Чуркай басып короо жакка барды да,
Көрүнбөйүн, кеп укпасам мейли деп,
Бек олтурду кетменинин сабына.

Меймандарым шашпа деген эмедей
Бакаш аке тура калды бел бүгүп,
Жакий болсо жай козголуп кенебей
Көк муруту туу куйруктай дүрдүйүп:

— Сөз тунугу мына ушундай болду — деп,
Коштошордо кучактады чалды бек.
Закияны колдон өптү кайталап,
Гүлкан апа өзгөчө ичи элжиреп...

Бул Закия нени ойлонду, билбедик,
Короо ичине кылчактап көз салганы.
Ал да бизден жүргөндүр деп ийменип
Кыраакы аял там артына барганы.

Шекер эми тура калды мостоюп,
Каректери кирпигине катылып,
Шекер мындан кетмек эле жок болуп,
Алма көчөт коялбады жашырып...

«Кагылайын, бактылуу бол Шекер-тай,
Биз жөнүндө санаа тартпа эч кандай.
Сени көрөм уялаштай өзүмө,
Кош бол эми, турмуш жөнү ушундай»...

Ушуну айтып маңдайынан бир өптү,
Коштошордо жоодур көзү жалт этти.
Бекем-бекем, кайра-кайра кол кысып
Бир жылмайып шарт бурулуп ал кетти.

Шекер дагы балага окшоп ыржайып,
Табышмактуу бул келишке таң калып,
Не болсо да сурайын деп жөн-жайын
Лып деп жетти энесине айланып.

— Апа, апа, эмне болду, апа? — деп,
Карай берди энекесин энтелеп.
Апа дагы ичим тап деп жымыйды,
Көз карашы муңдуу кызга эркелеп.

— Апа дейм!..— деп жулкуп алды жеңинен,—
Дагы болом кимге оюнчук эми мен?
Атам неге ээрчип кетти агайды
Айт чыныңды, ой кемпир дейм, деги сен?..

— Ээ, көлөкөм, бир да жигит мас болуп,
Келбейт экен ушул жерге сени издеп.
«Бычак салат дагы бирөө кас болуп»,—
Деп айтканың окшоду го жөнсүз кеп.

Жигиттер да акыл-эстен танбаптыр,
Наркы-салтын жерге тепсеп салбаптыр.
Адам бүткөн жайкы күндөй жадырап,
Бардыгын тең пейилинен жалгаптыр.

Бир кезекте эмчеги ийип кеткендей
Эне кызын бек кучактап алганы.
Шекер дагы бир жакшылык сезгендей
Эне ийнине башын коё салганы...

Көзегинде кызыл көйнөк секелек
Жибек чачы деги өрүмгө жете элек,
Көмөч салып китеп каптын түбүнө
Энекеси алып барып жетелеп:

«Алыңыз — деп,— менден дагы бир чымчык»,—
Табыштаган так Жакийдин колуна,
Жакий берген бул энеге макулдук
Секелекке устат-ата болууга.

Жакий өзү канаттарын тараган,
Жакий өзү басар жолун түздөгөн,
Бул кишиден жазуу-сызуу тааныган,
Дүр деп өсүп, көз тайгылта көктөгөн.

Ушул бүгүн тоодон ылдый толгонуп,
Көз алдынан күмүш булак акты бейм.
Баскан жери баары тегиз гүл болуп,
Булак гүлгө алтын бермет чачты бейм.

Ойлоп-ойлоп ойго түшсө жакшылык,
Табийгаттан элес келер шатчылык,
Бейкут жаткан бешиктеги балапан
Бир жагынан канча сырды айттырып.

XIX

Келе берет бүт өмүрү ой болуп,
Узун түндө төшөгүнөн толгонуп.
Уктаганы, түш көргөнү билинбей
Эске салат өткөн күнүн ойгонуп.

Мына ушинтип таңды да аппак атырды,
Сүттөй шоола үй ичине чачылды.
Ата-энелер селт этпесин дегендей
Эшик бир кез абайланып ачылды.

Тоолор али баш көтөрбөй үргүлөп,
Таңкы желге жалбырактар дилдиреп,
Түнү менен өркөч толкун сабалап,
Ысык-Көл да чаалыкканын билдирет.

Кылым сырын кылт эттирбей жымкырып
Ичим тап деп мөлт-мөлт этип жатат көл.
Кулак салсаң канат күүсүн ыр кылып,
Сүзүп келет жашыл моюн өрдөктөр.

Жаш келинге көл дагы эле үндөбөйт,
Шекер да ага көзүн сүзөт, сүйлөбөйт.
Көл да, селки көз сүзүшүп ымдашып,
Не болсо да бүткүл өмүр бирге дейт.

Асман дайым көлгө көзүн салгандай,
Сулуулукту Ысык-Көлдөн алгандай.
Карай берип Ысык-Көлдү суктанып,
Ошон үчүн көпкөк болуп калгандай.

Колунда азыр «Манас» деген чоң китеп,
Көп күн болду алып жүрөт аздектеп,
Бак ичинде ошону окуп отурду
Байыркынын баатыр ырын эрмектеп.

Окуганда ырдын ар бир сабагын,
Ачканга окшойт эзелкинин барагын.

Закымдаса кара кашка аргымак,
Көрүп калат Каныкейдин караанын.

Өсөн-сайга жайган малдан ырың көп,
Канча кылым жол чегипсиң кыргыз деп,
Ыр деген бул көл бетинде толкун да
Кантип болот толкун санын эсептеп?

Асыл бойго жоо жарагын илгенин,
Челиштерде чоюн-чопкут кийгенин,
Жара жеген эр Манасты өңөрүп
Жеңекебиз жоодон сактап жүргөнүн,

Ойлосо да ырчы ырдаган жомок деп,
Жомок миң жыл жашаганы кандай кеп?
Кулач урган кылымдардын үстүнөн
Кыргыз тоонун ырларынын жаны бек.

Жай-кыш көпкөк карагайдай шоодурап
Жашаганын Тянь-Шандын ырлары,
Күч тең келбей жоого алдырып, көз жаштап
Эстен кетпес кыргын-сүргүн жылдары.

Отурган соң алоолонуп жүрөктөн
Алп дөө деп бил аман чыккан күрөштөн.
Эске түшөт эзелки бир кандуу күн
Ыр саптары тартып койгон сүрөттөн.

Таңыркана чыны менен келинчек
Миң жашаган ырларына элинин,
Поэзия карылыкты билбейт деп
Өлчөй албай учкул ырдын өмүрүн...

Жоготконун таап берген элине,
Тигип берген гүл токойду жерине,
Жүрөгүнөн алкыш айтат заманга,
Таңдын жели дем кошкондой демине.

Шекер минтип ыр деңизде сүзгөндө,
Кыял көлдө көк толкундай кеткенде,
Балбан ырдын канатында шер байлап,
Чабалдыкты чалкасынан серпкенде,

Деген оңдуу бак тарапта ким жүрөт,
Баш көтөрүп корс деп койду көк дөбөт.
Күткөн жандай ал чочоюп отурду,
Ит болсо да сезгени бар өңдөнөт.

Шекер неге: «Каблан» — деди акырын,
Жакын келсе сыр айтчудай жашырын,
Каблан болсо дагы бир жол корс этип,
Күтөт кимди билдирбестен ачыгын?

Бир кезекте шырт дей түштү арт жагы,
Кимдир бирөө чебер кадам таштады.
Ким болсо да уйкусун таң уурдаган
Түн күзөткөн бирөө келе жатканы.

Бир колунда кызыл, жашыл шарлар бар,
Шарды артынган ак боз куурчак аргымак,
Бир колунда калың көпкөк дептер бар
Келаткансыйт барактары жалбырап.

Уйку жактан өксүк болгон көздөрү
Келаткандай таң желине жуунуп,
Сүйүндүбү, сүрдөдүбү, неткени,
Бет оту да алда нечен кубулуп.

Сүйлөгөнү, кыйкырганы билинбей,
Оозунан бир «Шекер!» — деген сөз чыкты.
Айтар болсок сөз калысын ийменбей
Оозу эмеско, жүрөгү анын унчукту.

Шекер селт деп «Шекер!..» деди кайталап,
Аптыккан жан артык нени айталат?
Бир солк этип ыргып турду ордунан,
Бул келгенден неге мынча жалтанат?

Жигит дагы бир аз турду энтигип,
Жатат белем акыл-эсин келтирип.
Муңдуу көздөр жалжылдашып тиктешет,
Биз да анын каректерин ээрчидик.

Шекер тымтырс ооруп тилден калгандай,
Келген жигит доктурга окшоп тургандай.
Бир сөз чыкпай булбул үндүү келинден,
Не жалдырайт? Ойго кеттик ар кандай...

Жумшарды бейм, Шекер демин басказсыйт
Жаш жүрөктөр ойноду окшойт тоорумак.
Жаштык сырын маектешип жаткансыйт
Жаш талдардын жалбырагы шоодурап...

Сындагандай жаш жигиттин карашын,
Чиркип Шекер бек кучактайт «Манасын»
Бөлүп турат таңда соккон жел гана
Жүткүнүшкөн эки жаштын арасын.

Таппагансып келинчекке бир белек,
Бул Жолдошбек неге оюнчук апкелет?
Балапанга арнады деп ушуну,
Шекердин да ичи кетти элжиреп.

Куурчак атты жигит жерге койду да,
Шарларды илди ошол аттын мойнуна.
Бир колунда дирилдеди көк дептер
Жолун таап жете электей ордуна.

«Келдим...» деп жигит бир сөз айталбай,
Катып турат Шекер жооп кайтарбай.
Чымыркашып айтар болсо жалгыз сөз
Көздөн жашы берметтей сап тартардай.

Жигитке азыр кайрат кайнап жеткенби?
Сунду бери колдо калың дептерди.
«Келдим Шекин, келдим Шеке, алдыңа,
Мени сага ушул дептер апкелди...» —

Ысып кетти Шекинтайдын тула-бой,
Атып кетти буулуп турган көздүн жаш,
Мезгил жетип эрип кеткен окшоду
Биздин Шекер качан темир, качан таш?

Жүргөн келин өзүн сезип күнөөлүү,
Ырдап турду, ыйлап турду жүрөгү.
Үмтөтпөгөн кайра колум жетет деп,
Болгон менен Жолдошбекте тилеги.

Көл түбүнө сүңгүп кеткен аккуусу
Бүгүн таңда араң тийип колуна,
(Узун түндө түк жолобой уйкусу,
Жан жабыккан жеткенче ушул оюна).

Кимдер көргөн чын сүйүүдөн балбанды,
Жерге чапкан өмүрдөгү жалганды,
Айдап чыккан из калтырбай акыры
Жаш жандарга жабыр берген армайды!

Оролду эми Шекеринин мойнуна
Жолдошбектин калчылдаган билеги,
Жаш келинди тартып алды бооруна
Жигитинин дукулдөгөн жүрөгү.

Эч билалбай бул жерде эмне болгонун,
Ишеналбай бактысына өзүнүн,
Боюн таштап кучагына курбунун
Ысык жашын чыпкалантты көзүнүн.

Мына ошондо чиркин Шекер жалжылдап,
Көзүнөн бир көйкөлгөн нур балбылдап,
Жигитинин чоп-чоп сүйдү бетинен
Эрип туруп, эт жүрөгү албырлап.

— Кулак салчы, бир сөзүмө Жолдошбек,
Таң калбачы не себептен айтат деп?
Чыдап туруш кыйын болот окшоду
Чиркин тилге өзү келсе айтар кеп.

Гүл болсом да солуп көркүм, өчкөнмүн,
Күн болсом да кайра батып кеткенмин.
Аккуу болсом көл үстүндө бир кезде,
Көл түбүнө балчыкка бек чөккөнмүн.

Таза жүрсө жаштын жашка тилеги,
Ташты эритер суубай турган илеби.
Сеникиндей балбан болсо, ак болсо.
Уландардын бардыгынын жүрөгү.

Сүйсөң мени мээримиңе тойбосмун,
Түшүмдө да сени ойлобой койбосмун.
Ушу сенин адамдыгың билбесем,
Өлөйүн да... асты киши болбосмун...

Адамга ырыс адам берет турбайбы,
Мен кече эле кайдан күттүм мындайды?
Арман кылса кучагында сен барда
Мен билбеймин, ким деп айтат андайды?

Жолдошбек да үнсүз-сөзсүз бой салып
Жумшак сылайт Шекеринин маңдайын:
— Мен да турам өз бактыма сукталып,
Өзүң ойлоп, өзүң бил дейт калганын.

## XX

Болгондон соң адабият кесибиң
Адам баскан жолдор менен жүрөсүң.
Жүрсөң элде, элден болот насибиң,
Өмүр дыңын ырлар менен тилесиң.

Жан кубанып, да бир сонун ой ойлоп,
Жүргөн элем ушул кезде көл бойлоп,
Көктөн жылдыз колду тиктеп турганда
Кыялыңа кандай адам чек коймок!

Күндөр өткөн, айлар өткөн, жыл өткөн,
Болгонума Жолдошбектин үйүндө,
Жүрүп жаткам азырынча билбестен
Не кабар бар Шекерлерде бу күндө.

Ал аңгыча жетип келди бу жерге
Жайнап көзү ойноктогон жаш келин:
— Агайсызбы? Амансызбы? — дегенде
Чала таанып мен да селт деп кеткеним.

Жакшы аялды кайра көрсөң сонун да,
Бир боо гүл бар жолдошунун колунда,
Кылактаган кыроого окшойт бул келин
Жанга ыракат Ысык-Көлдүн боюнда.

Сырлар түйүп Шекер карайт буралып,
Жер тиктедим мен да ичимден уялып.
Анткен менен бул экөөнүн бактысын
Көргөн кезде чексиз турдум кубанып.

Кээде достор, жеталбаган тилекке,
Адам азбы жаза баскан өмүрдө.
Жаманчылык унут болор күн өтсө
Жакшы жорук узак жашар көңүлдө.

Бети курсун айбан чалыш жамандын,
Ал өзү бир кашеги да замандын.
Акын эмес карапайым киши айтат
Адам айтар иши болсо адамдын...

Азаматтын жан-жүрөгүн козгогон,
Айдан келген аруу сулуу окшогон,
Арман менен кош айтышкан келинге
Айланчыктап акын сөзү токтогон:

— Мен жазгамын өзүм уккан сөзүмдү,
Нени көрсөм күбө кылдым өзүмдү.
Жүрөгүмдү өйкөп жүрөт бир нерсе,
Экөөнө азыр ошону айтам шөкүлдү...

«Не болду?» — деп таңдангандай сыягы,
Экөөнүн тең түрүлгөндөй кулагы,
Чоочун үйдүн эшигинде тургансып,
Кандай кеп деп чочулашкан убагы:

— Чабал жанды чочулаткан чокусу
Чалкак төрдө чагылгандай айбат бар.
Бачыр-бучур муз сындырып толкуну
Көк кылычтуу көлдө канча кайрат бар?

Көлүм жатат асман тоого жапашып,
Толкундары заманына жарашып.
Тоо көлүнүн чытылгансыйт кабагы
Тоо жашында чабалдыкка жаны ачып.

— Агай, сөзгө түшүналбай турамын,
Же жакшы укпай каңырыштап кулагым?
— Катуу болсо жаш келиндин кулагы,
Келип турат жаңы ыр менен бурагым!

— Бураңыз, агай, бураңыз,
Угабыз, агай, угабыз.
Сөзүңүз бизге найзадай
Сайылса чыдап турабыз...

Мени карап бажырайып Жолдошбек
Айткандан соң алдын ала мындай деп,
Акыркы сөз мага тийген сыяктуу
Баштап калдым не болсо да мен бир кеп:

— Ээ, Шекер жан, жумшак болсо жыгач да
Боорун оюп ортосуна курт кирет.
Күрөшүүгө чабал болсо адам да
Жаш денени жалап-жуктап дарт келет.

Аңкоо болсо мейли кары, мейли жаш
Кармап турган колдогусун алдырат.
Качан болсо каракчынын боору таш
Сени аябайт өтүнсөң да жалдырап.

Жаным Шекер, сени айтканы жатамын,
Кайта эскерип Калмамбеттин чатагын,
Капчыгайдын жабырынан корунуп,
Сүйбөсөң да анда келди жашагың.

Улук не бар сүттөй таза сүйүүдөн,
Кай кордук чоң кур туткунда күйүүдөн?
Сүйгөнүңдү тапкан артык эмеспи,
Күң сыяктуу күйпүл болуп жүрүүдөн!

О, сөзүмдү бөлө көрбө, Шекержан,
Кыялыңды байкап жүрөм качантан.
Артык көрдүң коркуп жатып алууну
Жол издебей кутулууга камандан.

Кечир Шекер, айтам сөздүн ачыгын,
Анык болсо Жолдошбекке ашыгың,
Таш кыядан жылаңайлак жол тартып,
Түн жамынып не качпадың акырын?..

Сүйгөн жанга таш кыя да кеп бекен,
Жаш жүрөктөн ак кар, көк муз бек бекен?
Жүр алга деп кайрат бермек махаббат,
Кызыл тикен, кара ташты тепсесең.

Кылчактадың чоңор жолдон баскандан,
Аз көрүндү жүрөгүңдөн аккан кан.
Артык көрдүң тагдырга баш ийүүнү
Тирүүлүктө сүйгөнүңдү тапкандан.

Мейли денең чылк тикенге тытылып,
Ачып арып, ызалыкка кысылып,
Жолдошбектин маңдайына бир келсең,
Качат беле бул да сенден бузулуп?..

Ысык-Көлдөн сыдырым жел жеткендей,
Көлдүн үстүн булут каптап кеткендей,
Бир аз убак Шекер турду чыйрыгып,
Бирөө бетке мупмуздак суу сепкендей.

— Сүйлөй албайт акын агаң жашырын,
Айтар болсо ачык айтат акылын.
Сен айыптан чет эмессиң Жолдошбек,
Карабагын алдыртадан акырын!

Балдай ширин жаш өмүрдүн кумары,
Неге укпасын тоо уулунун кулагы.
Билалбаса сүйгөнүнүн абалын,
Жигит үчүн жигиттикпи бу дагы?

Кандай булбул карга, кузгун кондурат,
Өзү конуп сайрай турган бутакка?
Кандай жигит колдо гүлүн жулдурат,
Гүлсүз күнү өтпөй турган убакта?

Уясына жылан кирсе окустан,
Канаттуу да канаттарын сабалайт,
Колго түшүп, кордук тартса Шекержан,
Бул Жолдошбек бир баруута жарабайт.

Тириликти адам алат эмгектен,
Кумурска да өзүнөн чоң жүк тартат.
Жардам жогу жаным деген жигиттен,
Жабыркатып кыз көңүлүн муңкантат.

Ооба Шекер, ооба иним Жолдошбек,
Ошол күндөн көңүлгө ачуу из калар,
Айткан менен баштан өтүп кеткен деп,
Бирок муну эске алышар башкалар.

Кеч да болсо гүлүн кармап өмүрдүн,
Тазаланды кирдей түшкөн бактыңар.
Керимселге солуй түшкөн көңүлдүн
Жашыл төрүн кайра жаңы ачтыңар.

Эки кырчын катар турсаң бу жерге,
Жүрөк сырдын сабын арнайм силерге.
Бул саркынды — жөрмөлөгөн кара курт,
Куртту энчиңе орток кылып жиберБе!

Бараткан соң жадатма сөз көп болуп,
Тып деп мен да туруп калдым токтолуп.
Бир кезекте баш көтөрдү эки жаш,
Көз караштан түшүнүшкөн окшодук...

Кездешүүгө ким кубанды, ким капа?
Сурашпадык, жалпы бастык көл жакка.
Эмесе азыр Ысык-Көлдү тиктесин
Ким ирецин, ким жүрөгүн сындаса.

Күзгүсү көл бүткүл кыргыз элинин,
Толкуну көл бүткүл жаштын деминин.
Эзелтеден алтын бешик жер эне
Сынап келген уул-кызын, келинин.

Жаңы тилек эки жашты келди деп,
Көл жээгинин жели согот желбиреп.
Ай, жылдыздар сүзөт дейби бетимде
Жылмаюуда эрке Ысык-Көл мемиреп...

Эми Шекер Жолдошбекке сүйөнүп,
Көңүл сырын көл бетине жиберип,
Көзү менен бери карай тарткансыйт,
Чогуу бойдон өткөн жашын имерип.

# АСКАДАН ҮН

*ПОЭМА*

Токтогул ГЭСинин куруучуларына арнаймын

Куду илбирстин терисиндей чыбыры
Чокулары бул тоолордун сурданып,
Атылганда албууттанып сыдырым
Жүгүнгөн кез аскада арча ыргалып.

Сыдырым согуп көп кичирип калгандай,
Боюн жыйрып, нурун катып алгандай,
Чаңгыл көктөн кууш тартып кыбындап
Жалган түштө күн жалынсыз жылат жай.

Өсө баштап сар сакалы азыраак
Асман көздүн учкундары чачырап,
Аска аралап Антон каалгып келатып
Демин жыйнап өөдө карай апыгат.

Ал кумарлуу тоодо жүрүп нечен жыл —
Канча асканы балка менен ургулап,
Үңүп кирип тоонун боорун канча жол
Жашап келет таш жылдырып бургулап.

Күн чокуда далдаланып жаткандай
Күндүн нурун зоока адамдан каткандай
Айры тил таш, жылан тил таш келсе да
Басат Антон кылдат аттап жазганбай.

Өөдөлөйт ал асман жакка чамданып
Эң чокуга жетпегенге ардanып,
Күрөң таштар, күүгүм таштар катарлаш
Бөгөт болот улам жолу байланып.

Сары боёктуу, кан өңдөнгөн аскага
Күн кызылы калган белем кармалып,

Саргыч өңдүн, кызгылт өңдүн баарын да
Тоого берип, тоодон кетпей айланып.

Түндө аскалар күмүш болуп жалтылдайт,
Күлө карап түндө Ай өзү келет бейм!
Күндүз башы жалынга окшоп балбылдайт
Күндүз мындан Күн кеталбай жүрөт бейм?

О кыргыз тоо,
О кыргыз тоо, кыргыз тоо,
Аскаларың шамалга дос жанга жоо,
Арыш таштап кайсы жигит келатат
Асманыңда аралашып жомокко?..

Чыга калса бир зооканын башына
Элестеди долу Нарын кашына.
Асмандаган ой-кыялы жигиттин
Боло түштү дайра менен ашына.

Тээ түп жакта жылат дайра жай гана
Бетин бүркөп бозого окшош чалмага,
Түбүбүздү неге үңүгөн бул суу деп
Турган белем тоолор буга таңдана.

Бир капталы сары кийиз өңдөнүп,
Бир капталы көк шырдактай түрдөнүп,
Сөзү угулбай ырдап турган ичинен
Эч былк этпес жоош адам үндөнүп.

Асман менен айкалышып тоо турат
Чыйрыккансып болор болбос калтырап.
Жалгыз гана шамал дуулайт асманда
Зоодон-зоого эпкин бүркүп аркырап.

Сансыз кылым сөзгө келбей ыңгырап
Жаткан тоодон сырым тап деп зыңгырап,
Антон эми тиктеп туруп ойлонуп
Аскалардан чыгаргансыйт сыр бурап:

«Жаратылыш сулуу болсо оюңан,
Ал, сулуулук тосуп турса жолуңан,
Мына ошондо сен не деген адамсың
Ошол жерде иш келбесе колуңан?

Көргөн сайын күркүрөгөн Нарынды,
Уккан сайын аркыраган агымды,
Тоо күчүнө айла кылып акылды
Нарын, сенден сынагым бар жанымды.

Сен арстансың зынданга али түшө элек,
Сен мүрөксүң — алтын кумдар иче элек,
Сен деңизсиң тоодон-тоого жашынган
Элдер али толкунуңдан кече элек.

Сен бирөөсүң тоодо, туңган байлыктын
Калың элге каптын оозун чече элек,
Биз бактылуу, сага окшогон азоону
Алып кетсек колубузда жетелеп!

Тоого жаны туташ бүткөн элинин,
Кан тамыры бүткүл кыргыз жеринин
Согуу керек бүгүн ушул Нарында
Өзү жасап эмгегинин теңирин.

Өзөгүнөн бүткүл кыргыз жеринин
Агат Нарын ырысы болуп элинин,
Күчүн көрчү тоо термелет кез-кезде,
Долу суунун көптүгүнөн деминин.

Кээде бети казыга окшоп жыйрылып,
Кээде бети каймак болуп сыйрылып,
Ала-Тоонун бүт илеби, бүт күүсү
Нарында бейм мелт-калт болуп сыйлыгып.

Тоо боорунда ташка илинген булактар
Тамчы болуп тамып турат Нарынга.
Жазгы жамгыр, күзгү күмүш бубактар
Бүткүл бойдон толуп турат Нарында.

Кээде бопбоз күл ботодой иреңи,
Катуу акса — дайым кыштай илеби,
Таш өңдөнүп мисирейсе кээ жери
Шуу дегендей тиктегендин жүрөгү.

Нарын, Нарын,
Кыргыз тоонун Чоң Нарын,
Тоолор мунун көтөралбай салмагын,

Бөлө чаап аскаларды жолунан
Көрбөйсүңбү бөгүп жатып алганын...»

Антонду эми мына ушундай басып ой,
Турган кезде оюна мас болгондой,
Те, жогортон тарс деген үн жаңырды
Ой бузууга болжолдошуп койгондой.

Бул атылыш чыккан өңдүү асмандан
Кабар келди үстү жаккы таштардан.
Майда таштар өңгүл-дөңгүл чуркашты
Шагылдар да куюлушту шашкандан.

Заң-заң этип атылгандай он катар
Алкынгансыйт ак кар баскан алкымдар
Тоо башынан «А-а, о-о-у-у» суу уланып
Көчүп жатты үндөн чыккан толкундар.

Чыга калган атылыш деп бу кайдан,
Турпатын көр Антон өтө таң калган.
Биз жете элек бейкут жаткан чокуга
Аскаларды ашып чыгып ким барган?

Таңыркап кайда экенин билалбай,
Антон турду ал урчуктан жылалбай.
Алыс, алыс көз жиберди ойлоно
Же асмандан азыр кабар угардай.

Балким бу бир тоого буккан душманбы,
Же бир бороон зоону жөөлөп жыкканбы?
Кылым, жылдар таштарды да картайтат
Же бул кыйроо карылыктан чыкканбы?

Ооба, көңүлүн кыл чокулар бурганда
Көңлү ишенбей көзү көрүп турганга,
Пайда болду көз алдында бир элес
Турган кезде мына ушундай кырдалда.

Бет алдында көз тайгылткан бийиктер,
Араң өткөн чымчыкка окшоп кийиктер,
Чыгып барган аралашып кийикке
Кандай шумдук, же болбосо кандай эр?

Бойлуу, арык, жапжаш жигит кара сур
Башында анын эски куйкул тумагы,
Кара көздөн кайнап чыгып жайнайт нур
Бир текени бүт көтөргөн убагы.

Тоодо не бир иштер болот эмеспи
Ага камдуу, мылтык даяр колунда,
Баң дедирмек же илбесин, же эчки
Баанапаис жүргөн болсо жолунда.

Алда качан ичин жарып салыптыр,
Эт олжосун жеңилдетип алыптыр,
Түшүп келет көпкөк зоодон теңселип
Жигит деги чарчаңкырап калыптыр.

Жаңырык токтоп тымып калды айлана
Антон аны карап турду жай гана.
Мерген жигит келе берди тик басып
Жолдон жолдош көргөнүнө жандана.

Оттук чагып бопоросун түтөтүп
Антон эми бирди сунду мергенге,
Турганга окшоп атайы аны күзөтүп,
Дем берүүгө ушул жерге келгенде.

Кара жигит колхозчу экен бул кезде
Чыгып келген Куюлманын сайынан,
Жолдо иштеген, тоо бургулап бир кезде
Башталганда дайрага жол жаңыдан.

Сөзгө шыдыр шайыр мүнөз азамат
Жылытты окшойт Антондун да көңүлүн,
Мергенчиден болду жай-күй сурамак
Адетинче тартып коюп өңүрүн.

«Таштанбек» — деп атын айтты бул мерген
Ушул эле оволкусу суроонун.
«— Инженермин, атым Антон, досум мен
Жайын сурайм бул тоодогу буроонун?

Т а ш т а н б е к —
Эгер болсо мергенчилик жайында
Сура жолдош, жооп таппасам тарынба.

Антон — ушул экен ата-бабаң өткөн жер,
Кылым бойлоп мекендеген кыргыз эл,
Аны деги өзүң көрбөй калсаң да
Балким сага айткан чыгар билгендер?»

Таңырканды не сурайт деп Таштанбек,
Кайсы болду ошончолук доолу кеп?
Чоочун киши мени шылдың кылбасын
Жапан тура, түк эчтеме билбейт деп?

— Бул жерлерде тоо кулаткан болгонбу?
— Аска-зоону жара тарткан болгонбу?
«Эмне менден мындай суроо сурайт» —
деп
Таштанбек да таңыркана ойлонду...

— Ким кулатсын тоолорду?
Тоо качан бизге жоо болду?

— Жооп бер, жигит, ойнобой?
— Айтпадым мен ойлобой?

— Жомокто жер жуткан дейт сарандарды
Тоо басып калган дешет арамдарды.
Биздин эл билген да эмес, көргөн да эмес
Бул жерде тоо кулаткан балбандарды?..

Жылмайды да Антон турду аз гана,
Жаңы тааныш жылмаярлык сөз таба
Сын суроого, имерип жооп бергенге
Өз ичинен ыраазы болду шаттана.

— Же сен куудул, ырчы болуп жүрбөгүн?
Дагы, дагы жаш мергеним сүйлөгүн?
Таштанбек да бажырая карады
Баштагыдан жеңилденип абалы,
— Сиз кандайча ырчы дейсиз мени? — деп,
«Сиз» деп туруп эми жоопту сабады:

— Антон аке, тил да болбойт мергенде,
Айт деп чыгар үн да болбойт мергенде.
Мерген дудук, мерген аяр, ууру окшойт
Уга чыгып кайберенге келгенде.

Мерген үчүн улар ырдайт ышкырып,
Мерген үчүн кулан ырдайт бышкырып.
Мергенчи үчүн тоо эчки ырдап чүчкүрүп,
Сен турасың ичтен тынып үшкүрүп.

— Кантсе дагы ушул кебиң кызык кеп,
Мейли, мейли, дагы айта түш, Таштанбек?
— Добуш тыңшап мергендин кулагы
ырдайт,
Кырдан кырга булгалап тумагы ырдайт.
Тала тиктеп мергендин көздөрү ырдайт,
Жел жагына эчкинин асты турбайт.

Илбирс менен, мышыкча басып жүрүп
Кайберенди алган соң далдап көрүп,

Баң-баң этип бир сүйлөйт сенин колуң,
Чыкканы ошол ордунан күткөн оюң.

Ага чейин өцүп жат, дыбыш бербей,
Ок чыгарбайт мергендер мезгил келбей...

Антон калган алда нени ойлонуп,
Таштанбекти бир карады ормоюп,
Адетинче дагы тартып өңүрүн
Тике туруп бет алдында оңдонуп:

— Таштанбек мерген уккун сен,
Тоо жыкчу эрди таптым мен.
Туулган күндөн энеден
Тоо буза чыккан ким экен?

Анчейин эмес ушул кеп,
Эй, академик Таштанбек,
Бул тоодон киши издебейм,
Бул кызмат үчүн сенден бек...

Т а ш т а н б е к —
Антон аке, ал кайдагы Таштанбек?
Кай себептен академик болгон деп,
Түшүналбай сизден сурап турам кеп?

Таштанбеги ал кайдагы?..— дегенде
Антон турду мээрим салып жылмайып,

Дегенге окшоп чеки айттымбы бул жерде
Мергенчи да карай берди ыржайып.

Көңүлүнө жумшак күлкү толсо да
Мергенге Антон сүрүн салды кайтара
Сөз түрмөгүн момундай деп токтотту
Далдалаган аркы сырын аңтара:

— Асканын басып мизинен
Аткандын жайын билесиң,
Асканы жарып эми сен
Нарынды байлап бересиң?! —

Таштанбек —
Түшүнө албайм али мен,
Ким элең деги өзүң сен?
Катуу буйрук бересиң
Кандай, кандай себептен?

Антон —
Кимдигимди мен өзүм,
Кийинчерээк билесиң.
Жаргычтардын курсуна
Эртең барып киресиң!

Коммунисттер партиясы,
Өкмөтү советтердин
Бизге ушундай милдет берген.
Жып жылаңач жаткан зоодон
Жылаңайлак баскан жигит,
Бороон кетпес чокулардын
Башын жара аткан жигит,
Аска, зоого алышууга
Аскер курайм сендейлерден!..

«Суроо салып сынап турган чоң белем,
Жалгыз басып тоодо жүргөн ким десем,
Акыр мени койбойт окшойт бул немең
Айтканына макул болуп бербесем?» —

Ушуну ойлоп, чоочулап да, сүйүп да,
Таштан билди жөн киши эмес экенин.
Акыл айтса ойлонуп да, күйүп да
Ар ким каалайт акылдуунун жетегин.

Ооба, узабай Антон кайра жылмайып
Колун артты Таштанбектин ийнине,
Ушу азыркы тагдырына таңданып,
Мерген да эми кеталбады кийнине.

Антон, Таштан тоо башында турушту
Жылт-жылт этип жылдыз чыккан маалында,
Үнсүз гана көздүн кыйрын бурушту
Чарчагансып жылжып аккан Нарынга.

Тээ, төмөндө агат Нарын кылкылдап,
Түн ээрчитсе — тоо кеткенсийт былкылдап...

II

Тоо башында жолугуштан бер жакка
Толкуп, чалкып беш ай өттү арадан,
Андан бери не болбоду бул жакта
Мезгил чиркин озо чыкты санаадан.

Келгин куштар тоо көлүнө конгондой
Жемин таап кара — көлдүк болгондой,
Адамдар да орун басты ошондой
Эртең мындан кетемин деп ойлонбой.

Экскаватор бульдозёрлер чаркырап,
Жүрүп кетсе таш бакырат качырап,
Каршы-терши учкун болуп жылтылдап
Капчыгайда таштан жалын чачырап,

Бир вагонго Сергей менен Таштанбек
Кирišти эле баш калкалап турсак деп.
Төгүп келди жазгы жамгыр сабалап
Вагон суук, кай бирөөлөр зирилдеп.

Тоонун түбү — жээги эмесни Нарындын
Ыз-ыз этет сыдырым тынбай дайрадан,
Шагыл таштар түшкөнгө окшоп асмандан
Вагончого тык-тык тиет кайрадан.

Жумушчулар — куруучулар чогулган
Топурашып тойго келген эмедей,

Жатар-турар жай талашып вагондон
Кирип жатты бирин-бири тебелей.

Керебеттер жете бербей баарына
Каршы-терши тактай коюп жанына.
Жамбашына ар ким табат бир нерсе
Ылайыктап, эптеп уйку маалына.

Тоонун түнү жаз алдында эң жаман
Жазга аралаш кыш ышкырат кайрадан.
Орун жоктон керебеттин алдына
Төшөк салып жатып алат канча адам.

Эски жолдош Сергей менен Таштанбек,
Таштанбекке «Сен мында жат» — деди да,
А, мен болсом мобул жерге батам деп
Көз жүгүрттү керебеттин алдына.

Тартагай бой, кең далылуу, куш көздүү
Сергей болсо «Эксковатор» чоң жигит,
Тартайса да ар нерсеге деги эптүү —
Керебеттин алдына өзү лып кирип —

Көз ачкыча бир матрац жайылып,
Даяр болду жайлуу төшөк салынып,
Таштанбектин кой дегенин укпастан
Ал чечинди уктамакка камынып.

Айла канча, макул болду Таштанбек,
«Ну, анан?» — деп, Сергей сурап баштайт
кеп.
Алды жактан тамекинин түтүнү
Таштан жакка чыга келет ийрендеп.

— Үйрөндүңбү жаруу ишин жакшылап?
— Беш ай деген оңой эмес турбайбы.
Көрөбүзго дары салып чукулап,
Силкинтип да, булкунтуп да бул жайды.

— А Сергей, сен, бир жыл маалы
көрүнбөй?
— Оо, мен жүрдүм забойдо, иштеп
шахтада,

Үстү тегиз турган менен билинбей
Тоо турбайбы бүткүл жердин асты да.

— Буздум дечи жер астында тоолорду,
Кечтим дечи көлчүк, башат сууларды?
Токтогул көл, Токтогул ГЭС болорун
Сезген жүрөк алеп-жалеп кубанды.

Да-а, дос эми, тыйып чөөнүн күлкүсүн,
Бузабызго аюу, каман уйкусун.
Бул кол менен каршы-терши силкебиз
Кыргыз тоонун кыймылдабас тулкусун.

— А, мен болсо колхоздо эле болчумун,
Тоо, тоолордон теке терип алчумун.
Кароолума кайсыл айбан туш келсе —
Карс-карс атып кетирчү элем тамтыгын.

Антон ага таап алса болобу
Акырын басып ууда жүрсөм аскада,
Техника үйрөн, эми колуң салгын дейт
Көк тиреген кагыраган ташка да?

Антон, Антон... канчабызды апкелди,
Өзү уйкусуз, үргүлөтпөйт биздерди.
Кантсе дагы бизге көңлү ишенет,
Биз да сезсек анын жаны сезгенди?..

Эй, Таштанбек, сүйүп калдым дечү элең,
Кандай деги кайда жүрөт ал немең?
— Опоо-дүйнө ал да мында келиптир
Ооба досум, кечээ көрдүм аны мен!

— Неужели? Келди дечи чын эле?
Жаны баатыр, бир шайтан го ал деле?
— Ооба, Сергей, жалган айтам эмнеге?
Калпычы деп калгым келбейт жемеге!

Эртең көргүн, кызыл желек колунда,
Тап жылдырбай турат жолдун боюнда.
Не болсо да жүрмөк болдум жанашып,
Же бактымдыр, же болбосо шорум да?

Жалжылдаса кадим телки көздөнүп,
Канча кара — ошончо өңү өзгөрүп,
Сени астыртан сүзүлүңкү тиктесе,
Жатканы ошол көз сынынан өткөрүп.

Катар бассаң — сөз сүйлөбөйт момурап,
Алдыртадан кез-кез тиктейт жоодурап.
Бир тиктеши — мага бир жыл гүл азык,
Көңүлүм жалгыз ушул кызга оолугат.

— Жакшы достум, сүйүү бар да өмүр бар,
Сүйүүсү жок жер караңгы, асман тар.
Ата-энеси сен жөнүндө билеби?
Ал тараптан сага кандай кабар бар?

Кыя жерден алдына таш туш келип
Аттоо үчүн турган жандай токтолуп,
Бир аз токтоп, алда нени эскерип —
Таштан сүйлөйт кайра ордунан козголуп:

— Мен аны айтсам, Сергей досум, чоң
тарых,
Сени кыйнап далай жерге алпарып?
— Сактанбай айт сөздүн алдын кайтарып,
Мезгил эмес чарчай турган анчалык?

— Андай болсо чакчайтып жат көзүңдү,
Калтырбастан куй кулакка сөзүмдү.
Тарыхы жыл колхоз жаңы башталган
Көз алдыма келе калды шөкүлдү.

Энеси анын элге маалим Акинай,
Айта берсе аңгемеси бир далай.
Атасы өлгөн өткөн кандуу согуштан
Өмүрү бар кайгы аралаш ушундай...

Сергей жатты соруп коюп чылымын,
Катпай айт деп ширин жерин сырыңдын.
— Ооба, энеси оболку учкан карлыгач,
Кыскача айтам анын жосун, кылыгын,

Ошол кезде алды болуп кыздардын
Энекеси кызыл жоолук байланган.

«Келгениң,— деп, бузукусу калаанын»
Бай, молдолор жакаларын кармаган.

Так эле ошол отузунчу жылында
Жаш коммунист райкомдо иштеген,
Кулак-шумдар — «кыргыз мындай болобу
Орус болуп бул чокунган кыз» — деген.

Жок, чокунуп барган эмес чиркөөгө,
Бар жазыгы шаарчалап кийинген,
Макул болбой эркектен бет бүркөөгө,
Жемиш таткан аз да болсо билимден.

Ооба, Айдайдын чоң атасы ким десең
Алсыз кедей Султан байга жалчы экен,
Баш көтөрбөй малай болуп жай-кыш тең,
Акысына улактуу эчки алчу экен.

Ата-энеси алсыз, малсыз киши да
Акинайы интернатка кириптир,
Акылы тунук, жүрөгү курч жаш бала,
Зээни түшүп бат эле кат билиптир.

Ооба, досум, баш-аламан сүйлөйүн,
Эстегимди чолуп-чолуп айтайын.
Бул тоолордо бай, манаптар күндөн күн
Бизге каршы токтотпогон шайтанын.

Салык салса төлөбөөгө тырышкан,
Мал төк десе, басмачыга чыгышкан.
«Бүт бир айыл бир жуурканга жатат» деп
Караңгы элдин ичин бөлүп-жырышкан.

Райкомдон элге келген Акинай,
Сөз сүйлөгөн теги эч кимден тартынбай,
Түгөндү — деп бай-манаптар ичер суу
Акыл айткан кедейлерге ушундай.

Текебердүү, кытмыр эле Султан бай,
Тоого качып, басмачыга баш болгон.
Баш көтөргөн батрактарды мууздабай
«Токтолбойт,— деп,— көңүлүбүз козголгон».

Аңдып келип түн жамынып кулактар,
Кедей топтун төр агасын союптур,
Сактангын деп Акинайга активдер
Алдыртадан кабар берип коюптур.

Күндүз болсо көө шыбанып бетине
Баса кийип малакайды башына
Шөлбүрөгөн таар чепкен үстүндө
Кошо жүрүп энекеси кашына,

Мына үшүнтүп бул тоолордо Акинай
Иш жүргүзгөн басмачыга таанылбай,
Айла ойлошуп комсомолдор ар кандай
Буйт беришкен душманына кабылбай.

Ал кезекте тоодо кайда трактор?
Калың дыйкан кетмен, күрөк кармашкан,
Буурусун дейт, жыгач соко эптеп бир
Ошо менен жерди жыртып дан чачкан.

Кезегинде үңкүр ташка жашынып,
Кезегинде ороого баш батырып,
Акинай кыз бул тоолордо иштеген
Ар кадамы жоопун үшүн качырып.

Жүргөндөн соң Акинай кыз карматпай
Энекеси Салимага келишкен.
Айбан шумдар кыйноого алып ар кандай,
Алкымына бычак такап көрүшкөн.

— Тап кызыңды, үмүт кылсаң жаныңдан!
Таппайсыңбы азыр башың алынат!
Коломтодо күлүң калат жумшактан,
Сен капырдын эти иттерге салынат!

Кесеп кылыч күп-күп этип Султан бай
Азыр сенин ичемин дейт каныңды,
Азоолордун куйругуна сүйрөтүп
Чымчык кылып чыркыратам жаныңды!

Салима эне — Акинайдын апасы,
Акылга бай өзү курлуу далайдан,
Өтсө дагы басмачынын жапасы
Бой токтотуп мамындай жооп табалган:

— Менин алым келбей калган кызыма,
Көп жыл болду, өзү ээ болгон башына.
Болбой койду элет киймин кий десем,
Карабады көздөн аккан жашыма.

Үч-төрт жылы Ош, Ташкенде окуду,
Эч сөзүмө кулак какпай ачыгы,
Кемпир элем үйдө жаткан кудаа деп,
Кыйноодон не, куру менин башымы.

Анткен сайын басмачылар олунуп,
Салимага камчы салат жулунуп.
Ошондо да таёо болуп акылы
Апакеси мамындай дейт бурулуп:

— Ой мырзалар, мага деле жан керек,
Мен силердин тузуңардан татканмын.
Жайымча эле жүргөн жанмын кудай деп,
Неси жаман үйгө тынчып жаткандын?

Деги чыны уят болдум кыз үчүн,
Жаным тынсын, кармап алып сойгула.
Кыйын болду күн-түн сурак өтүшүм,
Бир кемпирмин, кур кыйноону койгула?

Тургандан соң энекеси мындай деп,
Ойлонткондой басмачыны ушул кеп.
Мен улук деп менменсинген Султан бай
Эсиргенде мамындай дейт эңкилдеп:

— Тирүү койсок сенин орус кызыңды,
Аны көрүп динден чыгат бардык кыз.
Ачтырам дейт токол бүткөн башымды,
Как түштө эле катыны жок калдык биз?

Жок катындар үйдөн карыш баспасын,
Эркек көрсө бети-башын ачпасын.
Кол куушуруп күйөөсүнө жүгүнүп,
Камчы жесе кайрып жооп айтпасын!

Чоң камчысын бөйрөгүнө таянып,
Жаалы кармап, эрдин улам жаланып,
Кана, эмесе Акинайды кармайм деп
Обдулганда эки жагын каранып;

Жылып-жылып кабак жактан, дөң жактан
Чыга келет чекчи аскерлер чамдашкан.
Кармашууга бурсаттары келалбай
Карышкырлар доңшуп кача башташкан.

Кабар айтып баштап келген Акинай,
Шыбыш бербей аскерлерди ушундай.
Атка ишенип качкан менен эчен бай
Ат үстүнөн томолонду дарбыздай.

Аңдып калган кечүүлөрүн суулардын,
Ээлеп алган канча ашуусун тоолордун,
Ар бир тушта абайлаша жүрбөсө,
Али буккан күчтөрү көп жоолордун.

Куштай сызып райондогу штабга,
Жетүү үчүн деле оңтойлуу Акинай,
Өлүм, өмүр тизгиндешкен бул чакта
Көздү жумуп сапар чекчү ушундай.

Комиссары чек арачы аскердин
Биздин посттор сени сырттан багат — деп,
Агылгалайт өтсөң дагы кай жерден
Кокустуктан сактаар мерчем табат — деп,

Элет жерде таяныч көрүп бул кызды,
Караңгыда кармангансыйт жылдызды.
Сак бол, бек бол кагылайын кызым деп
Канча жолу баяндаган турмушту.

Тоодо тагдыр кыл учунда турганда,
Туш-туш жактан душман кылыч сунганда
Жолго чыкса оюна албай өлүмдү
Оор иш барбы кыз балага мындан да?

Чоң күч менен бай, кулактан алынган
Куржун акча ортолуктун байлыгы.
Не жашырын далай кагаз салынган
Анда айтылган тоо элинин тагдыры.

Палан байлар тартылсын деп кулакка
Кол көтөрүп элдин берген токтому,
Белин бууп кыз чыгынган убакта
Жетер жерге эми жетет окшоду.

— Оо кандай сөз, бул сөз экен
Таштанбек,
Мен кызуулайм сен эпкиндеп айтсаң
деп? —
Сергей сорот дембе-демдеп бопорос
Баягыдан баш көтөрө тыңшап кеп...

— Ооба, Сергей, кийик тери тулупка
Акча, документ бек пыкалып солонуп,
Тулуптагы тамак экен десин деп
Ооз жагына жапкан нандан салынып

Мунун баары таар куржундун ичинде,
Чак болушту күн чоң шашке кезинде,
Ооз экилеп дагы айтышты далайды
Ушул сөздү бек сакта деп эсиңде.

Малакайчан эркек бала түрлөнүп
Кедей топтон бир адамды кошчу алып,
Жай баракат жолоочудай өңдөнүп
Эми Акинай жолго чыкты атталып...

Аттары да тың-тың гана чобурдан
Экөөнүн тең ээр-токуму эскирээк,—
Жөн кишидей келе жаткан айылдан,
Ар жагында эмне барын ким билет?..

## IV

Ошондо эле ушул Нарын күркүрөп
Суу билбестин өнө бою зиркиреп;
Агуучу экен жарды бойлоп алкылдап,
Кыйын болсоң кулач жайып кирчи деп.

Баш жактары, күкүрт чачып чамынып,
Ушул жери сайроо тартып жайылып,
Кечүүлөрдү оңкол мурун сары жигит
Кечирүүгө турган экен камынып.

Төө Төлөш деп атагы бар бул улан
Төө делинген балбанчылык жагынан.
Кандуу суудан сүзүп өтөт кайкалап
Жирегенге бышкан жигит абыдан.

Көрсөң бир дөө көөдөн кенен жакжайган,
Кол-бут сом-сом, чоң керемет дагдайган!
Ормоёт да «нуу» — деп коёт кез-кезде
Кеп жагына кедей болот андай жан.

Орусчадан билгени «Ну» жалгыз сөз,
Ошол сөзү ага кубат эрте-кеч.
Бир нерсеге же кубанса, таң калса
Төлөштүн да чагы болбойт «ну» — дебес.

«Нуу...» Акинай сенсиңби? — деп ыржайып,
Төө Төлөшү карап калды таңданып.
Чыбыктай кыз кантип сүзүп өтөт деп,
Ойтобоо — дейт өз жакасын карманып.

Балбан журту маңоо келет ушундай
Ушуну айтып аттан түштү Акинай.
Шарт камданып, чачты түрө байланып
Сүзүү үчүн жаян суудан тартынбай.

«Нуу, сен...» деди дагы карап Төө Төлөш
Эки чанач алып чыгып камынды.
Бир чаначта сүзчүлөрдүн кийими,
Бир чаначка бүт документ салынды.

Толгон акча катар-катар документ.
Салган чанач Акинайдын колунда.
Төө Төлөштүн кандайлыгын ким билет?
Кытмыр кыздын алда нелер оюнда...

«Нуу...» Сен кандай чыпалактай немесиң?
Чоң чаначты бери мага бересиң?
Оор жүктү көтөралбай сүзгөндө
Чөгүп кетсең жооптуу болом мен өзүм?

Дайра ичинде айлампа көп ар кандай,
Ал жерден сен айланасың топчудай.
Дайра ичинен кызыл жаян кан агат
Мына ошону түшүнбөйсүң сен кандай?

— Кан акса анда, өзүң эмне сүзөсүң?
— О — кокуй-оой, сөз талашып нетесиң?
Окусунан оодарылып кетесиң,

Анда сени кармай албай каламын,
Жаян жутса — кай бөгөөлдөн табамын,
Жар канатым, түпкө ошондо жетесиң! —

— Документ кагаз болот менин колумда,
Сүзсөм жүрөт калккан бойдон жонумда.
Төө Төлөш, сен, ачык ооздук карматып
Эртең элге мактангың бар оюңда!

— Нуу... Сен ашкан терсаяк кыз экенсиң,
Дайра ичинде кумурскадай тыбырап
Орто жолдо жаның берер бекенсиң?
— Мен жан берсем — жаназа окуй
кетерсиң!

Ушу менен сөз токтотту Төө Төлөш,
Келип калды дайрага эми сүзөр кез.
Экөө жонго бирден чанач алыппып
Эми Акинай демеп турду жүр деп тез.

Төлөш болсо кыл чылбырды арчыңдап,
Байлап колго, суугa кирди алкымдап.
Акинай да карыга илип чылбырды
Сүзүп барат катарында калкылдап.

Кезегинде ойноп коёт чабактай,
Суугa батпай калкып жүрөт калактай.
Дагы ичинен күңк-күңк этет Төө Төлөш
Кыялданган кызды карап алактай.

— Төөм байка, айлампага кетпейлик,
Чамда, чамда, милдет оор, эстейлик!
Ойноп, күлүп жаштык дооран сүрбөстөн
Ара жолдо биз арманда өтпөйлүк!..

Ушуну айтып Акин коёт каткырып,
Төө Төлөшкө көз учкунун чаптырып.
«Бул кайдагы желмогуз кыз эле?» — деп,
Сөздөн какайт дөө жигит да аптыгып.

— Буга чейин мени менен сүзгөндөр
А, дегенде ак сарбашыл айтчу эле.
Калкып, сүңгүп аркы жээкке жеткендер
Суу жээгинен араң туруп басчу эле.

А, сен болсо коркмок тургай күлөсүң,
Капталымда какшык сүйлөп келесиң.
Салса дагы түп жагына дайранын
Башың силкип кайра чыкчу немесиң.

Карап турсам түйүнчөктөй карасың,
Жаш жаныңда адам эмес балаасың.
Кыз башында ишин иштеп эркектин
Билип турам, сен чоң байге аласың.

Буга Акинай дагы күлдү каткырып,
Төө Төлөштүн ачык сөзүн жактырып.
— Сыйлык алсам теңи болсун сеники
Төө жигитим чапчаңда — дейт шаштырып.

Балким Акинай корккондугун билдирбей
Төө Төлөшкө асты сырын алдырбай
Бек тиштенип көрсөткөндүр кайратын
Боло бербейт кыз жүрөгү ушундай.

— «О-о, анда сен билесиңго мээнетти?»
— «Мээнет билсең — күтө аласың
дөөлөттү»
Бир оокумча дайра үстүндө жүрүшүп
Баатыр жүрөк балбан менен жөөлөштү.

— Адам чоочуйт сууга боюн салганча,
Багыт түзөп, кол-бут созуп алганча.
...Мына ушинтип жайын айтты төө Төлөш
Аман-эсен оң жээкке барганча...

Сергей улам соруп коюп чылымды
Бул эр кызды элес кылды көзүнө.
— Барбы ал киши, айтчы, Таштан, чыныңды?
Же учурдуң ордок кошуп сөзүңө?

— Аа-а — деп койду дагы Таштан
күймөлүп,
Али тирүү жашап турат ал өзү.
Кызуу менен ишке батып күүлөнүп
Чоң мертинткен ошол эрдик мүнөзү.

Бул чөйрөдө көп киши андан кабардар,
Канча иштерде жетекчи да болгон ал.

Ушу бүгүн пенсия алат жекече,
Чоң тизменин чокусунда андайлар.

— Пенсияга эрте чыккан мынчалык?
Кетпегендир анча деле картайып?

— Да бир жылы өтө катуу кып болуп,
Мал көп жутап башка түйшүк салыптыр.
Ошол жакка жетип барып октолуп
Ал киши өзү чоң милдетти алыптыр.

Жүдөп-какап жүрбөй далай адамдар
Кар алдында канча жүздөй калат мал,
Телефондор уйку көрбөй чыркырап
Үстү-үстүнө үймөлөктөйт талаптар.

Үйүлгөн соң оор милдет үстүнө
Жут кырчылдап турган жерге барыптыр.
Жакын жүрүп касабага, күрткүгө,
Өзү окустан көчкү астында калыптыр.

Калган шордуу кар астында басылып,
Чыга албаган оңой менен ачылып.
Кардын суугу коюн-кончто ышкырып
Назик деңге муз тумшугун батырып.

Акыр бирөө кайда экенин билиптир,
Анан барып кардан сууруп алышып,
Чала жанга эптеп айла болуптур
Шашып-бушуп доктурларга барышып.

Кайран киши жашы элүүдөн жаңы ашып,
Дарттуу болот кайрат-күчтөн адашып.
Айбат менен али жүрөт жан сактап
Кайрып токмок кыскан дартка жадатып.

Мындан ары сүйлөй албай өзү да,
Кирпик катып чыпталышып көзү да,
Үндөбөстөн сөз салса да оозуна
— «Э-э — » деп коюп жатып калды созула.

Тыңшап жатып «даа» — деп койду Сергей
да,
Кыял аны алып чыкты ар кайда.

«Оор күндө өткүрлүгүн, бектигин,
Тоо кыздары болот экен мындайда?

Тоодон учкан алты канат ылаачын
Кан күйгөндө канча жазган кулачын.
Бир кырсыктан өксүгөнүн карасаң
— Өтөп жүрүп тууган элдин мудаасын!» —

Сергей жатты мына ушуну ойлонуп,
— Таштан — деди кайра бери толгонуп:
— Ошол эне өзү өстүргөн кыз бала
Көрбөсө экен бир да күнү кор болуп?

Айтчы Таштан, сенин сүйгөн, Айдайың,
Тарткан бекен энесинин мүнөзүн?
— Неге жүрөт боюнда бул дайранын?
Мына ушуну кандай дейсиң сен өзүң?

Бул суроого Сергей жооп айткан жок
Дагы оозунан бурулдап көк түтүнү,
— Тилим күйдү дей көрбөгүн тиштеп чок
Эми сенин көрөм деди күчүңү...

Өзүнө окшоп өкүм Нарын дайранын,
Дайрасынан кыздар таалим алганын
Ойлоп Сергей, көз жетпестей ой түбү
Үнсүз жатты айталбастан ар жагын...

## V

Көп узабай көз чыпталып жумулуп,
Сергей кетти аркасына бурулуп.
Азыр кайра Айдайды ойлойт Таштанбек
Узун санаа мыжыгылап, думугуп.

Тыпылдатып жамгыр эмес Айбүбү
Вагончону тырмак менен ургансыйт,
Кандай жигит уйкучу деп бул түнү
Көзү күлүп кытмыр карап тургансыйт.

Кыз болсочу суук тамчы болгончо,
Арманы не кыз жанында ойгонсо?

Жигиттерге кантип уйку жолосун
Узун түндө кыз жөнүндө ойлонсо...

Көп күн, көп ай желдей сызды арадан
Зекий карап сөзгө келбейт Айбүбү.
Койкоктогон короз моюн Айбүбү
Колго тиет жан тындырып кай күнү?

Кылыгын көр кара тору селкинин,
Күчтүүсүн көр сыр чектирбес эркинин?
Өмүрүмө ушунчалык сен кымбат
Өзүң эмес көлөкөңдү эрчидим...

Ой Айбүбү, о Айбүбү, Айбүбү,
Өз оозуңдан сөз угамын кай күнү?..
Ушуну ойлоп мас кишидей деңгиреп
Жигит алек уйку таппай бул түнү...

Бир кезекте вагон кетти калтырап,
Тоодон жаңы дайра аккансып аркырап,
Алда качан жер да көзүн ачыптыр
Тоо башына таң келатат жаркырап,

Таң кылая даярдашып жаргычтар
Дары менен бир урчукту аттырып,
Жылдыз тарап баш көтөрүп тоо, таштар,
Бир зоо сынса, бир зоо чарк-чарк
каткырып.

Таш тоолордо жамгыр кайтып күчүнөн
Үрпөк булут сабап койгон жүнгө окшош,
Жай табалбай бул тоолордун төшүнөн
Жалбырлашып чокуну апат тартыш кош.

Жер солк этсе вагон бир аз термелип,
Жалпы ойгонду жатышкандар бой керип.
Көзү-башты ушалашып алышып
Чоң чакадан бир-бирине суу берип.

Убакыт жок асемденер жакшылап,
Куруучулар жуунушту окшойт шапшылап,
Кызыл зоонун этегинен сары туман
Кел мындалап жигиттерди азгырат.

Жарылуудап вагондорду ойготкоп
Жолду бөгөп калган экен таш жайнап,
Андай чакта Сергей карап турбастан
Жөнөш керек бульдезорун эми айдап.

Ойготкондой бирөө чымчып сапынан
Мурун туруп жаткандардын баарынан
Таштанбек да учуп жетти жанына
Бульдозерун жүргүзөрдө жаңыдан.

— Сергей, мен да ишке бүгүн чыгамын,
Азырынча сага жардам кыламын.
Кана тоого калдырттатып жөнөчү
Көрөйүнчү бульдозердун кылыгын...

Олтурушту кабинкеге жанаша,
Бир-бирине кээде сүйлөп тамаша.
Тытырлатып, качырлатып жөнөштү
Жол бөгөгөн урандыга карата.

Көз учунда, тэ — береги ар жакта
Кысталышта, кычыктагы жар таш да,
Чамындыдан от түтөтүп жылынып
Бирөө турат андагыдан бир башка.

Бульдозер да улам ары татырап,
Жөн баспастан желгенге окшойт азыраак,
Жөнөп барат, жөнөп барат суу бойлоп
Жетсем дейби үймөк ташка батыраак.

Таштанбектин көөнү ачылып таң менен
Эликкендей ырдап барат дембе-дем.
Азыр эле айкалыша кетчүдөй
Алдын тоскон бир асылкеч жан менен.

«Да-вай дос» — деп Сергей карайт
жылмайып,
Созот үнүн Таштанбек да ыргалып.
Күн шооласы тоо башына илинип
Коштойт ырды кабинкада нурланып.

Мына Таштан, төшүн ачып жакжайып,
«Айдайым» дейт эт, жүрөгү элжиреп,

Качан болсо сүйүү чиркин сенде айып,
Жүрөк байкуш желек болот дилдиреп:
Жаңы кымкап чапандай
Жаркылдайсың Айдайым,
Жазбай салган жоргодой
Шаркылдайсың Айдайым.
О, Айдайым, Айдайым.

Көкөмерен, жалбыздай
Бурулдайсың, Айдайым,
Күздүн сары желиндей
Жымылдайсың Айдайым,
О, Айдайым, Айдайым.

Тоонун тунук көлүндөй
Мелтирейсиң Айдайым,
Тоого бышкан жүзүмдөй
Мөлтүрөйсүң Айдайым.
О-о, Айдайым, Айдайым...

— О-о, азамат, акынсың го бир далай,
Не жүрөсүң эл алдында ырдабай?
Качан болсо урук себет жаныңа
Көңүлүңө ырдын берген жыргалы-ай...

Болду белем көңүлүнө медер чоң,
Эргий түштү Сергей мындай деген соң,
Таштанбек да бир тынбастан каркылдап
Калбай эрип жүрөктөгү каткан тоң:
Маңдайда кош панарың,
Көкүрөктө эки анарың,
Жазы журтта жок белем,
Жаз гүлүндөй жамалың,
О, Айдайым, Айдайым.

Ай аскага чыкканда
Дарбазаңды ким ачат?
Чолпон нурун чачканда
Терезеңден ким басат?
О, Айдайым, Айдайым,

О, Айдайым, Айдайым,
Алдыңда эми сайрайын.

Алты ооз сөз айталбай
Арман кылып калбайын?

О, Айдайым, Айдайым,
Көркүңө тил кайрайын,
Сөздөн башка күчүм жок
Сөздөн сөлтүк калбайын!

Улуу дайра боюнда
Өзүңө окшойт кайсы кыз?
Убал болуп жүрбөсүн
Ичте кетсе дартыбыз?

О, Айдайым, Айдайым,
Арстанбап, Аркыт жайдайым,
Арманым ук жок десе,
Алдында бир аз сайрайын?..

— Алоолонтуп келе жатып жаш демин
Ырдаганда алып учкан үн менен
Кызуулукта кайсы жерге жеткенин
Кантсин, азыр курган Таштан билбеген.

Өзү дагы ушул ырдай болгондой,
Сергейди да бийлеп алган ширин ой,
Бульдозерду лып токтото койду да,
Же ойлонду, же болбосо ойлонбой —

Эмне үчүндүр кабинкадан шарт чыгып,
Таштанбекти тартып алды колунан,
(Турган экен жакын жерде Айбүбү
Бул экөөнүн бара жаткан жолунан).

Тура калып, ал шыбырап кыйкырды
О, Айбүбү, бер жакка тез келгин — деп,
Улам-улам тумак булгап чакырды,
«Бир бечара жаман болду, көргүн?» —
деп.

Бул эмнеси, досум Сергей канткен? — деп,
Кеп айталбай шашып калды Таштанбек.
Ылдый тартты оозун басып Сергейдин
Чоң таарынам дагы ушунтип айтсаң кеп...

— Жүр эмесе, азыр эле барабыз!
Сен ырдай бер, бетме-бет сөз салабыз.
Айбүбүнү илип кетсе да бирөө,
Сен экообуз тизебизди кучактап,
Ырдай албай көз жаш басып бышактап
Уят болуп эл алдында көрүнөө
Боп-боз болуп ташка минип калабыз?..

— Болбойт досум, мен Айдайдан уялам,
Иш бузулат, сабыр кылгын, суранам?
Жок дегенде ошого арнап ырдасам
Кол жеткендей корстон болуп кубанам.

Ишен, менде ырдан башка айла жок,
Азырынча алкынуштан пайда жок.
Балким Айдай деле мени сүйбөстүр,
Безилдеген мендей бирөө кайда жок?

« — Но, ладно, ырды мага жазып бер?
Ырдаш керек кыргызча ырды мендейлер?»
Айласыздан макул деди Таштанбек,
Айтышууга тар көрүнүп мабул жер.

Улам-улам оозун басып Сергейдин
Таштанбектин заманасы куурулду.
Бул жумушу жүрөк жайын билгендин
Экөө кайра бульдозерго бурулду...

Нарын жатты желбирлетип ак чачын
Дагы айтабыз кезек жетсе башкасын.

## VI

Так ошондон көп күн өтпой арадан
Таштанбекке «Айдайымды» жаздырып,
Алда кандай ою бар бейм самаган
Сергей эми өзүн-өзү шаштырып.

Төш чөнтөккө салып коюп бул ырды
Кээде-кээде алып окуйт акырын,
Бул сөздөрдүн кубатына сыйынды
Балким анан кыз айтар деп ачыгын...

Өтө берип дарыя бойлоп ар күнү
Турган жерден желек кармап Айбүбү,
А деп, бу деп, тааныш болуп алганы,
Шылдың сүйлөп, шылк-шылк күлүп кай
күнү.

Ушул бүгүн түш оой бошоп сменден
Дайра жакка Сергей чыкты атайын,
Айбүбүгө жакын келип жеткенде,
Айтмак болуп алда ненин жөн-жайын,

Азыр өтпө ушул жолдон дегени,
Кызыл желек силкип койду кайырып,
Дегенге окшоп көргүм келди мен сени,
Бармак менен Сергей жаңдайт жалынып.

Бул мүнөзгө жылмайды да Айбүбү
Баш ийкеди келсең келгин дегендей,
«Сергей мага не сөз айтат бул күнү?» —
Кыз ордунда тура берди кебелбей.

Сергей келип кол алышып жылмайып,
Сынагандай, көзүн тиктеп ыргалып:
— Кыргызча окуу билесиңби, Айдай? —
деп
Кытмыр күлүп оозун койду карманып.

— Кыргызча эмес орусча да билемин,
Сергей, сенин бул эмине дегениң?
— О-о — жакшы экен сен кыргызча тил
билсең,
Карап көрчү, мен бир жазуу беремин?

Бейкам турган Айбүбү да баятан,
Бул кыргызча не берет деп болду таң.
Суна берди «Айдайымын» Таштандын
Колуна алып камдап турган жанатан.

Бек таңдана кыз колуна катты алып,
Окуп жатты баш көтөрбөй суктанып.
«Ахаа, сага кантип жакпай койсун» — деп,
Сергей турат өз ичинен шаттанып.

Бети балкып Айдай кетти тамылжып,
Жүрөгүнөн чоң сүйүнүч ташкандай
Көптөн бери жүргөн сүйүү сагынтып,
Кел мага деп эшигин шарт ачкандай.

Ар бир сөзү бермет болуп жаркырап,
Көзүнө эмес жүрөгүнө талпынат.
«Айдайым» деп көңүлүн бүтүн бериптир,
Бул ааламда Айдай жалгыз барчылап.

Башка кызга деле көңүл бурбастан
Айдайым деп алеп-желеп ыр жазган,
Тике басып өзү алдыма келалбай?
Бул ким деди кагаз берип сырдашкан?

Ооба, ооба эпкини бар таланттын
Алдамчылар мындай сөздү айталбас,
Алга серпкен чалгыны бар канаттын
Мындай неме кадамынан кайталбас.

«Айдайымдын» ар бир — ар бир саптары
Алоолонуп жалын болуп жатканы,
Айбүбүнү ушунчалык жоошутуп
Тунжуратып ойго салып таштады.

— Жазган ким? — деп, кыз турганда
сурап сыр,
Ормойду да Сергей жооп айтпады.
Айтчы сен деп кандай экен биздин ыр
Айбүбүнүн оюн чеге баштады.

Айбүбү да деги эле сөз сүйлөбөй,
Бир оокумга туруп калды үндөбөй.
Сергей болсо «чабуулга өттү» токтоосуз
Туралбады каттын күүсүн күүлөбөй.

— Бул жигитке көзү түштү кыздардын,
Апкетишет, өзү жакшы шашкандын.
Эх... жакшы го бул капчыгай, дайрада
Баш кошушуп багы ачылса жаштардын?

Ушул жигит айтсам сага «во» кандай
А, сен болсо жар болорсуң мамындай...

Улам-улам баш бармагын көрсөтүп,
Чулгуйт Сергей, мындан чоң сөз
табылбай.

— Сергей сага эмне керек?
— Бул кыздарда акыл барбы, баш барбы?
Мен да ушуну түшүнгүм келет?..

Бул бир бүркүт тоодон учуп талпынган
Кулаалыны алда кайда калтырган.
Башка бирөө кармап кетс озунуп,
Чоң өкүнөт пейил күтүп олтурган?

— Кармай берсин бүркүткө сук
арткандар,
— Жаман болот, жаман болот о-о, анда,
Кулаалы кармайт торун жайып жаткандар.
Чыга бербейт желек кармап ар дайым,
Өзүмө окшоп достук акыл айткандар? —

— Сен эмне эле мынча мата жабыштың
Сергей, сага эмне керек деп жатам?
— Кереги жок анчалык көп жумуштун
Сен да азыраак кагаз жазып ырдасаң?

— Түшүнбөйсүң кандай сен?
Ырчы эмесмин Сергей мен! —

Ооба ушунтип көздөн ызгаар чачырап,
Айбүбү да таарынгандай азыраак
Жадагандай түр көрсөттү Сергейге,
Ушул жерден кетсе экен деп батыраак.

— Айдай, жанды керети не кыйнаштын?
Сен кагазга мен да сүйөм деп жазгын?
Кызды астыртан карап койду жылмайып,
Көзү менен замандаштын, сырдаштын.

— Эмнеликтен тилиңди алам сенин мен?
Айтчы деги мага бүгүн кимсиң сен?!

— Таанысаң азыр мени сен ким деп?
Сурап турсаң кайсы жерден көрдүм деп,

Ушу бүгүн менин атым Таштанбек
Айтып турам мени да бир көргүн деп...

...А дегенде жылмайгансып турса да
Бек туңжурап катып калды Айбүбү.
Оозу-башы сүйлөгөндөй болсо да
Сергейге анын угулбады эч үнү.

Сергей берген ыр кагазды кармап бек
Тиктеп туруп башка бир ооз айтпай кеп,
— Охоо, анда Сергей болбой ал болсоң
Марш эмесе өз жолуңдан калбай! — деп,

Тике карап түсүн үйрүп Айбүбү
Жерди көздөй силкип койду желегин.
Билбесе да жооп болорун кай күнү
Сезгенге окшоп кыздын эмне дегенин.

Ийкеп башын айыптуудай жылмайып,
Кол булгалап Сергей кетти ыргалып,
Ың-жың болуп туруп калды Айбүбү
Эч күтпөгөн эчен ойго чырмалып.

Кыз чиркиндер баралына толгондо
Көңүлүнө түйөт дечү далай сыр.
Ошондо да кантип алсын болжолго
Жигит арнап мага ырдайт деп мындай ыр.

Тээ далайга Сергей узап кеткенде
Окуп кирди каттагы ырды кайрадан,
Кайталады мобул жерге жеткенде
Ар бир сөзүн, арман-муңун сайратан:

«...Ай аскага чыкканда
Дарбазаңды ким ачат?
Чолпон нуруп чачканда
Терезең жактан ким басат,
О, Айдайым, Айдайым...»

«О, Айдайым, Айдайым» деп өзү да,
Ырдагансып ырчы келип капына,
Анан кийин күңгүрөңдү ичинен
Не дегенин угуучудан жашыра —

Өзүнчө бир улутунуп алды да,
Бүктөп-бүктөп катып алды кагазды,
Желек желпип атбой берип салды да,
Тиктей берди улуу дайра тарапты...

## VII

Серүүн согот дарыя жели желбиреп,
Желге ийкелет тоо гүлдөрү үлбүрөп.
Жатканга окшоп туюк-туюк сүйлөшүп
Каршы-терши капчыгайлар дүңгүрөп.

Күлүмсүрөйт тоо башынан күзгү кар
Күн мемирейт жылууланган чагы бар.
Сыяктанып тоо үстүндө тынчы бар
Уктап жатат токтоп калган булуттар.

Баштатадан баскак бел дейт бул жерди
Этегин бүт жаргынч чукуп жиберди.
Инженерлер, атыгышкан жаргычтар
Баскак белди аркы-терки имерди.

Баскак белдин калың камыш бер жагы
Кылк-кылк аккан дарыя Нарын ар жагы.
Дарыя болсо окшоп тоңгон толкунга
Тунжуроодо түпкө түшкөн салмагы.

Кайсы айбан жок Баскак белдин
тоосунда,
Не шумдук жок түнт токойлуу коосунда.
Ээлтеден эсеп жеткис айбанат
Өрүп жүрчү Баскак белдин оозунда.

Белди этектеп жаргычтар да, ойгучтар,
Сыяктанып тоого картык койгучтар.
Белди айланта жүздөй жерден тешишип
Дары көмүп, бүт болгондой сарамжал.

Алганга окшоп тоо тескейин чүмкөнүп,
Антон турат саатын карап бүркөлүп.
Тоо баштары тоорумактап бул белди
Тиктешкенсийт бул көңүлүн көмкөрүп.

Таштанбектин кирпиги чаң, бети чаң,
Сыяктанат топурактан бүткөн жан!
Аяр басып жетип келип Антонго
Рапорт берди сыр айткандай алдыртан.

— «Белди этектеп казган чукур бүт
толду.
Отуз тонна жаргыч дары сап болду» —
Мына ошондо «Сигнал» — деди Антон да,
Сигнал атуу... бүткүл кыймыл токтолду.

Коркунуч доошу дароо шоокум салганы
Четке сүрүп бир да адамды калтырбай,
Жол тарытып кыстап турган дайраны
Ушул белдин сыры өзүнө айтылбай.

Ыз-ыз этип бирин-серин чиркейлер,
Сүйлөшкөнсүйт алдыртадан камыш, жел
Бир чай кайнам үнсүз-сөзсүз тиктешип
Далда жерде жумушчу да, инженер...

Бир кезекте та-арс-т-а-арс этти Баскак бел
Беш атарлап атышкандай эки аска,
Дүңк-дүңк этип көз алдыда көчүп жер
Кулангансып тоо бөлүнүп беш башка.

Солк-солк деди өзүнчө жай жаткан тоо,
Дайра тип-тик аркан бою атылып,
Көтөрүлүп көк чаңгыл жал сары туман
Каптап калды тоонун жармын жашырып

Тоо ичинен чагылгандар чартылдап,
Ойногонсуйт булут жирен жаркылдап.
Жети кабат жер титиреп кеткендей
Тоо калчылдап, тоо көчкөндөй солкулдап.

Тө чокуда көк ала зоо жактардан
Какыраган таштай каткан ак кардан
Тегирмендей, үзүктөйдөн бөлүнүп
Эңкилдеп таш келаткансып асмандан.

Күп-күп этип ар кай бетке бир тийип,
Жө учкандай шамал канат тоо кийик

Дир-дир кагып түшүп жатты дайрага
Ай селк этер асман күчүн билдирип.

Ырчы журту сөз учурма дебегин,
Ыңгыранган дайранын көр тереңин
Боз үйдөй таш барып түшсө чалк этип
Ы-ш-ш-ш деп турган тереңдиктин кереңин.

Аркы бетке таш атылып баралбай
Бармак турсун дайрадан баш алалбай
Житип кетет чопо суунун түбүнө
Нарын деген жаян тура ушундай.

Карышкыр улуп, уй мөөрөгөн сыяктуу
Капчыгайда жаңырык-чуу кулакты
Тундурду да, тундурду да, тундурду
Алааматтай так эле ушул убакты.

Ошол кезде те чокуда сен турсаң,
Калп айтпа деп капталында мен турсам,
Көрөр элең зоока менен колоттон
Мейли деле дүрбүсү жок олтурсаң:

Гүү-гүү, солк-солк силкингенде төрт тарап
Балким калды аюу чыкпай чээнинен,
Эстен танып талып түштү айбанат
Козголалбай баскан-турган жеринен.

Жаткан кезде тоонун боору бөлүнүп,
Тоо солк этсе — асман кошо дирилдеп,
Көктө уктаган булут нечен сөгүлүп,
Калкып алып качты окшоду бириндеп.

То үстүндө калкылдаган канаттуу
Бүт чайпалды оодарылып кетчүдөй,
Безе качты бир карабай арт жакты
Тоодон учкан таш кубалап жетчүдөй.

Жеткен кезде ава толкун жазылып
Шуу ачылды камыштардын арасы,
Эшик төрдөй илбирс мындан атылып
Каптал жакка ыргыганын карачы!

Тоо боруна батып-батып тырмагы,
Таштан-ташка аткан октой зыргыды,
Сапырылып буту тийген жерлери
Арт жагынан боп-боз куюн бургуду.

Көзгө илинбей таштан-ташка секирип!
Кээ бир жерде ажыдаардай созулуп,
Зоодон-зоого учуп тийип отуруп,
Кетти окподу булуттарга кошулуп...

Бырпыраган кыргоолдорду карагын
Сүңгүп учуп кырдан ашып баратты,
Жапан чочко азууларын сүйрүйтүп,
Сазга көнгөн тумшуктарын түйрүйтүп,
Адагы издеп кутулуунун амалын
Кылчайбастан кыш-быш этип жол тартты.

Кырды айланып элик бүткөн чунайып,
Алда кайдан аппак таңы кылайып,
Кетип жатты желдей сыпаа сызылып
Тынч ордунан качканына муңайып.

Тоонун боору чатыр-чутур эткенде
Картаң таштар, карч-карч сынып кеткенде
Эчки-теке мүйүздөрүн аркайтып
Чыга түшкөн ачык-ачык беттерге.

Не болду деп айбанат да таңданып,
Басып келсе тоо бетине жарданып,
Жел искеген сактыгынан ажырап
Тоого түшкөн тополоңго арбалып.

Асканы аңдып жаш жүрөгү дикилдеп
Көз айырбай жаткан болчу Таштанбек,
Таң сөгүлө ала келген мылтыгын
Оңу келсе баң дедире бассам деп.

Асмандагы толкун менен элешип
Тоого сиңди топурак туман бөлүнүп,
Токтолду бейм жеткен-жеткен жерине
Тоодон түшкөн шагыл, кумдар төгүлүп.

Билесиздер тоолуктардын мүнөзүн,
Кээде кетет токтото албай бир өзүн,

Өңүп барат оодо жакка тырмышып,
Кантсе да эми Таштанбекти көрөсүң?

Бир кездерде эчки өөдөлөп кайрылып,
Бараткада карааныннан айрылып,
Батинкесин чече салып Таштанбек
Эми турбай теги эч кимден айбыгып,

Бирде калса коңул жерге бекинип,
Бирде чыгат ташка эчкидей секирип,
Тийген жерде мергенчинин таманы
Мизи кайтып таш калгансыйт жешилип.

Инженерлер, тоо техниктер, жаргычтар
Таштанбектин бул эмнеси дегендей —
Суроо сала Антон жакты караштьт
Антон турду ойлуу тиктеп кебелбей.

«Кайда калды альпинисттик эреже?
Учуп-күйүп эрсипет бейм деги эле?
Буту-колун кесип-тилип кетпейби
Бычактай таш, кылычтай таш эми эле?»

Муну айткандар Антон жакка муңайып,
Кай бирөөлөр каарына алып кубарып,
Ушул азыр сөз берчүдөй Антонго
Бир купуя ишенимдер куралып:

— Илбирс достор, илбирс — деди Антон
да,
— Коюнузчу? Ошондой деп айтам да?
Үшү качып селейишип кай бирөө
Элең-селең боорго көз салганда —

— Адам илбирс, адам илбирс турбайбы,
Мен укчу элем жомоктордон мындайды.
Тоодой эркин куюн мүнөз жигитти
Мунусу үчүн айыпкердей кылбайлы?

Жылаңайлак ыргып чыккан зоокага
Табийгы күч, тамаша эмес бул сага.
Керек болсо темир өтүк кие алат
Ширенкедей шек кылбаймын мен ага! —

— Торосо да токтоталбай миң тоолор
Терең түшүп тентектенген Нарынды
Бөгөмөкө мында келдик, жолдоштор
Бир мергенди тартипке алыш кыйынбы?..

Мындан кийин түс үйрүүнү коюшту
Баарысы ойлуу, баш ийкешти сүйлөбөй.
Маашырканып мүнөзүнө тоолуктун
Же мактабай, же жекирип тилдебей,

«Октум-соктум тоо мүнөздүү бул жигит
Тоо текедей таштан ташка бир тийип,
Табийгаттын сүймөнчүктүү жапандык
Өз уулунан бизге сырын билдирип» —

Муну ойлонуп Антон турду жылмайып,
Али бизде жапан күч деп мынчалык,
Дайрадай мол бул күчтөрдү колго алып
Көтөрсөң сен — берекеси канчалык?!.

Сары асканын тээ аржакы четинен
Күн тийбеген күүгүм тарткан бетинен
Чаң-чаң этип, улашышты темир үн
Ок чыккандай эң бер жагы экиден.

— Жетпейт эле жылаңайлак куубаса,
Эчкилердин өтөр жолун буубаса,
Сергей турду тоону тиктеп ормоюп
Таштанбегим альпинист деп тубаса.

Бирөө айтты — ар ким мактайт жолдошун,
Бирөө айтты — ал мерген деп көзгө атар,
Жылаңайлак басып жүрүп тоо башын
Тамандары чорго бышкан жүз катар.

Бульдозерлор кардай күрөп шагылды
Ташты түртүп жол таманын ачканда
Опур-топур кайра кыймыл агылды
Жүк машина каршы-терши чапканда.

Мышыкка окшоп ыргып чыккан бир ташка
Таштанбек да көзгө элестей калганы,
«Мынакей» — деп баары тиктеп бир паска
Олжосуна ар ким көзүн салганы.

Бир жеринде кумга копо жылбышып,
Ташка чыккан бадалдарга тырмышып,
Чыңкы ылдайга түшүп келди Таштанбек
Таштан ташка ыргыгансып бир мышык.

— Үч эчкини, бир текесин жайладым,
Үч килдей эт, мобул жүрөк алганым,
Анча жүктү көтөрорго күч жетпей
Таш үстүнө таштап келдим калганын.

— Молодец! — деп Сергей тосуп жолунан,
Кучакташты бекем кысып колунан.
— Анан барып шашлык жасайт экенбиз
Тоюнабыз мергенчинин тоюнан...

Антон дагы төрөй басып мергенди,
Күлүмсүрөп эркелете кол берди.
«Бышырчы деп тоо текенин жүрөгүн» —
Бир четтеги таш очокко бир келди.

Таш очокко отту жаккан Айбүбү
Утурулап басып турган ыргалып,
Эт жетет деп шишкебекке бул күнү
Келгендерди карап койду жылмайып.

— Ээ, Таштанбек, оорубайбы таманың?
— Таш албаппы, кол-бутуңду карагын?
— Бат айыгат оорусa да таманы
Илебинен атыр жыттуу абанын.

— Бала күндөн тамандарым чор болгон,
Каткан чорлор чүкөдөн да чоң болгон.
Те береги эчки-теке өтчү бел
Менин бутум тийген сайын оңдолгон.

Кабак бир аз билинбестей чытылып,
Турганга окшоп сөз баштоодон кысынып,
Антон кайра оболку оюн улады
Улам жаңы сезимдерге тушугуп:

— Айтчы, Таштан, кыргызда чоң
мергенди,
Атак-даңкы эл оозунда келгенди?

Антон ойлуу тиктей калды бир азга
Таштан шашты кимди айтарын билалбай,
Карай берди тиги Айбүбү тарапка
Деген өңдүү жооп айтайын мен кандай?

Болор-болбос жылмайды да Айбүбү
Кайра дароо бүркөй салды кабагын.
Ким билиптир шаңк деп күлөт кай күнү
Алда кимге жаркыратып жамалын?..

— Кожожаш — дейт чоң мергенди
кыргыздар,
Алигиче эл оозунда даңкы бар.
— Качан болгон, кайсы жерде жашаган?
Ачыгын айт анык болсоң кабардар?

Ошондой деп ырдап жүрөт ырчылар
Чыккан имиш Аблатундун тоосуна.
Эл чогулуп сөз болгондо мергендер
Ырчы аттуулар ошону алат оозуна.

— «Ал кишини көргөн, билген адам жок,
Эзелтеден эл сүйлөгөн бир жомок.—
Ушуну айтып сыпаа гана Айбүбү
«Бу кантет» — деп Таштан жайын ойлонот:

— Айдай кызым, жомокту элден уккансың,
Китебин да казып окуп чыккансың.
Ашуулардан жомок барып такалган
Бүгүн бизди анык турмуш куткарсын...

Антон минтип бурулду эле Айдайга
Көңүлү тынчып жанданды окшойт Таштан
да,
— Алиге бар Кожожаштын аскасы
Неге ишенбейм эл көрсөтүп айтканга?

Ооба болгон анын уулу Молдожаш
Ага күбө ар бир дөбө, ар бир таш.
Качантадан ашуу ашып жүргөн сөз,
Кадыр кылып калк айткан соң калп
айтпас?

Жылмайды Антон Таштанбектин сөзүнө,
Жумшак, достук күлкү толуп көзүнө,
— Ал китепти мен да окугам, Таштанбек,
Кызык жомок, жаман дейбиз несине?

Ал Кожожаш элдин эски жомогу,
Жомок ырды жомок бойдон коёлу.
Ал Кожожаш бул тоого да чыккан дейт
«Дейтин» угуп айтпай койсок болобу?

— Жок, аксакал, болгон эмес бул жерде
Бүт эл билет мерген өткөн кай жерде?
— Болгон, болгон, өзүм көрдүм мен аны,
Чуркап жүрөт ташка жукпай таманы!..

Байкай койду четте олтурган Айбүбү
Не себептен Антон айтты бул кепти:
«Таак-та-ак секирип,
Таштан ташка чыгып кетти сур эчки»

Опондой деп сөз кыпчыды жымыйып,
Ойго батып жер карады мулуюп.
Антон кыздын шылдың сөзүн түшүнүп,
Мамындай дейт дайра жакка бурулуп:

— Даа, Таштанбек, жомоктогу Кожожаш
Чын болсо эгер анын сөөгүн жуткан таш.
Бизге керек Кожожаштын тирүүсү
Жашай турган өзүбүзгө аралаш...

Бул тоодогу Кожожашты мен көргөм,
Таштын тоосун талкалашып бир жүргөн.
Жармашканда жалама зоо-аскага.
Жүрөгүнүн баатырлыгын билдирген...

Антон мага дагы не деп айтат деп,
Таштанбек да жер карады туңжурап.
А, дегенде жомок жактан баштап кеп
Эми инженер сыр чубатты зыңгырап:

— Өмүр чоң тоо — бир чокусун кар
баскан,
Бир бетинде өңкөй гүлдөр жайнашкан.

Баскан жолуң байкап, карап жүрбөсөң
Балакет бар бут-колуңа жармашкан.

Өмүр дайра эңиш тартып шар аккан,
Алкым жагы мөңгү музга жанашкан.
Да бир бурчу ирим болуп айланып
Жердин астын үңүп кирип бараткан.

Жакшы көрөм мен да теке атканды,
Таш үстүнөн тайгаланбай басканды,
Зоодон көрсөм менин сөөгүм зыркырайт
Жыланайлак эчки куул шашканды...

Балким, Таштан миңдин бири сендейдир,
Аска-зоодон чуркап баскан жыгылбай.
Сени туурап ала көөдөн кайсы бир —
Чуркайм десе — сөөгү калар табылбай.

Коркунучтуу, опурталдуу нерсени
Кызыгышып тууроочулар көп болот.
Кай бирөөлөр туураймдесе так сени,
А, деп ташка асылса эле жок болот.

Сылык, токтоо Антон айткан бул сөздү
Сергей дагы Таштанбектен кем укпай
Мен да өзүмчө сүйлөшсөм деп бир кезде
Ичке жыйнайт далай сырды туюктай.

Жакшы көргөн тентегирээк уулуна,
Акыл кылып атасы айтар мындай сөз.
Ата ордуна калып калган ага да
Инисине сырт жагынан салып көз —

Кээде тике, кээде жандап каймана,
Сүбөөсүнө чымчуур салат жай гана,
Мен билдим деп шар этчекенсийт кез-кезде
Таш тоолордун түбүндөгү дайрада...

Алда качан ала коюп эт кесип
Шишке тизип отко кактайт Айбүбү.
Эттин жыты капчыгайга бүт кетип,
Мындан жакшы бир тамак жок бул күнү.

## VIII

Түш ооgон кез ала чаңгыл көк бети
Көк бетиндей тоонун бүгүн келбети.
Күздүн жели дайра бойлоп зыпылдап
Жеңилденип желпинүүдө жергеси.

Таштан чыккан сменинен жаңыдан
Бери басты чаң-топурак беттенип,
Кечээ досу сураганда абыдан
Сергейге айткан убадасын эскерип.

Сергей болсо бульдозёрун айлантып,
Калдырттатып, өз кулагын таңдантып
Чыгарам деп Тегеректин тоосуна
Таш кум жерден темир дөөнү мен кантип...

Баятадан башын карап ал тоонун
Көзү менен жолун болжоп опонун,
Белгилерди инженерлер көрсөткөн,
Кантип туура бир-бирине кошорун —

Тескей бетти улам тиктеп таңданып,
Ой токтолбой эчен башын карманып,
Али көп деп сенин сырың жапан тоо,
Азыр мына, жеңөмөкчү чамданып.

Шарт деп эле кабинкеси ачылып,
Таштан кирди колун суна, шашылып.
«Кеттик» — деди Сергей дагы ормоюп,
Тулку бою тоону көздөй качырып.

Чалкалаган тоо этеги бул жери,
Бульдозёрду апай бетке бурду эми.
Кумду күрөп, шагыратып шагылды
Кыртыштарды сыйрып, жиреп киргени.

— Таштан, бүгүн жардамчы бол өзүмө,
Жакшы байка не чалынса көзүңө.
Далай жойлоп чыккандырсың кайраным
Те береки Тегеректин* төшүнө...

---

* Тегерек — Токтогул ГЭСинин курулушу жүрүп жаткан жердеги тоонун аты.

Улам бийик, улам бийик бет менен
Бульдозёр да чыгып барат кычырап,
Шагыл, куурай, кодоо чыккан бадалдар
Ыргып жатат эшкининен бачырап.

Бульдозёрист сапар тарткан өрдөштүн
Бир капталы бүлөө өңдүү көпкөк таш,
Бир капталы — эсебине ким жетсин,
Сапсары аска типтик турган катарлаш.

Тракторлор түз жер менен жүргөндө
Кетчү эле го таш тыткандай тытырлап.
Же болбосо сөөк сындырып жаткандай
Алда кайдан үн чыгарчу кычырлап.

Бул боорду кырып сүрүп шашпастан
Бульдозёрист улам өөдө баратат,
Тоо боoруна чыгып кеткен капкачан
Эми байкап этек жактан карасак.

Бет алдынан жаргылчактай таш келсе
Бульдозёруң каманга окшоп бурулат,
Жол ачалбай ошол ташка кептелсе —
Күчүн жыйнап жолборс болуп жулунат.

Таш жөлөнөт тегеренип сүрүлүп,
Сапырылат тоонун боору түрүлүп.
Арац жылат чалк өйдөөгө трактор
Чарчайт белем темир деле күйүгүп.

Кээде үстүртөн томолонуп келип таш
Тарс деп согуп көрсөткөнсүйт күч сынаш.
Чыга калып ташты жолдон алышат
Алмак-салмак эки жолдош катарлаш.

Таш, тоо менен тынымы жок арбашып,
Техниканын тишин салып кармашып.
Тигил экөө келе жатат болтуруп,
Көздөрүн чаң, моюндарын тер басып.

Бульдозёруң өйдөгү үндөн ажырап
Үнүн катып ырдагансыйт чыйылдап,

Алда кимден ырайым сурап жалдырап
Алсыздыктан даттангансыйт кыцылдап.

Сүйлөгөнсүп өзүнө-өзү Сергей да
Башын булкуп мамындай дейт бул жайда.
Өпөргө да керек экен балбандык
Өр талаша чыгуу үчүн мындайда.

Трактор бир жүз аттын күчү бар,
Бийиктикке жүз ат чогуу тырмышат.
Күч келгенде, темир туяк жаныбар
Карманалбай кайра ылдыйга жылбышат.

Кезек-кезек Таштанбекке тийишип
Сурап коёт:— Айбүбүдөн не кабар? —
Жымыйышып экөө жумшак күлүшүп,
Таштан айтат:— даремет жок, санаа бар.

Ана, ошондо бульдозёрист чалкалап,
Рулду айлантат түптүз окшоп чар тарап.
Бой талыкшып, кол талганга болбостон
Тракторун тике өөдөгө алпарат.

— Жолдо олтуруп Айдай көздү жоорутту,
Жөнү келсе алып качуу оюм бар.
Оңдоп туруп үй-жай менен копушту,
Өзүңөргө менин берер тоюм бар.

Трактордун чыр-чыр үнүн чыгарып
Өрдү карай араң жылып баратып,
Сергей сүйлөйт бир күлүп, бир муңайып
Ийни менен нукуп коюп каратып:

— Конечно, сен, улар, элик этинен
Досторуңа ширин күрүч басарсың.
Тоо текени кырып таштап ал күнү
Табак-табак беш бармакты тартарсың.

Бирок, досум, достук сөзгө кулак сал,
Күчкө салыш — чабалдыктын жумушу.
Кыз жүрөгү эр жигитке уюшу —
Кандай бакты, күкүк болуп үндөп ал.
Музыкалуу сенин оттуу жүрөгүң,
Жүрөктү жең — ширин булбул тилге сал?..

Оо, Айбүбү, о-о, Айбүбү, Айбүбү,
Таштан үчүн ушул жолдой ал туюк.
Кыюу таап тийишсем деп сөз менен
Жандап барса жерди карай тумпуюп.
Сөз табалбай кош айтышып көз менен
Курган жигит кайра басат уңкуюп.

Сергей дагы Таштанбекке бурулуп:
— Кечирип кой бир күнөөмү, досум, сен?
Сонун сөздүн кубатына сыйынып
Баягы ырды Айбүбүгө бердим мен...

Таштан чочуп, четтей түштү селт этип,
Абайсыздан алганга окшоп чок кечип.
Эми досун тиктеп калды үндөбөй
Өз ичинен таарынып да, кекетип.

— Капа болбо, сындырбадым шагыңды,
Кыз билсин деп күйүт чеккен жайыңды.
Сөзгө салып жарым оюн, жарым чын
Айбүбүгө мен карматтым ал ырды.

Бышып турган жүзүм болчу сөздөрүң,
Тарта турган ким көрсө да көздөрүң,
Алып калды, ырды кайрып берген жок,
Жаның болсо эми ар жагын көздөгүн...

Таштанбек да эмне айтарын билалбай,
Же кубанып, же болбосо муңайбай —
Не болот деп эми мунун аркасы
Досун тиктейт бир жерге оюн жыялбай.

— Кур шылкыйба эмне болуп кеттим
деп,
Ыр сеники, айтып салдым атыңды.
Не болсо да сенин сырың жетсин деп
Ортоңорго кармай бердим башымды.

Албетте мен кыргыз шартын билбеймин,
Жаш болгонсоң жүрөк шартын сүйлөймүн.
Бүгүн эле колдон келер иш болсо,
Кур манчыркап эртеңкиге күйбөймүн.

Ал дегенде өрттөй сенин жүрөгүң,
Дайым сезип, дайым көрүп жүрөмүн.
Көп ойлонуп, көп күткөндөн саргайып
Аз болсо да иштөөнү жөн көрөмүн...

Аралашып жүрөк үнү, таш үнү,
Кабинкеде тыйып салган күлкүнү,
Бери өйдөгө эми чыга келгенде
Таш үстүндө кеч күздөгү тоо гүлү.

Бул жерге эми достор бир аз токтошуп,
Назик үзүп, кеч күз гүлүн жытташып,
Жаткансышат ушул жыттар аркылуу
Бара турган жүрөк жолун такташып.

Жөнөлүшсө бийик белге күч демеп,
Трактор чиркин араң жылат чыйылдап,
Адам эмес темирге да жан керек,—
Өөдө чыгып ошончолук кыйындап.

Бир кезекте жылып дей калды бульдозёр,
Туш келиптир саз өңдөнгөн жумшак жер.
Жумшак жерди бир каңтарып алганда
Жер астынан желп дей түштү салкын жел.

Жел дегеним — жерден келгөн салкын
жыт,
Топуракта жатат белем толгон кут.
Ортосунда тоо бетинде таштардын
Мунун өзү алып бүткүс алтын кыт.

Келгеп чакта чарчап, тердеп, чаң басып,
Койгонуп көр жер илеби жыргатып.
Мына ушул жер дап жыттанып тургансып
Аз да болсо кубаттанмак бой жазып.

Тердик эндүү жашыл чөптүү тайпаңга
Көчүк басып бүттү сунуп салганда,
Ырахаттанып термостон чай ичишип
Колбасадан, нандан бурдап алганда —

Ошол жерден бурдукканы таркашып,
Тө, төмөндү маашыркапып карашып,

Нарын кайда — козу менен издешет
Калган өңдүү кыштоосунан адашып.

Бульдозерист жүргөн менен канча жай
Нарын төмөн алыс калган ушундай,
Алда кайдан куушурулуп көрүнөт
Кысылыңкы бир колоттун суусундай.

«Ооба, достор, тоо боорунда болсун жер
Аскаларга Ильич шамын илсин эл.
Биздерге окшоп тоону жиреп жер тапсын
Жерди сүйөм, жашайм, гүлдөйм
дегендер!» —

Ушуну айтып Сергей карап асманга,
Темир өгүз бийик белден ашканда,
Жүз ат күчүн бир унаага сыйдыра
Менсинишет тоого бир жол ачканга.

Сергей туруп Таштанбектин жанына
Өзүнчө бир ойго батат дагы да.
«Бардыгына кайдан жетет кара күч
Кур күчөнсөң бүлгүн түшөт жаныңа».

— Кармап болбойт чокту жалаң кол
менен
Ким бөгөмөк дайра башын чом менен
Калат элек эртең ишке жарабай
Бул тоого жөө тырмалашсаң жон менен.

Көрдүңбү, дос, бульдозердун кубатын
Түк чарчабай демиң менен турасың.
Колдо болсо тоого чыгар техника
Канча аскапы оңкосунан урасың.

Кечээ Антон ушуну айтты,— ойло,— деп,
Ден соолукту коромжулап койбо — деп,
Чуркай берип жылаңайлак, жылаңбаш
Бир кырсыкка бөөдө курман болбо — деп,

Өзүң менен ээн жерде ушундай,
Сырдашканым чеки эместир эч кандай.
Анда биздин достугубуз канчалык
Ичте сырды айталбасак жазганбай?—

— Жок, жок, Сергей, куру эле анча сактанба,
Ким таарынат досу кеңеш айтканда?
Көп нерсени көрсөттү го көзүмө
Бульдозёруң жиреп чыгып асманга.

Аталык сөз кечеги Антон айткан сөз,
Атасына кандай бала таарынат?
Ата-энелер көз болбосо эрте-кеч
Кырсык-шорго балдар канча кабылат!

Илим сөзү басып чыгар шаты экен
Ал шатыны мындан ары колдоном.
Айткан болсо нээти калыс адамдар,
Андай сөздү жатып туруп ойлоном...

Азыр экөө бийик гана тоодо эмес
Досчулуктун чокусунда тургандай
Бир-бирине узатышып колду эмес
Жүрөкторүн суурушуп бүт сунгандай.

Күзгү желде тоо башында сергишип,
Бийик жерде, таза абада эргишип,
Кайра ээрчишип тракторго киришти
Жай олтуруп, нанды жешип, чайды ичип.

Сууй түшкөн бульдозёрдун илеби,
Кулач жеткис такта темир күрөгү,
Трактору үн салганда чыңылдап
Дагы өөдөлөп асман жолун жиреди.

Сергей күүлүү тегеретти рулду
Жиреп ташты улам өөдө бурулду.
Күүлөнткөн соң эки жигит биригип
Трактор күчөп көк зоокага жулунду.

Картаң таштар барч-барч сынып, айланып
Кокту жакка кумдар шыр-шыр куюлду.
Чыга качып бадалдардан чымчыктар
Чырк-чырк этип чоочуганы угулду...

## IX

Күүсүп толгон күндөн күнгө кечки күз,
Сыдырымы беттен чымчып үйрүп түс,
Дайра бою ичиркентет адамды
Кымтылан деп илеп менен салып күч.

Желек кармап суу жээгинде Айбүбү
Сынык тактай, жарацкадан от жагып,
Балким кетти эске түшүп сүйгөнү
Күңгүрөнөт ээн олтуруп кактанып.

Жел үйлөсө күйүп турган жыгачты
Кызыл жалын желек болуп желбиреп,
Ичиңизге жалын толгон убакта
Жүрөк дагы мына ушундай билгин деп,

Тиктей берип жел үйлөгөн жалынды,
Тиктеп кээде тынч агымын дайранын,
Билбейм бул кыз алда кимди сагынды,
Айтат белем кызыл чокко арманын?

Оттон, оттон селки көрүп турат бейм
Алда кимдин оттой жалын жүрөгүн,
Оттон, оттон жүрөк сезип турат бейм
Алда кимдин оттой ысык илебин?

Кыңгыраса, кыңгыраса добушу,
Ошол белем жүрөгүнүн комузу?
Сыздатат бейм кыздын назик жүрөгүн
Сүйгөнүнүн касында жок болушу?

«Келгендей кез-кез көрүнүп,
Булуттай желге бөлүнүп,
Бурулуп кетип каласың,
Бул жерде жоксуң карасам,
Көп ойлосом мен сени
Көңүлүм кетет сөгүлүп.

Кайберен болуп кырды ашып,
Канчалык алыс жол басып.
Капкайда кирип кетесиң,
Кайгыртып мени нетесиң?

Кашымда жүрсөң болбойбу
Кадырым сыйлап, сырдашып?

Кыр-кырдан соккон жел белең?
Кыясы бийик төр белең?
Кааласам кайрып алалбай
Аркандан басып баралбай
Кыңкылдап ырдап муңканып,
Кыйноодду тартчу мен белем?..»

Ырдап эмес кыз шыбырап жаткандай,
Ошол шыбыр бир күмүш зым тарткандай,
Назик сыры жаш жүрөктүн зым бойлоп
Закым болуп эчен белес ашкандай.

Жым-жым этип алда кимге жеткендей
Жүрөгүнөн бирөө чымчып кеткендей,
Айткан сөздү өз ичинен ыр менен
Алда бирөө жаны менен сезгендей...

Күлүң-күлүң күн чокудан айланып,
Шашып барат калганга окшоп кармалып.
Таштанбек да дайра жакка бет алды
Алда кимге жолукчудай чамданып.

Туннель, шаты, үйчөлөрдөн арткандан
Сынып-бүлүп ар кай жерде жаткандан
Ар ким алып дайра бойлоп от жагып
Дене боюн арачалайт ызгаардан.

Таштанбек да отун жыйып ошондой,
Айбүбүнүн очогуна кошордой
Келип калды баса кийип тумагын
Кечки суукту ушул жерден тосордой.

Сүйлөчүдөй эрди-мурду кыбырап,
Сырлашчудай жанга угузбай шыбырап,
Баш ийкеше от жанына олтурду
Эмпегедир бүткөн бою чымырап.

Келген жигит ичкерөтип от жагып
Кээде коёт сүйлөчүдөй таптанып.
Токто, токто, оозуңду жап дегенсийт
От жүрөгү алда неден сактанып.

Көз жиберип алдыртадан Таштанга
Ал олтурат кээде карап асманга.
Мурчуюңку сыртын салган өңдөнөт
Жол бербестей чечилип сыр айтканга.

Чоочулайт бейм мына ушундай түрүнөн
Сөзү угулбай туюкталган үнүнөн.
Олтурууда отту тиктеп, от үйлөп
Үнү өчкөндөй ушул кыздын сүрүнөн.

Бир кезекте деми батпай ичине
Таштанбекке кайрат келип кичине,—
— Айдай— деди — суук күчөп баратат
Муздар тоңуп эчкилердин изине...

Айбүбү да көптөн турган ойлонуп,
Таштанбекти тик карады ормоюп,
Сурун сала ичке катып күлкүсүн
Ачуулудай ары-бери толгонуп:

— Ооба, сенин эчки-теке сөздөрүң,
Кара аскада кайберендер күткөнүң.
Адам тоңсо, адам өлсө мейли да,
Ишиң жок ээ тагдырында өзгөнүн?

— Ал ким тоңгоп?— шашып калды
Таштанбек
Таштай тийип сүйгөн кызы айткан кеп.
— Өзүң неге алигече укпадың?
Күткөнсүңгө бирөө четтен айтсын деп?

Таштанбек чын алдастады сөзүнөн,
Кеткен бейм деп бир чоң айып өзүмөн?
Элес болду алда кандай бир наалыш
Бет алдында Айбүбүнүн көзүнөн.

— Аны менен алда качан
Ынак имиш, дос имиш,
Тар жол, тайгак кечүүлөрдө
Жан кыйышпас киши имиш?

Акыл-эсиң ордундабы?
Же болбосо массыңбы?

Жокко эсептеп такыр аны
Жолдоштуктан качтыңбы?—

— Оюнуңбу же чыныңбы
Эмне дейсиң, Айдай жан?
Өлтүрсөң да айт сырыңды,
Айыптуумун кандайдан?

— Мен дээр болсом, бульдозерист
Сергейиң
Жан жолдош деп жакынсынып жүргөнүң,
Ууга кеткен кечээ таңдан тээ тоого
Эч ким билбейт кай четинде дүйнөнүн?

Ыраак кеткен, али кайтып келген жок,
Кайда житти? Деги бир жан көргөн жок.
Тоо баштарын орой-орой кар жаады,
Сен жүрөсүң сай боюнда онжоңдоп...

Же жолдошуң карга калып тоңдубу?
Балким, окус, айбан колдуу болдубу?
Сен олтурсуң ыкшып гана бул жерде
Кандай жаман уятсыздык кордугу?..

«Ыя?!..»— деди Таштанбек да буга эми,
Эмне үчүндүр дүк дей түштү жүрөгү.
Болгонсуду бет маңдайы караңгы,
Бакалоорлоп муунткандай күнөйү.

— Кулагыңа кебез тыгып алгандай
Же бул тоону көзүң көрбөй калгандай,
Жүргөнсүң бейм келин карап, кыз жандап
Баракелде, дос экенсиң ушундай...

Айбүбүнүн башын чайкап турганы,
Көзү менен чоң акаарат кылганы,
Ушул болду жипсиз байлап кол-бутун
Күп дедире жерге чаап алганы...

«Айдай мени ойлодуңго көпкөн деп,
Жандай досу эстен чыгып кеткен деп,
Ушул неме кимге кылат жакшылык
Санаасы жок дардес экен неткен»— деп.

Кыңк эте албай эми оозунан сөз качып,
Кетти белем бүт денесин тер басып.
Үшкүрүнүп, шарт бурулду бул жерден
Темтеleңдеп басар жолдон адашып.

Оюн гүлү шайыр жигит Таштанбек
Өз алдында түнттүгүнө таң калып,
Сынагансып мынча катуу айттым деп
Айбүбү да оозун катуу карманып.

Жүрөгүнө бирөө ийне сайгандай
Эмнегедир эти ачынып калгандай
Таштанбектин үзүлгөнчө карааны
Тура берди андан көзүн айралбай...

Асман бетин жууп-чайып күзгү аяз
Тоо баштары таттуу уктап жаткандай,
Күн шооласы сыяктанып алтын чач
Бутактарга чырмалып нур чачкандай.

Жалт-жулт этет эртең менен бийик бет
Көзүн ымдап чакыргандай келсең деп,
Алтын го деп чокулары асканын
Сергей ойлоп не болсо да көрсөм деп,

Баштыгында колбасасы, арагы
Патрон ташын белге бекем курчанып,
Эңсеп көңүлү ак кар баскан араны
Ууга чыкты ошол жакка бет алып.

Чыккан кезде Баскак белдин үстүнө
Тоо элестеп таш деңиздей көзүнө.
Улам өөдө, улам өөдө баратты
Бийикчилик күч кошконсуп өзүнө.

Тоо боорунун ташы картаң— өңү жаш,
Жашап турат жаш-карысы аралаш,
Асмандаган жапандыктын көркүнө
Аралашса — ким да болсо болор мас.

Бетти аймалап тоо боорунун суук жел
Айткан сөзү «өйдөөлөп чык, бери кел».
Бир сереси тастайыңкы таз маңдай
Да бир бети тарбыл ала токой чер.

Бир кезекте белен кармап мылтыгын
Күрс жөтөлсө өрдөп басып баратып
Шырт деп добуш түп жагынан арчанын
Элик кетти закым болуп кыр ашып.

О, чиркиндин ташка тийсе туягы
Мадап-мадап тепкичтерден баскандай,
Туяктары канат болуп сыягы
Ал канаттар көккө чыга качкандай.

Мынакей деп мылтыгына таянып
Тиктеп калса бир асканын баш жагын.
Кара теке бери карай бой салып
Карасаңар ташка мойнун артканын.

Карасаңыз бул текенин мүнөзүн,
Зоокага улам жанып коёт мүйүзүн,
Бутун ташка арта салды залкайып,
Асман жактан эркин сезип бир өзүн.

Муну көрүп жөн туралбай ой ойлоп,
Сергейде да көз кычышып, кол ойноп,
Ким токтотот бармак басар мезгилде,
У-у-йт — деп учуп, ок жөнөдү боройлоп.

Чалкасынан бүрөө бери тарткандай,
Ар жагынан дагы түртүп жаткандай.
Алдыңкы бут көтөрүлүп азыраак
Шалак деди эми жыга чапкандай.

Башы-буту кайсы экени билинбей,
Томолонду таш капталга илинбей,
Андан мындан албак-далбак айланып
Терең жарга түшүп кетти кидирбей.

Ооба түштү баш айланар тереңге
Адам жетпес, кузгу тарпын таппаса,
Балким Сергей токтойт беле бул жерде
Көпкөк зоодон кара теке атпаса?

Зоолор турду шоокум салып жаңырып,
Урушчудай бир-бирине чамынып,
Алга басты көңүлү ташып Сергей да
Атсам дейби да бир эчки кабылып.

Ооба, Сергей муну ойлонгон кезинде
Кете берип түбү менен асканын,
Жүрө берип тоонун теский бетинде
Сезбей калган күн айланып батканын.

Ушу бүгүн тапканга окшоп жаңы жер
Келген жолу такыр чыгып эсинен,
Эми гана келип кирдим дегенсип
Ай тоосунун эң бер жакки четинен —

Баса берди, баса берди кылчайбай
Баш тартам деп көркөмдүктүн несинен?
Тоо ичинен тоолор чыга калгандай
Кайып өтөт не укмуштар көзүнөн.

Бет алдында катар зоока-бел жоктой
Адам буту жетпей турган жер жоктой,
Кызык болуп улам жаңы көргөнү
Кызыкчылык эч нерсени ойлонтпой —

Келе жатса, келе жатса кыдырып
Иңир тартып тоонун башы бүркөлүп,
Күз шамалы бет алдынан сыдырып
Арчалуу бет бопбоз мата чүмкөнүп —

Тумандады бет маңдайы көрүнбөй
Жатып калды таш булуттан бөлүнбөй.
Өз ичинен түшүм го деп тургансыйт,
Күңүрттөнүп күндүз-түнү билинбей.

Шарт бурулуп келген жолун бир сапар
Тиктей калса — мына сага тамаша,
Ойдо жатат күүгүм сары жылдыздар,
Жап-жакындай дайра жакты караса...

Тээ түп жакта Нарын шуу-шуу аккансыйт
Угулгансыйт кайдагы иттин үргөнү.
Жүк машина ызгып өтүп жаткансыйт
Шаңк эткенсийт алда кимдин күлгөнү.

10*

Жол кароого ширенкесин чакты эле
Жел үйлөдү жылт эткенче желп этип,
Айтканга окшоп күйгүзбө деп бир неме
Бул ордунан кеткенсиди селт этип.

Эптеп жатып бир папирос түтөтүп,
Секин-секин түшмөк болду төмөндөп.
Ушул жерден жол таппайын канетип
Бет алдымды болжоп баса берем деп.

Бир ташынан араң түшөт эңкейип,
Бир жеринен эптеп өтөт өңкөйүп,
Алды жаты кар баскан бел тумшуктар
Жумурланат койгонго окшоп көмкөрүп.

Жел зың десе аска кошо зың деди,
Ал кандай сыр? Адашкан жан билбеди.
Көрүнгөнсүйт көз алдынан салаңдап
Күзгү тоонун таштан салган илмеги.

Болжол менен сокур тоомдо баратып,
Калды белем бир кырсыкка жанашып?
Таш экен деп басып алды күрткүнү
Күрткү тартты буту-колун талашып.

Карга батты улам төмөн сыйлыгып,
Кетип барат ойду карай дырдыгып.
Үстү жактан жылып түшкөн кар ээрчип
Түрткөнгө окшойт желкесинен жылдырып.

«А-а»— деп койсо аска кошо «а-» дешет,
Жаңырыктар жар таштарга кеңешет.
Жер караңгы, көктү булут туюктап
Кырсык мына — биздин Сергей канетет?..

## XI

Терендиги төрт аркандын боюндай
Барып түштү касабалуу коктуга,
А дегенде эмне экенин туюнбай
Эсин жыя эч кыймылсыз жатты да,

Бир оокумда эки жагын каранып,
Араң турду мылтыгына таянып,
Каткан өңдүү буту-колу колчоюп,
Олтуралбай оңой менен жай алып.

Бир жеринен шыбырап суу аккандай,
Жана жар таш күбүрөп сөз айткандай.
Арчалардан таруута окшоп кургак кар
Кез-кез ага себеленип жаткандай.

Алсыраган, ичиркенген, карды да ач,
Кулак уу-чуу, зың-зың этип ооруйт баш.
Олтурганы тегеренген ак кокту
Эки жагы зыңгыраган бийик таш.

Чыкыроон кысып, эми билди ачтыгын,
Алды акырын жонундагы баштыгын,
Сүрдүккөндө кружкасы түшпөптүр
Бул жерде да бардыгын көр бактынын.

Арак куюп кружкага толтура
Суусагандай шыпкап туруп тартты да.
Бурдап кирди колбасадан чоң кесип
Баары сонун эмне келсе астына.

Колбасадан, нандан согуп алган соң,
Денесине кыйла келип жылуулук
Калганга окшоп пайда болуп кубат чоң
Эми олтурду дайра жакка бурулуп.

Жанчылгандан жабыркаган денеси,
Арак барып, мемиреди жай алып,
Уйку басып үргүлөдү эми өзү
Жанындагы бир арчаны таянып.

Чын талыкшып чоң уйкуга кирерде
Чыкылдаган суук кандай бу жерде,
Жондон чапчып, чымчып мурун, кулакты,
Чың денени чыйрыктырып жиберди.

Ар кай бетке булут чөгүп бөлүнүп,
Жылт-жулт этип көктүн бети көрүнүп,
Түн ичинде кара кемсел асмандан
Турганга окшойт муз ызгаары төгүлүп.

Асман ачык, жылдыз алыс жылтырап,
Селк-селк этет өзү үшүйт бейм чыркырап.
Жонго согот көрүпбөгөн найзасын
Түндү зооктоп зоокадан жел зыркырап.

Асман суук, аңыракай тоо суук,
Суукка тим болор эмес олтуруп.
Ушул азыр ызгаарына муз, кардын
Тоонун ичин койгон өңдүү толтуруп.

Сергей эми арчынданып баштыгын
Эки колдоп коомай кармап мылтыгын.
Тумагынын кулакчынын түшүрүп
Басып турду, басып турду акырын.

Акырынга болор эмес түнкү аяз,
Улам аяз күчөп барат болуп таш.
Канткен менен таш эмес да жан чиркин
Анча ызгарга тирүү дене чыдабас!

Сергей басты баягыдан катуурак
Бакыргансыйт кар, таманда качырап.
Келди белем кайра денге кайрылып
Кетип жаткан жылуулугу азыраак.

Алып туруп бөтөлкөдө аракты
Кадимкидей мелт-калт куюп бир тартты,
Бош бөтөлкө ташка тийип бычырап
Чыр-чыр этип сыныгы учуп баратты.

...Адам эмес курт-кумурска — макулук
Туруп бербейт ажал келсе баш уруп.
Жетсе дагы өлүм сени алкымдап
Жүрөгүңдө үмүт жатат жашынып.

Сергей эмне чабал бекен анчалык,
Көтөрөм деп жүк болсо да канчалык
Бир азамат өз боюна ишенген
Кыйындыктан көргөн эмес жалтанып.

Болсо дагы чоң от жагуу оюнда
Же чиркиндин балтасы жок колунда.
Турган кези кол көгөрүп титиреп,
Кар, муз жаткан бир коктунун боорунда.

Таттуу экен, таттуу экен жан деген,
Адам көркү аман турган жан менен.
Өтөт окшойт асыл жанды кор кылып
Бул өмүрдө жашоо жайын билбеген.

Эптеп жайнап куу бутагын арчанын
Бирин-серин куурай чөптөн кошмолоп
Тийгизбөөгө тоонун албуут шамалын
Ширенке тартат этек-жеңин тосмолоп.

Эски газет, чөнтөктөгү кагаздан
Бул отунга жасай коюп тамызгы,
Эптеп кошуп көк түтүндү чыгарып,
Айла канча, үшүнтүп от тамызды.

Адегенде күйгөн болуп чатырап
Майда чоктор жылт-жулт этип чачырап.
Оту кайра күүгүм тарта баштады
Тоңгон колу жылынганда азыраак.

Же сындырып, же бычактап кескилеп,
Айла кетсе суу бутактан апкелет.
Жап-жаш арча күйгөн болуп бышылдап
Мурдуңа араң жылуу жытын жеткирет.

Чыккан болуп чийдей түтүн буралып,
Бат от тарайт өөдө кетпей куралып.
Турганына эптеп түтүн чыгарып,
Кантсин Сергей ичтеп коёт кубанып.

Кыймылы жок турбайт экен тирүү жан,
Жүргөндөн соң денеңизде ойноп кан,
Мына, адашып көктө жылдыз өңүнөн.
Үрөң-бараң келип калды тоого таң.

Кокту жайын эми байкап алган соң,
Кечинде өзү түшкөн жерин караса,
Аман калган оңдой берди болгон соң
Азыр көрсөң, ал бир укмуш — «тамаша».

Найза тиштүү киши бою жар таштын,
Желкесинен шыпырылып түшүптүр,
Ошол жерде бир аз олпок кар жаткан,
Ошо менен ойго жылып жетиптир.

Бутуна азыр темир туяк кийсе да
Таш тырмалап чыгуу кыйын ал жарга,
Зоока таштар камап турган коктуда
Туткун болуп жатуу азап жан барда.

Баштыгын да, мылтыгын да асынып,
Жол карады басып чыгар батынып.
Баарысы таш, баарысы кар бет-беттин
Же бадал жок көтөрүлөр асылып.

Басам десе жапысыраак бир жерден
Таш токтотпой сыйгаланды тамапы,
Илинбестен калыбынча дыр берген
Кайра жетти жаткан жерге баягы.

Тырмак жумшап, кол канаса болбостон
Жылган болот да бир жерден өйдөлөп,
Же таш, же чөп, же кар такоол кылбастан
Же сойголоп, же болбосо көмөлөп.

Калбагандай өзү билген айладан
Сыйгаланып ойго түшөт кайрадан,
Жаңы адамга кандай азап, машакат
Тоолуу жердин мындай сырын албаган.

Ойлоп берсе адам ойго тоёбу?
Ойлонбосо — жан айласы болобу?
Каптал жагын катуу тиктеп алган соң
Кантсе да бир жылчык таппай коёбу?

Алда качан октуу жүргөн мылтыгын
Атып калды эки-үч удаа асманга,
Ким чепептир табигаттын кырсыгын
Чубап келет кумдар менен таштар да.
Ким билиптир кыйкырганын кай таштан,
Үн чыккансыйт үстү жакта жар таштан.
«Куткар, куткар, куткаргын!»— деп үн салып,
Оозун жаппай Сергей турат бер жактан.

Апам эмес таш өңдөнөт караган,
Аска зоодон баш бакпады бир адам.
Таарынгандай Сергей калды токтолуп
Таң жарыла көп кыйкырып жадаган.

Асманда ана жору жүрөт салпылдап,
Ар кай жерден үкү да учап жалпылдап.
Кайдан-жайдан ала канат сагызган
Жетип келип кайра кетет чаркылдап.

Деген сөз бар айла качпайт адамдан,
Сергей эми кесип алды бир бутак,
Ошо менен ар кай жерди чукулап,
Эптеп жылып боорго чыгып баратат.

Ооба, Сергей таштан ташка илинип,
Кээде колу чала-була тилинип,
Кетип барат тырмышып да, тытышып,
Көктүгү да, бектиги да билинип.

Ой, досторум, жалган дебе муну да
Чыга келди чоң коктунун кырына,
Тура калды демин жыйнап тартайып,
Көз салгандай тоонун токсон сырына.

Эми көрдү күн чачырап калганын,
Алды жакта күлбото өңдүү чоң Нарын,
Бир сүйүндү жеткенге окшоп дайрага
Элестетип кырсык артта калганын.

Ойду карап кол булгалап талпынды,
«Куткаргыла, мен мындалап!» чакырды.
Дайра жагы мындан жапыс көрүнүп,
Жүр, жүргүн деп көңүлү алга атылды.

Бойго толгон ишеним менен сүйүнчү
Ушул азыр болуп чынар жөлөнчү,
Кар үстүнөн алга кадам шилтеди
Кезегим деп кечикпестен жөнөлчү.

Алдыда кар турган катуу көрүнүп,
Ал жөнөлдү бут тийгенде бөлүнүп.
Кайра кетти бет маңдайда коктуга,
Курган Сергей карга кошо төгүлүп.

Ойдо, карда көпкө жатты туралбай,
Кейпи кетти кеткен эсин жыялбай.
Кээде адамды токсон жерден тосмолоп,
Кырсык чиркин кыжаалатың ар кандай.

Бел көчүктөн сого берип кар да, таш
Билсең азыр баш көтөрөр ал калбай,
Тоодо түнөп, өзү көпкөк, курсагы ач
Эми Сергей жата турсун ушундай...

## XII

Антон дайым таң жарыла ойгонуп
Дайра бойлоп кошо сызат жел менен.
Газиги да алып учуп чамданып
Зыргый берет шагыл кечип дембе-дем.

Бир жеринде шатыланып таш каптал,
Копшоп жатат тоо үстүнө чыкчулар,
Аскаларга тартып темир аркандар
Тоо боорунда тоо кемечтеп жыкчулар.

Турган тоону тирөө болуп асманга,
Дары коюп жара-жара атканда,
Бүктөлүшүп бүркүт канат аскалар
Карап турсаң күрс-тарс кулап жатканда.

Түшүмбү деп ишенбейсиң өзүңө,
Ишенбейсиң тиктеп турган көзүңө.
Сен турасың таңыркоого мас болуп
Кыял ойноп кыргыз тоонун төшүнө.

Иштей баштап экскаватор чаркылдап,
Азуусунда таш жүргөнсүйт карчылдап.
Таң аткандан күн батканча капчыгай,
Атыш-күрөш, күрсүлдөк да, тарсылдак...

Кыял менен дарыя бойлоп баратып,
Кыял менен тоо башына ары ашып
Толкуйт көңүл деле мында токтолбой
Калган өңдүү асманда Айга жанашып.

Көз жүгүртүп чоң Нарындын боюна,
Тээ асманда таш боорлордун жонуна
Эмнегедир чыкмак болду дөңчөгө
Алда неме түшкөнгө окшоп оюна.

Суктандырган адам эмес Айды да
Балким келди тоонун көркүн көргүсү.
Аттай басып дөңгө чыгып барды да
Турнабайын колуна алды бул киши.

Турнабайын тескей жакка имерсе
Жондон-жонго алыс кармап жиберсе,
Бопоростун түтүнүндөй чубалжып
Элес болду бир капталдан бир нерсе.

Түтүн десе кайра болуп закымдай,
Тарап кетти элес сыры ачылбай,
Антон буга ою жетпей таң калды
Жок болгон не көзгө элестеп ушундай?

Ал аңгыча зоокадын бери алдынан
Чаң-чаң эткен мылтык үнү чыкканы,
Билүү кыйын болжол менен алыстан
Же кийикти же кишини атканы.

Ошол шоокум ошол бойдон жок болду
Же ал жерден адам чыгып баспады,
Антон үчүн күмөндүү иш окшоду
Тоонун боорун тым-тырсчылык басканы.

Мына кызык, арбакка окшоп азыр да
Ошол кырга бирөө чыкты тартайган.
Бирдеме деп кол булгалап чакырды
Тоо боорунан, көз учунан капкайдан.

Орто жерде Нарын жатат октолуп
Сен канча «О-о» — де, үнүң жетпейт ал тоого,
Ошол элес кайра калды жок болуп
Жашынгандай таш дарбаза, таш коого.

Карайт Антон улам дүрбү айланта
Бул көргөнү чоочутуп да таңданта,
Ошол замат кабар жетти өзүнө
Элестерден оюн жыйнап алганча.

Эми билди, эми билди начальник,
Тескей бетте ким кыйкырык салганын,

Бөйрөк тоодо бөлөк-бөлөк таштардан
Буулуп жолу, бери өталбай калганын.

Тетигил тоо ээк алдында тургандай
Жанында эле ме деп колун сунгандай,
Билбегенге чыйыр түшпөс кыясын
Ар коктусу кирген чыкпас зындандай.

— Өз үйүмдөй туратко деп жанаша
Чыкканын көр — тоо бир буга тамаша.
Бирөө ойлоор буламык жеген бала деп
Бул Сергейдин кылган ишин караса.

Антон эми куюн тийген окшоду
Газик менен чапкан бойдон жок болду
Оңой бекен тирүү жандын тагдыры,
Кайда барды, кайсы жерге токтолду?..

Ошол кезде тоону турсаң сен көрүп,
Ойку-кайкы мүнөзүндөй баланын,
Бирде кетсе көл бетиндей көйкөлүп
Бирде бороон боройлошуп карагын.

Муз чулганса жылдыз өпкөн баштары,
Этек жагын жамгыр сабап жатканы,
Аралашып кушкуу булут, боз туман
Аска-зоону бүтүн чүмкөп таштады.

Те, береги Сергей жаткан тоолордун
«Куюлма» дейт дайра жакы беттерин,
Жар таш болгон жалгыз аяк жолдордон
Эч ким билбейт кайсыл адам өткөнүн.

Балким өтсө — туяктуулар өткөндүр,
Балким учса канаттуулар жеткендир?
Жетпегендер барса келбес бир жер деп
Каңгып башы кайра тартып кеткендир?

Антон дагы не кыларын билалбай
Байланыш жок «Фрунзе» ни алалбай,
Көпкө чейин башын басып олтурду
Көңүлү тынып бир чечимге келалбай.

Бул таш бетке же коналбайт вертолет?
Башым катты, эми айлабыз не болот?
Бир азамат ууга чыккан кенебей
Кар, муздардын камоосунда жоголот!

Тунжурады, трубканы колго алды
Эң чет жакка участканы чакырып,
Эл чогулт деп салмак менен кеп салды
Турса дагы ызалыгы ашынып.

Сергей, Сергей... Бергенден соң зым кабар
Чогулушту айыл үйдөн адамдар.
Ата чиркин, таш бетке ким чыгат деп
Эси кетип аңкайышты далайлар.

Арасында келгендердин мостоюп,
Турган экен проходчик да, Таштанбек,
Термосто чай, баштык азык чак болуп,
Кантсе дагы курдашына жеткирмек.

Бутунда анын жумшак таман батинке,
Капрон жиптен төшкө арчындап чалынып,
Билерик темир — карабини бир нече,
Капрон аркан дагы алыптыр камынып.

Тоону көрсөң бозоң пахта чүмкөнүп
Көзүн ачпай тумчуланган убагы,
Антон келип каны качып бүркөлүп,
Тургандардан мамындай деп сурады:

— Не шумдук болду, уктуңар баарың,
Ким тартып жатат таш беттин каарын,
Айт туугандар, айласын кандай кылабыз?
Билчүңөр кимсиң туюктун тилин?
Тыйчуңар кимсиң зооканын жинин?
Кандай жол бар? Ошону сурап турабыз?

Жайлоолоп чыккан алачык сайып,
Жүргөндөр тоодо төрт түлүк жайып,
Ким билет жолун, кар жукпас купкуу
асканын?
Жолборсту алган кемечтеп байлап,

Аюуну сойгон чак түштө жайлап,
Барбы эле тигил, тикчийген зоодон
басканың?

Суук кабар туюк ташта камалуу,
Карга түнөп капшырылып ач калуу,
Кээ кулакка андан суук угулат
Туман күнү шыпырылма жол чалуу.

Аңкаюуда бирөө укпай калгансып,
Жерди карайт бирөө жүргөн балбансып.
Кайсы бирөө үн чыгарбай булкуят
Ооз толтура таруу куюп алгансып.

Көөдөн керип кекирейген демейде
Кетенчиктейт көрүнбөөгө бул жерде.
Качан болсо эр кайраты жарк этет
Не бир, не бир эл кыстала келгенде.

Жайын байкап чогулуша келгендин
Же буларга жетпеген го сөзүм деп,
Антон турду көзүн байкап ар кимдин
Өз ичинен туталанып кайгы жеп...

Бир кезекте жулуп алып тумагын,
Адетинче капып коюп кулагын;
— Болсо уруксат... мен барайын
начальник,
Өтүнөмүн? Жооп күтүп турамын?

Сергей досум, Сергей менин курбалым,
Уят болду кеч эшитип турганым.
Антон аке, мага ишенип коюңуз,
Мойнума алам не болсо да калганын?—

Ала келдим тоо тешкичтин бирөөнү,
Руксат болсо эч токтоосуз жөнөдүм.
Мени чалпоо баягыдай дебеңиз
Мага берет өнөр бүгүн көмөгүн?..

Таштанбектен сөз чыкканда мамындай
Антон сүйүнүп эмне дээрин билалбай

Бек кучактап каккылоодо ийнинен
Эл алдында боюн тартып туралбай.

— Эй, Таштанбек, баштап чыгып сен
барсаң,
Болор бекен өзүңө ээрчип мен барсам?
— Бийиктикте мага демөөр болбойбу,
Антон ага өзүңүздү кармансам?!—

Кай бирөөлөр:— байка,— дешти,—
Таштанбек?
— Ооба достор, тамаша эмес айткан кеп.
Сапарына Антон руксат берген соң
Алга умтулду, жөнөйлү эми чапчаң деп.

...Дайра үстүндө темир аркан көпүрө,
Таманында тактайлары калкылдап
Мына үч киши чубап басып өтүүдө,
Аркан бийлейт даргага окшоп солкулдап.

## XIII

Мына көрсөң «Куюлманын» жар ташы
Күкүрткө окшош күүгүм сары бир башы,
Алды жагы кууураган сөөк өңдөнөт,
Көңүл чөгөт көзгө суугун карачы.

Бүткүл сук таштан чыгып жаткандай
Таштарга окшоп тоо, токойлор каткандай,
Тигил беттен карга, музга оролгон
Адам эмес карга, кузгун качкандай.

Жар таштарда чөйчөк өңдүү оюктар
Кадимкидей суугa толгон чылпылдап,
Кай бир жерде каалгадай жарык бар
Кыроого окшоп кар токтогон жылтылдап.

Кай бир жерде тайгаланып жыгылып,
Кай бир жерден араң өтүп сүрүнүп,
Өпкө кагып үлам өөдө чыгарда
Келатышат ымшып дене күйүгүп.

Жардын түбү жыпа-жылма самындай
Колго илинер бир бүдүрү табылбай,
Үч азамат не кыларын билалбай,
Бир оокумга далдырашты мамындай.

Жоону, ичкеси капрон аркан белинде,
Илмек темир, шакек темир колунда,
Тиктей берди самын таштын кычыгын,
Эмнелер бар Таштанбектин оюнда?

— Көтөр! — деди проходчикке бир кезде
Жаңсап коюп, өөдө карай кол сунуп,
Сүзгөнгө окшоп, таш бетинде бул кезде,
Өзү турду колун жайып умтулуп.

Антондор да жар түбүндө турушуп,
Эңкейише ийин тосо коюшуп,
Таштанбекти көтөрүштү моюнга
Экөө бирдей катар тепкич болушуп.

Чыга калып адамдардын ийнине,
Бир жылчыкка шынаа каккан эмедей
Чаап-чаап карабинди кийирди
Ага илмектеп белде арканын кенебей.

Карабинге каттап аркан чалган соң
Ошо менен көтөрүлдү өөдөлөп,
Кетип барат мышыкка окшоп тырмышып
Кээде куду жөргөмүштөй жөргөлөп.

Ал гана эмес термузу бар белинде
Арчындалган баштык жүрөт жонунда.
Кала берди канча шынаа кагылып,
Мисирейген сур таштардын боорунда.

Жан бүткөндөн коркпогон не адамдан,
Чырт деп чымчык таш боорунда
бадалдан.
Уча качат безеленип капкайда
Сур чокуга ал болгонсуп чабарман.

Тамандары ташка бирге бүткөндөй,
Тийген жери былк деп эрип кеткендей.

Кай бир беттен басып чыгат жөн эле
Кылт десе өлчү, коркунучту эскербей.

Эч жок белем коркуу сезим өзүндө,
Эпкин менен суурулгандай зындандан.
Шоп деп чыгып куюлманын үстүнө,
Турпатын көр демин жыйнап ыргалган.

Ойго батып тура берип Антон да
Таң калгандай таш туяктуу адамга:
— Талант, талант... жаткан талант,— деди да
Көз айырбай тиктеп турду далайга...

Бир жагынан техниканы колго алып,
Зоо бетинен канаттуудай айланып,
Чуркай басат улам бийик чыкканда
Көңүлү эргип кеткенин көр шаңданып.

Аркы бетке көзүн салды Таштанбек
Эмне, көрөм бул жердеги таштан деп,
Карай берди ойду, кырды алактап,
Курган досум кай жерге баш каткан деп.

Тигине ойдо арчага араң сүйөнүп
Жыгылчудай бирөө турат үлдүрөп
Таш коктуда жедеп тыйпы түгөнүп,
Шорлогон бейм, шордун жайын ким билет?

Ким болду экен бир дарегин билсем деп
Өз жайымдан эптеп кабар берсем деп,
— Охоо... Сергей, Сергей! — деп бек үн салды,
Урчук таштын төбөсүнөн Таштанбек.

Ооз ачкансыйт ойдо турган сөлөкөт
Дегенге окшоп бери мага келе кет,
Күтпөс жерден кырдан чыккан кыйкырык
Ага элестеп алда кандай керемет.

Берки бетке белги берип таптым деп,
Түшүп барат аркы бетке эпкиндеп.
Издешимден эми болдум армансыз
Акыр сага мына досум жеттим деп.

Үмүт чиркин үзүлбөйт бейм эч качан
Денеде али үлдүрөгөн жан барда,
Жаңырыктап куюлманын башынан
Мына жаңы дабыш чыга калганда.

Ойдо турган алсыраган Сергейдин
Кулагына үн чыңылдап жеткени,
Үмүт,
Үмүт,
Үмүт кабар бергенден
Жан тирилип бой чымырап кеткени.

Кейде тынып, кейде ташка токтолуп,
Кейде сүңгүп, төмөн карай октолуп,
Ойго шырт деп түшкөн кезде Таштанбек
Бир селдейди оозунда сөз жок болуп.

Өлүү десе көз жылтырайт тирүүдөй
Сергей турат өңү кеткен көгөрүп,
Кол калтырап бүткөн бою калчылдайт
Ачып оозун арчага араң жөлөнүп.

Сергейди эми кармай калып колунан.
Өөп-өөп, бек кучактап мойнунан.
Ушул жерден не кыларын билалбай
Шашкалактап баштыкты алды жонунан.

Ооба достор, сөз айталбай эч кандай
Термосту ачып дароо куйду ысык чай,
Чайдан ууртап ичи жылый түшкөндө
Көзү жайнап, жадырашын чиркин-ай.

Тоңгон дене кеткен өңдүү жазылып,
Өлүм деген дүпөйүлү басылып,—
Колбасадан, нандан бурдап алган соң
Калган кургур күнү-түнү ачыгып —

— Бүгүн калсам өлөт элем досум мен,
Кайдан билип көктөн учуп түштүң сен?
Турганымда көр оозунда көгөрүп
Сен экенсиң мага кубат жеткирген?

Ушуну айтып Сергей карап жалжылдап
Жылытканда достук оту балбылдап,

Сергейине айтарга сөз табалбайт
Таштанбек да андан бетер албырлап.

— Койчу досум, суук сөздү айтпачы
Өттү, кетти, муну унутуп таштачы.
Көргөнүңдөн көрө элегиң дайым көп,
Жакшы болсун мындан ары башкасы.

— Эмне үчүн сен, жалгыз кеттиң мага
айтпай?
— Ишенби күн сен жок болдуң, таппадым.
Ойлогомун бат кайтам деп түн катпай,
Анан ушул бир балаага батканым...

Кой эмесе, өткөндөн сөз салба — деп,
Кел көтөрөм, мойнумдан бек карма —
деп,
Алсыраган досун алып аркалап
Таштанбегим кайра тартты дегдеңдеп...

## XIV

...Айлар күндөй өтүп жатты зыпылдап
Күн сааттай жатык чуркап чыкылдап,
Мезгил күлүк ыкылдатып кыялды
Алды көздөй мына ушундай чыкырмак.

Жерди алдейлеп жашыл моюн келди жаз
Тоо боорунда токтоо бербей гүлдөп таш,
Жаздын жыты магдыратып адамды,
Жаш чиркиндер ичпесе да көркко мас.

...Сергей болсо дарыланып бир айдай
Чыга келген боюн жазып чатырап,
А Таштанбек Айбүбүдөн жооп албай
Салбырацкы санаасына басынат.

Ал кытмар кыз кызыл желек кармаган
Сүйбөгөнсүп сурун салып Таштанга,
Сыяктанат эч этибар кылбаган
Таштан кээде аны көздөй басканда.

Сен деги эле мага келбе дегендей
Желекти бек желпип коёт жер жака,

Обол чакта жүрчү жигит кебелбей,
Эси эңгиреп, мына ушуга эң капа.

Баарыдан да күйгүзгөнү бул кыздын
Албагансып Таштанбектин «Айдайын»
Болсо деле бир түгөйү жылдыздын
Айтса боло жок дегенде жөн-жайын?

Ала-Тоодо аз болор дейм мындай кыз
Жигиттерден баскан изин кайтарган,
Ички сырын эч ким байкап табалгыс
Туулган бейм ушул бийкеч шайтандан?

Жок деп айтып, жок дегенде жообунда
Талапкердин үздүрбөйбү үмүтүн?
Байлап салып көрүнбөгөн арканга,
Көрбөйсүңбү бир унчукпай жүрүшүн?

## XV

Тоо башына күмүш чапан келди таң,
Таң күмүшү жерди алдейлеп тартты шаң.
Көкүлдөрүн гүл кайырдай теңселтет
Көк баркыттай тоонун боорун карасаң.

Баса Сергей тоодон ыза көрдүм деп,
Калган эмес көңүлү чөгүп кайгы жеп.
Ушу бүгүн Таштанбекти чакырган
«Күн-Булак» тын баш жагына келгин деп.

Ооба, чиркин, кандай сонун Күн-Булак
Ырдап чыгат аска алдынан шылдырап,
Ар кайруусу темир комуз күүсүндөй
Түрлөнүшү түркүн-түркүн кыңгырап.

Мерген жигит бүгүн каалгып кеч турду
Мылтыгына өтө шалкы кол сунду.
Дегенге окшоп барбасамбы, барсамбы,
Далайга эстеп оозун ачып олтурду.

...Таң жарыла чыкса тоонун бетине
Эч көрүнбөй Таштанбеги көзүнө,

Карай-карай көз талдырып Сергей да
Не турбайт деп мага берген сөзүнө —

Наалып дагы жана бир аз таарынып,
Тоо боорунда күткөнүнө зарылып,
Же дагы бир кырсык болду бекен деп
Бир жагынан ошону ойлоп камыгып,

Не болсо да барчу жерге барам деп
Тоодон бүгүн өз энчимди алам деп.
Таштанбектин келем деши чын болсо
Акыр бүгүн Күн-Булактан табам деп,

Кыранга окшоп мойнун созуп каранып,
Шилтеп кадам кээде тизе таянып,
Өөдө карай, өөдө карай сермелди
Өң ачканда таң сүткө окшоп агарып...

Кези белем ыргылжыңдан эринген
Адамга окшоп кашаң атын теминген
Кой, деги уят, кайтпайын деп кантсе да
Жок дегенде оолдон чыккан кебимден,—

Мылтыгын да коомай гана асынып
Кууосу жанып көңүлү ушунча басынып,
Таштан тоого илең-салаң жөнөдү
Журттан-журтка жөө баскандай ташынып.

Зыңгыраштын сыры канча, ким билсин
Сырлашканга сүйлөп турат тоо чиркин,
Жарк деп коюп алып кетчү алпечтеп
Жаз күндүн да жоругу бар миң түркүн.

Улам өөдө чыккан сайын бийиктеп
Ылдам басты кетпесе да кийиктеп.
Жигит азыр баш-аягын көп карайт
Көпкөк арча, бопбоз зоону иликтеп.

Жаагын жанып сүйлөп турат ар бир таш
Жан бүткөндү күүлөп турат жаркын жаз,
Ушул тоодо Током басып жүргөнсүйт
Комуз кармап Тотуяга катарлаш.

Сүйлөп болбойт Токтогулсуз бул тоодо
Сыр кандай деп таң калбаңар ошого.
Жаңырыктап Токоң ыры күү болгон
Жадыраган жашыл бетке, ак зоого.

«Токтобек сай», «Абыланын аскасы»,
Тунжураган, «Тегеректин» көк ташы
Бүткүл бойдон Токтогул деп үн салат
Ага эстелик бул тоолордун баш-башы.

Ооба, Токоң, кара килең булуттай —
Кайгы келсе — кайрат ырын унутпай
Күү төккөн жер шаңкылдатып комузун
Күүдөн жанбай күкүк болуп кышы-жай.

Ооба, Токоң, Тотуясы толгонуп,
Жылдыз тарай эликтен сак ойгонуп,
Жүрөк отун жалгыз гана ырчынын —
Жаш жанынын жалгыз демин ойлонуп.

Көгүчкөндөй кубулжуп көрк алган жер,
Гүл көйкөлүп күн булакка барган жер,
Таң алдында ак седептей нур чачкан
Мөл булакка сулуу колун малган жер.

Ырчы, сүйүү кеткендиктен үн берип
Таш алдынан чыккан булак шыңгырап,
Жаш өмүрдүн ак пейлине демденип
Менменсинген тоо сөөлөттүү зыңгырап.

«Токтомдодур сыры жапжаш жүрөктүн
Түйүндөрү кечээндеген тилектин
Гүл жыттатар солуй түшкөн көңүлгө
Кору бардыр кызыл жалын илептин?»

Ушуну ойлоп, эстеп, санайт Таштанбек
Аркар баскан, Токоң өткөн төрлөрдү,
Көңлү көлдөй момун элим эстээр деп
Ырын, күүсүн таштап кеткен жерлерди.

Алга шилтеп махабаттын илеби
Кээде туйлап, тыз деп кетет жүрөгү,
Балким анын колго тийбес үмүтү
Те, береги Күн-Булакта жүрөбү?

Мына жигит таш тумшукка жөнөдү,
Дегдегенден кайт де, жүрөк көнөбү?
Эмнелер бар Күн-Булактын көзүндө
Эмесе биз бирге барып көрөлү?..

Бир-бирине жөлөнүшкөн кыр болуп
Ак зоо, көк зоо — үстү жагы не десең,
Айланасын арчындашкан гүл тооруп,
Асты жагы тектир чалыш жер экен.

Дагы кызык, Күн-Булактын үстүндө
Бир түп гана арча турат көгөрүп,
Секичеде, Күн-Булактын астында
Аппак болуп гүлдөп турат бир өрүк.

Ар кимиси кары дөөдөй каркайып,
Жаңгактар бар кашатында, оюнда,
Каршы-терши бутактары тайпайып
Жемиш багы жайнайт суунун боюнда.

Деги кызык ушул жердин тоолору
Жемиштерден чапан тигип кийгендей,
Жайлоолордо айран, сүткө аралаш
Жаңгак, өрүк тоголонуп жүргөндөй.

Бүгүн бул жер кыздай чачын таранып
Бир кызыктуу жай болчудай өзүнө,
Бир кездеги эңгил-деңгил балалык
Түшкөнгө окшоп түгөл кайра эсине —

Тектирчеге чыга келип ыргалып
Күн-Булакты тиктеп турду жай гана,
Таш бооруна Күн шооласы айланып,
Күлүң-күлүң көзүн ирмейт айлана.

Седеп өңдүү тунугун көр кашкайып,
Ар жагынан жымыйгансып жаш зайып,
Түшкөнгө окшоп бүт асмандан чубуруп,
Торгойго окшоп чулдурашып үн салып.

Булак үстү сары таштар, сур таштар,
Ар бирөө бир үйдөй, төөдөй чоң алптар,
Таштын асты алыс кеткен көңдөйлөр
Ал көңдөйдөн сызылышат булактар.

Таш четинин кундузга окшош чөптөрү
Булактагы шагыл, кумдун көрктөрү.
Сүйлөйт булак, ырдайт булак шыбырап
Алтынга окшоп, күмүшкө окшоп көздөрү.

Дагы айтарым басып турган булакты
Кай бир таштын табактай бар тешиги.
Ачык күндө шоола таштап булакка
Ошол белем Күндүн кирчү эшиги?

Тешик таштан Күн шооласы келгенде,
Тентектенип булакка ойноп бергенде.
Суу ичинде чакмак ташты, кумдарды
Тегеретип, шыгыратып көргөндө —

Карап көрчү, карап көрчү ошондо
Булактагы кум бүт алтын жылтылдап,
Күн ойноткон булактардын көзүндө
Гавхар сөйкө кыз күлгөнсүйт шыңкылдап.

Ар тамчысы сыр түймөктөп өткөндөй,
Сызып аска сүйүү күүсүн черткендей.
Чубурушуп ойду карап төгүлсө
Ар түймөгү мончок болуп кеткендей.

Жашыл мончок, көп-көк мончок, суу
мончок
Көзүн ымдап күлүңдөгөн куу мончок,
Томолонуп таш жайлоонун астынан,
Кандай тунук кагылайын бу мончок!..

Таш астынан шыр-шыр алтын аккандай
Суу комузу назик күүсүн каккандай,
Тунук сүйүү тоодон чыккан булактай
Канат жайып Күн кучактап жаткандай.

Кирген кезде тешик таштан Күн ойноп
Булак жарк-журк таш астында күзгүдөй,
Жигит эмес жылан жүрсө суу бойлоп
Көрө калса — буга сугу түшкүдөй.

Мына ушундай алтын тоодо Күн-Булак
Кыз-жигиттин жүрөгүнөн күү курап,

Жайнап чыгып жарым кулак суу болуп
Жаап үстүн күмүш көбүк булдурап.

Суюк шуру таштан-ташка төгүлүп,
Назик нуру Күндөн Айга көрүнүп.
Чачып жатат берекесин өмүргө
Бийик тоонун гүл жытына көмүлүп.

Күн-Булактын тыңшай берсе акканын
Дарттуу адам сакайгандай үнүнөн,
Күн-Булактын жыттай берсе гүлдөрүн
Картаң дене жашаргандай гүлүнөн.

Күн-Булактуу, ай-булактуу кыргыз тоо,
Түбү кундуз, эң баштары жылдыз тоо,
Жетип келсе көңүл жибиир жерине
Жигит Таштан жерге коёт кандай доо?..

Ана, Таштан, тешик ташка баш салып
Карап турат булак көзүн суктанып.
Булак болсо жорго мүнөз — көйкөлөт
Көзүн асман, Күн өпкөнгө мактанып.

Азыр көңүл көркөмдүккө чөмүлүп,
Булак буга таш күзгүдөй көрүнүп,
Ортосунан кыз элеси чыккансыйт
Күзгү бети эчен кооз бөлүнүп.

Сары убайым тарап-тарап чачылып,
Таштанбектин баш оорусу жазылып.
Сүйүү эми түгөл тилге киргенсийт
Сезиминде жатып калган катылып.

Ооба, сезди булак мага күзгү деп,
Таш бетинен ойноп сууга түштү деп,
Эңсегенде элеп-желеп жаш кыял
Эмнелер бар бир өзүңдөн күчтүү деп.

Күн-Булакты телмирди да тиктеди
Ар тамчысын артык көрүп өзүнөн,
Бойду унутуп, көңүл көшүп кеткени
Кыз элестеп так булактын көзүнөн.

Ооба достор, булак кетти кыз болуп
Колоң чачын арта салып оштонуп,
Катып турду таш көзүндө Таштанбек
Кирпигинде бир коюу жок козголуп...

Жекей башта чачык үкү селкилдеп
Белин кынайт кызыл баркыт чыптама,
Көйнөгүчү — сары жибек, кош этек
Денесине жарашканын куп гана.

Жана коёт жаш кайыңдай ийилип,
Жаны сыпаа, назиктиги билинип,
Мына ушунтип кыял барып кыз болуп
Жигит турат кайырмакка илинип...

Кара тору жүзүн көрчү жадырап,
Беттеринен жылдыз ойноп жаңырат.
Күндүн нуру булактан кыз көрсөткөн
Ким болду деп өзү карап жаңылат...

Тишин көрчү аппак седеп жаркырап,
Кашын какса — кошо ирмелет Күн нуру,
Аңкыгансыйт атыр жыты буркурап,
Ай кызы бейм сулуу дебейт ким муну?

Жалт караса — каш серпкенде сылыгы,
Жоодураса — жан күйгүзгөн кылыгы,
О бул эмне, көркү ушулбу көңүлүнүн
Же болбосо Күн-Булактын сырыбы?

Таштан эми «Айбүбү» дейт ичинде,
Уйкуда окшоп, көрдүмбү деп түшүмдө,
Не болсо да өзүн өзү унутуп
Эрип турат алтын булак көзүндө.

Таштанбектин таттуу оюн бузбайлык,
Көңүл эриген Күн-Булакка таштайлык.
Ана Сергей, атып алып бир теке
Келе жатат, көрдүк, неге айтпайлык?

Текени бек жонуна алган арчындап,
Чыңк ылдыйга жай түшүүдө калкылдап.
Киши бардыр балким мында дегенсип
Кирип келди Күн-Булакты алкымдап.

Таштан турат күзгү алдында тургандай,
Турган бойдон көшүп уктап калгандай,
Анда-санда уйку суроо ичинде
Чала-була көзүн ачып алгандай.

Сергей аны кыйыта бир карады
Эң бир кызык жолдошунун абалы;
Не болсо да билдирбей иш иштейм деп
Беттеп басты Таштан көрбөс араны,

Далда жерге шырп алдырбай акырын
Коюп койду тоодон тапкан азыгын.
Боор этинен, борчо этинен кескилеп
Жасамакчы шишкебекти жашырын.

Тобулгудан иргеп кыйып шиш тандап,
Шыкай-шыкай этти сайды кастарлап,
Ошол этти тизгенден соң он шишке
Эми кирди бышырмакка от камдап.

...Ошол кезде ким ылдыйды караса
Көрөр эле мамындай бир тамаша.
Колтугуна кысып алган бир нерсе
Ал келатат Күн-Булакты карата.

Жалтыраган сары каска башында
Тикен тийбес кирза өтүгү бутунда,
Кийип алган спорт көйнөк, спорт шым
Соёлонуп келе жатат ушунда.

Өргөн чачы каскасына басылган,
Ал бастыруу далай сырды жашырган.
Боз бала өңдүү кара тору сулууча
Сагынгандай сүйгөнүнө шашылган.

Гүлдөп турган бир түп өрүк бул жерде
А дегенде калка болду келгенге,
Жардам берди, жардам берди аябай
Абайлатпай жакындаша бергенге.

Андый басып Таштанбектин артынан,
Бут учулап шырп албастай эч бир жан,
Желдей сызып желкесине жетти да
Сыяктанды назик гана үн салган:

«...Та-а-к, таак секирип
Таштан-ташка чыгып кетти сур эчки»
Ойгонгондой катуу чоочуп уйкудан
Таштанбектин жүрөгү эми шуу этти...

«Ыя?.. Шумдук?.. деп арка жагын караса,
Тал түштө эле мына ушундай тамаша.
Чөнтөгүнөн алып кызыл жоолукча
Силкип коёт Күн-Булакты карата

«Сенби?.. Ээ-сен, э-э, сен белең Айбүбү?»
Аптыккандан араң чыкты эми үнү.
«Жок, мен болом жол ачпаган сигналчы»
Ушуну айтып катуу салды күлкүнү...

«Айбүбү?» — деп жүрөгү айтып тили эмес
Тешик таштан сыйгаланды Таштанбек,
Арбаган кыз айлап сырын билдирбес,
Мына десең, ушул бүгүн неткен? — деп.

«Айбүбү...» деп жалтаң этип жалооруп,
Өтүнгөндөй колун сунду Таштанбек.
Колтугунда апкелгенде оодарып
Бийкеч турду бир шоколад кемпит жеп.

Ооба апкелген бир бөтөлкө «ак молдо»
Пияз, балык жана каймак майы бар,
«Жинди суу» ну жуткан кезде таш жондо
Оз толтура чайналчунун баары бар.

Апкаарыштан эмне дээрин билалбай
Таштан эми «ыракмат» — деди айласыз,
Качан жумшап ойго келген ушундай
Дарыя бойлоп желек желпип турган кыз?

Дагы кызык; таштын арка жагынан
Түтүн булап көккө чубап чыгыптыр,
Сергей анда шымаланып абыдан
Шишкебекти отко кактап туруптур.

Чарт-чурт күйгөн арча жыты буркурап,
Таноонду өрдөп жан жыргата кылат мас.
Кийик эти куйкаланып шыркырап;
— Болгон белем Сергей бизди карабас? —

Шаңк дей түштү — о — Сергей? — деп кыз
үнү,
Булак кызга үн алышат бул күнү.
Ошол жактан көрө калып бул экөөн
«Ахаа... оо-как?..» Сергей салды күлкүнү...

Таштанбек да көргөнүнө болот таң
Болжой албай келгендигин ким кайдан,
Бирөө тип-тик тоо түбүнөн суурулса
Бирөө азыр түшкөн белем асмандан?

Шишкебекти чала-була бышырып
Бери басты «Эксковатор» чоң жигит
Тарталаңдап жетип келди ашыгып,
Ал честь берип, кызга урматын билдирип.

— Мына десең, тоодо жасап шишкебек
Сен болбосоң өтпөйт эле тамактан,
Мобул мырза кечээ сени келет деп
Бүгүн мени тоодон теке караткан!..

Сергей сөзгө көз көрүнөө калп кошуп,
Кыз не дейт деп атайы кеп баштады.
Таштанбекчи... неге айтты деп коркконсуп
Үрпөйүңкү кабак менен каштары.

Жымыйды Айдай шиштин бирин колго
алды,
Таштанбек да боюн жыйнап жанданды.
— Ну, Айбүбү, бизди кайдан көрдүң? —
деп,
Дале болсо Сергей баштап сөз салды:

— Башында мобул асканын
Жалгыз түп арча турбайбы?
— Алдында алтын булактын
Өрүктү көзүң чалбайбы? —

— Жай-кышы бирдей көгөргөн
Арчаны карап таңданып,
— Жайкалып жаңы гүлдөгөн
Өрүктү көрүп шаңданып —

Мына ушинтип Айдай, Сергей айтышып
Турган кезде тил учулап чарпышып,
Арактыы алып куюп кирди Таштанбек,
Даам жакшыда, болсо даты сөз кызык.

Жаз канчалык ысыса да, бир жери —
Кээде чымчып чып деп коёт тоо жели.
Тоодо тоодой кайраттууну ичпесе
Келишпестей достор ичип-жегени?

— Мен сызам,— дейт ушул даамды
Айбүбү,—
Тиги арча үчүн түк куроону билбеген.
— Мен жутам,— дейт ушул даамды
Таштанбек,—
Мобу өрүк деп көз алдымда гүлдөгөн.

— А, бул менчи, деги эмне үчүн ичем? —
деп
Сергей бурду башка жакка сөз күчүн,
Же болбосо коктуга азыр түшөм деп
Дагы сынап досторуна өз күчүн.

— Адам үчүн ичпейсизби?— дегенде
Айбүбүгө Сергей айтты — кайсы адам?
Жүрөк тоңду тоо башына келгенде
Ичибизде адам кайсы? Таң калам?

Ооба достор — тоонун башы кыш экен,
Ооба достор, дайра бою кыш экен,
Ооба достор, бул жердеги кыздардын
Жүрөгү да тоо башында муз экен...

Ошол кезде Айбүбүнүн алдында
Таштан турду бир аз башын көтөрүп,
Көз куушуруп алда кимге Сергей да
Улам коёт тамак жасап жөтөлүп:

— Андай эмес Сергей деп,
Айбүбү сөздү баштады;
Бүткүл кыз эмес бирдей деп
Мамындай болду айтканы:

Сүйүп калдым мен дагы
Сен жасаган «Айдайды»
Айдайым десе ушунтуп
Ар кимдин тили сайрайбы?

Илеби келип журөктүн
Ачылып гүлү тилектин
Сүрөтүм тарткан ырчынын
Сөздөрүн сүйүп мен өптүм.

Карматпай жандын колуна
Катып жүрөм койнума,
Кыпкызыл болуп көңүлүм
Кысып жүрөм боорума.

Урматтап менин башымды
Ыр чыгарган акынды.
Ойлонбой кантип мен койдум
Оюма салса акылды?..

Ак чоку тоонун башында
Күн-Булактын кашында
Күч ушул мени апкелген
Күбө бол Сергей азыр да!..

Тоо башы түгөл муз эмес,
Тоо түбү дайым кыш эмес,
Музуңду Сергей кайра алгын,
Муздактын баары кыз эмес! —

Ошол ырды «Айдайым» деп жазылган,
Айдай азыр алып чыкты койнунан,
Жигит сен деп ырда сыры ачылган
Таштанбекти тартып алды мойнунан.

Таштанбек да бошонгондой эсинен,
Жаны элжиреп жаш жыбылжып көзүнөн
Айбүбүнүн ийнине бек баш катып,
Жыттап алды мойну менен төшүнөн.

— Тоо башында өзүң бил дейт Сергей
сен
Колдогуңду ичмек болдуң ким үчүн,

Мен ичемин атып чыккан булактай
Аска алдынан акын тапкан ыр үчүн!..

Мына ушинтип «Айдайымын» Таштандын
Айдай басты жүрөгүнүн башына,
Күндөй тийсин махаббаты жаштардын
Жүрөктөрдүн музуна да, ташына.

Бекеринен журт ичинде айтып кеп
Жүрүшпөптүр Акинайдын кызы деп.
Эзип ийдиң эки бирдей жигитти,
Жан болорсуң жүрөк сырга мындай
бек?

Сергей күлдү жаны элжиреп каткырып,
Кыз бар экен, музду кайра алдым — деп,
Эң чоң «Горький» тоо башында ушул кез
Көргүң келсе — Күн-Булакка келгин — деп!

Моюн алышып Айдай менен Таштанбек
Бек тиктешип, жылмайыша карашты,
Сергей келип колдорунан кысып бек
Анан үнсүз тартып ийди арakты...

*1964—1965-жылдар.*
*Декабрь—Май*

# АЛТЫН ЖИП

Улуу атабыз Владимир Ильич Ленининдин 100 жылдыгына арнаймын.

*Автор.*

Качан болсо көз алдымда бир көчөт
Шамал соксо чоң чынарга жөлөнгөн,
Деми менен чоң чынардын ал көчөт
Сыяктанат ушул жерге төрөлгөн.

Жалбырагы овол бир аз саргайып,
Турганга окшоп үн чыгарбай зарланып,
Акыр бир күн жаңы бутак чыгарып
Көктү көздөй соёлонот шаңданып...

Олтурганда калам кармап ойлонуп
Элес болот ошол көчөт көзүмө,
Ыр саптарын тартар кезде толгонуп
Жаш даракча демин кошот сөзүмө...

## I

Чүй ортосу, мезгил болчу коңур күз,
Ташкен кетчү кара жолдун четинде,
Согуш чыга бир короодо болгон иш
Бүгүнкүдөй дайым менин эсимде.

Беш ай өтпөй белсенишкен жигиттер,
(Мейли, болсун чоң жетекчи кызматкер)
Күндөп-түндөп кызыл вагон минишип
Жөнөп жатты, сап тартышкан бүт
жоокер.

Досой деген бакыраң көз, ак саргыл
Кадыры бар бир өзөнгө тың жигит

Качантадан өз ишине бек даңгыл,
Даңгылдыгын билим менен билдирип.

Көп салышчу бул агроном жигит — деп
А дегенде иштин жайын иликтеп,
Кур корсулдап жоон өпкөлүк көрсөтпөйт,
Адети жок билбес ишке киришмек...

Душман жатты батыш жакты сапырып,
Асман жара замбиректер атылып,
Эл абийирин жоого сатпас эрлерди
«Кел мындалап» майдан турду чакырып.

Бир күн Досой иштен кийин жылмайып,
Шапкеси да күндөгүдөн кырданып:
— Э-ө,— байбиче барсыңбы? — деп
жарына
Эшигинен басып кирди ыргалып.

«Байбичеси» жыйырма үчтөгү Алтынжан.
Күйөөсүнө гүлү күндө ачылган,
Бүркөгөндөн согуш элдин кабагын
Келиндин көп сыры ичке катылган.

Ичтен сезчү бир күн жүрүп кетет,— деп
Билем буга акыр кезек жетет,— деп.
Жаш жарларды эки бөлүп эриксиз
Шүмшүк согуш болбой койсо нетет,— деп.

Көптөн бери мына ушуну ойлонуп,
Түшүндө да кээде чоочуп ойгонуп
Алар эле эри жагын сыйпалап
Анан жатчу көңлү тынчып оңдонуп.

Ооба, ошентип, көп ойлонуп, аз күлүп,
Тымызындап демин жыя үшкүрүп
Өз жүрөгүн өзү тыңшап жүргөндө
Белгисиз бир дүрбөлөңдү күттүрүп.

Досойдун бул жаракөрлүк келиши,
Сыяктанды жарын сынап көрүшү,
Алтынжандын шуу дей түштү жүрөгү,
Жылмаюуга жообу жоктой берүүчү.

— Мен баштатан белен турган
солдатмын,
Беленделген офицермин, билесиң.
Офицердин «байбичеси» болгонсоң
Айтпай, дебей жупташ келер мүнөзүң?..

Бул сөзүмө кантер экен дегенсип
Досой жарын кытмыр кыя карады.
Жан кейүүбү, же чоочушпу, ким билсин,
Жаш келиндин башка болду абалы.

Түшө жаздап колундагы камыры,
Алтынжан да туруп калды аңкайып,
Эми сезди жарындагы кайгыны,
Күткөн эмес чоочунат деп мынчалык...

— Агып жатса элдин каны сел болуп,
Бет чыдабай ары-бери ойлонуп,
Өзүм чыны майданга деп сурандым
Туралбадым кезек күтүп толгонуп...

Алтынжан да буулду сөз табалбай,
Бек тиштенди боюн жыйнап алалбай,
Жалгыз гана «ичимдеги балаңчы?» —
Дегенди айтты башкага ою келалбай.

Жооп бералбай «бала» — деген сөзүнө,
Досой дагы суроо койду өзүнө.
Тиктей берип, тиктей берип күйөөсүн
Келинчеги жаш имерди көзүнө.

Эстеп, эстеп дагы айтарбыз калганын,
Шаштырбаңар не болот деп ар жагын.
Токтололу Алтынжандын өзүнө
Сыпаттайлы салабатын, салмагын:

Кара көздүү, кара тору келинчек,
Арык чырай, келишимдүү орто бой,
Эмне үчүндүр көзгө сынду көрүнчү
Болбосо да короз моюн койкогой.

Не десең да бир жылмайып коймою,
Жатканга окшоп жылмаюуда ойлору

Ооба, оозунан соз чыкмагы бир азап
Келмейинче айта турган болжолу.

Бала күндөн Алтынжандын мүнөзү —
Салмактуулук, акылдуулук —
«күнөөсү» —
Деп айтышчу жары болор бактылуу
Бул Алтынжан кимдин болсо бүлөсү...

Чанагында жадыраган көзүнүн
Акка аралаш азыраак бар кызылы,
Чарчоодонбу, кайгыданбы, ким билсин,
Ким да болсо байкачу эле ушуну.

Ошол кызыл бүгүн окшоп көбүрөөк,
Баштагыдан байкалгансыйт бегирээк,
Күйөөсүнө түк эчтеке айтпады
Көкүрөгүн жатса дагы кайгы жеп...

— Алтын, ушул, алыс сапар кетемин,
Эч ким билбейт согуш качан бүтөрүн,
Кайсы күнү аман-эсен көз жарсаң
Ошол күнү сенден кабар күтөмүн...

Мезгил оор, көп маектеп нетемин,
Талап кылат күч-кайраттын бекемин,
Кайсы күнү жоо оңколоп жыгылса,
Ошол күнү мен кашыңа жетемин...

Билалбады ушул жерден не дээрин,
Айта алган жок башка кырсык келерин.
Аны ичинен жары туюп турбайбы
Жөнөтөрдө өз жанынын медерин.

...Турган экен таң сөгүлгөн кезинде,
Досой каалгып короосунда жүрүптүр,
Пияз, бадыраң, помидордун калганын
Тандап терип столго алып келиптир.

Столдо бар арагы, вино да,
А дегенде арак куйду өзүнө.
Келинчегин аягансып кантсе да,
Вино сунду, жашырабыз несине.

Алтынжан да арақ турган буралып,
Барган сайын ирени өчүп кубарып,
Төгүп салды рюмкада винону
Ушул жерден бир мүнөзүн чыгарып.

Сурабастан арак куйду өзүнө,
Досой анын тиктей берди көзүнө,
Кагышты да, тартып ийди токтоосуз
Эч жол койбой күйөөсү айтар сөзүнө.

Жутса дагы кайрат менен Алтынжан.
Заарканып, бир силкинип кеткени,
«Темир белем эркектердин өзөгү,
Бул түгөттү ичпей койсо неткени?»

Чукул турду Досоюнун жанына,
Ичирбеди ичмек эле дагы да
Бек кучактап башын жөлөп ийнине
Жыттап алды күткөн жандай сагына.

Ачып жаны муңга баткан көркүнө,
Алтынжанды Досой койду эркине.
Асыл жарын кармап турду жаш келин
Түтөп турган өкүнчүнүн өртүнө.

Досой кантсин, кетти окшоду чыдабай,
Алтынжандын алсыроосун карабай,
Қат-кат сүйдү эрдинен да, мойнунан,
Оолда курсун жаш жандардын ынагы-ай.

Досой эми сөз айтууну каалабай
Көңүл улап «а», «бу» дешке жарабай.
Өтүп койду «ичим тап» ка бүт бойдон
Кээде ушундай болот экен адам-ай...

Көп узабай терезеден күн тийип,
Жуптуларды бир аз эске келтирип,
Кучагынан жарын жаңы бошотту
Турган аял көңдү катуу мертинип...

Жаңы алынган узун кендир мешокко,
Чучук, жаңы эт, козу карын сары май,
Дегенде окшоп жолдон чогуу жешетко
Тамактарды салып жатты аянбай.

Салды кыйла коньяк менен арактан,
Өзү өстүргөн памидордон, пияздан,
Кошо түйдү калемпир, туз дегенди
Керектир деп сапарында бараткан...

Түтүн бүркту паровоз да чакырып,
Вагондорго аскер түшүп шашылып,
Узун состав термелгенде ордунан
Алтын чуркайт «Досой» — деп бир
бакырып.

Кол булгалап эшигинен вагондун
Көпкө чейин Досой турду жыланбаш,
Бир кетчүдөй өзү менен поезддин
Алтынжан да чуркап барат катарлаш.

Поезд жүрдү, поезд шашты кышылдап,
Жел да кошо тизгиндешти ызылдап.
Тепкилешсе толгон темир дөңгөлөк
Темир жолдор калып жатты кычырлап.

Чуркай берип, чуркай берип Алтынжан,
Күйүктү окшойт бурулушка жеткенде,
Жол боюнда туруп калды жыланбаш,
Окторулуп поезд узап кеткенде...

II

Кубандаган кышкы булут өңдөнгөн
Тоонун боп-боз, тоонун суп-сур суулары.
Кышты тоодон талаа жакка апкелип,
Сайдын бетин кычыраткан убагы.

Үшүгөнсүйт теректер да көгөрүп,
Турат белем бир бирине жөлөнүп,
Суу бойлорун жылтыр муздар көбөөлөп
Келатат бейм темир аяз төрөлүп.

Кыш шамалы терезени черткенде,
Алтынжандан уйку безип туруптур,
Жамбаш талып жалгыз ойгоо жаткандан
Жылуу кийнип короосунда жүрүптүр.

Кенен жаткан арка жагы короонун —
Аянты эле ой жүгүртүп кароонун,
Көзгө элестеп жайдын толук күндөрү,
Күндөр баштайт Досоюнун жомогун.

Досой анда... көөдөн кетчү дагдайып,
Жалаң шымчан басып турчу бакжайып,
Жылаңайлак эртең менен чөп отоп,
Кечкисинчи, бакчасына суу жайып...

Жигит эле жер казуудан талбаган,
Бүт короосун күрөк менен айдаган,
Памидор, бадыраң, көк калемпир
дегендин
Сортун көрсөң соёр койдой тандаган.

Алтынжаны тамашалап туруучу,
Тамак бышты, качан жаның тынат — деп
«Э-байбиче, бакча бышса, жан тынат,
Кетмен жанга качан болсо кубат бек...»

Досой чапса күлбак болуп кетчү жер,
Чекесинен шуруга окшоп тамчу тер,
— Иштен кийин үйдө ушинтип эс алат,—
Деп койчу эле эмки биздин жигиттер.

Ачкыл сунса кере жутуп алуучу,
Өсүмдүккө суу агызып баруучу,
Айдоолору кана жутса ал сууну
Өзү ичкенсип көңлү тоюп калуучу.

Мына ушунун баары түшүп эсине,
Досой түгөл элес болуп көзүнө.
Көрүшкөнсүп көңлү балкып кеткенде
Бул көргөнү окшоп таттуу түшүнө.—

«Алсам ээ — деп аман-эсен көз жарып»,
Кат жиберсем убадамды аткарып,—
Көңүлүндө болбогондой эч кайгы
Ушуну ойлоп тура калды шаттанып.

Чоң жол менен автобустар дарылдап,
Кыймыл ташып, жүргүнчүлөр дабырлап,

Бир жагынан кардуу шамал күүлөнүп
Бек кайрылып бетке согот шыбыргак.

Бир кезекте алтын чачтуу сары кыз,
*(Наташа деп эркелетчү барыбыз)*
Чолок тончон, эшигинен короонун
Куп-куу болуп кирип келди аныбыз.

Адетинче кат баштыкка кол салбай,
Же кол кой деп карындашын колго албай,
Алтынжанды көргөн жерден өрөпкүп
Сөз табалбай туталанды ар кандай.

«Тетя Алтын...» деди дагы бакырып,
Ыйлап кирди мойнуна бек асылып,
Жашыралбай ушул үйдүн досу кыз
Келген экен жаны катуу ачынып...

— Гитлер,— деди,— кутурган ит кабаган,
Канатпады кимдин гана жүрөгүн,
Досой ага кандай жакшы киши эле?..
Кол салбаган бактысына бирөөнүн...

— Ыя!?.. — деди Досой деген сөздү угуп,
Кетти окшоду көз алдынан көчүп жер,
Турган жерден шалк деп жерге олтуруп,
Маңдайынан көрүнгөнсүп жаңы көр...

Бетке, көзгө уруп турган бурчак кар
Сыяктанды беттен аккан ысык жаш,
Бет алдынан салаңдашып зоокалар
Өзүн көздөй келаткансыйт кулап таш!..

«Ыя, Досой!..» — деп жана Алтынжан
бакырды,
Сезбейт өзү дагы кимди чакырды.
Эмнегедир эрди кетти көгөрүп
Тырмактарын Наташага батырды.

Кантсин, жаш да, чоочуп кетти Наташа,
«Жардам» деди, эки жагын карады.
Ооба, ошондо элестеди там жактан
Шаша баскан Батыш апа карааны.

Батыш менен Наташа экөө арадан
Киргизди үйгө келе электе эсине,
Жер кучактап жатып калды Алтынжан
Деги эле бир жан көрүнбөй көзүнө.

Эми сезип чоң алаамат болгонун
Батыш апа: «Суу, суу?» — деди күбүрөп.
Ушул үйдө кызы экөө эле экенин
Ушул азыр сезбей калды көрүнөт...

Жиберишсе улам-улам суу чачып,
Эми бир аз баш көтөрдү дем алып,
Наташа өзү чыналап суу жуткуруп
Көзүн ачты бет маңдайын каранып...

Же Батыштан, же Наташа оозунан
Ушул азыр жалгыз ооз чыкпай сөз,
Көз караштар туюк-туюк сүйлөшүп
Үйдүн ичи тилсиз гана турган кез.

Бир кезекте кайнап турган самоорду
Кирип келди Батыш апа көтөрүп,
Алтынжандын үнү кайра жоголду
Бир-эки жол алсыз гана жөтөлүп...

Кантсин эне, ууртаар бекен дедиби,
Демдеп туруп кызына өзү берди чай.
Чай койгонун, май койгонун көрбөдү
Алтынжаны сулк тим жатты унчукпай.

Шашылды окшойт саатын карап Наташа,
Кыйпычыктап баштыгына кол салып,
Шырп чыгарбай шумрай кара кагазды
Коомай койду терезеге алпарып.

Не койгонун көрмөк кайда Алтынжан
Толуп кеткен сыяктанып көзгө кан,
Терезе, эшик кара кийиз өңдөнүп,
Азыр көзүн ала качат адамдан.

Кантсин, ыйлап, жылып чыкты Наташа,
Кылдат басып башы менен бутунун,
Эне сезди жаткан кара кагаздан
Качкандыгын ушул үйдүн кутунун...

## III

Ачуу келип күндөн-күндүн кабары,
Адамдардын салыңкы эле кабагы.
Кайда барып, не кыларын билалбай
Алтынжандын алсыратты абалы.

Окуганда кара кагаз кабарын,
Жазылыптыр: «Днепрдин жээгинде,
Курчоого алып немецтин көп адамын
Танк атышып, таш өрттөнгөн жеринде,

Окус октон каза тапты күйөөңүз,
Эрдигине башыбызды иебиз,
Ишениңиз бир Досойдун башы үчүн
Душмандардын миңин жерге көмөбүз!»

Мына бүгүн кеч ичилди кечки чай,
Үй ичине башбактады түн да жай,
Альбомдорун карай берет Алтынжан
Өксүгүнөн көңүлү асты тынч албай.

Досоюн ал сезгиси бар тирүү деп,
Аман-эсен бир токойдо жүрү — деп,
Эшик ачып кирип келсе жарк этип,
Жаздын да бир жадыраган күнү деп.

Эстеп-эстеп сүйгөн жардын мүнөзүн,
Тандап карап сүрөттөрдөн сүрөтүн,
Тык токтоду бир сүрөткө келгенде
Бут көргөндөй ушул жерден мүдөөсүн.

Булар жаңы баш кошушкан айында,
Белги кылып экөө бирге түшүптүр,
Бир-бирине элжирешип турганы
Кагазга да элес болуп өтүптүр.

Досой болсо жим өтүкчөн, кителчен,
Бир стулда жадырацкы олтурат,
Алтынжаны сол ийнине таянып
Күйөөсүнүн аркасында ал турат.

Күйөөсүнүн сол ийнине таянып,
Күлүмсүрөп алды жагын каранып,

Деги өмүрдүк ажырагыс түрү бар
Калган өңдүү экөө бирге жаралып,

«Жок, эми...» деп шуу дей түштү жүрөгү,
Эй, курсунчу, өчө түштү иреңи,
Бул өмүрдө сүйүп, күйүп не керек
Мына үшүнтүп чарт үзүлсө тилеги...

## IV

Оорудабы, кайгыданбы, белгисиз,
Алтынжандын бала түшкөн боюнан,
Өтө кылдат, өтө туюк мындай иш,
Көтө элекге калың кайгы оюнан.

...Кара мурун Алтынжандын атасы
Короо жайы Туура-Белес түбүндө,
Кадимкидей алмуруту, алмасы
Аңкып жыты бышып турат бу күндө.

Күзгү алманын жаңы толуп шыреси
Кыз жүзүндөй кызылдыгын айтпагын,
Баштаганда тоодон салкын жел эсе
Томолонуп, топ-топ түшүп жатканы...

Досой жаңы күйөө бала атанып,
Даам сызып, бакты аралап басканда,
Төш түбүнө бир түп көчөт тикти эле,
Эл жабыла жазында жер казганда.

«Алмасы деп агроном баламдын»,
Абышка өзү бапес менен бакчу эле,
Өзү бутап, өзү түбүн тегиздеп,
Сууну да өзү мезгилинде тартчу эле.

Көчөт өстү тамыр жайып доолдап,
Кабыгы да, жалбырагы тап-таза,
Былтыр-быйыл жыты сонун бурулдап,
Бутактары алма түйөт башкача.

Кара мурун бышкандарын өзү үзүп,
Жыттап туруп барт-барт чайнап жеп
койчу

«Күйөө балаң жакшы болсо, о чиркин,
Өз балаңдан эч ким болбойт»—деп койчу.

Желе тартып жетимишке жеткен жаш,
Таң жарыла уурдап алат уйкуну,
Бара-бара болот белем көңүл таш,
Аздап берет какшык менен күлкүнү.

Ушу бүгүн түндүк эч ким тарта элек,
Чыга электе там үйлөрдүн түтүнү,
Кара мурун жап бүткөндөн эртелеп,
Тура келди, түндө жаткан бүкүлү.

Элес алып асман бетин карасаң,
Бирин-серин жылдыз турат агарып,
Канаттуулар ыксырашат адамдай,
Канаттарын жалкоо гана тарашып.

Кара мурун ноочa кыши коркоюп,
Бак ичинен басып барат жай гана.
Мөмө жыты, гүлдүн жыты бир болуп,
Абышканы эркелетет айлана.

Аңдоосуздан өтүп калган кези экен,
Так түбүнөн Досой тиккен алманын,
Муңайыңкы кызарыптыр баары тең
Айтканга окшоп өз кызынын арманын...

Абышканын тыз дей түшүп жүрөгү,
Байкоосуздан жумуп ийди көздөрүн,
Алда кимге көрүнбөөгө шашкандай
Билбей калды төш тарапка өткөнүн.

Алмадан чет, тоо этеги бир дөбө,
Чал олтурчу тор сыяктуу бул дөбө,
Кара мурун ошондо көп олтурат
Те алыстан айыл көрө, жер көрө.

Жаңы ойгонуп Чүйдүн Ала-Тоолору,
Тоо үндөнүп сайдын көп-көк суулары,
Салам берип ызылдаса таң жели
Канбай койбойт тирүү жандын кумары.

Тоопун жели алдейлесе коңулун,
Карт мергенчи күчтүү сезин өмүрүн,
Тиктеп турду сары-өзөндүн талаасын
Төбөсүнөн туугап жердин төрүнүн...

Желге ойгонуп көккө чыгат куш калкып,
Бирин-серин жандыктарда чөп чарпып,
Жарасынан алыстагы согуштун
Айыл, үйлөр жаңы айгып жаткансып,

Өтө кары, же өтө эле жаш адамдар,
Көпчүлүгү күңгүрөнгөн аялдар,
Тыш тымып туюк тартып турса да,
Көкүрөктө уюп жаткан кайгы-зар.

Ушуларды карай берип айланып,
Жаш-жаш кеткен Досойго ою байланып,
Кымтып алды насыбайды ээгине
Жез чакчасын алаканга бир кагып...

Тоо башынан күндүн мурду чачырап,
Күн мээрине жалбырактар жазылат,
Күнгө окшоого, күндүн нуру окшоого
Күзгү токой кучак жая ашыгат.

Күн чачырай салкын суугa бет чайып,
Суу сергитсе көңлү бир аз шаттанып,
Бак ичине басып кирди Алтынжан
Жемиш салчу чоң тарелке колго алып,

Те, тетиги Досой тиккен алмага
Карай-карай тике басып барды да,
Бышып түшкөн, түшө турган болгонун
Табагына үймө-жыйма салды да,

Бир аз турду кетпечүдөй түбүнөн,
Сыр ачкансып алмалардын түрүнөн,
«Досоюмдан ушул жалгыз белек» деп
Учук чубап көңүлдөгү күйүүдөн.

«Келбейсиң-ээ ушул бакка кайрадан,
Жебейсиң-ээ өзүң тиккен алмадан...»
Ушуну ойлоп улутунуп алды да,
Үйдү көздөй каалгып басты Алтынжан.

Кайра келсе чайын демдеп апасы,
Кабак чытып чайга олтурган атасы,
(Эртеңки даам, эртеңки ырыс дешетко
Ырыс менен бүт адамдын жашашы).

Алмалардын чаңын сүртүп абыдан,
Көз кызыгар көрк чыгарып баарынан,
Тасторкондун ортосуна койду эми
Ардактуудай үйдүн бүткүл наарынан.

Алтынжандын ичи сыздап олтурган,
Бул алмадан өзү акырын бирди алды,
Бүгүн мага ушул жетет дегендей,
Алма тиштеп тетир карай айланды.

Ал алманы жеп олтурду жай гана,
Эч адам жок ээнге окшоп айлана,
Муну сезип төр жактагы атасы
Тиги алмадан бирди колго алды да,

Дем сездирбей үшкүрүнүп ичинен,
Сыр каткандай деле бардык кишиден,
Там айлана баскан бойдон жөнөдү
Биротоло кеттим дейби ушу мен.

Байкай калган кыйды Батыш энебиз
Адамга окшоп теги эчтеке элебес,
Шашпай куюп чай жылдырды кызына,
Кыяпатта кебелбестен ичип-жеш.

Алманы жеп, аз нан менен ичип чай,
Дасторкондон козголушту экөө жай,
Эми ээрчийли Батыш апа артынан,
Алтынжанчы, кала турсун ушундай...

Батыш апа сарай жакка бурулуп,
Тооктоpуна жем чачымыш болду да,
Алтынынан шек алдырбай бөлүнүп,
Барар жагын астырт байкап алды да,

Суу боюнда басып жүргөн чалына,
Майпаң басып жете барды жанына,
— Э, абышка, сага эмне жин тийди?
Сыр тартмакка алып турду каарына.

— Ата көрү, ит экен го карылык,
— Кечке олтурам өз короомдо зарыгып.
Же болбосо кыздын көрбөй көз жашын
Кетпейт белем мен майданга чамынып?

Байкадыңбы те кызыңдын кабагын,
Жөн сунбады алма салган табагын.
Терең жатат, терең жатат күйүтү,
Кууруп ийди деги адамдын заманын.

Чалы айтканда ойдогусун жай гана
Карай калып кемпир аны таңдана:
— Ой, абышка, бекер дөөрүп нетесиң,
Сен бүткөнсүң, камчыңды кур чайнаба.

Ай, абышка, сакалыңды карагын,
Жөн, жөн болгун, кур бүлүнбө
жаманым?!
А бизгечи?.. Бизге болсо жетишет
Кашыбызда тирүү турган караанын.

— Билбейсиң кемпир сөзүмдү,
Каткан нан, кара жармаң бар,
Карышкыр жебейт өзүңдү.

— Эркекмин али дегенсип,
Оттойсуң эмне, абышка?..
Баралбайм сени мен ээрчип! —

Ушуну айтып чалын алып колунан,
Калтыргандай алыс кетчү жолунан,
Шыдыр тартып айдап алып жөнөдү
Бир турганда айыл совет, башкарма

V

Бир турганда айыл совет, башкарма
Тике барып иш жөнүндө айтканда,
Ыйгарышты айыл китепканасын
Не таптың деп бекер үйдө жатканда...

Китепкана кызык болду Алтынга,
Алтын болсо ошол тамда бир адам,

Текчөлөрдөн, столдордун үстүнөн
Аны унчукпай тиктегенсийт миң адам:

Маркс, Энгельс сакалдарын баштыткан,
Ленин болсо мурутунан жылмайып:
«Кел, окугун, билим алгын дегендей
Китептердин дүнүйөсү ажайып!»..

Айыл улам мөгдөп барат адамга,
Көбүнчө эле өбөктөгөн карылар,
Же болбосо эгин жыйып, мал багып
Эркектердин ордун баскан аялдар.

Курсак дагы капшыт чыга тоялбай,
Көңүл чиркин жайын таап коналбай,
Кантет айыл, эр бүлөнүн аздыгы —
Кежигеден басып турду ушундай.

Кантсе дагы Алтын бекер жатпады,
Бул ордунда жеген нанын актады,
Өзү барып чал-кемпирдин үйүнө
Газет, китеп окуп бере баштады.

Өзүнө окшош көңлү муңдуу келиндин,
Кармап алып китеп катат койнуна,
Окуурсуң деп бала эмизип олтуруп
Ортоктошот чыны менен ойнуна.

Бул Алтынжан кээде кетет кыдырып,
Күндөп-түндөп өз айлынын аймагын.
Жеңелердин, эжелердин бирге ичет
Нан ордуна талканы бар чайларын.

Ак нан чыкпайт ал үйлөрдүн баарынан,
Бөлө жешет жүгөрүнүн нанынан,
Кээде кетет таш чай, чөп чай аралаш,
Кысылды айыл чыны тамак жагынан.

Ооба, ооба, нан күчтүүсү майданга,
Балбан билек эр күчтүүсү майданга,
Ылдам эле душман мойну сынса дейт
Ыраазы элек кантсыз кара чайларга!

Деги, деги аял журту канетсин,
Бирде ыйласа, соорунушат, өздөрү,
Ач, арыкмын, кийимсизмин дебестен
Шишсе да ачуу жашка көздөрү.

Аял күчү бек сыяктуу темирден,
Ушул күч бейм темирди да жемирген,
Арка жерде жалаң аял өндөндү
Баарын тартып майдалаган тегирмен...

Мына ушуну, мына ушуну көргөндө
Алтынжан да кетчү болду арданып,
Башка аялдар мына минтип жүргөндө
Не турам дейт ушул тамда кармалып?..

Китепкана, эчен жүздөй китептер
Жатканга окшойт барактары ачылып,
Окусам дейт, канчасына тиши өтпөйт,
Сына түшөт мына ошого басынып...

Ушул кандай, китеп үйүн башкарсам,
Колдогумдун эмне экенин билбесем,
Бир олчойгон чоң китепти колго алсам,
Сураганга маани чечип бербесем...

Мына ошондой ойго батып турганда,
Чийкимин деп өз ишинен кайгы жеп,
Каалгый келди бир аксакал ушунда
— Өзүңдөн бир сөз сурайын
балам — деп.

— Бизден көрү китеп окуп олтурган,
Көптү билген көзүң ачык баласың?
Качан өлөт Гитлер деген ант урган
Качан көрөт биздей чалдар баласын?

Мен картаңмын, эртеңкимден кайгы
жейм,
Санаа тынбайт, карылык чоң оору бейм?
Айтчы, балам, көңүлүм бир тынчысын,
Качан бүтөт жан кашайткан согуш дейм?

Келгенге окшоп ашуу бербес бир тоого
Бул суроого Алтын турду такалып,

Али жөонун талкаланбай көөдөнү
Турган кезде улам кайра күч алып.

Мындан көрө оңой оокат окшоду
Сары-өзөндө кетмен чабыш керилип,
Мындан көрө жайлуу жумуш окшоду
Мал күзөтүш бир унааны теминип...

Аксакалга эчтеме деп айтпастан,
Жерди тиктеп тура берди Алтынжан.
Чал дагы эми экинчи сөз катпастан,
Тунжурады бул турушка болуп таң.

Чалда болду не да болсо ичинен,
Кыяпаты бул тамга эми келбестей,
Келсе дагы үлүрөйгөн көзүнөн
Элес келет мынча суроо бербестей...

Чал чыкканда араң турган Алтынжан,
Басып барды терезенин түбүнө,
Эмнегедир башы айланып болду маң,
Тар окшоду ал жашаган дүнүйө...

Тийген өңдүү так маңдайга чалдан таш,
Токтоо бербей мөлт-мөлт кетти көздөн
жаш,
Тура берсе терезенин түбүнө
Шайы кетип, жаны ачынып, ооруп баш,

Мына упинтип келатканда кеч кирип,
Иңирленсе Туура-Белес талаасы,
Алда бирөө катуу күлүп каткырып,
Бир укмуш сөз баштады окшойт чамасы.

Келе жатат кылдыраган араба,
Ичи толо иштен кайткан келиндер.
Кийми жүдөө, курсак бөксө болсо да,
Түрлөрү жок кыйындыкка жеңилер.

Чогуу барып, чогуу кайтып талаадан
Келатканын бир-бирине дем болуп,
Дем алгандай кечки таза абадан
Жаңкы келип ыр баштады оңдонуп.

Ошол экен ат тизгинин кармаган,
Ошол өзү арабаны айдаган,
Ошол экен абал баштап ырдаган,
Бир оштонуп ырга тилин кайраган.

Шаракташат кызылчачы келиндер,
Той-тамаша сыяктанып ушул жер.
Эриксизден баш көтөрдү Алтынжан
Терезеден киргенге окшоп таза жел:

«Карайган тоонун боорунан
Калдайган булут кетпейби,
Кайгырткан бизди душмандын
Ажалы бир күн жетпейби?

Ажалы жетер думпандын,
Уйкусун жаштын бузгандын,
Алтыным келип аман-соо,
Айкашар күнгө куштармын.

Келбесе өзүм барармын,
Германдын жайын табармын,
Келинге кайгы салгандан
Келтирип өчтү алармын.

Акопто жаткан жеринен
Колунан тартып өтөрмүн,
Айчүрөк болуп кайра учуп
Айлыма аман жетермин.

Бөрүмүн деген немисти
Бөктөрүп кошо кетермин,
Таң күнү эмгек биздин иш,
Талаасын сактап шекердин.

Колхоздо иштеп жүрөмүн,
Каткырып ойноп күлөмүн,
Кан майдан кечкен күйөөмө
Кайратын кошкон бүлөмүн.

Созбогун Герман согушту,
Башыңа балаа үйбөгүн,

Сенин да бала-чакаңдын
Көрөрү кандай дүйнө күн!

Күздүн бир күчтүү илеби,
Күрдөлдүү жаштын тилеги,
Советтин журту — түптүү жүрт
Ушуну Герман билеби?

Атабыз чапкан жолдобуз,
Атабыз биздин Ленин,
Алышкан эрлер аткарат
Аркада элдин тилегин»...

Толгон келин жөн ырдабай муну да,
Кээде кыйла каткырышып чымчышып,
Сөз кошушуп созолонгон ырына,
Кээде кетет жаакташып айтышып.

Кайсы бирөө кайра байлап жоолукту,
Чекчерилет кадимкидей демденип,
Алда кимди элестетип көзүнө,
Эстеп коёт эриккендей бой керип.

Жанагы эле ыр баштаган келинчек,
«Трруу...» деп турат арабаны токтотуп,
Челек, чака, түйүнчөктү көтөрүп,
Кетти аялдар тарап-тарап топтошуп...

Алтынжанга эчен түркүн ой келип,
Көңлү толо көрүп туруп ушуну,
Көтөрүлдү өзүнчө эле демденип
Оңолгондой бир ишинин бузугу:

«Таш көтөрсөң чогуу жүрүп бир сайдан,
Көпчүлүккө таш кеп эмес турбайбы.
Ач болсоң да токтой сезип өзүңдү
Качат белем сүзө келген муң-кайгы...

Китеп сага менин күчүм жетпеди,
Мен сен үчүн жан экемин четтеги,
Кармалгансыйт өзү келип колума
Кызылчачы келиндердин кетмени...»

Катуу бийлеп Алтынжанды ушул ой,
Алда кимге аша кумар болгондой,
Шарт жапты да китепкана эшигин
Жөнөдү үйгө башка эчтеме ойлонбой...

## VI

Бир көгөргөн бир томсоргон учу жок
Деңизге окшойт кепен Чүйдүн талаасы,
Жатканга окшойт ал деңиздин үстүндө.
Дөбө-дөбө кызылчаны карачы!

Алтынжандын кабыл болуп тилеги
Аңыз тепсеп эркекче өтүк кийиптир,
Кызылчада бригадир ал эми
Тандап туруп кызматында жүрүптүр.

Мына, мына мейкин болуп көк көлдөй,
Турган кези учсуз, четсиз мелтиреп.
Күн түш оогон тыныгар чак жеткенде
Аз эс алып чайга олтурду элчилеп.

Дем алыш деп колхозчунун баары да,
Бала эмизген, чылым чеккен аялдар,
Келгенге окшоп жаңы киши жанына
Кужулдашкан, кобурашкан адамдар.

Бирөө айтты: — Аксак Сөлпү биздин деп,
Ал текшерет дайым иштин үстүн деп.
Бирөө айтты: — Былтыр өлүп аялы
Жүргөн киши үйлөнүүнүн камын жеп.

Көлчү болду келиндерге жакындап,
Калды өзү да элүүлөрдү такымдап,
О, али жаш, сакал турмак мурут жок,
Басса, турса жап-жаш жигит лакылдап.

— Айыбы эмне, кемитпеңер аксак деп,
Көрбөйсүңбү көз айнеги калкайып,
Канткен менен көп кишинин өңдүүсү
Дөө көрүнөт ат үстүндө даңкайып...

— Койчу ошону, даңкайганы кайсысы,
Отуз жылы иштегени бир кызмат,
Чот кагат дейт, бир контордо кассир дейт.
Чоң немедей кээде коёт ыргыштап!..

Айтор деги Сөлпү мында жеткиче,
Сөз боёктоп бүт сүрөтү тартылды.
Аксактыгы, картаң бойдок экени
Анкетинен он эсе ашып айтылды.

Бир кезекте саламдашып заңк этип,
Кекейгенсип Сөлпү түштү атынан,
Канткен менен ушул жерлик, бир элдик
Көп кишилер кетпей турду кашынан.

Чын эле анын көк чий баркут костюму,
Өтүгү да жылтылдата сүртүлгөн,
Деле буга элүү жашты бербестей
Алыстатан абайлабай бир көргөн.

Учурашып аялдарга көбүрөөк,
Колун серпип сөзүн айтып бегирээк,
Эмне үчүндүр Алтынжанга жакындап
Өзүнчө эле бир деме деп теминет.

Куу келиндер көз кысышып ныкышып,
Бирин-бири кабыргага чукушуп,
— Омийин эми, бригадирден
айрылдык,—
Үшинтишти күлкүлөрүн жутушуп...

— Тийгендер бар алтымыштан ашканга,
Токол болуп кошулуп кой бакканга,
Чал-чабырга он сегизде кыз барса
Тобо дегин бул табылып жатканга...

Ооба, ошентип Сөлпү мында келгенден,
Көздөр ойноп бүт тымызын кеп болуп,
Кетти аялдар иштемекке ар жерден,
Акырында «тымызын» дык токтолуп...

Сөлпү болсо жер ээндей түшкөн соң,
Баягыдан көөдөнду өөдө көтөрүп,

Дембе-демдеп буркуратат канжасын
Экиленип күлкү аралаш жөтөлүп.

Көз айнегин ала коюп колуна,
Таза сүртүп кайра асемдеп салынып,
— Баскан болот аксактыгын билгизбей
Анан кантсин Алтынжанга жагынып.

— Агай, менин ишим бар деп ашыгып,
Кош айтышып бура тартып кетерде;
— Иш да бүтөр эсен болсо башыңыз,
Ушул тапта эч ким жүрбөйт бекерге! —

Ушуну айтып кармай калды колунан,
Ачык болду калтырары жолунан,
— Э, Алтынжан, багып жүрөм
сыртыңдан
Жатсам, турсам кетпес болдуң оюмдан.

Э, Алтыкеш, нелер өтпөйт башыңдан,
Жыл айланды, жүрүп калдым жалгыз
баш,
Болсок кантет эки-бакыр, бир-тукур,
Сыяктуубуз экөөбүз да тагдырлаш.—

Сөлпү сөзү ушул жерге келгенде,
Алтынжан да колун булкуп алганы,
Жүргөн жакка кызылчачы аялдар
Шарт бурулуп басып кетип калганы...

«Катын, катын, канткен менен катын да,
Түк билбейт ээ жолугарын асылга,
Кудай берсе, бөдөнөдөй бөйпөңдөп
Баш көтөрбөй сен жүрөрсүң кашымда!..»

Ушуну ойлоп, кегин түйүп Сөлпүбүз,
Асемденип атка олтурду кайкайып,
Кайдасың деп уялашым чоң Салый?
Төш тарапка жөнөп кетти даңкайып...

## VII

Ооба, эми биз Туура-Белес алдында
Карамурун аксакалдын тамында,

Күн мезгили кызыл күүгүм болгондо
Батыш апа эткел Салый жанында.

Алмак-термек сунушуп кызыл чай,
Батыш эне сөз тыңшоодо жайма-жай,
Эткел Салый карындашы Сөлпүнүн,
Сөз жөнөтөт безеленип бир тынбай.

— Бир эл, бир жер, жонубуздан
тууганбыз,
Эртең деле жүз көрүшчү адамбыз,
Ким кааласын апа сизге жамандык,
Качан болсо кадыр-көңүл табарбыз.

Сөлпү байкем ырайымдуу аялга,
Терс сөз айтпайт деги эле эч бир адамга,
Алтыкешим болсо менин өз жеңем,
Оту болуп коломтодо жанам да.

Качан бүтөт ойрон болгон бул согуш?
Жигиттердин жайын ойлоп койсоңуз?
Кызыңызды жайлаштырып жакшыраак
Жакшы эмеспи көңлүңүз тынч болсоңуз?..

Батыш апа акырындап ийкеп баш,
Ал гана эмес, көзүнө алып чолок жаш,
Айтканына эткел Салый жуучунун
Сыяктанды эч бир каршы болалбас.

Салый болсо карындашы Сөлпүнүн
Иштеп жүрөт шаарда бир чарба ишин,
Жайын таап жакшы адамга үйлөнтүп,
Басмак болот агасынын кайгысын.

Бу чиркиндин көкүрөгү бир кучак,
Кыш-кыш этип араң сүйлөйт кыйналып.
Кыз күнүнөн «эткел Салый» атагы
Аркан-жипсиз буга калган байланып.

Бир кезекте эшик кыйч деп ачылып
Сумсайыңкы кирип келди Алтынжан.
— Алтыкеш... деп жолун тосо жалбарып
Эткел Салый ыргып турду ордунан.

Алтынжанга утурулай кол сунуп,
Чопулдатып сүйүп алды жүзүнөн,
Аны менен тизелеше олтуруп
Жал-жал тиктейт көз айырбай көзүнөн.

Эми сезди эч калетсиз Алтынжан
Кайдан мында сунулганын укурук,
Дегенге окшоп ким куткарат Салыйдан
Өңү кетти дагы жаман бузулуп.

Салый болсо жай суроодо шакылдап,
Жалбарынып барган сайын жакындап,
Эне жакка көздүн кыйрын жиберет
Белги берип сөз башта деп бачымдап.

Баятадан ойлоп-ойлоп олтуруп
Батыш апа эми сөзүн баштады.
Жөн болор деп акыр кызым бой сунуп
Укурукту ыраак жактан таштады:

— Каралдым, Германды Совет жеңсе да,
Кансырап барып жеңетко,
Ойрон болгон согуштан
Ондон бири келетко?

Каралдым, кан күйгөн согуш болбосо,
Көңүлгө келчү иш эмес,
Чекеге бүткөн бир кыздын
Чекесин чертчү биз эмес.

Тагдырдын иши — кыйын иш,
Сен жесир да, биз картаң.
Ойлончу, балам, кантебиз,
Чал, кемпирге көз салсаң?

— Көз салганда, апа, сенин тапканың
Тең жаш улуу аксак Сөлпү болгонбу? —
Мына ошондо Салый калды мостоё,
Алтынжанды кесирдүү деп ойлонду.

— Каралдым, киши аксагы айыппы?
«Эр ортону — элүү» — дейт.
Каралдым, алды-артыңды карагын,
Апыкең сен деп кайгы жейт.

Оройлук кылбай ойлончу,
Же, сен беш көкүл кыз эмес,
Өтө эле жашка ой жоруп
Асмандай турган кез эмес.

Кезегинде Досоюң,
Балам, сар жылдыз болчу көктөгү,
Карайган түндү чүмкөнүп
Эми, кайрылбай ошол өткөнү...

— Эй, апа,— дейм, мынча эмнеге
шаштырдың,
Кутулгуча көңүлдөгү кайгыман?
Айткылачы мен эмнеден жазгырдым,
Тынчтык таппай туулуп өскөн айлыман?

— Байкасаң балам, эң жакшы —
Бир эркек баш-көз болгону.
Ээленип жалгыз жашаган
Катындын гана оңгону?

— Оолда, апыке, неге айтасың а жагын?
Мен силерди, эрсиз деле багамын,
Акыл-эсим азырынча ордунда
Милдетимди өз мойнума аламын...

Кайрып сөздү кызы мындай дегенде
«Э, кудай»,— деп эне көзүн жаштады.
Эткел Салый улутунуп бул жерде
Не болсо да тике сүйлөй баштады:

— А дүйнө кеткен адамдын
Артынан кошо ким өлгөн?
Артында тирүү калган жан
Ордун тапкан, күн көргөн.

Гүлдөгөн өзүң жаш туруп,
Так өтмөк белең дүйнөдөн,
Дүйнөдө адам жок бекен
Сенчилеп зарлап-күйбөгөн.

Иштөө да керек, Алтыкеш,
Жашоо да керек, Алтыкеш,

Алдыңа келген бир жумуш,
Ар жагын ойлоп өзүң чеч.

Менин байкем Сөлпү да,
Талаада калчу чөп бекен?
Ар нерсе кымбат маалында,
Анча эле катуу кетпесең?..

«Аа, балам»,— деп Батыш апа
муңайып,
Бара жатты улам жүзү кубарып,
Айтты окшоду эң акыркы сөздөрүн
Ыйлуу үнүн араң-араң чыгарып:

— Аялдык кылат экенбиз
Ар нерсени билүүдөн,
Көз алдыда болгонду
Тип-тике карап көрүүдөн...

Көрүп жатам согуштан
Кандайлар келип жатканын,
Колдолондоп кай бирөө
Жыгач бут менен басканын.

Бүрөөнүн колу мултуюп,
Бирөөлөр болуп суу карек,
Соолгон ушул согуштан.
Соо бойдон бирөө келе элек!

Балам, кай күнү колго тийгизет,
Сен эңсеген жигитти?
Олтурат канча келинчек,
Чиркин-ай, аш кылып ичип күйүттү...

Сүйлөшкөнгө көп болду,
Так эле ушул жумушту,
Күн-түндөп далай ойлондук
Балам, атаң да билет бул ишти...

Жетпесе сага кантелик,
Картайган кезде сөзүбүз.
Жакшылык сенден көралбай
Каралдым, өткөнү ошол көзүбүз...

Алтынжанга ачык болду абыдан
Карылардын көңлүндөгү жарасы,
Келерлигин качан турмуш жайына
Билалбаган ата-эненин санаасы...

Карыларга жетер эмес айткан сөз,
Эртеңкини бүлбүл көрөт картаң көз,
Алтынжандын жарга башы камалып,
Ыргып чыгар жол табалбай турган кез.

Эткел Салый кандай дейсиз дегендей
Улам жалт-жалт карай берди энени:
— Ата-энеңден бийлик кетип калгансоң
Анда, кызым, өзүң жооп айт дегени!

Алтынжандын көзү кетти канталап,
Баягыдан бошой түштү мууну,
«Ойлоноюн мен да өзүмчө жакшылап»
Тилек кылды бир аз күтө турууну...

Канткен менен катуу батты жанына,
Картайышкан ата-эненин көз жашы,
Согот башка согуш шарты дагы да,
Алтынжандын чындап кетти аргасы.

Көрө албадык болгон ишти түнүндө,
Эртесинде алып келип семиз кой,
Карамурун аксакалдын үйүндө
Сөлпү күйөө өз алынча берди той.

Шаар жактан чаап келип балкылдап,
Бул шаанини эткел Салый башкарды,
Арак жуткан канча келин солкулдап
Бирөө ыйлап, да бирөөлөр шаттанды.

Болгон окшойт эбин Салый тапкандан
Дасторкондо толуп турду кант, чайы,
Бул экинчи согуш күзү болсо да,
Баары толук камдалгансоң атайы...

Төр башында кайнатасы олтурат,
Тебетейчен анча башын көтөрбөй,
Чай ууртоодо анда-санда тунжурап,
Бул сыяпат ансыз деле өтөрдөй...

Батыш апа, «а, кудай» ды көп айтып,
Жадыроодо куда жагын кубантып,
Асылжанга аздап шарап жуткуруп,
Эткел Салый эптеп күлкү чыгартып,

Көп байкатпай агасынын кылыгын,
Иштеп жатат алдыртадан ырымын,
Сөлпү күйөө буркуратат дембе-дем
Кыйшык тиштеп улам жаңы чылымын.

Сөлпү бүгүн сөлөкөтү башкача,
Сүлкүлдөгөн жаш көрүнөт тап-таза,
Көз айнектен жылтыратып көздөрүн
Болбочудай жайын өзү айтпаса:

— Үйүм кенен ортосунда борбордун,
Оокат жайын көптөн бери ойлондум,
Кемитпеспиз кемпир-чалды кант, чайдан
Баарысы орток колубузда болгондун.

Суу агызып үй түбүнөн чамынтып,
Коёбуз дейт бул тамдарды жаңыртып.
Алтыкешчи, эч нерседен кем болбойт,
Кантип чыдайм жан жуптумду тарынтып?

«Айткан сөзүм майдай жагып
жаткандыр»—
Деп ойлонуп алдыртан көз жиберсе,
Алтынжанда сырдын четин кылайтпайт
Какап-чакап улам Сөлпү имерсе...

Түк сезилбей көңүлдө жык кайгысы
Жүрөгүнө терең батып кеткендей,
Же чыныдыр, же болбосо айласы,
Кыяпаты а да мейман күткөндөй.

## VIII

Той түнүндө Сөлпү айткандай менсинип,
Салбаса да бир мыкты үйдү келтирип,
Турат экен өзүнчө бир короодо
Көөдөн кагып көп чоңдорго теңсинип.

Эткел Салый шаарга да апкелип,
Агасы үчүн сыйлуу кече өткөрүп,
Кантсе дагы өз ичинен ыраазы
Алганына Алтынжанды бөктөрүп.

Өз сөзүнө өзү күлүп болкулдап,
Аркы-терки басып турду балкылдап,
Тууган, сөөк, жолдоштордун белегин
Кагып алып саламдашат жалпылдап

Болсо дагы бул качанкы эски там,
Эшик-төрүн көтөргөнсүйт жаңы шаң.
Эски тамды чыгарды деп көркүнө
Көргөнүнө канча киши калды таң.

Жан кубанткан анып жайдар мүнөзү,
Жаралгандай назиктикке башынан,
Шаар кийимине жата түшөт мүнөзү
Көргөн жигит кетпечүдөй кашынан.

«Миң тапкандан бир сарамжал
өтөт» — деп,
Үй турманга сарамжалы канчалык.
Ошол жердин көркү болуп элестейт
Нени койсо кайсы жерге алпарып.

Бир ай жарым келим-кетим үзүлбөй,
Кантсе да ар күн чай ичилип, эт желип,
Согуштун да кысымы анча сезилбей,
Болуп турду эт ар күнү кесмелик.

Жүргөнгө окшоп сырттан кылдат
кайтарып,
Көбүнчө эле Салый келет далкайып,
Буркуратып канжасынын түтүнүн
Төр башында Сөлпү жатат жампайып.

Көрбөө үчүн ата-эненин көз жашын,
Кайгыны ичке жутуп алды Алтынжан,
Колуна алды үй-ичинин оокатын
Деп ойлонуп эми болбос тартынган.

«Жаралбасам ата-эненин канынан,
Кайдан чыктым адам болуп мынчалык,

Ңаалат укпай жалгыз кызы жагынан
Эмки өмүрдү өткөрүшсүн тынч алып».

Ушуну ойлоп тагдырына баш ийип
Өзүмкү деп оңдоп кирди үй ичин,
Сөлпү төрдө аңдып жатат киртийип,
Кытмыр байкап оокат жайын билишин.

Берекелүү көп көрүнүп аз наны,
Эң арбындай күйөөсүнүн тапканы,
Эртели-кеч мордон түтүн буркурап
Эт салгандай эпкин уруп жатканы.

Киши кирсе үйүнө эгер жашыраак,
Сөлпү ошондо көздөн чаары чачырап,
«Алда кимдер келип кетет топурап»,
Дейт да, каарын Алтынжанга батырат.

Эгер зайбы жаңы кийимин кийинип,
Серүүн тартып чыкмак болсо көчөгө,
Жолун тороп, түсүн катуу үйүрүп
Сөөк сыздатар сөзүн баштайт өчүгө:

— Сен эмнеге сүртүнөсүң жылтылдап?
Баскың бар го жоргоң чыгып кылтылдап?
Отур мындай, катынымсың сен менин,
Жашты көрсөң күлкүң чыгат шылкылдап!

Жашырак деп сыйлап турам өзүңдү,
Жаалым жаман, тикирейтпе көзүңдү.
Үйдүн ээси эркек болот, билип кой,
Тарынбассың эки кылсаң сөзүмдү.

Келгениңе болбой жатып бир нече ай,
Жорткуң барбы көчө бойлоп ушундай?
Кимге ишенип дардактайсың мынчалык
Мени карап маңдайымда отурбай?

Алтынжандын эмне болсо ичинде,
Оозун басат теңелбейин буга деп,
Үй оокатка эртең менен, кечинде
Бул күйөөдөн бир жакшы сөз уга элек,

Өзүн тыят, өзүн тыят Алтынжан
Нөлер келип, не кетсе да оюна,
Мына ушунтуп жашайт экен тирүү жан
Көп узабай бала бүттү боюна...

Жуучу жүргөн эткел Салый болсо да,
Келчү болду баягыдан азыраак,
Келсе дагы анда бардай бир санаа,
Сөз сүйлөшөт баштагыдан сузураак.

Чайдан кийин Сөлпү кетет аксаңдап,
Шашкан бойдон сактык касса ишине,
Турбагансоң маңдайында чакчаңдап
Ээн калып, эс алгансыйт кичине.

...Барган сайын оокат барат тарылып,
Барган сайын жокчулукка малынып,
Барган сайын оокат жайын ойлонот,
Үй турмуштун салмагынан сабылып...

Кээде гана көчөлөргө чыкканда,
Терек бойлоп телмирише басканда,
Өз ичинен кызмат жайын ойлонот,
Бек зеригип үйгө бекер жатканга.

Бирок, каптет, жети класс билимдин
Шаар жеринде, баркы канча билинген?
Шаар жерде билимсиз бош чайнектей
От жагылбас коломтого илинген.

Шаар жерде фабрика көп, завод көп,
Буусу чыгат булут болуп асманга,
Класстардан дуу деп чыккан балдардай
Убап-чубап жумушчулар басканда.

Күлкүлөрү күмүш болуп шыңгырап,
Шаттык мүнөз бирден бирге уланып,
Эртели-кеч келин-кыздар шоодурап
Сөөмөйдөгү чеберликке кубанып,

Баскандарын иштен кийин топтошуп,
Кээси куду эгиз сыңдуу окшошуп.
Дагы ошолор театрда, кинодо
Кулак танбас жүрөк күүсүн козгошуп.

«Жеталбасам кызмат ишке мен өйдө
Тизгин кармап башчы болуп турушка,
Кантип эле оймок кийип сөөмөйгө
Жарабайын көйнөкчүлүк жумушка?

Көрсөң-көрсөң тө береки кыз, келин
Жымыңдашат бирин-бири карашып,
Кийишкен бейм өздөрү өлчөп тиккенин
Турганын көр тула бойго жарашып...» —

Ушуну ойлоп, оюн кайра жыялбай,
Күлүк санаа же күрмөлүп туралбай,
Түшө калат Батыш апа эсине
Жип учугу айыл жактан чыгардай.

«Ооба, ооба, айылда кеп кылышчу
Тебетейчи — иштүүлүгүн апамдын,
Баарысына караандатпайт Батыш деп
Бул өзөндө «жез оймоктуу катындын».

Ооба, апыкем көйнөк тикчү көйкөлтүп,
Чал, кемпирге чапан тикчү жайкалтып,
Кош суусардан кертип жасап тебетей,
Жигит кийчү жарашыгын байкалтып.

Жугар бекен бизге дагы өнөрү
Тиштейбиз деп жеңебиздин бармагын,
Атигтин-ай али билбей жүрүппүз,
Жеңекемдин сары алтындай салмагын».

Жөө-жалаңдап бир ат чабым жерлерден
Атайы эле аңыз кылып келишчү.
Кийим бычып, кантип оймок кийгенин
Кадимкидей тамшанышып көрүшчү.

«Чоркок»—десе жаш келинди, кыздарды
Ардуулары шагы сынчу басынып,
«Чоркок»—десе кайра тартып кеткендей
Келген жигит күйөөлүккө ашыгып.

Биздин үйгө таруу келчү актаган,
Биздин үйдөн үзүлчү эмес бал-каймак,
Бышырган эт, сүт боорсок да, жупка нан
Турар эле чыгдан жакта бүт жайнап.

Сурачу элем кезек-кезек апаман,
— Айтчы бизге бул оокатты ким берет?
— Бабаң айткан өнөрү бар өлбөйт—деп,
Сөкелегим, бизге эл өзү апкелет...

Апам тигип, апам кийим бычканда
Кулагыма сиңип калган далай кеп,
Айтар эле кездемени жазганда
Палан карыш, палан сөөм, укум деп.

Кыйын эле апамдагы көз ченем,
Тигилүүчү кийимдер да кеп менен.
Ийни ийинге, бели белге кыналып
Көз үлгүсү-ай, де бир жаздым кетпеген!

Кээде алдына жаш келиндер көп келсе,
— Апа, тигип, ченеп берчи дей берсе,—
Андайларды тиктей калып чарчаңкы
Айтаар эле акыл өңдүү бир эсе:

— Келинчектер, менде да бар үй оокат,
Кол бошобой, оокат калып баратат,
Мен силер деп оокатымдан каламбы,
Оймок, жип-шуу колуңарга жарашат.

Мончоктойлор, али баарың жапсыңар,
Көзүңөр да кадимкидей курч чыгар?
Ушу баштан үйрөнсөңөр бирдеме
Күйөөңөрдүн жаны калбай жактырар?..

Кай бирөөлөр акыл сөз деп кубанып,
Кайсы бирөө кечиктим деп уялып,
Кетер эле ар ким өз-өз үйүнө
Бул сөздөрдөн өзүнчө учук чыгарып...

Апам анда кат билбеген караңгы,
Көргөн эмес фабрикадан адамды,
Ошондо да тунугун көр ээнинин
Кадимкидей кармай билген табарды!

Окуумда бар, көргөнүм көп апамдан,
Байкай алам буюмдарды жасалган.
Эмне болмок орун алсам мен барып
Көп келин, кыз иштеп жаткан катардан?..

«Тирүү жанмын колдон келер ушул иш» —
Мына ушуну ойлончу эле эрте-кеч,
Адам үчүн кандай сонун жагымдуу
Эмгек менен өзү тапкан нанды жеш!..» —

Көкейсе да чоң табышкер өңдөнүп,
Кемий берди Сөлпү оокатка жарыбай,
Талкан, таруу каралашкан туугандар,
Баягыдай келбей калды, кетип шай...

Күндөр өтөт, согуш али бүтө элек,
Үй-бүлөгө үч жүз грамм кара нан,
Ал алаамат алыс жерде жатса да,
Азабын көр жакын жерден каарыган.

## IX

Күз ортосу, дем алыш күн, күн ачык,
Күн балбылдайт тескейге да нур чачып,
Көктө турган адам байкап көрөрдөй
Жерде жүрсө бир кумурска адашып.

Сөлпү үйүндө, оп-чап үзүм кара нан
Кичинекей дасторкондон жай алган,
Олтурушту кантсыз кара чай ууртап
Оокат өтүп ушундай бир араң жан.

Согуш каабы, жармы кылган кара нан
Карынга как, жумурга жук болалбай
Бала төрөп жүдөй түшкөн Алтынжан
Эптеп, септеп күн өткөрөт ушундай.

Сөлпү болсо аксак бутун колдойтуп,
Түк эчтеке келбегендей эсине,
Жатты оокатка аша ыраазы болгонсуп,
Бир газетти кармап алып бетине.

Качан болсо эрди жатат күбүрөп
Алда кимди дубалаган эмедей,
Кайда суроо, кайдан маани түйүлөт?
Көзүн чала жумуп алат кенебей.

Жатса дагы, турса дагы бул Сөлпү
Бур-бур этип ооздон түшпөйт канжасы,
Канжасынан булап турса көк түтүн
Болот окшойт бүт түгөлдөй мал-башы...

Эшик кыйч деп, Батыш апа баш багып,
Мойнуна аскан куржунуна буйдалып,
Мойнун созуп араң кирип келатты
Босогонун эки жагын карманып.

Чоң куржундун бир көзү бүт картошка,
Экинчиси алма менен аз талкан,
Кызын ойлоп, эне кургур канетсин
Бир куржунду эптеп-септеп толтурган.

Жер таянып тура калып Алтынжан
Апасынан куржунду алды колуна,
— Аман-эсен турсуңарбы, апа?—деп,
Чоп-чоп өөп, бек асылды мойнуна.

Батыш апа шашпай терин аарчынып,
Чоң бөлмөнүн төр жагына олтуруп,
«Кандай, балдар, ал-жайыңар?»—деп
койду
Оор дем тартып, оозун желге толтуруп.

Сөлпү болсо ушул кара кемпирди,
Көргөнгө окшоп өмүрүндө жаңыдан,
«Ий, келиңиз» — деген болуп баш ийкеп,
Баш көтөрүп, козголду эми жайынан.

Алтынжанчы кыйналганын билгизбей,
Кадимкидей кабак ачып жылмайып,
Кайра кирди самоор коюп, меш жагып,
Энекесин аркы-терки айланып.

Ооба, ошентип самоорунан бул үйдүн
Атырылып ак жал түтүн бурулдап,
Толо болуп бети менен табаанын
Ырдап жатты картошкалар чырылдап...

Батыш апа көзү менен энелик
Чолуп-чолуп чалып чыкты үй ичин,

Канча экенин көңүлүндө чамалап
Бул үйдөгү күйөө-кыздын ырысын.

Дөбөөлөнүп май жыттанган картошка,
Сары самоор кошо келди тер басып,
Жатып калды эки-үч кесим кылкан нан
Чыжылдаган картошкага жанашып.

«Бысмылда»—деп баштап айтып
Сөлпү да,
Кашык ийсеп картошкага кол сунду;
Ушул азыр кайнененин астына,
Бир чоң табак эт тарткансып олтурду.

Бир кезекте баш көтөрүп Сөлпү да,
«Апа, деги атам кандай?»—деп койду.
А, беркилер төрт, беш кесим алганча
Кайран Сөпөң тамакты бүт жеп койду.

Батыш апа «а, кудай» ды бир айтып:
— Сексен жакка абышкабыз баратат,
Канткен менен мергенчи да сөөгү бек,
Алигече үй-оокатка карашат.

О-о, балдарым, абышкада не жазык
Келатабыз кырк жыл ашуун жанашып,
Эркектерде «кызыл камчы» көп болчу
Бул калганда камчысынан адашып...

Эгер ага жакпай калса бир ишим,
«Бул эмнең?» — деп чытып койчу кабагын
Байкагансоң абышкамдын мүнөзүн
Мен ар жагын өзүм ойлоп табамын.

Жигит күндөн атын билчү токуган
Аттай бакчу жонундагы мылтыгын.
Теңтуш көрүп алган эле жашыман
Бул кургурдун эч көрбөдүм кынтыгын.

Баса, балдар, уктуңарбы, жок бекен,
Эмне үчүн чал Кара мурун атыккан?
— Билем апа, аты болучу Ток Мерген,
— Эчак калдык Ток Мерген деп
айтыштан.

Мерген кээде тоого түнөйт турбайбы,
Жүргөн кезде аркар атып, эчки атып,
Боорун кактап, табылгыдан шиш жасап,
Көбөк кылып жейт экен да түн катып.

Тоодо түнөп көбөк жасап жеп жүрүп,
Байкабастан көө жугуптур мурдуна,
Мурдундагы ошол көөнү сүртпөстөн
Таң жарыла жете келет айлына.

Айылда бир шум жеңеси бар экен,
— Амансыңбы, Кара мурун
кайним?—деп,
Бизге дагы буйрук болгон чак экен,
— Кана, ташта шыралгага
жармын — деп.

Күлгөн экен жолун тосо каткырып,
— Бол этти — деп атаңды улам
шаштырып,—
Жок десинби аялына аганын
Бөлүп берип кеткен экен бастырып...

Жеңекеси «Кара мурун» дегенден
Шылдыңкорлор «Кара мурун»
деп калган.
Элге жагып таамай айткан тамаша,
Ошол күндөн ушул күнгө кеп калган.

Эми билип өткөндөгү сырды анык,
Сөлпү дагы ээгин кармап жылмайып,
Кайненесин кадырлаган сыпатта
Жакшы олтурду ымшып чайга, ыргалып.

Өткөндү эстеп өзү дагы бир күлүп,
Алгандансоң балдарды да күлдүрүп,
Эне болду дагы бир сөз баштамак
Экөөнө тең мээримдүүлүк билдирип:

— Түбү түшүп түбү түшкөн согуштун
Тынчтылык күн келе жатат окшоду,
Өмүр алда, али силер жашсыңар,
Жакшылыкты ар ким керек тосмогу.

Бизге деле жанга кубат болчудай,
Дасторкондо арбын болсо наныңар,
Кынай кийип кымбат баалуу кийимден
Көп ичинде жайлуу болсо жаныңар...

Ооба, балдар, аз дүйнөңөр көп болор,
Кайгы-капа кан буугандай токтолор,
Качан болсо ашык дөөлөт баш жарбай,
Кол ойносо, колго дөөлөт топтолор.

Азбы, көппү Алтынжанда ар жерде,
Өз бетинче кызматы бар бала эле,
Аялга жуп кызмат көптөй бул жерде
Жаман болбос бош жүрбөсө дагы эле?..

«Аялыңды иштет деген сөз экен» —
Ушуну ойлоп Сөлпү турду ордунан,
Көңлү бир аз жайлуу турган кез экен,
Чыгарбады зилдүү сөздү жадынан.

Каккан болуп канжасын аз тазалап,
Каалгый басып, терезенин түбүнө
Жетти дагы аксаң этип олтурду,
Бул олтуруш көнүмүштөй күнүгө.

Ооба, Сөлпү эчтеме айтпай тунжурап,
Ойлонгонсуп кабак чытый олтурду,
Батыш дагы байкагансоң сыр бурап,
Калган сөзүн кийинкиге калтырды...

X

Ошо жылы болуп берди кыш узун,
Чүйгө түштү бел кырчоодон кар калың,
Көп-көп таштай муздар каптап суу үстүн,
Айылдын көр кар жалаган малдарын.

...Ошол жылдар көп балалуу энедей
Өтүп жатты ый, күлкүсү аралаш,
Ыйга чыдап, күлкүлөргө дем берип
Жашай берди жакшы адамдар санаалаш...

Медербек да тили чыгып «ата» деп
Чуркаганда, согуш бүттү, биз жеңип,
Бүт жер жүзү бир балаадан кутулуп,
Чоң дем алды жаш жигиттей бой керип.

Жашыл канат май айынын бир күнү,
Көңүл куунак, жаркыраган дем алыш,
Эрте келди эткел Салый ал күнү
Агай менен бир болсун деп кубаныч.

Кантсе дагы эткел Салый колу узун,
Кайдан, жайдан арак, вино таавтыр,
Бир сеткага шыкай салып баарысын
Балкалактап бери карай чаантыр.

— Улуу күндүн урматы — деп Сөлпү да,
Арак куюп стаканга толтура,
Суудай жутуп жиберди да, тамшанып
Жакшы олтурду жагалданып умтула.

Алтынжан да бүгүн сергек, кулпунат,
Медербеги тизесинде олтурат.
— Ал кожоюн, ич, жегин деп Сөлпүнүн,
Улам алдын тамак менен толтурат.

Эстебестен кайгы-муңду кайдагы,
Пейил кенен, бүгүн көңүл жайдары,
Ансыз деле беш жыл ичтен кан жутуп
Канча бүлө кара кагаз кармады.

Эткел Салый Алтынжанга эзилип
Бар кубанчын бүгүн тышка чыгарат,
Медеш үчүн коёлу деп бирди ичип,
Беркилерден ак пейлинен суранат.

Ала коюп Медербекти көтөрүп,
Өбөт, жыттайт мурдунан да, мойнунан,
(Ушул бөбөк эмеспи деп түшүнүп
Ушул үйдү алып чыкчу кайгыдан).

Тартып ийип бир рюмка винону,
Алтынжандын көңлү төтөп болгону,
«Аялымын, баласына энемин,
Бүгүн айтсам түшүнөр» — деп ойлоду.

— Э, кожоюн, эркелетчи Медешти,
Мен көтөрсөм сени карай кол сунат.
Сакиш мында, бир сөзүм бар кеңешчү
Экөөңө тең айткым келип олтурат:

— Айт жеңе,— дейт эткел Салый жайдары,
Жеңе сөзүн уккусу бар ал дагы,
Ага, ырасы, эң башкача сезилет
Ушул үйдө Алтынжандын салмагы.

— Суранарым ишенип кой кожоюн,
Мен бул үйдүн бүлөсүмүн түбөлүк,
Өткөн өттү, кеткен кетти, кантебиз,
Эмкини эми бактыбыздан көрөлүк...

— Эмне дейсиң сен, катын?
Эжелеген сөзүңдү
Түшүнбөдү бул башым?

— Э, кожоюн, бир кирип кой тилиме,
Мен кирейин фабриканын бирине.
Капшыт толуп, оокатка оокат кошулса
Айткылачы, зыян кылат кимиңе?

— Ооба, жеңе, эми болсун ушундай,
Фабрикага эртең жөнө мен десең?
Чак кийимди таппай жүрөм кудай-ай
Кийимсизмин, өзүң тигип бербесең!..

Сөлпү да эми келе түшүп кыжыры,
Салыйды бир акырая карады,
Соруп-соруп колундагы канжаны
Алыс жакка айдап салды санааны:

— Кызматтан Сөлпү чыгыптыр,
Казаны оттон түшөрдө
Дешетко катыны багып туруптур!

Деди дагы бир стакан аракты
Суусагансып дем албастан бир жутту,
Баягыдан бийик серпет кабакты
Арак чиркин корс мүнөздү курчутту.

— О, катын, эмне дейт деги уккан «эл»?
Картөшкө белем башыңар,
Ойлонбой дөөрүп бу силер?

Мен аялмын, сүт беремин балага,
Нан кесемин, чай коёмун сага да,
Биздин үйдө суу канча да, туз канча
Саат сайын орноп турат санаама...

Эткел Салый эми тыйып күлкүсүн,
Кыймылдатпай очоюңку тулкусун,
Нээти болду Алтынжанга айттырмак
Нече керек сөздүн ушул жолкусун:

— Көчөдө бекер баскандар,
Аз көрүнбөйт арада
Байкеме бузуку сөздү айткандар.

Айра таанып актай турган өзүңүз,
Арамдардан сактай турган кезиңиз?
Алтыкешке мен жоопкер болоюн,
Байке, мага, ишенер дейм нээтиңиз?!..

Сөлпүнүнчү, мышык көзү тунарып,
Кап-кайдагы бүт шайтаны куралып:
Өңү-башы бирде кетсе көгөрүп
Бирде куду күзгү чөптөй кубарып:

— Сен кайдан чыккан адбекет?[1]
Бузукту жактап турганын,
Бул үйдөн булкулдабай чыгып кет!

Экинчи көзгө көрүнбө,
Жеңесин тыйбай бул акмак,
Мен сага ыраазы болбойм көрүмдө!..

Арак күчү көк дөө кылып Сөлпүнү,
Колтугунан өөдө карай желпиди,
Чыга качты эткел Салый шолоктоп,
Ар ким өзү ойлой берсин эмкини.

---

[1] Адвокат.

Алтынжан да не кыларын билалбай,
Же артынан катуу чуркап чыгалбай,
«Ой Сакин...» деп кыйкырганда акырын
Баштады өнөр Сөлпү дагы мамындай.

Арбаландап Алтынжанга жетти да,
Төрдү көздөй силкип жыкты колунан,
Салый жакка муштум таптап басты да,
Кетсин — деди, түк калбасын жолунан! —

Күүтүмдөтүп күлүп турган эшигин,
Ырайы ушул ырыс кесер кишинин,
Карындашка өзү менен уялаш
Ор түбүндөй карасын көр ичинин!

Кетип барат эткел Салый буркурап,
Токтоналбай ичи ачышып зыркырап,
Ушул болду акырында көргөнү
Агасы үчүн отко күйсө чыркырап.

Жоругуна жосун билбес аганын,
Катуу күйдү эткел Салый бечара,
Айтып турса ак пейилиңди кара деп
Айлаң кетет, табалмаксың не чара!?

«Тууганчылык сокур сезим курусун,
Имергемин, салып жатып баркымды,
Мунун баары мен иштеген жумушум,
Мен көрүнөө кор кылдымбы Алтынды?..

Көрчү Алтын-жан, оңой менен келалбайт,
Жаман айтса, чарылдабайт, теңелбейт.
Мына ушундай асыл бүткөн аялды
Курган ага башка, көзгө тебем дейт...

Андай аке катын болсо алкынган,
Азыр эле чачтан мыкчып албайбы,
«Өлтүрдү!..» деп өзү тытып өз бетин
Чоң көчөдө алааматты салбайбы.

Азыр эле Сөлпү иштеген жерине
«Көр муну»,— деп алып-учуп жетпейби,
Азыр эле эмерегин көтөрүп
Бир кылчайбай баскан бойдон кетпейби...

А, Алтынжан, кайра мени «Сакиш» деп
Көңүл улап канча жолум торгоду,
Кудай бардыр менин жаман агайым,
Мына ушуну бир ойлонуп койбоду...» —

Көз жаш кургап, ушуну ойлоп келатып,
Баш көтөрүп бир караса асманды,
Асмандын так төбөсүнөн күн тиктейт
Борбордогу токсон токой бактарды...

## XII

Борбор сонун, Ала-Тоого күн тийсе,
Күн жамынып көйкөлүшөт дарактар,
Тоонун жели ойноп кана желпинсе
Шыбырашат жалбырактар, бутактар.

Бакты аралап тоонун жели ышкырып,
Сээп өтүп жайлоолордун атырын,—
Ойгонгула, ачкыла, мен кирем деп
Терезени чертип кетет акырын.

Ооба, ошентип терезелер мына азыр
Ачылды эле каптап чыкты жыт-жыбыр,
Чыкканга окшоп жазгы жашыл белеске
Сергий түштү, жыргай түштү адам бир.

Бул шаарда гүл токойго окшогон,
Көчөлөрү гүл карманып уктаган,
Күндүн мурду чачыраарда ким турса,
Өзүн жап-жаш, сулуу сезет башкадан.

Мына ошондой сергек жандын бири өзү,
Терезеге таң жарыгы келгенде,
Элес берип ай шооласы сыяктуу
Жым-жым этип үйгө жылып киргенде,—

Айланалы жаратылыш күчүңөн,
Мына ошондо эткел Салый көз ачып,
Шаркырата чоргоодон суу агызып
Чапчып жуунуп, денесине суу чачып,

Кутулгандай жондон баскан бир таштан,
Бир керилип, «өх» — деп алды дем алып,
«Кой, жатпа» — деп аны эртелеп тургузган
Кээде сезгич жүрөгүнө кубанып...

Чоң көчөлөр кайчылашкан жеринде
Катар-катар жалпак-узун ак тамдар,
Курчап турган аржак-бержак жээгинде
Асмандагы күмүш терек, көк талдар.

Бул тамдардын тал ачкансыйт эшигин,
Ар ким мындан алсын дейби насибин,
Кыз-келиндер желге ойнотуп чачтарын
Эшиктерден кирип жатат акырын.

Басып өтсөң терезенин түбүнөн
Жумшак гана зың-зың эткен үн чыгат,
Ондоп, жүздөп ар бир залда иш тигип
Кайкалаган келин-кыздар олтурат.

Бир капталы кучак жеткис көк терек,
Бир капталы бураңдаган ак кайың,
Ким да болсо мында келсе бир көрөт,
Фабриканын чаканыраак ак тамын.

...Эткел Салый антаңдата жетелеп
Күн чыгарда Алтынжанды апкелди.
Кыш-кыш этет, күйүккөнү кете элек
— Кана, жүр,— деп өзү алдыга жүткүндү.

Чакан гана көк боёктуу кабинет,
Бурч-бурчуна жортуп турат салкын жел,
Бойлуу, чап жаак, кыргый көздүү ак келин:
Тосо басып дей бергени «Сакин, кел!» —

Фабриканын директору бул аял,
Фабрикада Люба атыккан баарына,
Өз кишидей, жумушчунун бириндей
Жакын киши ар бирөөнүн жанына.

Ооба, муну Люба эже дейт жаштары,
Любочка деп эркелетет карттары.
Фамилиясын баары унутуп койгондой
Жанга жагат жалаң атын айтканы.

Эткел Салый бардык элче «Люба» — деп
Эрдин таптап күлө карап баштайт кеп:
— Мен сен үчүн адам жыйнап жүрөмүн
Кызматыңа көмөктөшсөм — көрбө жек...

Люба койду «эң жакшы» деп каткырып,
Курдашынын тамашасын жактырып,
Менде болсо өтө аз кыргыз аялы,
Сен апкелдиң бир келинди шаштырып...

— Көздөй жеңем турган аял жанымда,
«Первай»[1] келин өзүбүздүн айылда,
Көркөмдүгүн башкаларга көрсөтпөй,
Сага апкелдим гүлдөй турган чагында.

— Артелиңчи? Өзүңө эмне албадың?
— Билесиң го жайын артель чарбанын?
Жыгылса да бийик жерден жыгылсын
Артелимде жеңемди жок кармагым!..

— Э, болуптур, тапшай жүрсөм мен издеп,
Сүйүп тосом өзү келсе тоо кызы,
Сен айткандай «первай келин» болгон соң
Бизде болсун тоо айлынын жылдызы.

Мына ошондо Алтынжанга кайрылып,
Байкай калып тургандыгын айбыгып:
— Тикчү белең өз үйүңдө машине? —
Деген сөзгө бир аз үнү кардыгып:

— Өз энемчи, иштүү киши өз энем,
Үйрөнгөмүн ойноо бала кезимен.
— О, анда сен, даяр чебер экенсиң,
Андай болсо олтур залга тезинен!

— А, апаңчы? ишти кимден үйрөнгөн?
Же болбосо окуганбы бир жерден? —
Десе Люба эткел Салый бырс күлдү,
— Мен билем,— деп окуганын кай жерден!..

---

[1] Биринчи

— Сөмөөй менен бармагынан окуган,
Көздүн тунук керегинен окуган,
Карыш, сөөм, укум деген ченемди
Кенедейден көңүлүнө токуган.

Ар бир киши көңүлүнө жатталган,
Көкүрөккө сактап койгон үлгүсүн,
Кийиндирген биздин ошол апалар
Эптеп-септеп тоо-тааланын кыргызын.—

Люба болсо жыргап угуп бул сөздү,
Эмнегедир турду ордунан жылмайып,
— Кана эмесе, киришели ишке? — деп
Алды жакка жол көрсөттү кол жайып.

Ооба, ошонтуп, цехке кирип келишти,
Чыгырыктар жүгүрүүдө зырылдап,
Машинелер күңүрт добуш чыгарып,
Жөнөп жатат жипти илмектеп жымылдап.

Люба оболу залды бир жол айланып,
Бардыгына көз чаптырсын дегендей,
Ар ким, ар ким өз ордуна жайлапып
Көрсөттү бүт олтурганын кебелбей.

Анан Люба Нелла аяшты чакырып,
— Бизге алынат мобул аял жаңыдан.
Үйрөтүңүз дайым чукул олтуруп,
Билгени бар кийим тигүү жагынан.

Шаар кишиси, ылдам эле жатыгаар,
Өстүралсак өнөрү да ачылар,
Өзүм келип кез-кез карап турамын,
Ийнеге дос, идиректүү башы бар...

Бүттү окшоду чечим болуп ушул сөз,
Тиктей калды Алтынжанды жүздөп көз,
Калгандарын кийин көрө жатарбыз
Күн болобу келечекке күтүнбөс...

Баса, Салый Алтынжанга коштошуп,
— Иш таптым деп айтпа,— деди күйөөңө,
Азырынча коё турчу билдирбей
Деле муну менден бөлөк бирөөгө?..

Бул Любакан бекем турат сөзүнө,
Эч унутпайт бир чалынсаң көзүнө.
Бир кезекте өзү тиккен машине
Качан болсо ошону алат эсине...

Ушуну айтып Любасына кол берип,
Курдашына сөзү өткөнгө демденип,
Көңүлүндө иши өз ордуна келгенге
Жүрүп кетти кайыкка окшоп термелип.

Алтынжанчы, ымыр-чымыр болду да,
Ушул азыр эч нерсе жок эсинде,
Билбегендей не келгенин алдына
Кала берди имараттын ичинде...

...Күн шыкаалап терезеден цехтерге
Келин, кызга учураша кеткенде,
Алтын-жан да машинеге ээ болуп
Берген ишин жымылдата тиккенде,—

Люба дагы көптөн жүргөн ойлонуп,
Бул келинди иш үстүнөн көрүүнү,
Байкайын деп алганында жайланып
Ишке канча ынтыктыгын көңүлү.

Эч билинбей кылдат ачып эшикти,
Жай бут шилтеп цехке акырын киргени,
Карай берип залга бир аз серп салып
Алтынжандын маңдайына келгени.

Ооба, сөзсүз баш ийкеше көрүштү,
Көз караштар сүйкүм салам беришти.
Иштей бер деп Люба белги бергенде
Алтынжан да кайра ишине киришти.

Люба дагы турганга окшоп кайдыгер,
Өтүп алды анын желке жагына,
Машинени буту кандай тепкенин
Байкап турду тигүү жагын дагы да...

Ооба, Алтынжан шабырата жүрүүдө,
Буюм жээгин жымылдата тигүүдө,
Жатканынан чыгырыктын чарк уруп
Ишке берген өз кыялын көрүүдө.

Саяпкердин бүт сынынан өтө элек,
Арыш таштап алыс чуркаар күлүктөй,
Эт шылынып табына али жете элек,
Бек чуркоого мүдүрүлбөй, күйүкпөй.

Иштеп жатат, иштеп жатат Алтынжан,
Бир ай ашты, иштен башын көтөрбөй,
Тар жол менен ташы миздүү кыядан
Таскак уруп күндөп-түндөп өтөрдөй.

Бир кезекте Люба карап Алтынды,
Кемтикти эрте сезсин деди оюнда,
«Жең жакасы ордундабы, карачы?
Анча туура коюлганбы ийин да?

— Дей бергени тиктей калып акырын,
Үнү чыкты сүйлөгөндөй жашырын,
Алтын сезди Люба мындай дегенде
Ишиндеги кемчиликтин ачыгын.

Туура көрүп эски иштүүнүн айтканын,
Кайра карап азыр тигип жатканын,
Ар кай жерин сөгүп оңдой баштады
Калыппоого тигүүсүнөн башканын...

Люба буга кайра дагы келди да,
Күлүмсүрөп тура калып алдына:
— Өзүң сындуу, өзүң өңдүү келинсиң,
Бүкүрөйбөй түз олтургун ордуңа.

Машинени эркин багынт эркиңе,
Фабрикадан көрк кошулсун көркүңө,
Чыдай албай куйкалансын жигиттер,
Сенин көркүң алоолонткон өртүңө.

Люба кетти, ушу менен сөз бүтүп,
Кайрылалбай жүздөп турса көз күтүп,
Алтынжанга кылчак карайт кай бирөө
Ал койгондой алда кимди өксүтүп...

## XIII

Ооба, ошонтуп ичи тарлык жагынан,
Жер жүзүндө адамдардын баарынан,

Сөлпү чиркин болсо болор биринчи
Кызганчаактык оргуп турат канынан.

Кээде болуп алда кайда кетимиш,
Кетпей эле бурч-бурчунан көчөнүн,
Кээде болуп катуу уктап жатымыш,
Жатпай эле байкап келер-кетерин,

Билип алды айтпай-дебей Алтынжан
Тике барып фабрикага киргенин,
Катарында толуп жаткан аялдын
Кадимкидей иш тигишип жүргөнүн.

Өз ичинде алкынып да, булкунуп,
Көп буулукту не кыларын билалбай,
Аксымдыгын араң ичке батырып
Жүргөн чакта эптеп кыйкым табалбай,

Бир күн кечте, чай маалында Алтынжан:
— Мен бакчага берем деди баланы,
Мына ошондо чубап чыкты кап-кайдан
Сөлпү акеңдин ичиндеги арамы.

«Ээ, чалкалап катуу көптүң сен, катын,
Ушу экен го мен жыргачу «кызматың»!
Баш тарттың го баламды да багуудан
Айтпай эле тим койсом да башкасын?

Катыным сен, чак түштө эле бузулдуң,
Эркек көрсөң ач бөрүдөй жутундуң,
Шорум калың коломтодон кор чыгып,
Коштоп Салый, бороз болуп кутурдуң!..

Соода билген чөнтөктөрү молдор бар,
Чоюлушкан капты керген чоңдор бар,
Сага окшогон жылтыр кара катынга,
Сугу түшүп жылмаңдашат андайлар.

Жаш менен жаш, мас менен мас болсоң сен,
Жолбун иттей желип жүрсөң далактап,
Мен сени издейм кай караңгы көчөдөн
Жок жоготкон бир шордуудай алактап?..

Ушу менин куураганы башымдын,
Катын болуп эр күтөт деп сени алган,
Көчөдөгү жугунду ичкен ит жакшы
Өз баласын жерип турган жубандан!» —

Ушуну айтып карс бир жаап эшикти,
Сөзгө келбей чыгып кетти аксандап,
«Мага эми деп кетпес балаа кезикти» —
Билбей калды мындан ары не кылмак...

Башы айланып, көңүлү айнып Алтынжан
Ичтен сызып эптеп күндү өткөрдү,
Медери экөө үйдө жалгыз олтурган,
Жер уйкуда, жел да жоошуп түн кирди...

...Келатканда күндүн мурду чачырап,
Добуш берип эшик бир аз кычырап,
Каалгасы ачылды да жай гана,
Эткел Салый карай берип азыраак,

Улутунуп, Алтынжанга баш ийкеп,
Салам берди белги менен «көргүн» — деп,
Сөлпү болсо жумган көзүн ачалбай
Сүйлөгөнсүйт алда неден кайгы жеп...

Көөнөрүңкү чий бапкыттан күрмөсү,
Көчөгө оонап болгон экен боз ала,
Аша жутуп, «түгөл болуп дүйнөсү»,
Алыш бойлоп жатып калган сулк гана.

Эткел Салый кызматына баратып,
Көрө сала ишеналбай көзүнө,
«А, байкем...» деп араң сүйөп тургузуп
Алек болгон келтиралбай эсине...

Күчкө салып, жөлөп-таяп олтуруп,
Аганы эми жеткирди араң үйүнө,
Экөөлөшүп керебетке алпарып
Жаткырышып, караштьі анан үңүлө.

Каны качып, кагаз болуп өң кетип,
Сөлпү жатты колун жыйбай солдоюп,
Алтын турса ысык чайдан ууртатып,
Араң-араң келаткансыйт жан болуп.

Эткел Салый сөз чыгалбай оозунан,
Кантсин эми, катып турат жер карап,
Айрылгандай бойдо бардык күчүнөн
Зээни кейип, шайы кетип салбырап.

Алтынжандын тик багалбайт жүзүнө,
Кайра кетет нелер келип эсине,
Тыз деп ичи, зырп дей түшөт жүрөгү
Эгер көзү жолугушса көзүнө...

Эч сөз айтпай Алтынжан да туңжурап,
Тилсиз турду, үнсүз турду далайга,
Билалбады өз турмушун не кылат,
Ой туюк да, таап берет ким айла?..

Бир маалда, ишке кеттим дегендей,
Эткел Салый бура тартты акырын,
Ооба, Алтынжан бир ордунан кебелбей
Издегенсийт күйөөсүнө жазыгын...

## XIV

Жакын келип Чүйдүн Ала-Тоолору
Бардыгына бул Сары-Өзөн талаанын,
Канат күүлөп жылга менен коолору
Бүркүп турат атырынан абанын.

Күн чакчыйган жай ортосу кезинде
Асман, жерлер ысыка да канчалык,
Күн батты эле тоо шамалы өзөнгө
Жалын ыргап кирип келет даң салып.

Оолда чиркин Фрунзенин кечин айт,
Эгер турса ай төбөдөн нурданып,
Көчөлөрдө жаш кайыңдар солкулдайт,
Бак ичинде гүл теңселип, ыргалып.

Мына ошондой жыргал кечтин биринде,
Көңүлүнө учкул канат байлаган,
Жүрөк түгүл, жалынданган тил түгүл,
Жайкалышып жалбырактар сайраган.

Көп кечикпей бүтө салып кечки ишин,
Басып чыкты фабрикадан Алтынжан,
Кармап колго окуп жүргөн китебин,
Эстеп коюп эми баштайт кайсындан.

Шыдыр тигип, шыр өткөрүп болгондо,
Иштен чыкты демейкиден жайдары,
Үйгө жетип уулун колго алганда,
Чыгар деди ичте буктун калганы.

Качан болсо бала танбайт таттуудан,
Колуна алып бурама нан, таттуу нан,
Айтор чамдап үй жагына келатат
Шоокум окшоп шоодураган Алтынжан.

Улам ызгып Ала-Тоонун шамалы,
Удургутат жыпар жыттуу абаны,
Желпип өтөт жүдөй түшкөн көңүлдү,
Кыргыз тоонун төрлөрүнүн саламы!

Ким жыттабайт атыр жыттуу гүлдөрдү,
Ким тыңшабайт булбул салган үндөрдү,
Көргүң келет өңүң эмес, түшүңдө
Мына ушундай көңүл өскөн түндөрдү...

Ооба, унутуп ичте кайгы-капасын,
Ал түгүлчү, тарткан калың жапасын,
Алтынжан да сүйүнгөндөй жылмайып
Ачып кирди короосунун капкасын.

Ооба, көрдү, тамдын ичи жап-жарык!
Жүк тарабы, терезе жак нурланып,
Төркү үйүндө канжа соруп, калжайып
Сөлпү кызуу, басып турат сурданып.

Медербеги өзүнчө ойноп олтурат,
Улам башка куурчактарын кармалап,
Момпосуйбу, же башкабы, ким билсин,
Бир нерсени соргон болот аймалап.

Дарбазанын ачылышын сезди окшойт,
Сөлпү койду короо жакты бир карап,
Кыжырланып, көңүлү айнып кетти окшойт,
Терс бурулду, суук көрүнүп бул тарап!

Эшикти жай тыкылдатты Алтынжан,
Эч бир шыбыш-жооп болбоду ар жактан,
Неге укпайт деп катуу-катуу какты эле,
Теги эле бир жан болбоду үн каткан.

Дагы какты, — ой, ачсаңчы эшик — деп,
Тура берди эшик дале ачылбай,
Сөлпү ордунан бир да былк деп койгон жок,
Чыкса дагы сырттан добуш басылбай...

Кайнап каны, ызасына чыдабай,
Эми Алтынжан терезеге барды да,
«Ач» дегендей белги берип Сөлпүгө
Терезени тыкылдатты дагы да.

Сөлпү болсо басып келип керилип,
Ойлогондой коёюн деп көрүнүп,
Кет дегендей белги берди кол менен,
Эрди-мурду үнсүз, тилсиз сөгүнүп.

Улам-улам колун шилтеп көрсөттү,
Кет дегендей иштеп жүргөн жагыңа,
Көңлүндөгү өжөрлүгүн күчөттү
Мен ээмин деп мындагынын баарына.

«Кет-ээ ары, кет-ээ ары» дегендей
Серпип коёт тетир карай колдорун,
Алтынжанга карап койбойт деги эле ой,
Билдиргендей жүрөгүнүн тоңгонун...

Ал гана эмес, эми алдына коюп чай,
Өзү олтуруп, үйлөй-үйлөй ичет жай,
Атасына терезени көрсөтүп
Бирдеме дейт кичинекей Медер-тай...

Анда келип кем Сөлпүнүн кыжыры,
Шашып-бушуп салып кирди төшөктү,
Апыкелеп ыйлап турган балага
Жат дегендей төшөк жакты көрсөттү.

Ал аз келди, ал аз келди окшоду,
Электрди жалп дедире өчүрдү,
Мына дейби кет дегенге болбосоң,
Сөлпү өкүмүн ушу менен бүтүрдү...

Биз гана эмес, көргөн эле асман да
Алтынжандын келгендигин көңлү жай,
Каршы-терши коңшуларга сөз болду,
Өз үйүнүн эшигинен киралбай.

Көңлү кирдүү кокуй киши кайда жок,
Көрсө ойлойтко «бул келин деп бузулган».
Күйгөн күйөө бузуктукка чыдабай,
Ачпай эшик өч алды деп ушундан...

Кирген кезде элдин алды жатууга,
Бул короого батыралбай өз башын,
Үй-жанында аркы-терки басууда,
Токтоталбай чыпкалантып көз жашын.

Салкын тартып түн да тырмак батырат,
Бир көйнөкчөн, чыйрыкканcыйт азыраак,
Баарысынан жаман экен уяты,
Чиркин көңүл мына ушуга басынат.

Короосунан кайра басып чыкты да,
Туруп калды бир терекке жөлөнүп,
Үшүгөндөй бул теректин өзү да
Түр көрсөтөт бүткөн бою көгөрүп.

Барсамбы дейт кайни сиңди Салыйга,
«Койчу катуу кайгыртпайын аны да,
Ансыз деле агасынын жоруту
Жаман дарттай батып жүрөт жанына.

Сезип жүрөт Сакиш өзүн күнөөлүү,
Мен дегенде катуу күйөт жүрөгү,
Өзү сезип жаны кейип турганда
Жаман көрөм басмырлоону бирөөнү».

Токтом болуп жүрөгүнө ушул ой,
«Эткел Салый тынч уктасын, аны кой» —
Деди дагы фабрикага бет алды
Баса берди, баса берди токтолбой.

Көчөлөрдө улам киши азыраак,
Алтынжан да басып барат четирээк,
Жалгыз жүрүү коркунучтуу сыяктуу
Кантсе дагы болгондуктан кечирээк...

Али шаарда таш төшөлмө жолдор көп,
Бурч-бурчта бар чаң бурк этме жерлери,
Ээ, кыскасы түн ортосу мезгилде
Фабриканын короосуна киргени.

Бул келишке күзөтчү да таң калып,
Карай берди Алтынжанды айланып,
Дежуркада скамейка турчу эле,
Олтурду Алтын мына ошого жайланып.

Күзөтчү чал көптү көргөн бир адам,
Ар нерсеге акыл ойлоп караган,
Мындай иштер болчу эле деп болжоду
Ар мезгилде жүрөктөгү жарадан.

Алтынжандын не келсе да эсине,
Фабриканы эш карманат өзүнө,
Бул жер окшоп атасынын төрүндөй
Баары жакын, баары жылуу көзүнө.

Жүргөндүктөн ызаланып көп басып,
Билбей калган калгандыгын карды ачып,
Колунда эле уулуна алган нандары
Жүрсө дагы каршы-терши жол басып.

Бурчта турган чака темир челектен
Алды дагы бир кружка суу куюп,
Бурама нан, таттуу нанды кемирди
Баш көтөрбөй кабак чытып дулдуюп.

Суудан демеп жутуп-жутуп алды да,
Кургак нандар жук болду окшойт кардына,
Бир далайга үшкүрүнүп олтуруп,
Ошол жерге кыйшайды эми жай гана.

Скамейка төшөк болду бүгүн түн,
Алтынжан да жатып калды көйнөкчөн,
Билерсиздер канча келет жылуулук
Таң сүрөрдө жалаң кабат көйнөктөн.

Алтын жаткан боюн жыйрып, чыйрыгып,
Айланада бирөө жүрдү күңкүлдөп,
Ал адамга аты-жөнү белгисиз
Алда кимди өз ичинен бир тилдеп,

Жатканга окшоп өз кызы кур тактайда,
Абышканын оюу кеткен кап-кайда.
Так үстүнөн жаап кетти одеал
Алтынды суук титиретип жатканда...

Дени жылып, көшүп кетти Алтынжан
Бир уктады күн чыкканча суналып,
Тура келди күн чыкканда жөтөлүп,
Тактай чийген бети-башы кабаарып.

Фабрикага күндүн мурду тийгенде
Чакыргандай ишке күндүн шооласы,
Иш ордунда чыгырыкка теңтайлаш,
Жарышкандай Алтынжандын санаасы.

...Эми үйүндө не күткөнүн билалбай,
Кантсе дагы бөлөк жакка баралбай,
Келсе олтурат уулу жалгыз бөлбүрөп
Ыйлап чарчап ата-энесин табалбай.

Маспы, сообу, кайда экенин ким билсин,
Зарыктырды, үйгө Сөлпү келбеди,
Алтынжан да ойго кетип миң түркүн
Медербеги караан болуп бергени.

Чарчап дагы, ачыгып да Алтынжан
Тынч алууну күсөп турган убагы,
Үйдө болсо үч-төрт үзүм кара нан,
Көзгө илинбейт андан башка тамагы.

Көптөн бери колу тийбей Алтындын
Бир чыгынып базар жакка чыкпаган,
Эми берип кара чайдын катыгын,
Орун салып, эптеп болду уктаган.

Бир кезекте эшик күп бир тебилди,
Ача салса Сөлпү кирди кызымтал,
Эрдин тиштеп, мурдун катуу чүйүрдү,
Солдолондоп төр бөлмөгө жөнөдү ал.

— Сен бөлөксүң, сага бирге жатпайм деп,
Сууруп алды керебеттен бир жууркан,
Ошо замат бурчка жетип темтеңдеп,
Жер таянып жата кетти кырынан...

...Мына ушунтуп өтүп жатты күн нечен,
Бек жымырып мүнөздөрдү бир нечен,
Алтынжан да «мен да сага тийбеймин,
Деген ойдо өзүң мага тийбесең».

Да бир күнү бурдап алып кургак нан,
Кара суудан кылкылдата жутканда,
Бой калтырап, бети кетти түктүйүп,
Жөтөлсө да кызмат иштеп жатканда,

Ооба, көрсөң жаш келинден өчкөн оң,
Алсыраган араң иштейт баарын тең,
Ушул цехке Люба кирди шарт этип,
Деген өңдүү Алтын сага келдим мен.

Люба чоочуп Алтынжанды көргөндө,
Дей салганы: — кан-эткенсиң сен келин?
Оорусуңбу, же кайгылуу болдуңбу?
Сулуум менин, ачык сүйлөп бергиниң?

— Деним соп-соо, көңүлдө жок түк
кайгым,
Жөн эле мен бир азыраак чарчадым...—
Алтынжандын өзү мындай деген соң
Билбей калды Люба не деп айтарын...

Катуу алды алда нени оюна,
Ишеналбай Алтынжандын жообуна,
Шыдыр чыгып медпунктка барды да,
Дароо алды карточканы колуна.

«Суук тийген, ашып кеткен ысыгы»,—
Алтынжанга врач жазган ушуну,
Ысык уруп, дени күйүп турса да,
Ана Алтынжан кызматында отуру.

Эч кимге айтпай не болгонун ачыгын,
Сактап коюп бюллетенди жашырын,
Үйдөн бул жер жайлуураак деп өзүмө
Алтынжанчы, ишке чыккан акырын.

Люба сезди бир туюк сыр жатканын,
Алтынжандын жанына ошол батканын,

«Жылмаланып түк байкатпайт сырт
жагы,
Бир айлантып көрсөм деди аштарын...» —

Алтынжанга кайра келип Люба да,
Алтын-душа, бюллетениң бер? — деди,
Билесиңби, жан соо болсо иш болот,
Жат үйүңдө, айыкканда кел — деди.

Ошол жерден машинесин келтирип,
Чапа-чупа Алтынжанды мингизип,
Маектешип өзү катар олтуруп,
Кайра тартты короосуна киргизип.

Үйү кайсы, кире турган кайсы эшик,
Баарын койду көңүлүнө жат этип,
Сөлпү жүргөн көчө жакта «кас туруп»
Ким келгенин койгон да жок ал сезип.

## XV

Алтынжандын чын эле эти албырып
Дары жутуп жана ичти эле ысык чай,
Маңдайынан чып-чып этип тер чыгып
Жаткан кези дене бою шалдырай.

«Апа» «апалап» Медербеги чулдурап,
Кетпей жүрөт энесинин жанынан,
Улам келип тиктегени жадырап,
Болуп турду жанга кубат абыдан.

Төркү үйдө бир камчы турчу илинип,
Какжырак сап эскилиги билинип.
Ат келсе эгер тышка кетчү Сөлпү да
Кез-кезинде айылчалап кийинип.

Бир эски өтүк, ушул камчы, бир мылтык,
Сөлпүгө ошол колго шайман, жолго
аспап,
Али менин күчүм бар деп аркарлык
Кээде ал киши мактанч сүйлөйт
калжактап.

Эч ким билбейт качан аркар атканын,
Ат үстүнөн кимди оодара тартканын.
Кайсы күнү кай дөө менен күрөшүп
Челектей чаап башын аттай басканын.

Ал камчыны Медер ыйлап «алперлеп»
Улам келип кыйнай берди энесин,
— Сага мындан башка оюнчук жокпу —
деп,
Алперди эне жадаткан соң бала өзүн.

Бала ойноду ары-бери сүйрөлөп,
Ат мингенсип өзү басып ойдолоп,
Медер жүрөт күн баткыча бир тынбай,
Кээде чуркап, кээде кетет жорголоп...

Алтынжан да бир аз сергип тер кургап,
Араң гана эми ордунан турганда,
Терезеден көлөкөлөр бой жыйнап,
Үй ичине иңир мойнун сунтанда,

Үйдү жыйнап, эми жаңы меш жагып,
Казанга да бир кесмелик эт салып,
Көңүлүнө эч жамандык албастан,
Калган кезде кечки оокатка чакталып,

Үйгө мына Сөлпү кирди дардайып,
Туруп калды эрдин бир аз карманып,
Кыймылдады бир кезекте таноосу
Келаткансып айтар сөзгө камдалып.

Көрсө көргөн жерде жаткан камчыны,
Каары толуп ала койду колуна,
«Кызыл камчы» бир топ киши айтылуу
Түксөйүшүп түшө калды оюна.

— Ким алган деймин камчыны?
— Уулуң алып ойногон,
Уулуңдан сура камчыны!

— Быштыбы тамак ой, катын?
— Азыр салам кесмесин.
Суусу азыраак кайнасын.

— Качан кайнайт сенин сууң?
— Жаңы турдум ордуман,
Билбейсиңби оорумун!..

— Катын, сен камчымды жерге
таштайсың,
Катын, сенин жонуң кычышкан,
Кара канчык, айткан жолго баспайсың!..

Сен, менин камчым менен ойнойсуң,
Аябай шишиң толуптур,
Сен катын мынча эмне мойнуң
толгойсуң?

Ушуну айтып, «ыя... ыя?!..» — деди да,
Басып келди Алтынжандын жанына,
Камчы менен башка тартып жиберди,
Кол көтөрдү чапмак болуп дагы да.

Ага чейин ойноп турган Медербек
Апыкесин бек кучактап бакырып,
Үрөйү учуп: «Апа... Апа, Апа!» — деп
Чыр-чыр этет жардамга үнү чакырып.

Ыйлабай да, жардам сурап бакырбай,
Күңүрт гана «жетет...» деди Алтынжан.
Сөлпү өкүрүп: «Мына сага жетет» — деп
Башка, көзгө сабап кирди кайрадан.

Башы, көзүн колу менен далдалап,
Камчысын да чала-була кармалап,
Канткен менен күчү жетпей Сөлпүгө
Алтынжан да турган кезде тырмалап,

Кандайчадыр шарк деп эшик ачылды,
Бирөө кирди соккон желдей зып этип,
Туура жактан бир булкту эле камчысын,
Тике келип Сөлпүгө бой тирешип,

Шыңгаал бойлуу, кыргый көздүү ак
келин,
Билбей калды кайдан мында жеткенин,
Азыр Сөлпү туруп калды селдейип,
Тап бергендей ажал ага кетменин.

— Кана, кана, кайра дагы чабыңыз?
Кайда сиздин камчылаган малыңыз?
Алгансыз го квартирге ат камап
Ушул кезби ат камчылаар чагыңыз?!

Сөлпү турат безгек кармай калгандай,
Маңдайы ысып бүткөн бою калтырап,
Ушул азыр жондон кайыш тилгендей,
Башка бирөө карсылдата камчылап.

— Мен көргөмүн камчы менен
кыргыздын
Айдаганын баспай турган аттарын,
Качанкы ушул какжыраган кайышпы,
Аялыңа сүйлөшүүгө тапканың!?.

Жалтагыраак али кыргыз аялы,
Эң көбүрөөк баш ийгичтик тарабы,
Бул камчыдан өлгөн эне жүрөгү,
А сен болсоң бүгүнкүнүн манабы!..

Сендей болбойт бүгүнкүнүн эркеги,
Сен басмачы, соттотомун мен сени!
Бүркөө десем неге Алтынжан кабагы
Сойгон тура бул баш кесер көрсө эми?!.

Турган Сөлпү кабагандай ыркырап,
Суру качып коён болду бөжөйүп,
Кол куушуруп, эки көзү жалдырап
Ак келинди тиктеп турат элейип.

«Орус катын жутса жутуп коёт — деп,
Сойсо мени кыймылдатпай соёт — деп,
Чыгып барат жан кулактын учуна
Кашайды жан, ким арачы болот? — деп.

Катуу келди жаасы орус катындын,
Кашайган мен кайдан бүгүн катылдым?
Бир чабылсам азуусуна закүндүн
Таппай калдым ким экенин атымдын?..»

Ушуну ойлой улам шуу деп жүрөгү,
Өлчүгө окшоп өчүп барат ирең,

Куюн болуп аны беттен урганcыйт
Жаңы гана казган көрдүн илеби.

Ооба, ошондо кичинекей Медербек
Энесинин этегине корголоп,
Көзүн аарчыйт муштум менен
мыйтыйтан
Китиреет, кыялы жок ойномок.

Алтынжан да Солпүгө улам көз салып,
Кеткендигин адамчылык кейпинен
Көргөн кезде ичтен турду арданып,
«Чогоол элең, чоочудуңбу ,эми сен?» —

Өзүн сезип ушул Солпү бүлөсү,
Алтынжан да аяп кетти күйөөсүн,
Ушул жерде көрө албастан күйөөсүн
Көргөнгө окшойт анын эски сүрөтүн...

Бир оокумча тып-тынч болду үй ичи,
Бардыгы тең оор уйкуда жаткандай,
Чар-чур добуш сиңип жердин түбүнө
Ар ким өз-өз орду-ордуна каткандай.

Эми Люба таш күзгүнүн ичинен
Эмне болсо көргөнгө окшоп бардыгын,
Ойлонууга алганга окшойт өзүнө
Бир чекесин бул үйдөгү кайгынын.

«Али күчтүү эркектерде эскилик
Алар дале карышкырдай ырайымсыз,
Бергиси жок оңой менен баш ийип,
Эңкейбесе мына минтип айласыз,

Сүйлөшсө эгер чогулушта сайрашып,
Көз алдына сөздүн гүлүн жайнатып...
Үйдө болсо мына минтип алиге
Кор кылышат камчы менен айдашып.

Наалат,
наалат,
наалат сага эскилик,
Коймоюнча көрүнө бүт жеткирип,

Кээде тиштеп кан чыгара балтырдан
Турганын көр тирүүлүгүн сездирип...»

Ушуну ойлоп чыкканда ойдун учуна,
Сөлпү турат кыбыр этпей, жансыздай,
Өл десе өлүп, тирил десе тирилмек,
Күчтөн коркон ушу адамдын арсызы-
ай!

Эгер бирөө акыл айтса «койгун» — деп,
Мурдун чүйрүп, күлүп коймок бырс этип,
Көп жулунмак аялына эңкилдеп
Ары жогуң улам муштум көрсөтүп.

Али сезип тирүүлүгүн эскинин,
Кетти окшоду Любанын да башы ооруп,
Мойнунда го көп милдети башчынын
Эми сөзүн башка жакка которуп:

— Өтө тентек көрүнөт,
Бул камчыны мен алдым,
Башка, көзгө согулбай
Тынчыр жайын табармын!

Баланы алсын деп айтам,
Биздин бала бакчага,
Мен эртеге жол тартам,
Күтүп жатат Москва!

Кыска мөөнөт курс экен,
Курска кетип барамын,
Табыштаймын калчуга
Жөнү-жайын баланын.

А, сен болсоң Алтынжан,
Кутулдуң бул камчыдан,
Камчы болсо бул үйдү
Эми көрбөйт кайтадан...

Сөз аягын ушул жерде токтотуп
Бир үшкүрүп Люба басты бурулуп,
Бир мүйүзүн жулдурганга окшошуп
Сөлпү ээрчиди аркасынан сунулуп.

Камчы кетти... Сөлпү алгансып ок жутуп,
Ок бир күнү кустурчудай окшутуп.
Короосунда кала берди делдейип
Өзүн азыр тири өлүккө окшотуп.

## XVI

Ооба, Сөлпү катуу коркту өлөрдөй,
Тил сүйлөбөй жалдыроодо өңү өчүп,
Койтондонсоң өз күнөөсүн карматып,
Келаткансыйт үстү жактан жар көчүп.

Мына үшүнтүп өз үйүнүн төрүндө
Көз-көрүнөө колго түштү дардайып,
Үзүлөм деп тегирмендин таштары
Турганга окшойт төбөсүндө айланып...

Муну ойлосо, муну ойлосо Сөлпү акең
Дем алалбайт жүрөк-боору кысылып,
Куп-куу кепин көз алдында жаткансыйт,
«Кел Сөлпү» — деп кулач бою жазылып.

Ичтеп суугу түгөл чыгып бүтө элек,
Бир жагынан эти ачыган камчы жеп,
Дирилдетет өлүмүнө күбөөдөй,
Баятадан кесме кесип эпилдеп.

Ушул тамак уюл-уюл таш болуп
Сөлпүнүн эч алкымынан өтпөдү.
Дирилдетет өлүмүнө күбөөдөй,
Директордун камчыны ала кеткени.

Эптеп ичип, эптеп болуп чайнаган
Сөлпү акыры оозун араң арчыды.
Келаткансыйт жылан сойлоп өзүнө
Ойлонгондо колго түшкөн камчыны...

...Бул түн өттү ар ким ойлоп өзүнчө,
Тунжурашып бир бирине сөз катпай,
Таң сүргөндө Сөлпү кетти бетинче,
Адетинче бутту сунуп сулк жатпай.

Ооба, Алтынжан суукка катуу алдырган,
Тапсыз болду денеси ысып кайрадан,
Кутулалбай көңүл-ташыл кайгыдан
Жата берди көп козголбой ордунан.

Сөлпү кирди эшик сылык ачылып,
Ушу бүгүн болгон кезде кеч бешим.
Кантсин кургур, жутуп алган азыраак
Деген оңдуу сөзүм түшүп кетпесин.

Ал гана эмес, кармай кирди колуна
Татынакай боз аргымак куурчак ат,
Медербеги тура калып жолуна
Берчи, бер... деп колун созду аталап.
Башын катуу таңып алып Алтынжан
Жылууланып керебетте олтурган.
Аксай басып Сөлпү барды жанына
Кысталыңкы, сөз баштайм деп
кайсыңдан.

Алтынжандын жаны кейип тургандан
Аргасыздан чытыганып кабагын,
Сөлпү болсо үйгө басып киргенден
Жыпааны дейт жүрөктөгү жараның.

— Эмне мынча кабак бүркөп Алтын-
жан...
— Жыландай заардуу элестейсиң,
Көр түбүндөй караңгы кейпиң,
Мына менин кабак-кашым ушундан!

— Сен мени өлтүргүң келип турабы?
— Келгендир балким өзүмдүн өлгүм,
Көмүлүп жатып тынчтылык көргүм,
Турасың го байкап деле сен аны?

Курчутуп бычак келгендей оюң,
Чубуртуп канды тургансыйт колуң.
Кокустан уулуң калбасын жетим
Ойлонгун Сөлпү ушунун жолун?

Эч нерсе жоктур өлүмдөн жаман,
Алдымда турат алмадай балам.

Өзүмдөн өзүм корксом да кээде
Ырасын айтсам — жашоодо санаам...—

Токтолгондо ушундай деп Алтынжан
(Буга чейин камчы алдында жапчылган)
Ойлонтту бейм мыжып-мыжып Сөлпүнү
Аял сыры тунгуч ушул айтылган.

«О, Алтыкеш — деп баштады Сөлпү эми,
Бул айтарын сыяктантып эртеги,—
Деректирден кайра алып бер камчымы,
Өлбөй тирүү калсын десең сен мени?..

Ушуну айтып жаш баладай эмшеңдеп,
Чөк түштү да ыйлап ийди өкүрүп.
Эки беттен ылдый карай салаалап,
Көрчү болсоң жаш акканын көшүлүп.

— Үстүңдөгү үй менин турган үйүмбү,
Астыңдагы менин Медер уулумбу?
Кагазга да «Сөлпүев» деп жазатко
Менин мобу боз тоголок уулумду?

— Деди дагы айталбады ар жагын,
Дегенге окпоп өзү табар калганын,
Али турат өпкө-боору солкулдап
Түгөтө албай өкүпүчүп, арманын...

Алтынжанчы, сөздү бекер айтпаган,
Билет Сөлпү, айтса оюнан кайтпаган.
Нечен жылы бир жашаган күнүнөн
Ушул жагы бек чоочутуп таштаган.

Сөлпү көрдү аялы иштеп жакканын,
Фабрикада кадыры өсүп жатканын,
Сезип турат макул көрөт Люба да
Ушул эле Алтынжандын айтканын...»

Ушуну ойлоп ушу качып абыдан,
Кээде кетет бут түңүлүп жанынан,
Үмүт кылат аялынан азыраак
Ортодо бир балапандын барынан.

Көз карашы — «эми кечир Алтынжан,
Ая бир жол катуу кетпе?» — дегендей,
Алтынжанчы, баарын сезип алдыртан
Ичтен тымып, ал олтурат кебелбей.

«Кудай урду, чач көк-ала болгондо,
Сотто жүрсөм үй-бүлөмө чырлашып,
Түшмөк оңой түрмө деген ойронго,
Сөз аркасын аял койсо ырбатып?»..—

Көңүлүн өйүп алек кылган ушул ой,
Сөлпүгө улам тийип турат токмоктой,
Алтынжан да айтса боло эми дейт,
Зарыктырып, мынча кыйнап токтотпой...

Эми сөзгө ниеттенди Алтынжан.
Экен го деп күйөөмө да жан таттуу,
Бул эркектер не түшүнбөйт абалтан
Ар кимдин-ок өз-өз жаны ардактуу.

Баарын ойлоп келди, кетти өмүрдүн,
Өткөндөн өчкөн, алдыда өсөр көңүлдүн,
Жендирбестен жаалы күчтүү ачуугa
Ачып чегин анык менен төгүңдүн.

Алтынжан да күйөөсүнө тик карап,
Азыр комсоо көрүнсө да ал тарап,
Өмүрүнүн түп тамырын ойлонсо
Тетир басып кеталбасын кайкалап,

Мөгдөп турган күйөөмө эми жетсе деп,
Ойлоп сөзүн жумшак баштайт кештелеп.
Дем болсун деп эси качкан эркекке
Оодон чыкты мына мындай деген кеп:

— Сөлпү, теңелгим келбейт мен сага,
Бала тууган энемин,
Болбой-ак кой сар-санаа!

Менден көп эле улуу жашың бар,
Мына ушуну билбейсиң Сөлпү,
Сенин «ата» — деген атың бар...

Ушуну айтып бир аз токтоп Алтынжан,
Эмне дейм деп эми мунун артынан,
Алда кайда ой жүгүртө калганда
Көзү күлүп Сөлпүгө да кирип жан.—

Көчө жөнөп калың убайым оюнан,
Чоп-чоп өптү аялынын колунан,
Курган жүрөк эми келип ордуна
Тирилди бейм сезимдери солуган!

Кала электе унут болуп айтканы,
Алтынжан да сөздү кайра баштады,
Ойлонсун деп Сөлпүгө да, өзүнө
Ой илмегин алысыраак таштады:

— Жаныма баткан сөзүңдөн,
Кол силкип мен да бир кезде,
Сөлпү кетким да келген өзүңдөн.

Мен үзгөмүн үмүт сүйүүдөн,
Күн чыкпай жатып айрылгам
Ачылган таңда гүлүмөн.

Дейинчи таптым жаш күйөө,
Алдагы болсун өзүңдөй,
Аракка тойгон мас күйөө.

Канча эрден калган деп айтар,
Уулумду менин өгөйлөп
Бир күндө он жол муңайтар...

— Андай болсо Алтыкеш,
Камчыны кайрып алар кез.
— Киши деп жүрсө кайраттуу
Сага да экен жан таттуу...

Алтынжаны мына ушундай дегенде,
Чочосунан жыттагылап уулунун,
Сөлпү дагы башын катып Медерге
Ал чочого улам такайт мурунун...

## XVII

Фабрикада мезгил болгон жалган түш,
Жумушчулар чаалыгыша баштаган,
Алтынжанчы, бар өңдүү анда татаал иш,
Сыяктанды эң артына таштаган.

— Тиги Алтынжан, иш маалында
мелтирейт,
Дети эле анда үн да, сөз да жокко окшоп,
Бууроолору, тетиктери бүт сүйлөйт
Зыр-зыр этип калышалбай бир токтоп.

Уста Нелла машинени карайт да,
Кыска кайрат алда бөтөн айтпайт кеп.—
Машинеден зыргып чыккан добушту
Күлүп коёт «Алтынжандын үнү» — деп.

Бир тетиги өз ордунан тайбаса,
Бир ийнеси ишин жаза сайбаса,
Жымылдашып, айкалышып тигиштер
Көргөн адам улам көзүн кайраса,—

Сиз да кошо тиктейсиз да турасыз,
Машиненин күңүрт үнүн угасыз,
Турган кезде көз чабыттап, кол сүйлөп
Мына ушуга ийлип таасим кыласыз...

Алтынжан да кеңейткен иш орунун,
Ушу бүгүн көрсөттү бир жоругун,
А дегенде бир бурчта эле жең тигип,
Жым-жым эткен тигишинин сонунун...

Жеңди деле улам карап айлантып
Теше тиктеп, бир чаласы калгансып,
Өзү сынап, эч кемтигин табалбай
Койду ордуна эми көңлүн жайлантып.

Ооба, ошентип жең нормасын бүткөрүп,
Устасына койду дагы өткөрүп,
Ал ордунан жылып кетти акырын
Э, дегенче кызмат орду өзгөрүп.

Дал ортолоп турган да бир машина,
Келди ошого түшкөндөй кылт эсине,
Бул машина топчулукту тигүүчү
Чак тургандай өзү аткарчу ишине.

Милдет ушул станоктор каз-катар,
Жалаң гана топчулукчул бул катар,
Бөлүп алып ар бөлүгүн кийимдин
Иштермандар тетиктерин сайратар.

Топчулуктар тигиш менен чордолот,
Жеңилбестей эчен кайра тордолот,
Ал тетиктер болгон кезде кадиксиз
Анан топчу ага тушташ орнолот.

Ооба, ошондой бул бир мээнет атайын,
Аябай жейт аялдардын көз майын,
Антсе дагы каник болгон иштүүгө
Илмеси да, чолмосу да дап-дайын.

Топчулуктун ордун тигип Алтынжан
Калпыс кетип калбайын деп кадап көз,
Канча турду топчулукту айланып
Алагдысыз бүткүл көңүл, бүткүл эс.

Бүт көңүлү болуп тигүү жагында,
Ээрчип жипти ою айланып, кубанып,
Ушул эле бир кызматтын маалында
Колу оймоктоп эки норма чыгарып.

Бек бапестеп өз баласы кийчүдөй,
Же белектеп энесине берчүдөй,
Жаткан эне Туура-Белес тоосунда
Мизилдеген бул тигишин көрчүдөй.

Көңүл сергип, ичинен бир жылмайып,
Көөдөн керип, жайнап жүзү нурланып,
Эми Алтынжан иш ордунан турганда
Уста Нелла басып келди ыргалып:

— Алтынжан, сен тапшырсак да бир
ишти,
Кетчү болдуң кээде бүтүп эки ишти,

Колуң ойноп, көңлүң чардап шар кетет
Көрүп турам чеберлигиң жетипти...

Кубанамын сенин тунук зээниңе,
Фабриканы өз баладдай сүйөсүң,
Машинени өз жаныңдай сүйгөндөн
Бүт тетигин көңүлүңө бек түйөсүң.

Ашыксың сен машинеге аябай,
Тиккиң келет ач, тогуңа карабай,
Бүткүл дүйнө кийим тиккен машине
Сыяктанып, колуң жонойт сабалай...

Сен жатканда станокту сүйлөтүп,
Тоо шамалы чыгырыкты үйлөшүп,
Далай келин, далай кыздар кыйналат
Машинеси сага жетпей үндөшүп...

Жылмайды да, Нелла берди бир конфет,
Ооз чормойтуп бирөөн турду өзү жеп,
— Макташымды, ширин конфет берипти
Сен, Алтынжан, ойлобо дейт бекер деп.

Үйрөнчүктөн эки кызды аласың,
Эртели-кеч өзүң көзүң саласың.
Так өзүңдөй дасык иштүү болгуча
Алардын да акылын сен табасың.

Ошондо сен бул конфетти актайсың,
Сен да мендей шакирттериң мактайсың!
Актабасаң конфетимди, сен мени
Оту күйбөс бир очокто таштайсың!

Анан Нелла күмүш тишин кашкайтып,
Тиктеп турду жумшак гана каткырып,
Жетекчи эмес курдаш боло келгенге
Бул курдаштык кетти окшоду мас кылып:

— Нелла эжеке, не десеңиз — куп деймин,
Кол жетпесе, төбөм менен иштеймин,
Эмчек сүткө кошуп берген энекем,
Ишти сүйөм, бала күндөн иш деймин...

«Ооба анында мен ишенем» дегендей
Башын ийкеп Нелла чукул турду да.
Бир конфетти курбусуна бөлө жей
Колун артты Алтынжандын мойнуна:

— Кеттик... деди, жакшы кино көрөбүз,
«Чоң сүйүү» дейт, бир эс алып келебиз.
Наташаны, Айымгүлдү өзүңө
Мындан ары шакирттикке беребиз...

Деген өңдүү жаным менен макулмун —
Алтынжандын башын ийкеп койгону,
Бул ордунан азыр басып кетерде
«Эжеке» — деп бир сөз айтмак болгону:

— Азыр эле мактагандай сиз мени
Бойго жеткен кызды мактайт жеңеси,
Азыр эле мактагандай сиз мени
Сата турган төөсүн мактайт ээси...

Но, ничево! — деп койду эми Нелла да,
— Иш бузулбайт жакшыны айтса жакшы
деп.
Эгерде мен караны аппак деп турсам
Анда жаман,
Анын жөнү башка кеп...

Мына ошентип уста менен шакирти
Фабрикадан колтукташа чыгышты,
Колтукташуу ошол бойдон жазылбай
Эми башты кино жакка бурушту...

## XVIII

Шаар ойгонуп кулач жайып кап-качан,
Күн балбылдап чыгып барат төбөгө.
Күн канаты күлүңдөшөт башкача
Бак-даракка алтын шоола ширөөдө.

Алтынжан да таңдын эре-середе
Сергий басып үй оокатын баштаган.
Мөмө-чөмө жемиш алып базардан
Алда качан ашканага таштаган.

Любасынын убадасын ойлонуп,
Жөнөп калды фабриканы бет алып,
Люба кеткен, келсе олтурат Байбеков
Күйөөлөчү жигитке окшоп жасанып.

Байбековчу, тырык беттүү, кыйшык көз,
Чулчук кара, кебеже курсак бир киши,
Көп жылдары деле эч кимге үндөбөс
Тунжураган түнт көрүнчү бул киши.

Анча-мынча адистикке жеткенден
Көңүл буруп, жергиликтүү элден деп,
Кийинчерээк бул кызматка жеткирген
Көрөсүздөр, эми кандай баштайт кеп.

Эшигинен баш бакканда Алтынжан,
Карды челк деп учуп турду ордунан;
Алда кайдан ал-жай сурап жыпылдап
Дей бергени «Алтын жеңе, аяш жан».

Сөз баштатпай Алтынжанга жол тороп,
Ары кетет, бери кетет ойдолоп.
«Не бүтпөсүн кадыр-көңүл келишсе...»
Дейт да турат ушул сөздү чоймолоп.

Бул сөздөргө эч бир жооп айталбай,
А дегенде катуу илеп кайтарбай,
«Жетишти эми, тамашакөй экенсиз» —,
Деп камданса келген ишин айтардай.

Булчук кара дагы торгоп таштады,
Эми сөздү ачыгыраак баштады,
Баягыдан чабуулга өтүп тип-тике
Ата көрү-эй, мобул болду айтканы:

«Алтынжан артык жеңебиз,
Алдында сүйлөп беребиз.
Ким эле келсе алдына
Көңүлүн салат дебеңиз?

Кадырын билсең урматтын
Кашында турат бүт бактың.
Баарысы тийип колуңа
Байлыкка белден батмаксың?..

Муну укканда бүткөн бою дүрүлдөп,
Колу-буту майда-майда дирилдеп,
Боло түштү Любасына ааразы
Өз ордуна коюп кеткен кимин? — деп.

Сыр билгизбей өзүн кармап дагы да,
Түшүнгөнсүп тамаша деп баарына,—
— Угуңузчу,— деп жолдош Байбеков,
Оодармакка сөздү кызмат жагына,—

— Жакында Люба келбейби?
— Алтынжан андан башкага
Теңсинип салам бербейби?

Баса, иш маалында иштебей
Жүргөнүң кандай бул жерде?
— Иштеймин кечки сменде.

Эмесе орун бериңиз,
Балама бала бакчадан?
— О кокуй, такыр орун жок,
Жокту кайдан мен табам?

— Ал эмне деген сөзүңүз?
— Кадырлабайт экенбиз да
Өзүбүздү өзүбүз?..

— Ким бул Сиздин «өзүңүз» да,
«жатыңыз»?
Бүкмөлөбөй ачыгыраак айтыңыз?
— Ага жетпес али Сиздин башыңыз,
Кулай элек анча бийик ташыңыз.

— Болсо болор, билалбадык аныcын,
Тумчуланган Сиздин сөздүн маанисин?
Эмесе мен кайда алпарам уулумду?
— Эмесе аяш, мен билалбайм аныңды,
Же уулуңду фабрика үчүн туудуңбу?

Ушуну айтып чакырайды Байбеков
«Чыгып кетчи, сөзүм бүттү» — дегендей,
«Эмки сөзүң кулагыма кирбейтти»
Түшүндүрдү столунан кебелбей.

Алтынжан да мындай деди кабаарып:
— Фабрикада өзүм жүрөм иш иштеп.
— Жолдош тикмеч, көп шалкылдай бербеңиз,
Жалаң эле жүрүпсүзбү Сиз иштеп?!.

— Мага орунду берем деген Люба өзү,
Кетеринде кетмек Сизге табыштап!
— Керебетти көбөйткөн жок ал киши,
Бош орун жок, мынча болбо жабышкак!

Мен балаңа жууркан, төшөк болалбайм,
Мен сен үчүн жасай албайм керебет!
Болот экен ушундай да адамдар,
Бергенинен алчусу көп «кележеп!?»

— Айтыңызчы деги жолдош Байбеков,
Люба кайта кызматына келбейби?
— Келсе эмне экен, өпмөк беле оозуңан
Оздон сөздү жула качкан сендейди?!

— Эмне болду Сиз күйөрлүк анчалык?
Күч көрсөтүп күпүлдөйсүз мынчалык?
— Күпүлдөсөм ушул жерде сенсиңби
Коё турган менин мизим кайтарып?!

— Каардан̆баңыз, бар деп уккам бош орун,
— Сен болдуңбу текшерчүсү ошонун?..

Кыйраткансып тийгениңе бир чалга,
Эсиресиң тиккениңе машине,
Кара катын, мага келип кырданба,
Каакы эмесмин, ушуну алгын эсиңе!..

— Улам эле чалга тийди дей бербе,
Сен эмессиң никелечү бул жерде.
Жөн сүйлөшкүн картаң дөбөт баштанбай,
Сени адам деп, алдыңа адам келгенде!..

Баягы эле манаптарча керилип,
Өз дүйнөңдү бөрчүгө окшоп демигип.
Эмне мынча суук, суук сүйлөйсүң
Айтканыңа куп дебесем, теминип?!.

— Мен эчтеме айткан жокмун ой-катын,
Чаркылдаган жалаа сөзүң кой катын!..
Анан, бай, манап эчак жок болгон,
Башкасы кошо сап болгон,
Бай, манап, кедей деген сөз
Биротоло токтолгон!..

Чалдын кайкайган кара катыны
Ал сөздү алба оозуңа,
Азыр кишинин баары бип-бирдей
Балааны жыйба башыңа?..

— Сөөлүңдү басып алдым бейм,
Сен баякы манап бойдонсуң,
Ичиңде куртуң көп тура,
Сен боёнуп алган ойронсуң!..

— Маданиятсыз, билимсиз
Тиккени көйнөк бир аял,
Ага кайдан акылы жетип түшүнөт
Болуп жатат саясатта не кабар!..

Бери тарта Пожарский, Мининден,
Баары князь, баары төрө, баары бай,
Сталин дагы арбактарга сыйынат
Ушу бүгүн иштин жайы ушундай.

Кыргызда да ата-баба ар жактан!
Ажылдаба сен кошулуп бер жактан!
Акыры адам чыккан жерден чыгат да
«Аккан гана арыктардан суу аккан!»..

Кыргызда да эл сактаган ополор
Манас дагы, Талас дагы баары биз,
Айырмасы мурун жалгыз биз элек,
Эми буга бирдей ээбиз баарыбыз!..

Сталинди оозго алганда Байбеков,
«Эмне дейт» — деп чочуп кетти
Алтынжан,
Ал бир сөздү чала-була эстеди
Минин менен Суворовдор айтылган.

«Деген ге окшоп жаңылдымбы чын
эле?» —
Алтынжанда ой ойлонду бир азга,
Кантсе дагы ишенбеди ичинен
Байбековдун «чыккан жерден чыгатка!»

Байбековго кайра келип кыжыры,
Анын жүзү көөдөй кара элестеп,
Көз алдында Любасынын ажары
*(А, бул болсо биздин киши эмес деп).*

— Сени мында кайдан таап келишкен?
Тилимди алсаң кет бул жерден эртерээк!
Мата жакпайт пайгамбарың, периштең,
Көрдөн жаңы чыккансың бейм төмселеп?

Ооба, сен так бир жасалма кызматчы,
Жашап турган тебетейиң аңтарып,
Жүрөгүңө уу аралаш зил сактап
Жүргөнсүң бейм мезгил күтүп
мынчалык?

Ишенбеймин эмне айтсаң да сөзүңө,
Мен экинчи басып келбейм өзүңө.
Мына минтип сага күнүм түшкүчө
Кой жаямын Туура-Белес төшүнө! —

Тикмеч аял бетке тике чапканда
Байбеков да түшкөнгө окшоп капканга,
Эмне үчүндүр эрди кетти көгөрүп
Эч жарабай кайрып жооп айтканга!

Айтканы ошо: «кет-ой, катын, кет — деди,
Ооба, эшигим сага менин бек деди.—
Түү, түү... деги бетиң курсун, не дедиң?
Кетчи, кетчи, сен бир кара бет?» — деди...

Көпкө созбой Байбековдун ал-жайын,
Ушул жерден кошо айталы ар жагын,
*(Ал Байбеков жүргөн болсо алиге*
*Билген достор кошумчалар калганын).*

Бир аз мезгил өткөн кезде арадан,
Курстан келип Люба кирди ишине,

Атайылап басып барып Алтынжан
Төкпөй-чачпай бул ишти айтты өзүнө.

Люба ошондо чытып алды кабагын,
Ой жүгүрттү, түбү кайда жаранын.
Алтынжанга мына мындай деп айтат
Билгендиктен үй-бүлөдө авалын:

— Мындай неме айтпаганда өңгөсүн,
Мортун таап бузук салат үйүңө,
Андай иштен ак көрсөтүп бир өзүн
Сени булгап сөз жеткирет күйөөңө.

Бир карышкыр кой терисин жамынган
Элес болуп ошол замат көзүнө,
Люба ойлонуп башкача бир баа берди
Байбековдун илдет толгон сөзүнө.

Акылдашып жетекчилик жактарга,
Байбековду фабрикадан жөнөттү,
Таза сакташ керектигин эске алды
Качан болсо сезим менен жүрөктү...

Люба бир күн Алтынжанга жолугуп,
Жолдошторчо далай сөздү сүйлөшүп,
Таза сактайм фабриканын авасын,
Бизден алыс «пошел!» — деди Байбеков...

## XIX

Калкылдатып бүркүттөрдөй канатын
Желпиндирип тоонун жыпар авасын,
Эркелетип маңдайынан сылашып
Эмки өмүрдүн алдейленген баласын.

Караан үзүп тиктесе да турнабай,
Орто жерден жылдар өттү бир далай.
Медербеги кызыл жагоо тагынып,
Мектеп жакка жөнөп калат жайма-жай.

Сөлпүнүн да эски «жини» кагылып,
Медерди ээрчип дагы бир кыз төрөлүп,
Кадимкидей Алтынжанга багынып,
Баягыдай чыр баштабай көгөрүп.

Алтынжанга, өзүн сезип эми бек,
Болор эмес окубасам деги деп.
Тырышкандан бүтүп алган техникум
Күн-түн окуп көктүгүндө болбой чек.

Бүгүн анын атагы бар усталык,
Алда качан бир агрегат башкарып,
Ишин текшеп жүздөн ашык тикмечтин
Көрүнгөн кез күрдөөл милдет аткарып.

Бирөөлөрү деп калышса Анюшка,
Да бирөөгө баркы бийик «эжеке».
Жарашууда айткандардын оозуна
Алтынжанды эркелетип не десе!..

Ала шалбырт жаз күндөрдүн биринде
Люба келген фабрикага таң ата,
Иштен артта он биринчи агрегат
Тынчы кетет мына ошону санаса.

Кай бирөөлөр илең-салаң жүрүшөт,
Эмне үчүндүр ишке келет кечигип,
Иште дагы кабактары тырышат,
Тигүү тикпей анча пейли чечилип.

Жаңылар көп келип кирген айылдан,
Машиненин аты-жөнүн биле элек.
Болсо дагы иштеймин деп чыгынган
Көп нерсеге али колу келе элек.

Институттарда сыноолордон кулашып,
Канча кыздар фабрикага киришкен.
Ишти үйрөнбөй анча деле самашып,
Орто саар келип-кетип жүрүшкөн.

Агрегатты эне болуп алдейлеп,
Же болбосо ата болуп башкарып,
Көп улуттун кыз-келинин бүт тейлеп
Кадимкидей кызмат үчүн чактанып,

Иштей албай участканын башчысы,
Табылалбай жүрөктөрдүн ачкычы,
Күлүктөрдөн артта калган кашандай
Ачылалбай станоктун бактысы...

Жанга батып, иштин жайын билбестик,
Кесир болуп фабриканын ишине,
Жөн эсепти эч чыгарбай алдыга
Таштай тийди директордун тишине...

«Бул олтурган келин-кыздын көңлүнө
Кайсыл уста жаңы буроо сала алат?
Кабак бүркөп олтургандын кайгысы
Кайдан келди, учун кимдер таба алат?

Ооба, муну көрсө көрөт жаңы көз,
Көтөрсө эгер көтөрө алат жаңы кол,
Болбосо иштер керисинен кетер кез
Артка тартып алдыңкыны кылар кор...

Ким? Ким гана биздин ойду таба алат?
Көөдөн ачып агрегатка бара алат?
Бут шилтетпес тамандагы тикенди
Этти оорутпай эби менен ала алат?»..

Любаны бек мыжып урду ушул ой,
Аркы-терки көп бастырды тим койбой,
Бир муз болчу көз алдында көгөргөн,
Эч жөнү жок музду чакпай койгондой.

Ооба ошонтуп күндүзгү смен бүтөрдө
Коңгуроолор шыңгыр-шыңгыр эткени,
Партком, фабком жана бардык усталар
Люба олтурган кабинетке жеткени...

Люба турду өзгөчө бир сабыркап,
Келгенге окшоп алда неден жабыркап,
Билсе билер партком, фабком кеңештеш
Калгандары аны тиктейт таңыркап...

Люба дароо баяндады кыскача
Он биринчи участканын ал-жайын,
Ал тике эле суроо койду мындайча,
Болгондуктан иштин жайы дап-дайын:

— Күн чыгышча элестете айтканда,
Бул агрегат азырынча аксак ат,
Мындан ары аксатпоонун айласын
Бул олтурган усталардан ким табат?

Ким бул аттын карап көрөт сыягын?
Ким текшерет баспай турган туягын?
Ким бул аттын арка-мойнун кыргылап,
Сын-турпатын өзгөртөт деп турамын?

Ооба, достор, артта калган участка,
Көзгө түшкөн чөп сыяктуу бул кезде.
Аксак бутту күлүктөрдүн бутуна
Ким бара алат айла таап теңешке?..

Мен, албетте директормун, эрким бар,
Буйрук жазып дайындоого бирөөнү,
Ойлонор деп ишти сүйгөн адамдар
Ылайык көрдүк өзүңөрдөн суроону?..

Ал жерде көп жергиликтүү улуттан,
Станокко жаңы келип турушкан,
Ким көрүнөт азаматтык бул иштен
Учук чубап эл достугу жумуштан?

Мындай ишти кимдин күйсө жүрөгү
Элес болор эмгегинен тилеги.
Ким коргошот фабриканын намысын
Мына ошону биз да көрүп билели? —

Ушу менен келгендерге сөз берип,
Сүйлөөчүнү көз карегги текшерип,
Бир саамга токтой калды Люба да,
Чыкса экен деп ой-пикирлер экчелип...

Бир кезекте суроо берди бир уста:
— Канча алат? — деп участканын
башчысы,
— Азырынча алтымыш сом... болду жооп,
Күбүр-шыбыр сөзгө кирди башкасы.

Бул отурган усталардын ар кими
Эң бер жагы четтеп эле жүздү алат,
Алтынжандай озо чыккан кай бири
Чөнтөгүнө жүз отузду бүт салат.

Кем алууну отуз, кырк сом, элүү сом
Иштеп жүрүп тынч орунда ай сайын,

Оңой менен макул көрбой, ичинде
Тымып турду оозу ачылбай канчашын.

— Эч ким жокпу арттагыны сүрөөчү,
Азаматча бир жаңы үлгү берүүчү?
Бара жатып коммунизм жолунда
Кана, ким бар күчүн сынап көрүүчү?!

Люба койсо бир суроону тип-тике
Баягыдан көз тириле жайнашты,
Аттанат деп ким биринчи бул ишке
Алдыртадан бирин-бири карашты...

— Мен барам!..— деп кол көтөрдү
Алтын-жан,
Ооба, эжеке, Люба эжеке, мен барам!..
Кабарым бар көптөн бери ал жактан
Так ошол жак көңлүмдү өйүп кыйнаган.

Кай бирөөлөр оңурая караштЫ,
Чыныбы деп көз карашын сынашты,
«Өзү болсо жүз он сомдон кем албайт
Бул катын не акылынан адашты?..»

Алтын-жандын бул чечкиндүү сөзүнөн
Любанын да Сөлпү түштү эсине,
Бул Алтын-жан баягыдан бөлөкчө
Ишенимдүү элестеди өзүнө.

Кайра сөзүн уландырды Алтын-жан
— Ооба, чыны Люба эжеке, мен барам.
Өз колумда бирге иштешкен иштүүдөн
Наташаны, Айымгүлдү кошо алам!

Люба, партком, фабком болуп тиктешип
Үнсүз, сөзсүз баш ийкеше калышты.
— Ал экөө тең «универсалдар»[1] эле деп
Алтын-жанга жадырашып турушту.

---

[1] «Универсал» — кийимдин бардык бөлүктөрүн тигүүгө машыккан машиналар ушундай деп аталат:

Алтын-жандын жакшы ойлонуп турганын,
Ишти оңдоого чындап тилек кылганын
Жетекчилер сүйүнө кабыл алышты,
Азамат деп түшүндү иштин салмагын...

Ооба, ошентип которулду жаңы ишке,
Тобокел деп белди бууп Алтын-жан,
Башчылар да ага кошуп беришти
Адамдарды жанагы эле айтылган.

Оозу жаман опсуз киши кайда жок,
Кай бирөөлөр айтып жүрдү зилдүү сөз,
Быжы-бужу, кыжы-кужу дешишип —
Ээгин тыйбай эпилдешип эрте-кеч.

— Ата көрү-ай, бул катындын көпкөнүн,
Элүү сомду бир тебелеп тепкенин,
Мен кыйын деп айгыр аттай аңкылдап,
Адыраңдап тетир басып кеткенин.

Өпкөсү жок кара сойлок койкоңдоп
Көп акчаны ыргытты го талаага,
Төшүн какты мен мындалап кайкаңдап,
Бул карайбы күйөө менен балага!..

Жүрө турсун көралбастын сөздөрү,
Ар ким байкар иштин соңун өздөрү,
Мындай чакта ар ким өзүн ойлосун
Эң эле оңой кемсинте айтыш өзгөнү!..

Бакырар деп, жинди болду катын деп,
Алтын-жан да Сөлпүсүнө айтпады,
Не болсо да эрдин тиштеп эми бек,
Жаңы орунга бардык күчүн чактады...

Бул агрегатта көп балалуу аялдар,
Тартип көрбөй чоёке өскөн кыз балдар.
Башчылары тандап туруп келген соң
Жаталбады алар дагы бейкапар.

Бирөөлөргө кандай кийим бычканын,
Бычкан ишти кандайчалап тиккенин,
Көрсөтүүдө текилдешип тынбастан
Ишке таасын алтын сөөмөй үч келин.

Кечигишсе бирин-серин жаш кыздар
Андайларга мамындай дейт Алтынжан:
— Мында иштешет көп балалуу аялдар,
Ушул иштен оокат табат адамдар,
Төмөн түшсөң аткаруучу нормадан
Калыппайбы канча бөбөк жебей нан.

Эскертемин, жалпы тартип бузгандын
Ойлоп тапкан себебине карабайм,
Кайдан келсең, кимдин кызы болсоң да
Кесирленсең — эч кимиңди аябайм! —

Бул катуулук кай бирөөгө бек тийип,
Кабак салып, жаактары түктүйүп.
Саал кечиксе айбы түшүп мойнуна
Тургандар бар жоок табалбай үшкүрүп...

Алтын-жанчы, бардык ишти башкарып,
Кээде тигет машинени зыргытып,
А дегенде жүргөндөрү сырт салып
Жапырылды ал мүнөздөн жылбышып...

Алтын-жанчы, жума сайын буларга
Иштен кийин бөлөт сааттап убактын,
Тетик жайын кыргызча айтып уюта
Жаңыларга көбүн берет сабактын.

Улуулары: «ээ-садагаң, сиңдим» деп,
Кичүүлөрү: «эмне айтасың, эже?» — леп.
Канчалары адеп күтө башташты
Караламан басып кирбей тебелеп.

Ушул жерде тикмечтердин ичинен
Катуу өттү бир төрт кыздын азабы,
Качан болсо көп кечигип ишинен
Тура берди улам арбып чатагы...

...Күлүй деген күлмүңдөгөн сап-сары,
Калый деген болтоюңку кап-кара,
Акишичи кызыл тору тоголок,
Түкүш боп-боз күлботодой кыз бала.

Төртөө турат бөлөк-бөлөк үйлөрдө,
Короолору жакын-жакын бир жерде,

Кетердечи кол кармаша чыгышат
Чубурушуп удаа кирет келгенде.

Акиш бар го, көргөнгө жоош момпоюп,
Бирок төртөөн баштап басат томпоюп,
Болбогондо кыскалыгы мойнунун
Көрүнсөм дейт кайкайып да, койкоюп.

Үйүрүөөк аз да болсо киного,
Баштап жөнөйт беркилерин киного,
Кечке маал ала шалбырт жаз күнү
Жолдошторун көңүл ачып ойноого.

Төртөө чогуу киного эми кирişти,
Четтен келген бир фильмди көрүштү.
Картина экен «жез тамандын» турмушу,
Ээлеп турган көп байкалбас өңүттү.

Зыңгыраган сулуу аял мөлтүрөп,
Бак ичинде турат экен мелтиреп,
Капчаларды түр-сымбаты азгырып
Каш кагуусу, көз кысуусу келчи — деп,

Бирөө салып ага алтын билерик,
Дагы бирөө колу жетпей чидерип,
Бай, мырзалар тартуу кылып кундуз тон
Алып жөнөйт чытырманга имерип.

Аял болсо, колдо кара мээлейи,
Бет алдында ичкен-жеген «таалайы»,
Бири кетсе, бирин тосуп кийирип
Желпиндирип «жез тамандык» паанайы.

Тизесинен өөдө жонеп этеги,
Бут көрсөтүп абийринин баарысын,
Жигитине чалкалайт да, чөгөлөйт
Шылкылдатып жып-жылаңач далысын.

Алат экен алтын, күмүш жалактап,
Аз кызыса бийлейт экен сырактап,
Арбын төлөп, кымбат буюм бергенди
Самайт экен жолун тосуп алактап...

Ошол аял бир жаш ынак күтүнүп,
Жаткан кезде ээн бөлмөдө кутуруп,
Кечиргиле, улуу сөздө уят жок,
Кирип келет эски ойношу жутунуп.

Эски досу күчтүү дагы, сүрдүү да,
Жанында анын дүрмөттөлүү пистолет.
Ылайык көрүп жан аманын жаш жигит
Көз жазгырып ошол жерден култ берет.

Эски ынагы карай берет мелтиреп,
Аял турат өңүн бузбай мөлтүрөп.
Көз карашы «тигил окус киши эле,
Эмне десең эркиңдемин, келчи?..» деп

Эски ынагы ичи толуп ызага,
Тартып иет бир стакан винону,
Кадам таштап үн чыгарбай жай гана
Баштайт эми муундуруп кыйноону.

Аял канча жалбарса да болбостон,
Оозун таңып, колун байлайт заматта,
Лампа куюп, үй ичине өрт коёт
Аял туйлап жерде жаткан убакта.

Ойношунун сырткы эшигин кулпулап,
Киши чыгып дароо изин жашырат,
Ал жез таман мүлкү менен өрттөнүп
Бир чоң бөлмө күйө берет бачырап.

Чалды-куйду ушул кино бүткөн соң,
Кыздар чыгат эмне экенин билалбай,
Акиш болсо аз да болсо чоңураак
Ал жүр десе койчусу жок тил албай.

Көрсө Акиштин бүгүн туулган күнү экен,
Бармак болду аныкына баары тең,
Өнөкөт жок шаар ичинде кур баруу
Жетпечүдөй кошуп ичип-жебесең.

Конфет, сыр, май, винолордон азыраак,
Алган болуп кайра чыгып батыраак,
Дароо жетип бөлмөсүнө Акиштин
Булар дагы дасторконго шашылат...

Шаар чети, эски эле бир короодо,
Асты да жер, бөлмө суук, караңгы,
Түтөп, бышып араң күйөт керогаз
Жыты ыңырсып жийиркентет адамды.

Ооба, кыздар бул бөлмөгө келишти,
Дасторконго тамак коюп киришти,
Нан кесилип, бөтөлкөлөр ачылып
Бир четинен жеп, ичише беришти.

Акиш болсо керогазын түтөтүп,
Курбуларга ысык тамак бышырмак,
Оту чиркин оцой менен күйбөдү
Өргө тарткан өгүзгө окшоп кышылдап.

Акиш өзү кастрюлга суу куюп,
Ага дароо бир килочо эт салып,
Эт бышканча олтурмакчы дулдуюп,
Өзү баштап жутуп кирди шаттанып.

Вино, вино... бара-бара кыздардын
Ээликтирип, тартып кирди илебин,
Эки стакан, үч стакан жутканда
Кадимкидей калкылдатты жүрөгүн.

Көтөрүлттү айнып чыккан жүрөктү,
Каптап турган керогаздын түтүнү,
Кай бирөөнүн кыстыкканда демдери
Чечип кирди көйнөктөгү бүчүнү.

«Жанагычы, жаман катын экен» — деп,
Гүлай, Калый кинону эми сөгүүдө,
Түкүш болсо азыркы ичип-жегенин
Окшуп-окшуп жерге кайра төгүүдө.

Дагы олтуруп калган-каткан винону
Жарым-жарым стакандап жутушту,
«Ак-Сай, Көк-Сай, сен секет да, мен секет»,
Күйгөндөрдөн кыйкырышып өтүштү.

Алда качан өчүп калган керогаз,
Эс элжиреп, көз сүзүшүп баары мас.
Керебетке каршы-терши кулашып,
Түк билинбейт кайда экени аяк-баш.

Кай бирөөсү жаңы эле түш көрүшүп,
Кай бирөөсү таңга маал бүрүшүп,
Шыпырылып жерде жатат да бирөө
Тумшуктарын топуракка сүрүшүп...

Бул бөлмөгө шоола чачып аткан таң,
Козголот да чыйрыккансоң тирүү жан,
Акиш турду эң оволу секирип,
Кантсе дагы тың өңдөндү баарынан.

«Өлдүк!..» — деди, бол кашектер, тургула,
Колкоңорду суурул алат Алтын-жан!..
Үн чыкканда баары ойгонду обдула
Куш сыяктуу жерде олтуруп талпынган!

Бизди түгүл, ал аябайт өз башын,
Таштап келди туура элүү сом акчасын!
Бүгүн эптеп кутулалы калп айтып,
Ойлонолу мындан кийин башкасын?..

Күлүйдүнчү, бети шишип бултуюп,
Калыйынын көзү шишип бүлтүйүп,
Түкүш болсо учук чыгып оозуна
Олтурушуп кабак бүркөп дүңкүйүп.

Баш какшырап оорубаган бирөө жок,
Жок дегенде болсо эмне карын ток,
Вино ичишип, ичет деген ушу деп,
Тиртийишет тири өлүккө бүт окшоп...

Эптеп-септеп керогазды күйгүзүп,
Конфет менен азыноолок ичип чай,
Ыландаган мал сыяктуу илкишип
Фабрикага келатышты ушундай...

Фабрикада, он биринчи агрегат
Алда качан ишке кирген зырылдап,
Тигүүчүлөр иштп улантат жалындап,
Сансыз тигиш көркүн жаят жымылдап.

Репродуктор дубалдардын боорунда
Музыкалар назик кайруу кайрышат,
Назик үндөр, жай ойнолгон күүлөр да
Жүрөктөргө мээрин төгө сайрашат...

Күндүн мурду алда качан чачырап,
Алтын шоола тамдын ичин аймалап,
Иштүүлөрдүн канаттары жазылат,
Аркым-аркым өз ордунда шаңданат!

Кыздар бирден араң кире баштады,
Акиш түп-түз Алтын-жанга келгени,
Чыпкаланып эки көздөн жаштары
— Самолёттон апам келбей дегени.

Аны Алтын-жан бир имерип караса:
— Эми келер аэропортко барайын,
Ооруп турам күтөмүн деп түн ката
Руксат болсо барып тосуп алайын?

— Ой, калпычы, сен экөөбүз бир жерлик,
Апаң үйдө, кечөө келдим айылдан!
— Жок, эжеке, эжем учуп келмекчи,
Кечирициз, бир сөзүмдөн жаңылгам?..

Кебетесин тиктеп туруп Алтын-жан,
— Кызуусуң го, кайдан ичтиң? — дегени.
— Жок, эжеке, ичсем оңбой калайын! —
Акиш ыйлап быш-быш этти дагы эми.

Эрдин тиштеп, башын чайкап алды да,
Басып келди кантти экен деп Түкүшкө.
Оозуна анын учук чыгып жабырап,
Турган экен камдангансып кетишке.

Жеткен кезде кашына анын Алтын-жан,
Тил күрмөөгө келалбастан жалдырайт,
— Сенин масың тарабаптыр алиге? —
Деген сөзгө жооп айталбай жер карайт.

Иши кылып жооп болсун дедиби,
— Эже,— деди,— жаман суук үйүбүз.
Суукка үшүсөм, учук чыкты эрдиме
Ишенбесеңиз барып деле көрүңүз!..

Алтын-жандын келатканын көргөнсоң,
Күлүй, Калый медпунтка барыптыр,
Күлүй болсо кроватка кулаган
А, Калыйчы, баарын кусуп салыптыр.

Кусундуну көрүп турган сестра
Кыжырланат мушточудай мурунга,
Мас кыздарды муштап деле жибермек,
Канткен менен баарыга бир закон да!

Алтын-жанды ээрчий келген Акишчи
Калп чыкканга айткан сөзү жанагы,
Эки бети памидордой кызарды
Айгак болуп бул кыздардын авалы...

Өзү озунуп жасакерлик баштады:
— Кудай бизди түндө эле алып кетсечи?
Туталанды башкача сөз таппады,—
Мындан көрө өлүм бизге жетсечи!..

Ал Алтын-жан, кыжырланып, кейип да,
Бир аз мында карап турду кыздарды,
Шаарда али жашоо жайын биле элек,
Чийкиликтен кутула элек жаштарды.

Бир канчалык ой токтотуп алгансоң:
— Ортоңордо эркектер да болдубу?
— Жок, эжеке, ичтик жалаң өзүбүз
Калп болсо эгер үзгүн, эже, мойнуму!

Чебелектеп Акиш мындай дегенсоң,
Берки кыздар дароо келди жардамга:
— Ичкен элек Акиш туулган күнү — деп,
Ушул болду ашыра ичип алганда...

— Андай болсо турагыңарды айткыла,
Атаңарга, энеңерге кат жазам,
Же окубай же иштебей жакшылап
Ичип кетти кызыңар деп айтпасам,—

Деген кезде сурун салып Алтын-жан,
Эми көргүн жалбарышты кыздардан,
— Эжекебай, бир жолу эле ичкенбиз,
Мындан кийин оозго албайбыз эч качан!

Ишке дайым таңдан туруп келебиз,
Не десеңиз — биз макулбуз, көнөбүз.
Бу жолкуну ага-тууган билбесин,
Анда курдук, ажал жетпей өлөбүз!?.

Бирөө ыйлап, мурдун улам шуу тартып,
Бирөө болсо үнүн баспай үңүлдөп,
«Ата-энеге жаман кабар жеткенче
Фабрикадан чыккан жакшы бүгүн» — деп.

— Болду! — деди акырында Алтын-жан,—
Сезгенденсоң чын коркконун кыздардын,
Ким танса эгер ушул сөздөн айтылган
Мен да сөздү башкачараак баштармын...

А сен, Акиш, шаарга мурда келсең да
Жокко деймин кенедей да акылың,
Мен сен үчүн өтө катуу уялдым,
Эми айтайын бул кыздарга ачыгын!

Билесиңби курман болгон атаңды,
Кан майданда, чоң согуштун кезинде
Далай көргөм сонун киши, апаңды
Мүнөздөрү алигече эсимде.

Далай аял арак кошуп бозо ичти,
Күйөөлөрү чоң согушка кеткенде,
Сенин энең кайгыны ичке бекитти
Мөгдөп калбай кара кагаз жеткенде.

Кадимкидей катын башын эр кылып,
Бороон күнү тоодо малды багышты,
Эркек жетпей турганда айыл кайтырып,
Белди бууп кетменди бек чабышты.

Кечке маал үйгө келсе тынчыбай,
Аркимдерге жоолук согуп олтурду.
Балапанга жем ташыган чымчыктай
Үйүңөрдү тамак-ашка толтурду.

Байкуш жеңем таңдан туруп уй саап,
Шашке ченде чампаларын чампалап...
Сен жүрөсүң аны билбей кеңкейип,
Көктөн түшкөн бир шумдуктай чалкалап...

Тиричиликтен колу тынып койгон жок,
Жүрсө даты арып-ачып, жөтөлүп.
Болсунчу деп чымчыгымдын көңлү ток
Сени жүрчү желкесине көтөрүп.

Адам бол деп сени үшүнтүп чоцойтту,
Картаң энең бүгүн турган айылда,
Энекеңе көрсөтөрүң ушулбу
Эми эс кирип сүтүн актаар чагында?..

Апаң укса жүргөнүңдү мас болуп,
Карегинен кан сызылып кетпейби.
Турбаса да ажал аны октоолоп
Ак чач кемпир арман менен өтпөйбү?

Болсо эгерде чымчыкчалык акылың,
Тизгин жыйна, башын тарткын атыңын,
Кыз бактысы бөтөлкөдө турган жок
Ойлош керек бөтөлкөнүн акырын! —

Айткан кезде бул сөздөрдү Алтынжан
Акиш турду кадимкидей соолугуп.
Сыяктанат бүт күнөөсүн кармаган
Тике алдынан өз энеси жолугуп.

Белги берип сөзүм бүттү дегендей,
Үшкүрүнүп басып кетти Алтын-жан,
Төрт көк тумшук бир ордунан кебелбей
Шыпшынышып карап турду артынан...

Айткандыктан атайылап Алтынжан
Көз салууга бул кыздарга бул күндө,
Бул экөө тең бүгүн баштап киришти
Тентектерге байкоо сала жүргөнгө.

Жепирейген жекеченин үйлөрү
Жалпайышат күркөсүндөй тооктун,
Кирип келсе караңгы да, нымдуу да,
Үлүрөйөт уюгундай сууктун.

Жете келип Айымгүл менен Наташа,
Эшик кагып киришти эле жанаша,
Олтурушкан бөлмөсүндө Акиштин
Кыздар шашты бирин-бири караша.

Наташа айтты: — Үшүп келдик эшиктен,
Бир жуталы, беришсеңер винодон?
— Эртең деле алперишер кезиксең,
Балким, эми кечигишер кинодон?

— Жок эжелер, ал бир окус болгон иш,
Бир жаңылдык, иччү эмеспиз дети биз.
Олтургула эжекелер, биз менен
Самоор коюп, тамак жасап беребиз?..

Жылмайышып Айымгүл менен Наташа,
Бул бөлмөнүн туш-туш жагын караса,
Эч нерсе жок адам көңлүн ачуучу,
Не кылмакчы кыз чиркиндер жадаса...

Эч нерсе айтпай ичтеринен болушуп,
Сунуш болду театрды көрүүгө,
Операда бүгүн жакшы концерт дейт,
Музыка угуп, кайра чогуу келүүгө.

...Театр ичи капчыгайдай заңгырайт,
Олтурушту кызыл баркыт орунга,
Таң атарда жылдызга окшоп жаркырайт
Сулуу жарык төбөсүндө, боорунда.

Сар бетеге төр жайлоодон киргендей
Ичиндеги жан сергиткен абасы
Буга жетпес Айчүрөктүн ак сарай
Сар жылдыздай кубулушун карачы!

Концерт болду, сонун күүлөр чалынды,
Булбул үндөр булак болуп агылды,
Көмөкөйдүн созолонтон кайрыгы
Саймаланып, он кубулуп жаңырды.

Сахнадачы, көл көрүнөт мелмиреп,
Сулуу келин көшүп бийлейт элжиреп.
Чымын, учпай миңдей адам олтурат,
Кубанычын кол чабуулар белгилеп.

Концерт бүттү. Чыгып барат чубап эл,
Жаш өмүргө жашыл колдой ушул жер,
Акип сурайт шыбыр менен Айымгүлдөн
— Ачуусунан кайттыбы деп эжеңер?

— Жок, жок,, эжем анча ачуулу киши эмес,
Жакшы иштесең сага пейли сүттөй ак.
Эжекемди баштатадан билебиз,
Айтты, бүттү, жүрбөйт ичке кек сактап!..

Мына үшүнтүп Айымгүл үчүн Наташа
Акиштерге жооп кайрып турганда,
Колтукташып Люба менен Алтын-жан
Бир келишти кийимдерин алганга.

Уялышып бир-бирине ыкташып,
Баш ийкешти өтө абийир сакташып,
Жадырашып Люба менен Алтын-жан,
Кайрылышты кыздар жакка тик басып.

Тамашаны эми Люба баштады:
— Вино ичипсе, коркпой ишке барышат,
Алтынка дейм, сиздин цехтин кыздары
Театрда бизден качып калышат?..

Бир жымыйып койду дагы Алтын-жан,
— Төртөө кээде стакандап ичишчү.
Алтоо экен азыр санап карасам
Алтоого эми кайсы стакан жетишчү?

Эми чакалап ичсе чак келет,
Челектеп ичсе тоюшат,
— Артып калса азыраак
Аны экөөбүзгө коюшат!..

Мына үшүнтүп баштап күлүп өздөрү,
Эжеликтен шоола чачып көздөрү,
Ыраазы болуп операдан көргөнгө
Сиңдилерге кол алыша өткөнү...

## XX

Күндөр өттү дөңгөлөктөй айланып,
Токтолбостон жарым секунд кармалып,
Бирөө көккө ак чардактай калкыса,
Бирөө турду кызматында чайналып.

Айткандан соң Айымгүл менен Наташа,
Люба менен Алтын-жан да бир келген,
Жаңы бүткөн жатаккана тамдардан,
Бул төрт кызга эки бөлмө үй берген.

Алтынжандын жакшы нээтин сезген соң
Тынч алды бейм кыздардын да жүрөгү,
Ар кимисин турмуш өзү ойлонткон
Ар кимиңин алга жылуу тилеги.

...Калган кезде таң кымкабы жайылып,
Сергий басып, ишке келди Алтын-жан,
Эжекесин калганга окшоп сагынып
Акиш шуу деп кошо кирди артынан.

Алтын-жанчы, залда басып баратып,
Карай калды келген кызды жанашып,
Салам берди Акиш эми баш ийкеп
Берчүгө окшоп жүрөктөгү сырды ачып.

— Түш көрдүңбү, жаталбапсың тынч алып?
Бүгүн эмне эрте келдиң мынчалык?
— Жок, эжеке, китеп окуп олтурдум,
Кандай дейсиз, дагы келет окугум?

Бул Акиштин «окуу» — деген сөзүнө
«Шооласын» — деп кубанса да ичинен,
Каарлангансып тиктей калды көзүнө
Сыр тарттырбай сырткы кейпи-түсүнөн:

— Тилдин сөөгү жок дешетко,
Сүйлөй берет курган тил,
Сен баягы Акипсиң го,
Көп калпыңдын биридир?..

Киши өтө эле аз, али тып-тынч айлана,
Алтынжанчы, басып кетти жай гана,
«Эжем мага ишене элек белем» — деп,
Акишти бек мыкчып турду бул санаа.

Эмне үчүндүр сөздөн мизи кайтпады,
Коркутпады Алтын-жандын айтканы,
Көрүнбөс бир намыс келип уялап,
Жүрөгүн да чыйралттыра баштады...

Күндөр өттү өзөндө аккан дайрадай
Кечиккенге кылчактапып карабай,
Ар ким татты эмгегинин мөмөсүн,
Атасынан жаңы энчи алган баладай.

Үч ай өттү ачык айтсак арадан,
Бул участка, эң арткы деп саналган
Ээр-токумун бек токунган жигиттей,
Кубанардай эми четтен караган.

Алтын-жанчы, жадап койбойт деги эле,
Бирге олтуруп жака, жеңди тигүүдөн,
Чала сабат эжелерин сүйөөлөп,
Иш көрсөтүп, үлгү бычып берүүдөн.

Тикмечтери кооз тиксе кийимди,
Көз кайкыта чен көркүнө чыгарып,
Биздин кийим кубантат деп ийинди
Өсө түшөт толкуп көңлү, кубанып.

Айымгүлү колунан көөр төгүлүп,
Ар кызматка универсал-телегей,
Өз кийимин тиккенге окшоп бөтүлүп,
Машинени зыпылдатат кенебей.

Наташачы, шайырдыгы мамындай,
Кызматында канат каккан жагалмай,
Өзү дешет алтын оймок уз келин,
Тигишинен эч бир кемтик табалбай.

Толук үч ай өткөндөн соң арадан,
Тикмечтерден экзамен алды Алтынжан,
Кыз-келиндер мыктап өттү сынынан
Бир кезекте шалпайыңкы олтурган.

Жагалданган Наташасы, Айгүлү
Кошо жүрчү, иштен калсын кай күнү,
«Анык болдуң жез оймоктун өзү» — деп
Кыз-келиндин көбүн өптү бул күнү...

...Келгин куштай кетип жаткан жайына,
Кыздар дагы окуунү эңсеп күз айы,
Фабрикадан жөнөй берди чубашып
Мүнөздөмө кагаз алып атайы.

Алтын-жандын столу бар бир бурчта,
Өзү олтурчу кагаздарын иреттеп,
Куйрук улаш келе берет бул бурчка
Кыз, келиндер бир нерсени керектеп...,

Бир маалда жетип келип Наташа:
«Акиш дагы окуута деп камданып,
Жүрөт деди те тыякта чоочулап
Сизге даап келалбастан айланып».

Дагы кошту «калың-калың китепти
Көп окуйт деп уйку бөлүп тирмийип,» —
Кылчак-кылчак карап коюп кыз кетти,
Чындап ага жан тартканын билдирип.

Алтын-жанчы, ойлуу карап чоң залды,
Жазып кирди мүнөздөмө Акишке,
Улам бери жакындады кыз дагы,
Бүт таакаты түгөнгөндөй бу кезде.

Башбактаган салбыраңкы Акишти
Сөөмөй менен чакырды эми Алтын-жан,
Мүнөз кагаз карматты да колуна,
Дыңк эттирип чертип койду мурдунан.

Акиш болсо сүйүнгөндөн кызарып,
Жал-жал тиктеп тура калды кылчайып,
«Мен эч качан унутпаймын апамды...»
Ушуну айтты сактап жүрүп мынчалык!..

## XXI

Алтын-жанды тикмечилик жагынан
Эмгегине ыраазы болуп абыдан,
«Келсинчи деп Москваны бир көрүп»
Фабрикадан чечим чыккан жаңыдан.

Толкуп көңүл алыс сапар аларда,
Эргип чыгып Москвага барарда,
Кант-чай алып чал-кемпирге келишкен
Саламдашып кетели деп буларга.

Чүй бетинде кандай сонун күз айы,
Жемиш толуп жер сарала пашайы,
Мөмөлөр да, бутактар да көйкөлүп
Көздү тартат жасангансып атайы.

Токсондогу Кара Мурун аксакал,
(Сол жагында байбичеси Батыш бар).
Чай ичишип алма бактын ичинде
Жадырашат жаштар менен бир катар.

Ата чиркин аз эмес бейм токсон жаш,
Көз тунарып калт-калт этип калган баш,—
Айткан сөздү кулак жакшы кармабай,
Сөзгө кошо дүңгүрөөсү аралаш.

Атасына Алтын-жандын айтканын,
Түшүндүрөт Батыш апа кайталап,
Кай бир сөздү издегенсийт жан-жактан
Кара Мурун улам-улам кайсалап:

— Кызың баратыптыр Маскөөгө,
Сага көйнөк-көнчөк апкелди,
Атам чайсыз калбайт дейт,
Мынакей, кант-чайы дагы көп келди.

— «Аа, сыйлар болсо анча алыска жөнөтпөй,
Башчылары бир кой союп бербейби,
Эртели-кеч балдарыңды бак дагы
Баш-көз болуп үйүңдө олтур дебейби?

Койгун балам, анча алыска барбагын,
Биз кантебиз окус кетсең жоголуп?
Ооба, кызым, олтура тур үйүңдө,
Кичине жээним бой көтөрсүн торолуп...»

Муну укканда олтургандар жылмайып,
Деп билишти баскан экен карылык.
Уккан болсо алдуу-күчтүү кезинде
Бар балам деп сүрөйт эле чамынып.

Кара Мурун үшүнткенде калтылдап,
Батыш апа баштаганы мындай кеп:
— Калчу беле бара турган сапардан
Айтып салсаң сен бир ооз барба деп?

Бар дегенсоң келсин милдет аткарып,
Балдарына биз турабыз көз салып.
Кызың эмес, уулуң алыс кетчү эмес,
Кайра бар деп сүрөбөйт да мактанып?..

Менин кызым Ленинди көрөт Маскөөдөн,
Бирдемени түшүнсөң боло курган чал?
Армансыз болор Ленинди барып бир көргөн
Буга жетпеген бар, жеткен бар.

— Ыя?.. Ленинди?
Бая эле айтсаң ошондой деп кебиңди!
Болду, болду, кемпир анда сөз башка,
Мен сүйлөйүн, сен жыйнай тур демиңди!

Кара Мурун кулагын да чукулап,
Баягыдан жакшы олтуруп оңдонуп,
Сөзгө кирди өмүр жолун баяндап
Күңгүрөнүп, көпкө ичинен ойлонуп:

— Ошондой де, барар болсоң Ленинге,
Жолуң ачык, токтолбостон бара бер, балам,
Кайран киши кандай киши болду экен,
Сөлөкөтүн жакшы байкап кана кел, балам.

Ал кишинин жаткан жери ыйык да,
Уучтап-уучтап топурагынан ала кел, балам,
Ошол болот көңүлгө чоң капимет,
Топурагынан бир жыттаса мындагы эл, балам.

Лениндин мүрзөсүнүн топурагын
Неберелерге тумар кылып тактырам, балам,
О, жасаган, неберелердин мойнунда
Бир касиет белги жүрсүн башчыдан, балам!..

О-о, Ленин,
Ленин, Ленин!..
Көңүлүмдө дайым менин.
Алдыма бүгүн келипсиңер балдарым,
Анда менин узара берсин кебим.—

Сүйлөрүндө Кара Мурун аксакал,
Сөлпү дагы жылтыратып көздөрүн,
Болгон өңдүү Алтын-жан да дап-даяр
Кармачудай атасынын сөздөрүн.

— Лениндин атын укканда
Балдар, ар нерсе түшөт эсиме,

Каз-катар тартып көп заман
Менин көрүнө калат көзүмө.

Кара Мурун карыганда, капыр болду деп,
Айтылган айың сөз жаман,
Токсонду тоголотуп салдым го,
Балдар, эмнени айтпайм мен анан?

Силерге оюмду бүткүл төгөйүн,
Балдар, жашырып туруп башкадан.
Ичимде жүргөн сөз эле
Эч кимге мурун айтпаган...

Укканымды эми айтсам,
Балдар, илгерки кыргыз кеп айткан:
«Миң күнчүлүк бейиштен —
Бир күнкү жарык» — деп айткан.

Бейиш, бейиш деп жүрүп,
Дүйнөдөн өттү, өз атам,
Кеткен бойдон сап болду
Көрүнбөй бизге эч качан.

Бейиш, бейиш деп жүрүп,
Көз жумган эле өз апам,
Койгонбу бейиш жибербей
Келген жок кайра эч качан.

Падыша өлдү, бай өлдү,
Пайгамбар өлдү, кан өлдү,
Ошолордун бирөө кайра келген жок,

Чалкайган кенен төр бекен,
Кайнаган ысык чөл бекен,
Төрү турмак бейиштин,
Балдар, эшигин эч ким көргөн жок.

Балам, токсонго атам чыкканда
Алжыган сөзү дебегин.
Бир кылым жашап ааламда
Өз көзүм көрүп келемин.

Молдокелер айткандай
«Кудай досу Мукамбет,

Алтымыш үч жашында
Ал да кетти бурбай бет.
Досумду көрүп, кайттым деп
Келген жок кайра бир ирет.

Башкалар андан бас болсо,
Ал өзү бир кудайга дос болсо,
Кузгунча үч жүз жыл жашап
Ошондон кийин жок болсо,

Жаман болбойт эле го
Пайгамбарлык башына,
Кудай да бир күн конбоптур
Досунун чолтойгон өмүр жашына.

Ойлоп-ойлоп олтурсам,
Баарынан кыргыз артта экен,
Коркойткон мойнун кожолор
Канынды соруп жатчу экен.

Үч заман көрдүм о, балдар,
Кыргызды мал кылып Кокон[1] айдады,
Падыша да андан кем сокпой
Кол-бутка чынжыр байлады.

Көз күүгүмдөп, тил катып,
Эми, токсондон өттүм калтылдап,
Киргим жок көргө мен шашып
Келсе да ажал алкымдап.

Алтындан кымкап жамынып,
Улуктун көрдүм өлгөнүн,
Бир өлгөн кайра тирилбейт,
Балдар, жашоодон жакшы көрбөдүм.

Айылдан бирөө ооруса
Дөм салат молдо акырын,
Өзү ооруса молдокең
Доктурга чабат жашыруун.

Колдоочу болсо молдоком,
Колдобойт неге өз жанын?

---

[1] Кокон хандыгы

Дартыңа дабаа болом деп
Бөжурап, чөнтөгүн кагат башканын!

Ойлоп-ойлоп олтуруп,
Балдар, мына ушунун баарын мен,
Көңүлүмө тоё толтуруп,
Жооп табам жалгыз гана Лениден.

Ленин башыңа кылыч чапкан жок,
Жонуңа көк туз арткан жок,
Күлүктү минип күүлөнсөң
Ленин тизгиниң тетир тарткан жок.

Ленин өңүңдү кара деген жок,
Тилиңди буруу деген жок.
Дагы эмне айтасың,
Балдар, бу Лениндей кенен жок!

Кыш кычырап турганда,
Мурутка муздар тоңгондо
Жылуулук келген Лениден.

Жер жүзү желсиз үп болуп
Каларда демиң токтолуп
Серүүндүк келген Лениден.

Адамга бакты конордо
Ааламга Ленин жаралган.
Атасы ошол жалпы элдин
Арылткан кайгы-санаадан!

Мына мен, Кара Мурун абышка
Токсондон ашты өз атаң,
Маскөөң кайда? Ташкенди
Көрө элекмин эч качан.

Кезит басып чыгарат
Балам, сүрөтүңдү жыйнатып,
Радиоң дайым сөз кылат,
Таң ата таңшып сайрашып.

Билчү эмес баары бир суунун,
Атаң Кара Мурунду,

Кызым сенин атагың
Бүт кыргызга угулду.

Баланчанын кызы деп
Атаңды кошо тааныттың.
Каламын ичтен кымылдап
Балам, картайган сөөгүм жаңырттың.

Кадырын мынча баалаган
Карапайым кишинин,
Бир чети ушул деп ойлойм
Балам, Лениндин ачкан ишинин!..

Мен боз бала кезимде,
Бүгүнкүдөй эсимде,
(Ойлонсом келет кыжырым
Ошондо болгон кесирге).

Кыргызча кийим кийбесе,
Кыргыздын тилин билбесе,
Кыргызча айткан сөзүңө
Тилинин кошу келбесе,

Жат көрүнчү жаныңа,
Жоо көрүнчү баарыга,
Качкың келчү өгөйлөп
Калбайм деп анын каарына.

Балам, Лениндин күчү ушунда —
Элдерди кылды дос, тууган.
Алыскы досуң кайрымдуу
Айлыңда жүргөн достуңан.

Көрбөгөн сыйды атаңдан
Көрдүңго тууган элдерден.
Дагы эле Ленин ата колунан
Кетпес дөөлөт бул келген!

Жаңа сен келатсаң кулунум,
Мен калыпмын таанбай,
— Бу ким десем айтты апаң
Капшайган чал деп кудай-ай.

Кийиниңсиң келтирип
Төрөлөрдүн кызындай,
Атаң кайдан ойлоптур
Кийинет деп балам ушундай.

Калпагың сопун калдайтан,
Карап турган таң калган,
Күрмөнү сенче кийишчү
Илгери төрөнүн кызы тандалган.

Жардылар кооз кийинсе
Сыйрып алчу бир зулум,
Жардылар жакшы ат минсе
Жыгып алчу бир зулум.

Колукту тапса жакшыдан
Аны да тартып кетчү жардыдан,
Бий, старчын болуштун
Балам, өтчү эмессиз алдынан...

Куш кыраанын салдырбай
Ат күлүгүн чаптырбай
Аркан, жипсиз тушачу
Адам өңдүү бастырбай.

Кызым, түнөргөн согуш каабынан
Балам, түшкү окууну бүтпөдүң,
Эл башкарып олтурган
Кулунум, улуктукка жетпедиң.

Бар болгону кызматың —
Машине тигип олтурмай,
Кийимди мыктап тиккенге
Балам, кадырлуу болдуң ушундай.

Мына бул кемпир тикчү эле,
Бир болуш элдин кийимин,
Көбүн билчү окубай
Кездеменин тилинин.

Муну радио айтчу эмес,
Кезитке эч ким жазчу эмес,
Москөө кайда? Бишкекке
Тамтайган кургур жетчү эмес.

Желкийип тиктеп олтурчу
Жез оймок болчу байкушум,
Кай бирөөлөр жеп кетчү
Бул байкуштун акысын.

Ыраазы болчу анда да,
«Иштүү» — деп бир ооз айтканга,
Күйпүңдөп калчу сүйүнүп
Кээде күнүмдүк оокат тапканга.

Ойноо бала кезинден
Же апаңдан бир аз жуккан бейм?
Экөөңдүн ишиң биригип
Эми, эл алдына чыккан бейм?

Кичине ишти чоң көргөн,
Чоң ишке кенен жол берген
Бу дагы Ленин ата нускасы,
Балам, жумушуң болсо мен көргөн! —

Коштоп коёт Батыш апа шыпшынып:
— Капырай, — деп биздин ушул абышка,
Баарын сезет үйдөн чыкпай олтуруп
Ат арытып барбаса да алыска.

Ушул сөздөр беп-белгилүү Батынан,
Жаңы окшоду Кара Мурун айтканда,
Учкун чыгып анын токсон жашынан,
Деле кыйын таасир берди укканга...

— Болду абышка, сөз сүйлөдүң бир жылдык,
Токтот эми, балаң жолдон калбасын.
Байкуш чалым көкүрөгүң туп-тунук,
Бул сөздү айтпай жаш күнүңдө кайдасың?

— Апам катуу чымчыды деп батынып,
Жадырашты олтургандар дуу күлүп,
— Ал кезде мен Кара Мурун атыгып
Кебек жегем жеңе-желпим күлдүрүп!..

Бир нас атып силкип мүйүз чакчасын,
Жыйыштырып эми сөздүн башкасын,
Айландыра карап алды Сөлпүнү
Алдын ала билдиргендей максатын:

— Балдар, канча жыл жүрүп чырлашып,
Аз ишти көптөй ырбатып,
Акылга эми келдиңер
Акыры минтип бир басып.

Балдар, жакындап калды сапарым,
Бүгүн, бардыгын айтып жатамын.
Мен айтпасам ким айтат?
Мен экөөңө бирдей атамын...

Экинчи мындай кеп, сөзгө
Жете койбос кубатым,
Алжыган кезде мына ушул,
Силерге оозумдан берген мурасым.

Мен да көңүлүм тынчып кетейин,
Кете турган жайыма,
Эми, жаман сөз угуп нетейин,
Балдар, ынтымак тилейм баарыңа.

Көп сөздү мындан көтөрбөйт
Токсондо чалдын абалы,
Лениндин берген кубаты
Балдар, толкуткан мынча санаамы!..

Жандатканда көптү көргөн кыраакы,
Сөлпүнү көр мандайынан тер чыгып,
Ал да олтурду башын ийкеп култуюп,
Кайнатага бир сөз айтпай үнчүгүп.

Кайнатанын көкүрөгүнүн башында,
Кандайча бир капачылык жатканын,
Билдиргенин бул сүйлөгөн сөзүндө —
Айта келип өткөп өмүр дастанын.

Митаамдыктан кабары бар Сөлпүгө,
Бул сөз болду кылыч менен чапкандай,
Кокус эми баш көтөрсөң өлдүң — деп,
Сыпайылап сыр көрсөтүп жаткандай...

«Уккан экен болгон иштин баарысын
Сездирдиго катуу кейип калганын» —
Угуп баамдап азыр Сөлпү олтурду,
«Эми окустап айтпаса» — деп ар жагын.

Солпунун да жайын сезет чал кантсин,
Алаксытат жээндерин чакырып...
Медербеги кучактады мойнунан
Таятанын аркасынан асылып.

Тойполоңдоп торт жаштагы Гулайы,
Тартып ойнойт сакалынан а дагы,
«Мына ушунтсом жеңил тиер Солпуго
Жаңытмалап айткан сөзун жанаты».

— Детен ойдо бир ормоюп таята
Жээндерин жыттап-жыттап өпкулөйт.
— Балапандар кубатыңар силердин
Муундарымды бир жашартып кетти — дейт.

— Кел бери — деп,— кенжетайым, кулунум,
Өз жанына Алтынжанды чакырды,
— Ээ, балдар-ай бошоп кетти муунум
Көз кургурда токтоталбай жашымды...

Же балдарды калгандырмын сагынып,
Же жөн эле ушундайдыр карылык,
Же болбосо кубанчыма чек болбой
Картайган көз жашын төгөр чамынып...

Бир аз туруп кызын өөп маңдайдан,
Кара Мурун: «Оо мийин...» деп кол жайды.
Сакалына мөлт-мөлт этип жаш тамып,
Аппак кылдар бөлөк-бөлөк арбайды.

Алтынжан да токсонду ашкан атасын
Чоң өрөпкуп, көз жаш ирмей карады,
Ысык жаштар сырга бөлөп жатпасын
Коштошордо ата менен баланы...

## XXII

Москва, куз, кызыл аянт чалкалап,
Калган кезде кундун мурду чачырап,
Эл чогулган Мавзолейдин алдына
Кутөт баары бат өтсөк деп ашыгат.

Эл да кызык узун тарткан ардандай
Келатышат батыш жактан чубалып.
Кайтарчулар токтотконсоң ушундай,
Жыйрылгансыйт узун аркан буралып.

Келгендердин өңү-башын карасаң
Ушул жерден бүт ааламды көрөсүң,
Бүт жер жүзү Мавзолейдин кашында,
Сен ортосун жара басып жүрөсүң.

Бирөө келген күндүн чыккан жеринен,
Бирөө келген күндүн баткан жээгинен,
Ойлоп көрсөң сыйынт тапкан жүрөгү
Ушу бүтүн СССРдин төрүнөн.

Бул Мавзолей доско жайган кучагын,
Дос эмеске салып коёт кабагын,
Болочоктун болжолсуз ой-акылын,
Күн-түн сактап зыңтырашын карагын.

Көрүнчүдөй тирүү жаткан атага,
Солдаттардын албырышкан жүрөгү,
Шарт жөнөшөт кайра туруп катарга,
Уулдар өтөп зор милдеттин бирөөнү.

Мында угулбайт бир да күлкү-шайкелең,
Ойлуу турат кабак салып баары тең.
«Не буйрулса чакпыз» — деген адамдай
Алда неге даяр өңдүү эмитен.

Мына, эшиктен кулпу, чынжыр алынып,
Эл жөнөдү ичти карай агылып.
Акылманды кыялында көргөн эл
Эми келген бет ажарын сагынып.

Ата жатат, ата жатат табытта,
Күлүмсүрөп куушурулуп көздөрү,
Көрүнгөндөй ага ушул минутта
Көз алдынан кимдин кантип өткөнү.

Эркектер бүт ант беребиз дегендей
Таасим кыла баш кийимди алышып,
Жоолуктарды кежигеге таштайшып,
Аялдар да башын жерге салышып.

Тиктеп ойлоп, тиктеп санаа жүгүртүп,
Эл баратат жылжып гана агышып,
Көздөр сүйлөп, көңүл сүйлөп тымызын
Кылчакташат көздү тынбай жанышып.

Өз колунан берип кеткен берерин,
Айтып салган не кетип, не келерин,
Кара, сары, ак — деп насил бөлдүрбөй
Талкалаган улутчулдук ченемин.

Даңазалап ак эмгектин адамын,
Мээрим менен мээриминдей энешин,
«Революция», «Октябрь» деп атаган
Жалпы элдерге жасап берген тирегин!

Көтөрүлсө Октябрдын кызыл туу
Ошол тууну көргөн экен бүткүл жер,
Революция баштаганда уратуу —
Кыйрагашын канкор, сүткор — мителер.

Томкорулса күм-жам болуп эски тоо,
Томкорууну сезген экен бардык эл.
Бурк атылган жанар тоодой жалындап
Коммунисттер, пролетарлар, советтер!..

Миң жылдыздын ортосунда ай барда,
Нурун теккен тереӊ-тереӊ сайларга,
Күндүздүктү белгиленген күн барда
Жылуулукту берген бардык жайларга.

Түнкүсүн ай, күндүзгүсүн күн болгон
Күрөшчүлдү алып чыккан майданга —
Ленин, Ленин, Ленин болчу так ушул,
Жүрөктөргө таңдын туусун сайган да.

Жүрөккө орноп Ленин сайган ушул туу,
Жаңы чыккан күн өңдөнгөн кызыл туу,
Кара жүрөк — кап курсактын баарына
Ай тутултуп, күн тутултуп салган чуу.

Россияда жаңы дүйнө жарк этип,
Көлбүп сүзгөн көл бетинде көп аккуу.

Мен
    СССР,
            Мен Лениндин уулумун,
Эл Лениндик!
            жыйынтыгы мына бу!..

Арнап, арнап эң бир асыл тилегин,
Ачып коюп сүттөй таза жүрөгүн,
Ала келип ушул жерге ар кими
Достук менен тууганд ыктын илебин,

Бул күмбөздөн жөнөшмөкчү кайра алып
Түгөнбөгөн өмүрүнүн мүрөгүн,
Ооба, берет, баарын берет калтырбай
Кеменгери бүт дүйнөлүк бүлөнүн!..

Эл өтүүдө, эл өтүүдө сап тартып,
Өз ичинен ант кайталап жаткансып,

Жаралганга ааламга бир Ленин
Салган жолу эмгек уулун шаттантып,
Өтүп барат кыя карап Алтынжан
Атасынан мында салам айткансып.

Токсонду ашкан Кара Мурун абышка
Өз кызынан канча илгери баскансып.

Ленин, Ленин, кызым, биздин Ленин деп,
Эске түштү атасынын айтканы,
Бардык элге жүрөгүм бир менин деп
Аны эстетти Лениндин тынч жатканы.

Элдер билип качан таңдын атканын,
Ленин неден эл көңүлүн тартканын,
Бул адамдын алда качан көзү өткөн
Атын элдер жүрөгүнө сактарын.

Тоо кыргызы анда жүргөн сүргүндө,
Башка элдерден калбай кадам таштарын.
Көзү менен көрүп барат Алтын-жан
Ушул жолду Ленин гана ачканын!..

Неге Ленин эрте өлгөн деп ойлонуп,
Чыгарында көздөрүнө жаш толуп,

Калган кезде бир азыраак теңселе
Көлдөй терең көп кыялга мас болуп,

Дарбазадан көрүнгөндө солдаттар,
Алтынжандын эски дарты козголуп,
Алтынжандын көз алдында тургандай
Алда качан кеткен адам жок болуп...

«Ал чын эле мени унутуп калганго,
Кайранымды Кремлге алганго?
Кыргыздан сен сакчы бол деп атаңа
Баатырлыгын өзгөчө урмат кылган го?

Ал дагы өтөп жоокерлик милдетин
Күн-түн кетпей ушул жерде турган го?
О, Досоюм, сага калган тең болбой
Ийреңдеген мен бир жаман урганго?»..

Досойго окшойт а деп карап алганда,
Мен Досоймун деген өңдүү өң-башы,
Көзүн кадай өтө жакын келгенде
Бир аз андан башкача экен сымбаты.

Ичи сыздап жалган таанык болгонго,
Көзү кургур өзүн алдап койгонго,
Бир канча узап чыккан кезде күмбөздөн
Алек болуп алда кандай ойлорго:—

«Чиркин Досой кетпептир-ээ, оюмдан,
Эстелгенин тосконго окшоп жолумдан,
Көз алдыма тура калып бир паста
Кушка окшоду уча качкан колумдан! —

Бүтпөптүр-ээ жүрөгүмдүн жарасы,
Бүгүн кайра ачылганын карачы.
Эми кайда, эми эмнеге токтолот
Толкуп келген мен кургурдун санаасы?»..

Бийлеп алды Алтынжанды ушул ой,
Ошол жерден жөнөй берди токтолбой,
Келди дагы мейманкана жайына
Жата кетти бирөө башка сокколдой.

Тынч алалбай ары оонап да, бери оонап
Жүрөк-башын мыжыгандай ой-санаа,
Керебетте жата берди жалдырап
Кирпик катып, көз жумалбай канчага...

Үнсүз жатып ойдон ойго берилип,
Бир кезекте уктап кетти керилип.
Уйку аралаш эмнелерди көрбөдү
Көргөндөрү улам көңлүн жемирип.

...Көл бетиндей мелмилдеген мейкиндө
Мүрзө турат жүздөгөн да, миңдеген,
Ушул сүрдүү, сумсайыңкы мейкинге
Эрлер өлгөн эч ким азыр билбеген.

Досой дагы курчоосунда душмандын
Жалгыз калып сүйлөтүптүр пулемёт,
Жүздөй немец каптай келсе маңдайдан
Жоого каршы чуулдатты ажал-от.

Айла канча, акыры огу түгөнүп,
Аны туйган жоо жакындап калыптыр,
Гранатын жерге согуп жиберип,
Колго түшпөй өзүн-өзү жарыптыр.

Өлүм чачып жоо бетинде жүргөнүн,
Жолборс сындуу азуулашып өлгөнүн,
Толук жазып көп жоокерлер Досойду
Көрдү Алтынжан бул күмбөзгө көмгөнүн.

Көргөн кезде күйөөсүнүн мүрзөсүн,
«Баа» — деп ийди, кете түштү эсинен.
Ал мүрзөнү өзү бекем кучактап,
Бетин жууду атылган жаш көзүнөн.

«Курган ажал өзүңдү минтип алды,
Кан жүрүп кеткен жерде сөөгүң калды.
Өзүңдөн белек болчу жалгыз күмөн
Алда ичимден, төрөлбөй берди жанды!

Лениндик партбилетиң койнуңда эле,
Лениндик ыйык милдет мойнуңда эле,
Эл үчүн кан майданда курман болдуң,
Элиңден асыл башын укпай жеме»...—

Мына ушунтуп көрдү бекем кучактап,
Турган кезде улам кайгы тузактап,
Түш алмашып дагы көрдү башка түш,
Бирөө келет өлтүрөм деп бычактап.

Көрсө ал Сөлпү, бычак эмес, камчы экен,
Сабамакка көтөргөнү тап берип,
Сүйөсүң деп менден башка бирөөн сен
Келген экен каны кызып кекенип.

Алтынжанды жарга камап туруптур,
Жар боорунан учурам деп келиптир,
Бир кылт этсең чымын жандан түңүл деп,
Камчы менен башка, көзгө бериптир...

Алтынжанчы, жыгылбоого тырмышып,
Жар башынан бараткандай жылбышып,
Ооба, күү деп жардан кулап кетерде
Бирөө койду кайта өйдөгө ыргытып.

Ал сүрөт да көз алдынан алынып,
Элес болду башкачасы салынып.
Анда турат дале Сөлпү салбырап,
Үнсүз-сөзсүз Алтынжанга жалынып:

«Ой, Алтыкеш, эмне десең мен көндүм,
Ак келинден камчымы алып сен бергин,
Камчым кирет жылаан болуп түшүмө
Көп ойлонуп, жаным кейип сенделдим...

Ушундайча Сөлпү болгон сарсанаа,
Санаасына табалбастай эч дабаа,
Бүт таалайын жалдыраган Сөлпүнүн
Алтынжандын колунда экен бир гана.

Алтында жок кекчилик да, аксымдык,
Ашып түшкөн ала барман чапчаңдык,
Башын коёт канатына акылдын,
Оодара албайт оома-төкмө куштарлык.

Эч каалабайт жаралоону көңүлдү,
Наалытууну жашай турган өмүрдү,
Ансыз деле көз жаш болуп көп арман
Этегине эчен кайра төгүлдү...

Бул көргөнү дагы кайра кубулуп,
Шоола чыгат башкачалап бурулуп,
«Өх» — деди эми көңлү бир аз тынч алып
Көзү барып ал элеске урунуп.

Сөлпү болсо келатыптыр базардан,
Мойнуна азыр мингизиптир Гүлайын,
Келгенче деп Алтынжаным кызматтан
Бир колуна көтөрүптүр эт, майын.

«Ий, бечара, болбосо да Досойчо,
Мени сүйөт, мени сыйлайт турбайбы,
Кантсе дагы балдарымдын атасы
Салбайынчы көңүлүнө муң-кайгы»...

Турганында мына ушундай ойлонуп,
Кеткенин көр селт деп чоочуп ойгонуп.
«Көңүл күчүң кайда алпарбайт» — дегендей
Көпкө жатты төшөгүндө толгонуп...

## XXIII

Москвага биринчи жол барганы —
Жердин жүзүн бүт кыдырып кайткандай,
Ар бир жерден ушул жолу көргөнү —
Болуп жүрдү түгөнбөгөн дастандай.

Көздөрү да болгонго окшоп жаңы көз,
Сөздөрү да эмнени айтса жаңы сөз,
Сыяктанып баары жаңы сезилип
Жаңы элжиреп жүргөн кези ушул кез.

Ким көрбөсө көчөсүнөн бир басып,
Көк тиреген улуу Маскөө шаардын,
Ал билалбайт айырмасын көз ачып,
Алдындагы жибек менен таардын.

Бизге берсе бир көчөсүн Маскөөнүн
Көк тиреген чоң шаар болуп жаткандай,
Бири калбай токой багы, базары
Ал көчөгө бүт Фрунзе баткандай.

«Өмүрүңдө Маскөө шаарын көрбөсөң
Өндүрүштө тартип көрдүм деп айтпа,
Ленин ата жаткан жайга кирбесең,
Эл көрдүм деп эч убакта сен айтпа!

Ар күн сайын бүткүл дүйнө чогулуп
Болот экен атабыздын кашында,
Бул күндө да Ленин ата турбайбы
Бүт дүйнөнүн акылынын башында...

Барам десем Маскөөгө да, Ленинге
Атам айткан: «балам жолдон калбагын,—
Топурагынан бир ууч мага ала кел,
Керек деген тумар кылып алмагым»...

Чымчып алар топурагы жок асыл таш
Заңгыраган Ленин ата күмбөзү,
Ушунда экен биздин акыл, биздин баш
Ушунда экен, акылмандык дүйнөсү!

Ооба, кайра билишинче өз башым,
Аздыр-көптүр акыл, тартип апкелдим,
Ооба, ошентип мээ кошулат мээсине
Ленин ата эшигине жеткендин...
Тирүү,
          Тирүү,
                    Тирүү жатат жылмайып,
Улам көрсөң, улам жүзү нурланып,
Элине өзү көкөлөтүп карматкан
Кызыл туулар туш-тушунан ыргалып.

Ушундай деп түгөтө албай сөздөрүн,
Жаны сүйүп чоң борбордон сезгенин,
Күлкүсү да, сүйлөшү да, мүнөзү —
Баягыдан башка болуп кеткенин,

«Э, бали» — деп ким да болсо байкаган,
Айттырышчу бир укканды кайтадан,
«Э, Алтынжан, сөз сал десе Маскөөдөн»,
Кези болбой бир да күнү чарчаган.

Көпкө ошентип Маскөө кетпей оюнан,
Өзү эстелип баскан-турган жолунан,

Көзү ачылып көп нерсеге башкача,
Келерге окшоп эмне иштесе колунан,

Жүргөн күндөр болду сонун майрамдай,
Көңлү сынбас канат байлап калгандай,
Кол ойнотуп көз караш дүйнөгө
Көз алдында башка Алтынжан тургандай...

...Таң жарыгы терезеге түшкөндө,
Тура келмей — Алтынжандын адаты.
Беттен сылайт терезени ачканда
Лепилдеген таңдын салкын абасы.

Бүгүн Алтын каадасынча турду эле,
Кошо ойгонду төрт жаштагы Гүлайы,
Энекеси жуунуп кийине баштаса
Чодураңдап ээрчип жүрөт а дагы.

Бүгүн иштен түштөн мурда бош экен,
Бош экенин азыр гана эстеди,
Чайдан кийин үйүн жыйнап Алтынжан,
Шымаланып тактай жууй кеткени.

Гүлай дагы: «Ой, апа» — деп чулдурап,
Кайдан-жайдан бир чүпүрөк тапканы,
Энесинин аркасынан тырбаңдап
Сүрткөн жерди кайра сүртүп жатканы.

«Кагылам — деп аракетиңден Гүлайым,
Карай калып бир азга аны муңайым,
Эптеп-септеп өзүм жыйып-тергендин
Күкүтайым, көрсөң болду убайын...»

...Камдалганда Гүлайды эми обууго,
Эшик калды жеңил гана тыкылдап,
Жооп болбой «сен ким?» — деген суроого
Тыкылдоолор келаткансыйт жакындап...

Таң калып да, чоочуп да эми Алтынжан,
Басып келип эшик түпкө акырын,
Ойлоңуздар, кимдер келди дейсиздер
Ушул азыр ачып ийсе эшигин?

Партком, фабком, алдында Люба албетте,
Колдор толгон кызыл-тазыл букетке.
— Куттуу болсун эң чоң сыйлык Алтынжа
— Указ жүрөт бүгүнкү эле газетте!

Айымгүлү табактай торт колтуктап,
Наташанын көтөргөнү чылк арак,
Таң аткандан сергип турган бул үйгө
Каптап кирди бөтөлкөдө көп тамак.

Түшүналбай «ыя?» — деди Алтынжан,
Күткөн эмес мындай кабар эч кайдан.
Келип турган меймандарды кир дебей,
Тура берди турган бойдон аңкайган.

Азыр болсо тактай жууп жатпайбы,
Тутамдаган чүпүрөгү колунда,
Ойлобогон эртең менен эч качан
Кучак-кучак гүл көрсөм деп оюнда.

Жылмайышып өзүлөрү үйгө кирищти,
Алтынжандын апкаарышын билишти,
Алтынжандын «олтур» — дешке шайы жок,
Өзүлөрү эле жайланыша беришти...

Айымгүлү уурттунан жылмайып
Рюмкаларды, табактарды коюшту,
Наташасы той баштаардай шанданып
Милдет көрдү бөтөлкө ачып турушту.

Куттуктоону Люба кайра баштады:
«Баатырысың Социалисттик Эмгектин!
Жыйырма жылдан ашыгыраак иш иштеп,
Ак эмгектен далай маңдай тердеттиң!» —

Мына ошондо тердеп кетти Алтынжан,
Өзү өрөпкүп, өңү кетти кызарып,
Качканга окшоп акылы да ордунан,
Көпкө турду сөз табалбай кысылып.

Сөзү болсо дагы Люба козгоду:
— Ачуу күндөр, таттуу күндөр көп болду,
Жакшылыктар эсибизде сакталды.
Жамандыктар түтүнгө окшоп жок болду!

Куттуу болсун эң чоң сыйлык досум — деп,
Алтынжанды бек кучактап ошкону
Болгон ишке эми көзү жеткендей
Көздөрүнөн жаш буурчактап кеткени.

Ошондо да бек кысылып Алтынжан,
Көпкө туруп айрылгандай доошунан,
Аягында араң эрди кыбырап
«Ыракмат» — деген бир сөз чыкты оозунан.

Түшкө окшоду мына азыркы көргөнү,
Жаткансыды ойгоно албай түшүнөн.
«Жоо сайгансып, баатыр деген болобу
Жөп-жөнөкөй кийим тигүү ишинен?

Бул эмнеси, кайдан жүрүп мен эле,
Баатыр делип атактанам эми эле?
Куу немелер тамашалап жатпасын
Баш теримди байкоо үчүн жөн эле?..»

Булут жарган чагылгандай жарк этип
Ушул үйгө азыр кирсе бул кабар.
Алтынжанда камылга жок эч кандай
Бек кысталды болгондуктан бей кабар.

Алтынжан да эми боюн токтотуп
Өз жөнүндө келди окшоду айтар кеп.
Күлкү, маск бир-бирине окшошуп,
Хрусталь рюмка сүйлөп жатты шыңгырт —
деп...

Ошол кезде шарт деп эшик кайрадан,
Сүйрөй кармап бүгүн чыккан газетти,
Кайдан билсин киши барын жайнаган
«Тай!.. Тай соём!» деп азыр Сөлпү чаңк этти!

«Ураа!» — деди олтургандын бардыгы,
Люба дагы «Браво!» — деп калганы,
Ич чөнтөктөн сууруп чыгып солдойтуп
Сөлпү жакка дароо коё салганы.

Бул баягы камчысы экен Сөлпүнүн,
Чоочуп кетти илбирс көргөн эмедей.

— Балким камчы керек болор так бүгүн? —
Ушуну айтып Люба турат кенөбей.

Үй дуулдайт «ба-а» — деп баары каткырып,
Любанын бул тамашасын жактырып,
Катуу тийди союл менен чапкандан
Сөлпү үшүнтип чоң күлкүгө бастырып:

«Оңой эмес бул ак жуумал катының,
Карайт экен аксактын да акырын.
Камчы чаппай, бычак кесеп акшыйбай
Сөзү тилди куйкаларын башымын». —

Ушуну ойлоп шампан сунган Любанын
Аппак колун өөп-өөп алганы,
Бек тизелеп үч сындырып камчысын
Чок буркүлгөн мешке тыга салганы.

«Мына, мына, бүттү күнү камчынын
Биротоло азат болдуң Алтынжан!..»
Сөз табалбай ооду шайы Сөлпүнүн
Мейман бүткөн каткырышты кайрадан...

...Толкун келип токтолгондой тирелип,
Кечке маал көп эл болду жыйында.
Күндөгүдөн көзгө жылуу көрүнүп
Алтынжан да президиум жагында.

Канча өкүлдөр куттуктоолор сүйлөшүп,
Ат чабыштай дуулга толду кенен зал,
Чоң сөз менен канаттарды күүлөшүп
Чоң жыйында эң сыймыктуу адамдар.

Өзү алгансып ушул алтын жылдызды
Мандайынан чып-чып чыгып майда тер,
Эткел Салый трибунага жармашты
Буура мүнөз буркулдаган кайран эр:

— Бирөөн алып көктө турган жылдыздын,
Көздөй жеңем омуроонo тагындың,
Даңкын коштоп туулган элиң кыргыздын,
Күчү менен көөдөндөгү жалындын!

Айлыбызда «первай келин» эле деп,
Люба, сага өз колумдан табыштап,
Бергендигим калпы, чынбы айта кет,
Мына чыкты Аккуладай арыштап!

Чоң намыска жарап койду Алтынжан,
Бул кубанчка тууганлары той берет.
Толуп жатат, бул жерде айтпайм бардыгын
Кара Мурун атабыздан тай келет!..

Чакырабыз Люба жанды баш кылып,
Жеңекемдин эң бир сонун досторун,
Эми болбой качан болот мартчылык?
Эми аркысын деги айталбайт окшодум...—

Имерилип болкулдаган эр неме,
Алтынжанды колдон өөдө тартканы,
Бек ыгырып өзү болук чоң неме
Өөп-жыттап жеп жибере жаздады.

Билген билет үй-бүлөнүн бактысын,
Көргөн көрөт мамиленин жакшысын,
Үй-бүлөдө андан жакшы нерсе жок
Тайгалантпай турмуш берсе ачкычын...

Люба баштап көпчүлүк бек каткырып.
Бул Салыйдын аппак пейлин жактырып,
Ошол жерде айта салды Салыйга
Тойлуу күндө өз курбусун шаштырып:

— Тайды болсо Сакиш өзүң соёсуң,
А, мен акак өңдүү арак соём бул тойго,
Койду дагы Сакиш өзүң соёсуң
А, мен койдон жоош коньяк соём бул тойго!..

Жалгыз эле мен көтөрөт экем деп
Жалгыз эле өзүң тойго бүлүнбө,
Көктөн жылдыз жерге түшкөн күнүндө
Баары болот сенин, менин үйүмдө!..

Залды бербей күлкү кетти дүңгүрөп
Уланышып кубанычка кубаныч,
Алтынжанчы, жооп кайтарат эмне деп,
Кулак түрүп ичтен тымып турабыз.

Чоркок эле чогулуштун сөзүнө,
Ушул бүгүн эмне келер эсине?
Жоош келин чымырканса кан-этет
Чыдайлычы болсо дагы несине!..

Ооба, ошонтип биздин Люба бул жолу
Жооп кайыр деп Алтынжанга сөз берди,
Эл алкыштап дүркүрөтө бир жолу
Эмне айтат деп суроо коёр кез келди:

Толкунданып таң аткандан күн бата
Бет дуулдап, кулак уу-чуу болгону,
Тобокел деп оозун ачар убакта
Ооз чиркинге сөз жолобой койгону,

Күтө, күтө кең зал ойго чырмалып,
Сүрдөгөнүн сезген көздөр жылмайып.
Айтар сөзүн биз түшүндүк дегендей
Эл кайрадан дуу кол чапты шаңданып...

— Нука, нука, давай, давай, баатыр — деп,
Күлө карап Люба турду дем берип.
Анда Алтынжан сөз баштады мындай деп
Жолдош үнүн уккан кезде шерденип:

— Ойлобогом көрөмүн деп мындайды,
Баатыр делип, алтын жылдыз алам деп,
Кээде калсам өз ишимден кыйналып
Кысталчу элем кантип эбин табам — деп.

Ойлочу элем сыйласа деп алганым,
Ойлочу элем чоңойсо деп балдарым,
Билбей калдым, актай сырым, жолдоштор,
Алтын жылдыз кайдан келип калганын!..

Эл дуу күлүп, кол жарыла чабылды,
«Эмгек!» — деген үнү угулду бирөөнүн,
Ооба, достор «эмгек»— деген ошол сөз
Өз жайына келтирди окшойт жүрөгүн:

— Эмгек эттим, киймим бүтүн, кардым ток,
Эмгек мени кордоодон да кайтарды,
Эмгектемин, эртеңкимден кайгым жок
Эмгек мени Маскөөгө да алпарды...

Эмгек этпей кырга чыга бассаң да,
Кырдан сени эч ким көрбөйт турбайбы?
Иш бүткөрүп үйүндө эле жатсаң да,
Адал ниет табат экен андайды!..

— Ракмат — деди, ракмат — деди баарына,
Алтын жибим эч бир түшпөйт колумдан,
Жипти мага Ленин атам карматкан
Айныбаймын ата, сенин жолуңдан! —

Ошо менен сөз аягы токтолуп,
Трибуна ага кайра сүрдүү көрүндү,
«Мына...» дешип олтургандар шат болуп,
Алкыш залга мөндүр болуп төгүлдү.

Эмне үчүндүр дүр этkенсип бүткүл жер,
Ордунан дуу тура калды келгендер,
Алтын болсо президиумга кайрылбай
Төмөн түштү, чыкыргандай залдагы эл.

Кирип кетти көпчүлүктүн ичине
Сансыз көздөн эс алгандай кичине,
Башталды эле эл эңсеген чоң концерт
Бир аз туруп ал кетти бейм ишине?..

## XXIV

Бүгүн эмне эрте чыгып келдиби ай?
Алтынжанга сезилген го ушундай.
Ай чалкайса, жалпы жылдыз ийменип
Ар кай бурчтан бүлбүлдөшөт алар жай.

Фабриканын бул үчүнчү кабаты,
Мында кирет төр жайлоонун авасы,
Жаңы бүткөн жакшынакай имарат
Ак чокулуу тоого окшошун карачы.

Мына бул бурч өзүнчө бир агрегат,
Бүткүл бойдон муну Алтынжан башкарат.
Те береги эчен-эчен кыз-келин
Бөтөн, бөтөн милдеттерди аткарат.

Сары майдай сактап жүргөн сөздөрүн,
Алтынжан да ушул үйдөн айтчудай,
Трибунада ойдон чыгып кеткенин
Эми шашпай тизмегинен тапчудай.

Ай ааламы көтөрүлүп асманга
Элес берет тоголок тоо сыяктуу,
Жылдыз окшоп миллион күмүш алмага
Кылтыйышат кыздан бетер уяттуу.

Мына Алтынжан жерге көзүн чаптырса,
Ай нуруна оронуптур бар тарап,
Жер өзү да айдан түшүп келгендей
Көрүнүшү жаткан айдай чалкалап.

Эгер болсо асман ачык, ай жарык,
Жылуулук дем кошо жүрсө айланып,
Мына ошондо айча көшүп жер тарап,
Бир тынчыйт бейм бүткүл санаа жайланып.

Бүгүн кечте эрте чыккан асманга ай
Алтынжанга сезим келди ушундай.
Ушул айдын нуру кирип бул цехке
Күлө карап ишти байкап жаткандай.

Адам түгүл, асман кошо жарк этсе,
Ай баш багып, ай жүздөргө нур сепсе,
Эң көңүлдүү ай чырайлуу келин-кыз
Кантип балкып иш иштебейт бул кечте?..

Станоктун жүрүштөрү шаңданып,
Кыймылдары эч калбастан кармалып,
Чыгырыктар зыркырашы бир шумдук
Алган өңдүү талбас канат байланып.

Алтынжан да басып жүрөт акырын,
Ар-ар жерде тигиштерге көз салып,
Алтынжанды кыздар тиктейт жашырын,
Эжекебиз эң иштүү деп суктанып.

Азыр эле жыйналышта болгон дуу,
Кулагына толтургансып кетпес чуу,
Көккө минтип катуу ыргып көрө элек
Алтынжандын бой сууткан чагы ушу...

Басып жүрсө ай тийген тоо тарапта,
Көз тайгылткан жылма, тип-тик дубалда,
Карап турган Ленин ата элеси
Четки жакка бир бурулуп чыгарда.

Улуу киши мурутунан жылмайып,
Дайым турат жаркын кабак шаттанып,
Ошондойду тиктегендей өзгөчө
Кими бүтсө өз милдетин аткарып.

«Эчтеке эмес, боло берет көп мактоо,
Кызым, анча аптыкпа — деп айткандай.
Кокус өзүң көөп кетсең алдастап,
Ал жаман» — деп дагы эскертип жаткандай.

Залдагы элдер тикирее тиктесе,
Жана ошондон жылып качкан акырын,
Көз куушура күлүмсүрөп караса
Угуп турат эми Ленин акылын...

Ленин турат өмүр жолун эскертип,
Ленин турат унутканын эстетип,
Ленин койсо те алыстан серп салып
Кеткен өңдүү кеч калчу ишти тездетип.

Ленин мынча жеткинчекке чоң ата,
Алтынжанчы, андан калган небире,
Анда Алтынжан кандай болмок небире
Кунт койбосо чоң атанын кебине!

Ушул азыр өзүн сезет Алтынжан
Чоң атага кечээ гана баргандай,
Барган күндөн өкүл болуп атадан
Тике басып мында келе калгандай.

Кыргыз эли көргөн бүткүл жакшылык,
Октябрде аткан таңдан келгенин,
Өз башына болгон урмат, бүт сыйлык
Кызыма деп Ленин ата бергенин.

Көргөн сайын улуу атанын элесин
Көңүлүндө сезип турат Алтынжан,
Ашыгыраак алдым го деп мен өзүм
Бир жагы ушул ичинде бир тартынган.

«Эгерде мен урмат көрсөм бир койлук,
Жөндүү болор иш бүтүрсөм миң төөлүк.
Өтөбөсөм ошончо оор милдетти
Бул сыйлыкты кантип жүрөм көтөрүп!?..»

Алып учту мына ошондой нечен ой,
Тиктей калса Ленин ата сүрөтүн,
Өмүр бою бул атанын алдында
Сезип турат милдеттүү деп эми өзүн!

Айлуу түндө элес берип турганда,
Ай көрсөткөн ак милдеттин салмагы,
Көңүл эми бийик канат жайганда
Аксакал чал мында келе калганы.

Эсибизде, баягы бир жылдарда,
Фабрикага Алтын а деп барганда,
Алтынжанга бир одеал жапкан чал,
Оозгу үйдө түнөп жатып калганда.

Күзөттөгү балта мурут бир адам
Алтынжандын жука кийимин көрдү эле,
«Ичиркенбей адамча укта кызым» — деп
Өз үйүнөн одеалын берди эле.

Пенсионер алда качан ал киши,
Чачы бүгүн ак тооктун жүнүндөй,
Алтынжанды таппай жүрүп кечке изде
Азыр мында кирип келген билинбей.

Бурулду ага Алтынжан да жылмайып,
Ал да ырайлуу, колдон жумшак кармады.
Агрегатка айландыра көз салып
Күбүрөдү, өз ичинен жалгады.

— Эми такыр үшүбөссүң кызым? —деп
Абышка да тик карады ормоюп,
— Жок, үшүбөйм, жылытышам өзүм — деп,
Алтынжан да токтоп турду ойлонуп.

Жылууланган биздин жаңы фабрика,
Жылуу дайым чыныгы адам жүрөгү,
Эч үшүтпөйт ак пейилдүү адамды
Ак эмгектин суубаган илеби!..

*1968—1969-жылдар Көк-Жар — Фрунзе.*

## МАЗМУНУ

### Поэмалар

Кадыр аке . . . . . . . . . . . 5
Көл жээгинде кездешүү . . . . . . 80
Аскадан үн . . . . . . . . . . . 173
Алтын жип . . . . . . . . . . . 257

*Кубанычбек Маликов*

СОБРАНИЕ СОЧИНЕНИЙ
В ДВУХ ТОМАХ

(на киргизском языке)

П о э м ы

ТОМ 2

Редактор С. Ө м ү р б а е в
Худ. ред. И. Б у л ь б а
Тех. ред. А. Б е й ш е н о в
Корректор А. И с а к о в а

Теруугө 30/VI-1971-ж. берилди. Басууга 2/IX-1971-ж. кол коюлду. Д — 03098. Кагазы типографская № 1, форматы 84×108¹/₃₂, 12 физ. басма табак, 20,16 шарттуу басма табак. 19,39 учеттук табак. Тиражы 5000. Заказ № 2818. Баасы 2 с. 18 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе, Жигулевская, 102.